
АЙЖАРКЫН ЭРГЕШОВА

С кырг
Э 74

# Адашкан жаз



Скорт.
Э74

Айжаркын ЭРГЕШОВА

# АДАШКАН ЖАЗ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 174314
К

БИШКЕК 2011

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7 – 4
Э 74

**Эргешова Айжаркын.**
Э 74 **Адашкан жаз:** Аңгемелер.
– Б.: «Турар», 2011. – 250 б.

ISBN 978-9967-15-022-5

«Адашкан жаз» аңгемелер жыйнагы автордун үчүнчү китеби. Айжаркын Эргешованын аңгемелериндеги каармандар да куду ырларындагыдай кыялкеч, өжөр, сүйүүгө бек. Автор негизинен аялдын бийиктигин, сүйүүгө болгон аруулугун даназалайт.

Э 4702300100011

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7 – 4

ISBN 978-9967-15-022-5
© Эргешова А., 2011

рып, курбусунун башынан аттаткан көздөр. Жүрөгүмдү делбиреткен, ооруткан, санаага салган, кызганычка өрттөгөн көздөр. Эки дүйнө тең болуп, эртеңине кайдыгер каратып, намыска, кеп сөзгө макул кылган азгырык, жок, жок керемет көздөр.

Кандай кыл дейсиң? Кетсемби? Каякка кетем? Сенсиз жерде Айга окшоп жашоо жок. Баары кунарсыз, абасыз, куураган жансыз. Сен мага «Айсың, жарыгың ааламга жетет» деп SMS жазгансың эсиңдеби. Жан биргем, Айда жашоо жок деп мектепте мугалимдер окутканы эсиңде чыгаар, демек, менде сага жашоо жок. Мага болсо сенсиз жашоо жок.

Кудай күбө сенсиз жашаганга аракет кылып көрдүм. Биздин мамилебиз тереңдеп баратканын сезгенде сага айтпай Жалал-Абадга кетип калдым да, сен чалган сайын кайдыгердей суз сүйлөп телефонду өчүрүп салып, же албай коюп коём. Ал тургай, бир жолу телефондон катуу урушуп салдым. Тим эле заар сөздүн баарын таап, өчүм бардай уруштум. Не гана деген жокмун. «Сен эркектин сойкусусуң, акмаксың. Сени жек көрөм» дедим калчылдап. Бирок, ошондо дилим кандай канаганын билесиңби? Ошол күнү кечке аялуу буюмун жоготкон адамдай ичим эңшерилип жүрдүм. Улам сага чалгым келсе да, «ушинткен жакшы, сага да, мага да жакшы. Кечирип кой ардагым» деп ичимден сени менен сүйлөшүп, өзүмдү өзүм тынчтандырымыш болом. Кайдагы тынчтануу. Үч күндөй чалган жоксуң. Телефон чыр этсе ашыгып алып, бирок, сен эмес экениңди билген сайын жүрөгүм тегирменге салгандай миң жеринен кырчылды го ошол күндөрү. Үчүнчү күнү кечке маал сенин номериң телефонумдун экранын жаркытты.

«Алоо» дедим ички толкундоодон өз үнүм өзүмө араң угулуп. Зарыктырган сенин үнүңдү эмес, аялыңдын үнүн укканда демим сууй түштү. Ал жай сурашкандан кийин, «Али кан кусуп ооруканага жатып калды. Үч күн үйгө келбей ичип кетти эле» деди кадимки жаңылыкты айтып жаткандай кайдыгер үн менен. «Кан кусуп?» деп кыйкырып жибергенимди билбей калдым. «Эмне анчалык чочуп кеттиң?» деди аялың шекшине. Ошондо өзүмө келе, «Кан кусуп десең анан... Азыр кандай жакшыбы?» дедим сөзүмдү жогото мукактанып. «Жакшы, жанында отурам, телефонду берейинби?» деди аялың суз. Апкаарый түштүм да, «мейли» дедим акырын. «Алоо» деди коңур үнүң. «Кандайсың?» дедим кадимкидей титиреп. «Жакшы, өзүң кандай?». Үнүң жумшак, бирок таарынган адамдай суз эле. Көп деле сүйлөшпөдүк. «Ооруба, жакшы болуп кет» дедим кыйылып турсам да, коштошууга шашып. Негедир сен аялыңдын алдында мага бирдеме деп жиберчүдөй сезилдиң. Балким, өзүмдөн корккондурмун.

Мен Бишкекке келгенде жаз болуп, жаңга жакын, жүрөккө тааныш шаар көркүнө келип калган экен. Кетип атканда шаар али кыш чапанын таштай элек болчу. Бир боор болуп калган шаарды эки айдын ичинде кадимкидей сагынганымды сездим. Сен жүргөн, биз таанышкан шаар. Келген күнү эле жумушка бардым. Ооругандыгым тууралуу справка алып келген элем. Ырас, справка сатып алынган жасалма справка болчу, бирок мен чын эле оорудум. Болгону менин ооруума менмин деген доктур да диагноз коюп, справка бере албак эмес. Сен деген оору менен ооруп, бул улукмандын күчү жетпеген оорудан айыкмак тургай, оорум кайра күчөп, ошол

ооруу мени жетелеп келгенин ким билмек эле. Мен келгенден эки күндөн кийин телефон чалдың. Кадимки тааныштардай сүз сүйлөшкөнүм менен үнүм титирегенин жашыра албай койдум. Сенин да негедир толкунданып жатканыңды байкадым. Жолугууга чакырдың эле, «бош эмесмин» дедим өзүмдү зордоп. Сенин кайра кайра сураныщыңды күткөм. Сен антпедиң, «макул анда» дедиң сүз коштошуп. «Коё тур, мен макулмун» деп кыйкырып ийе жаздап араң кармандым.

Жарыгым, сен көпкө чейин чалбай койдуң, канчалык чалгым келбесин, көгүмө таянып мен да чалбадым. Ошондогу күндөрдүн муздактыгын эстесем азыр да жүрөгүм үшүйт. Жайдын аптабы күчүнө кирип келаткан. Жумушка жаңы эле келсем чалып калдың. Кубанганымды айтпа, ошентсе да билдирбедим. «Качан бошойсуң, сүйлөшө турган сөздөр бар» дедиң. Бул жолу үнүң негедир талап кылгандай өктөм чыкты. Азыр эле учуп чыгып жолуккум келсе да, «жумуштан кеч чыгам» дедим акырын. «Качан чыксаң да күтөм» дедиң ишенимдүү. Унчукпай коюп койдум да, ошол күнү кечке убакыт өтмөгү тозок болуп кыйналдым. Жумуштан кечки саат алтыда чыктым. Сени кетип калды бекен деген ойдун бурганагы дилимди сапырып, сен белгилеген жерге шашып келаттым. Күтүп отурупсуң. Жүзүм ысып, буттарым титиреп кетти. Токтоо учурашып, жүзүмөн сүйүп койдуң да,

– Бул сага – дедиң артыңа катып алган гүлдөрүңдү батына бербей сунуп. Кыпкызыл розалар күндүн табына соолуй түшкөн экен. Гүлдөр да зарыгып күтүп, ошол зарыгуудан соолуп, азыр мага кубанганынан ыктай түшкөндөй сезилди.

– Рахмат, – дедим кубанганымды жашыра албай. Экөөбүз кафеге кирдик. Улам каректерибиз чагылышып, сулуу көздөрүңөн кусалык көрдүм. Кафеден чыканда күүгүм кирип калган экен.

– Кетесиңби?– дедиң кыйылып.

– Ооба, бирөө күтүп атты эле, – дедим. Неге анттим билбейм. Кыязы, сени үмүтү үзүлсүн дедим го. Көздөрүң капалуу көлөкөлөнө, кабагың кирдей түштү. Кете албай жүрө бердим. Сен да, «бирөө күтүп атат дебедиң беле» деген жоксуң. Балким, бирөөнүн күтүп атканын ойлогуң да келбеген чыгаар. Кетээрде бооруңа кыса кучактадың. Саамга аалам токтоп, бизди тыңшап калгандай калгандай сезилди. Ысык эриндериңден өпкүм, баарын унутуп, чакырган жагыңа ээрчип кетким келди. Бирок, сен менин курбумдун күйөөсүсүң. Ушул ой менен өзүмдү катыктырып, кетүүгө күч топтодум. Сени көргөнүмө шүгүр.

Үйгө барып көпкө уктай албай, жүрөгүмдүн кадимкидей онтогонун угуп жаттым. Жүрөк онтойт, ишенип кой. Ымыркай баланын ысытмага чыдабай өпкө кага алсыз онтогонун көргөн белең? Жүрөгүм куду ошентип, кусалыктан, дил өрттөгөн каалоону күч менен тыйган эрктин, акылдын зордугунан ысытмалап, өпкө кага онтоп жатты.

Арадан жума өтпөй кайра келдиң. Бул жолу да жолугуудан баш тарттым. Ошондон он күндөй өткөн. Жумуштан кеч чыгып, үйгө кетким келбей, бирок, айла жок аялдамага бараткам. Тааныш үн токтотту. «Али» деди менден мурда жүрөгүм. Жалт бурулсам сен жылмайып турупсуң. Чуркап барып мойнуңа асылгым келди, бирок, бир эбегейсиз зор, каардуу күч жанына жа-

кындатпай кармап турду. Эгер ошол мени кармап турган күч анчалык каардуу, күчтүү болбосо, бизди токтото алмак эмес. Бул акыл күчү, эрк күчү эле. Кадимки тааныштардай кол берип учураштык.

– Кайдан? – дедим токтоо болууга тырышып. Буттарым эркиме баш ийбей титиреп, жыгылып кетпей жанында араң басып бараттым.

– Ушундай эле келгем, – дедиң көздөрүңдү ала качып. Сени мага келгениңди, кечке күткөнүңдү көздөрүңөн көрүп кубанып да, кейип да кеттим. Аял катары күткөнүңө, келгениңе кубансам, адам катары кейидим. Мунун акыры жакшы эмес. Ушундайда токтотпосок, кийин мындан да жаман, мындан да оор болушу мүмкүн. Бул ойду айткым келсе да, айта албадым. Кайда баратканыбызды билбей эле бет келди басып кете бердик.

– Чай ичели, сен жумуштан чыктың да, ачкадырсың, – дедиң көп батына бербей.

– Макул, – минтип айтаарын айтып алып, өкүнүп калдым. Дайым кирген кафеге кирдик. Буттарыбыз өзү ушул жакка алып келди. Көзүңдү албай көпкө карадың. Сулуу көздөрүң кусалуу эле, кумарлуу эле.

– Кел, пиво ичебиз, – дедиң шоктоно.

– Кел, – дедим мен да тентегим кармап. Негедир ичким келди. Ичимде кайнаган ойду ичкиликке таянып айтпасам айта алчудай эмесмин. Бир кружкага жетпеген пивого мас болуп калдым. «Чачымды кырктырам» дедим сенин тыйганыңа болбой. Экөөбүз мен дайыма чач кырктырган салонго бардык. Жолдо бир кыз менен жигит негедир бизге жабышып алышты. Алардын эмнеге ээрчип алганын азыр да түшүнбөйм. Балким, сен

жүр дединби, же биздин кызуу экенибизди көрүп пайдалангылары келдиби, билбейм. Салонго кирип эле сен экөөбүз урушуп кеттик. Бетиңе акчаны чачып, жаагына бир чапканымды билем.

– Сен лох экениңди билесиңби?– Ичим кызганычтан, сенин эч качан меники болбосуңду моюнга алгым келбеген алсыздыктан өрттөнүп турду. Демейде мындайымды билдирбеген акылым азыр мас болгон үчүн, өзүмдү тыя алган жокмун. Бизди жанагы кыз-жигит, салондогу менин мастерим ажыратып эле жатты. Эмне болгонун бирин билсем, бирин билбейм. Бир карасам эле, жанагы жигит, мен, сен болуп темир жолдун боюнда жүрөбүз. Өзүмө келе түштүм. Ошондо гана тиги баланын жигит эмес эле, балапан түгү түшө элек өспүрүм экенин баамдадым.

– Сен эмне жүрөсүң? – дедим бейтаанышка.

– Сиз жүр дебедиңизби.

– Жүр десе эле жүрө бересиңби, көрбөй турасыңбы мен жалгыз эмес экенимди. Бар, барагой иним, кетип кал. Рахмат, мени укканыңа – дедим акырын. Жигит сөрөй ордунан турду да, сени жалтаңдай карап, шаша басып кетти. Экөөбүз тең соолугуп, жини күбүлгөн бакшыдай унчугушпай, муздак рельстерде көпкө отура бердик.

– Эмнеге тиги баланы урушуп кууп жибербедиң? – дедим, жүзүңө тик карабай.

– Байкуштун көлөкөдөн айырмасы деле жок экен, сен кетпе десең кетпей ээрчип жүрө берди. Бир сабап салайын дедим, бирок, жаш балага теңелгим келбеди. Мейли өзүн кыз талашкан жигит сезип алсын дедим – дедиң муңайым, капалуу жылмайып. Жүрөгүмө ушун-

дай бир оор кусалык, жан ооруткан кайгы толуп чыкты. Көкүрөгүнө башымды жөлөп алып, көптөн бери чогулган бугумду чыгара өксүп ыйладым. Үн катпай кучактап отура бердиң.

_ Кыйналып кеттим. Эмне кылабыз, эми эмне болот? – дедим буркурап.

– Өзүм да билбейм, мен кыйналбады дейсиңби. Сага өчөшүп баягыда үч күн досумдун үйүндө ичип, ошол жерге кыз ээрчитип да келдим. Негедир сен оюмдан кетпей койдуң. Качан кан кусуп калганда эсиме келдим. Мынчалыкка барабыз деп ойлобопмун – дедиң үнүң каргылданып. Баш көтөрүп карасам, сен да ыйлап жатыпсың. Кирпигиңе токтоп калган жаш, ай нуруна күмүштүн күкүмүндөй чагылып жылтырап туруптур.

– Ыйлап жатасыңбы? – дедим жүзүңдү кош колдой сылап. Унчукпай бооруңа басып, чоло жеримди койбой тумчуктура аптыгып өпкүлөдүң. Темир жолдун боюндагы адам буту баспаган тулаң чөптө туйлап, бир бүтүнгө айланып бараттык.

– Үшүп кеттим – дедим көкүрүгүңө жүзүмдү катып.

– Үшүгөнүңөн сенин, азыр экөөбүз бир жерге барабыз – дедиң да, мени колдон ала жетелеп жөнөдүң. Досуңдун үйүнө бардык. Оболу дубалды ашып өзүң кирип кеттиң да, бироокумда бир жаш келин чыкты.

– Айдай сенби – деди акырын. Үнсүз баш ийкедим. Ал мени тар короо менен кичинекей үйгө ээрчитип кирди. Дасторконго отурганга үлгүрүп калыпсыңар. Толмоч бир жигит менен ичип отурупсуң.

– Жарыгым менин, келдиңби? – мени күлүмсүрөй карадың да, анан – таанышып алгыла бул менин Ай-

дайым – дедиң көздөрүң күлүп. Жүзүң жадырап башкача бактылуу элең.

– Азиз, бул менин келинчегим Толгонай – деди досуң жарык маанай менен. Таң атканча отурдук. Досуң дарпандаган ак көңүл жан экен. Аялы жактырбаса жактырбаган чыгаар, бирок анысын зыңкыйып билдирбеди. Эрте менен эрте Толгонай жумушка кетти, мен уктап калыпмын. Ойгонсом дагы эле ичип отурупсуңар. Тургум келбей жата бердим. Сен уктамыш болуп жаткан мени акырын өөп, кумтулай жаап койдуң да:

– Карасаң Азиз, сулуу бекен? Баягыда үч күн ичпедим беле, ошондо Айдай мени телефондон урушуп, ошого ичим күйүп ичкем – дедиң акырын. Досуң тим гана коштой:

– Ии, сулуу экен – деди кайдыгер булдурай. Мен сен үчүн жанда жок сулуумун ардагым, башкаларга катардагы эле жылдыздуу кызмын. Экөөбүз досуңдун үйүнөн кеч чыктык. Жаш гвардияда көпкө басып жүрдүк да, сен үйүңө кыйылып жатып араң кеттиң. Кетпесең болбойт жарыгым, кет. Биз эми ушинтип жашынып жолукканга, эртеси кыйылып кыйналсак да, ажырагыбыз келбесе да ажыраганга аргасызбыз. Биз бул турмуш стандартына сыйбаган катаал тагдырды өзүбүзгө – ошол темир жолду бойлоп жүргөн керемет калыр түндө тандап алдык.

Жарыгым, эсиңдеби, сенин туулган күнүңдө. Мен барганда сыртта кой союп жатыпсың. Мени көрүп сулуу көздөрүң жадырай жарк этип, негедир кызарып кеттиң. «Келиңиз» дедиң жайдары. Аялың менен учурашып, анан сени карап «туулган күнүң менен!» дедим үнүм дирилдей. «Рахмат» дедиң күлүмсүрөп. Сени өөп

# СЕН ЖӨНҮНДӨ

Мен сен жөнүндө көп нерсе жазам. Болгону сен аны окубайсың. Эмне үчүн билесиңби? Ал менин жүрөгүмдө жазылуу. Сен болсо менин жүрөгүмө кирүүгө негедир батынбай жүрөсүң. Билем, үй-бүлөңдү кыйбайсың. Ал үчүн сени күнөөлөбөйм алтыным. Ар бир ата, үй ээси өз очогун талкалоого эмес, аны калкалоого милдеттүү. Эгер азыркы ажырашкан ар бүлөнүн атасы сенчилеп балдарына кыйылса, алар үчүн өз сүйүүсүн курмандыкка чалса атасыз балдар, ажырашкан үй – бүлөлөр аз болмок, абдан аз болмок. Бирок, менчилеп асылын зарыгып күткөн бактысыз жалгыз аялдардын саны арбымак. Аттиң ай, кайда барсаң Мамайдын көрү деген ушул беле...

Сени менен алгач мамилелеш болгондо мынчалыкка барабыз деп ойлогон эмесмин. Чынын айтсам, эч нерсе ойлогум келген эмес. Актангым да, калп эле тазасынып курбусунун күйөөсүнө тийишпеген адам да болгум келген эмес. Сени жөн гана капыстан жолугуп, анан жагып калган жигит катары элестетким келген. Калганын көрө жатаарбыз дегем. Мага ошол керемет түн бүгүн азгырып, кызыктырып, эртең унутулчу оюндай сезилген. Мына эми мени менен тагдыр ойноп жатат. Ойнобой омурткам сынсачы...

Сенин керемет көздөрүң ошондон бери жинди кылганын койбойт. Кумарлуу көздөр, сулуу көздөр, мени акылдан алаштырып, адамгерчиликтин чегинен чыга-

койгум келди. Үнүм менен кошо жүрөгүм, бүт денем титиреп турса да өзүмдү карманып, «кел күйөө бала, өөп коёюн» дедим да, жооп күтпөй эле жүзүнөн сүйдүм. Тааныш жытың «бур» эте жүрөгүм бир башкача булкуп кетти. Бетиң ысык экен. Бул, балким, уяттан чыгаар. «Эмне жаңы туулган балага кой сойдуруп жатасынар?» дедим аялыңа. «Эч нерсе болбойт» деди аялың кайдыгер. Мен аны тамашаны улай, сени бирдеме деп эркелетип коёт го деп күткөм. Кызыктай боло сөз үзүлүп калды. Аялың мени үйгө ээрчитип кирди. Үйдүн ичи өтө жупуну, бирок, таза экен. Дасторкон негедир майрамга эмес, кадимки эле кирип чыккан кошунага жасалгандай. Аялыңдын жакында эжеси дүйнөдөн өткөн болчу. Ошого куран окуп бата кылдык. Сени эркек, үйдүн ээси катары куран окуганга чакырат го десем негедир чакырбады. Өзүбүз эле окуп, бетке бата тарттык. Өлгөн адамга бата кылаарда, мүрзөдө өлүм эске түшүп, бул күнөөкөр дүйнөнүн убактылуу экенин, жасаган иштериңе жооп берчү кез эртеби-кечпи келээрин эскертет. Өлүм ошонусу менен улуу, коркунучтуу. Негедир дилим ооруп, маанайым чөгө түштү. Кайсы бир күнү сени сүйгөнүм үчүн, сени менен жолукканым үчүн жооп берчү күн келээрин ушундай бир коркуп эстедим, Эстедим десем аз болоор, жүрөгүм опкоолжуп, дилим муунуп жон терим менен сездим. Тар, карангы, эч кандай мээрим жок муздак үйдөн чыкканча шаштым, Сыртка чыгып буулуга шуу үшкүрдүм. Мен ичеге жуудум, тыпыйган эстүү кызың суу куюп берип атты. Кудай ай, кандай жаман адаммын. Эч нерсе менен иши жок, менин суроолоруму жан дилинен жооп берип жаткан ак жүздүү, коюу чачын эки бөлүп өрүп алган наристе кы-

зыңды карап туруп өзүмдү ушундай жек көрдүм. Эч нерседен бейкапар, териси чочконун терисиндей калың, семиздигинен шымдарынын тигиши чычалана, салаңдаган албарсты эмчеги майкасынан көрүнгөн жоон аялың сен бузуп берген этти асты. Сен менин кирдей түшкөн кабагыма улам жалжылдай карап, каректериң тынсыздана дүрбөлөң түшүп жатты. Аялың карын төккөнү кетээри менен «эмне болду?» дедиң акырын. «Эч нерсе». «Азыр эт алып коём, эртең экөөбүз тоого чыгып кетебиз, макулбу» дедиң кумарлана карап. Күнөөкөр пендебиз да, сенин сүйүү, ышкы төгүлгөн көздөрүңө карап туруп, эми эле толгонткон ойлор эстен чыгып, бул көздүн эркине каршы чыга албасымды, айрыкча азыр ушу күндөрү, сенден кумарым тарай электе каршы чыга албасымды түшүндүм. Балким, ушундай убактылуу кумардын кулу болгондугум үчүн ушинтип, сени менен абийири бар адам баргыс күнөөгө барып жүргөн чыгаармын. Дасторкон үстүндө аялың менен катарлаш мага бет маңдай отурдуң. Улам кумарга толгон көздөрүң көзүмө кадала чагылышып, эч кимди көзгө илбей карай бердиң. Биз бир топ кызып калганда Азиз, «адашып калдык» деп телефон чалды. «Жүр экөөбүз тосуп келебиз» дедиң мага кумарлуу карап. Аялыңа, «сен тамагыңды даярдай бер» дедиң өктөм. Негедир ал каршы болгон жок, бирок маанайы чөгө түштү. Адашып кеткен досуңду аялы менен тоскону чыктык. Экөөбүз досуңду издебей эле көл жээктеп басып кеттик. Бакалар ырдап, а биз болсо алардын ырына, сүйүүгө мас болуп тулаң чөпкө оронуп туйлап жаттык. Эрдиңдин даамы уятты унуткартып, сенин карылуу кучагыңа, ысык шыбырыңа баш ийип бердим. Ке-

ремет көздөрүң ай нуруна чагылышып башкача сулуу эле. Бул көздөрдө жөн гана эркектик кумар эмес, сөз менен айта алгыс ышкы, сагыныч, берилүү, чыныгы мээрим, анан тазалык бар болчу. Сен мени менен ушинтип күнөөгө батуу эмес, чын дилден мени менен болуу сага бакыт үчүн ушунча жыл жашаган аялыңды таштап чыгууга батынганыңды дилим туюп, өзүмдү күнөөкөр сезген кир сезим дароо жоголуп, сени менен тим гана өмүр бою ушинтип никесин жылдыздуу түн, акыл эсти алган махабат кыйган, жүрөгүң гана билип, суук көз, арам дил адамдар билбеген жашыруун аялың болуп жүрүүгө макул элем. Көкүрөгүнө баш коё «кетеличи күтүп калышты» дедим акырын. Унчукпай улутуна бекем өөп алдың да, ордуңдан турдуң. Эмнеге улутундуң билбейм. Ошол түнү негедир дилимди бирдеме ушундай оорутуп өйкөй берди. Барган сайын бул оору күчөп кыйналып, демим кысылып меймандарды калтырып сыртка чыктым. Артыман аялың чыкты. Көзүнө карай албай, баарын – сени кандай сүйөөрүмдү, сенден жакшы эле качып бирок түтпөгөнүмдү, сенин көктүк менен кайра кайра телефон чалганыңа, гүл көтөрүп барганыңа турушТук бере албаганымды, сени аны менен бөлүшүп жүргөнүмдү, мунун баары эрктен сыркары турган, намыска, акылга баш ийбеген нерсе экенин айтып, балалык кубаныч кайгыны, өрттүү жаштыкты бирге өткөргөн айылдагы кайталангыс керемет күндөрдүн атынан кечирим сурап ыйлагым келди. Анте албадым. Зардем жетпеди. Сен үйдөн чыктың да, үстүмө куртканды жаап, аялыңды киргизип жибердиң. Эмнеге аялың кирип кетти экен? Эмне бизге ишендиби, же сынадыбы? Кирип кетпей кошо баса эмне, атаганат.

Экөөбүз муздак суу ичтик. Сен кош колуңа сузуп ичирдиң. Мен өмүрүмдө мындай таттуу суу ичкен эмесмин. Анан көл бойлой бастык. Экөөбүз тең мас болчубуз. Ичкиликтен мурда, бири-бирибизге мас болчубуз. Бүткөн боюбуз чөп болуп, дилибиз ооруп да, алда неге тымызын делбиреп да түн оой үйгө келдик. Сенин жаныңа жаткым келди. Эртеси аялың экөөбүз очок боюнда сүйлөшүп отурдук. Мен анын бирдеме айта албай жатканын сезип апкаарып да, тымызын баарына өзүмдү даярдап да отурдум. Батынбады көрүнөт, унчукпады. Унчукпаганы катуу тийди, жарылса жеңил болмок. Узатаарда негедир «сен кала бер» дедим аялыңа. Анын кабагы кирдей түшкөндө ката кетиргенимди түшүнүп, өкүндүм. Досуң, анын аялы төртөөбүз үнсүз катар басып келе жаттык. Сен мени акырын чыканагыман кармай четке тартып: «Сен кала берчи, анан узатып коём» дедиң кыя албай муңайым карап. Аялдамада туруп алып «силер кете бергиле, Жарыгымды өзүм узатам» дедиң карап турган адамдардан тартынбай эле бооруңа кыса кучактап. «Кантет, элдер карап турса», кучагыңан чыкканча шаштым. Сен ансайын бекем кучактай, «карай беришсин, бирөөнүкүн кучактап жатыпмынбы, өзүмдүн жаным го» дедиң мастыкка салып. Калгым келсе да калбадым. Ансыз деле күнөөм көп кагылайыным. Мени кыйнабачы макулбу.

Жарыгым, сен мени чакырдың. Баарына макул болуп, бирөөдөн акча алып сен белгилеген жерге, обьезнойго бардым. Бир сааттай кечигип барып, чалсам «сени күтүп, азыр эле кетип калдым эле» дедиң. Ишенип ыйлап жиберсем, шашып «артыңы кара» дедиң күлкү аралаш. Таарынып карабай койдум. Бир чети көз жашым-

ды аарчып алайын деп ойлодум. Барып эле мойнуңа асылдым. Бооруңа кыса кучактап, көпкө жыттадын. «Жытыңан сенин, сагынып кеттим го» Чындап эле конур үнүңдө чексиз сагыныч бар болчу. Экөөбүз тиктешип отуруп алып шашлык, самса жедик. Тамактын таттуусун. Сөзүбүз түгөнсөчү. Биз жолукканда негедир жер тандабайбыз. Чогуу болсок ошол жетет. Чөпкө оонай жыгылып, бири бирибизге тойбой чырмала көпкө үнсүз катарлаш жаттык. Анан бери келип сенин курткаңа мен отуруп, сен менин тиземе баш коё көктү карап жаттың. Саат мындайда тез өтөт. Жамгыр жаабаса, балким, караңгыга чейин отура берет белек ким билет. Ордунан туруп жатып, «кетесиң ээ» дедиң улутунуп. Унчукпай ууртунан, эрдиңден өптүм. Көпкө чейин кучактап тура бердиң да, анан «бар эми үшүп калба» дедиң, жүзүмдөн көз албай кумарлуу карап. Кыйбай араң турганыңды сулуу көздөрүңөн окудум. Кантели эми жарыгым, экөөбүзгө ушул жол буйруса. Сен мени маршруткага узатып кала бердиң. Жүрөгүмө толтура сагыныч, кубаныч, бакыт, куса жүктөп жалгыз келдим. Эсиңдеби, мен ошондо бариктери менин чачымдай шамалга сеңселе чачылып, жанындагы чоң даракка шамалдан корккондой ыктаган даракты көрсөтүп, «карасаң сага ыктаган мага окшош экен» десем, «сен эч кимге окшош эмессиң, сен баарынан башкачасың» дебедиң беле. Сен дагы өзгөчөсүң ардагым.

Жарыгым, сен келдиң да эки күн менин жанымда болдуң. Ошол эки күн бизге эки мүнөтчөлүк болгон жок. Улам сенин мойнуңа асылып, көздөрүңө тигилүүнүн өзү кандай чоң бакыт. Сен болсо унчукпай бекем кучак-

тайсың да, бооруңа кыса абай менен акырын өөп коёсуң. Сулуу көздөрүң кумарга толо кылгырат.

Эрте менен үйдөн чыгып жатсак компьютер алам деп дайындап койгон таанышым чалып калды.

– Ким? – Көздөрүң кызганыч нурунан көлөкөлө түштү.

– Компьютер алам дебедим беле, эсиңдеби. Таанышыма дайындагам. Ошол чалып жатат.

Үйгө кетем деп аткансың. Анан эле мен да барам деп чыктың. Компьютер саткан жигитти күтүп жакыныраак кафеге кирип отуруп калдык. Кумарлана карап:

– Жеп коёюнбу? – дедиң көздөрүмө тигиле.

– Пивого закуска кылыппы?

– Жаным го, мен сени жакшы көрөм.

– Койчу, кантип эле мен эң жакшы закускамын

– Сендей закуска эч жерде жок. Сен көп нерсеге закускасың.

– Мисалы, эмнелерге?.

– Мисалыбы, сагынычка, жүрөк ооруганга, дагы көп. Санаганга колум жетпейт

– Жүрөк оорунун, сагынычтын закускасы бар экенин биринчи угушум.

– Билгенден биле элегиң көп, карындаш.

Биздин таттуу кайым айтышуубузду пиво көтөрүп келген официант кыз бузду. Экөөбүз көпкө отурдук. Качан Нурдин чалганда ордубуздун турдук. Сен чын эле Нурдиндин жөн эле тааныш экенине көзүң жеткенде кеттиң. Кызык, кетип баратып ушундай бир кыйылып, мен узап кеткенче карап турдуң. Кызганчаагым менин. Компьютерди алып, акчасын берип, «жеткирип



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 474314

бересиңер да» деп үйгө кеткем, жетип жете электе сен чалдың.

– Мына бул ырды уксаң, – дедиң үнүң делбиреп. Гүлжигит Сатыбековдун «Билген жоксуң» деген ыры экен.

– Уктуңбу?

– Ооба.

– Мен азыр барам.

– Кантет, эми эле кетпедиңби.

– Эмне жаныңда бирөө барбы? – Үнүңдө кызганыч «дүрт» этти.

– Мейли, кел жарыгым.

Тез эле жетип келдиң. Бооруңа кыса кучактап:

– Сагынып кеттим, ырды укканда жүрөгүм толуп чыкты. Сенин кетип калганыңды элестетип алып жетип келдим, – Сен сүйлөп да, өөп да жаттың

– Жиндим десе, мен каякка кетмек элем. Кете албай калдым го, – Жүрөгүм негедир буулуга улутунуп алдым.

– Не үшкүрөсүң? Мага жолукканыңа өкүнүп жатасыңбы?

– Чынын айтайынбы?

– Ооба, – дедиң сулуу көздөрүң ынтызарлана.

–Абдан өкүнүп жатам. Акыры жакшы бүтсө го жакшы дечи. А кокус, жаман бүтсө экөөбүз тең бүт өмүр жарадар болобуз. Акылсыз экенимди сага жолукканда сездим

Унчукпай бооруңа кыстың. Ушинтип унчукпаганың мени тынчтандырмак түгүл, жанымды кыйнап жиберет. Сенден эмне сөз күтөөрүмдү деле билбейм. Өзүм да билбеген сөздү күтө берем.

«Мен сени баарынан жакшы көрөм. Сүйөм! Эч кимге бербейм».

Жарыгым, эсиңдеби, мен биринчи жолу жаңы компьютерге ушинтип сенин көзүңчө жазгам. Сен болсо адатыңча жумшак, табышмактуу жылмайып койгонсуң. Дайыма ошентесиң. Мен таарынсам да, шоктонсом да, эркелесем да табышмактуу, жумшак, ары таттуу жылмаясың. Ушул жылмаюуң мага бакыт, ошол эле убакта кусалык тартуулайт. Анткени, жылмаясың да, ошол жылмаюуңду жүрөгүмө кусалыктын үрөнү кылып таштап кетесиң. Ал үрөн сен кетериң менен дароо өнүп чыгып, анан тез эле тамыр жаят. Анын тамыры ар бир кан тамырыма, ар бир клеткама тарап, жүрөгүм ар бир соккондо сен деп согуп, ар бир клеткам сен деп жашап калат. Анан кантип сени сагынбай коём асылым. Коркпогонуң, беттегеииңен кайтпаган өжөрлүгүң, жанда жок боорукерлигиң дилимди чыгалгыс кылып чынжырлап алганын билбейсиң жарыгым. Азыр эле кеттиң, а менин жүрөгүмдө болсо сен таштап кеткен кусалыктын үрөнү жан дүйнөмдү чырмап, дилимди муунтуп өнүп чыкты. Сен келгенче качан эми. Тез эле келчи ээ, макулбу. Абдан башым ооруп чыкты. Неге билбейм. Сени сагындым асылым…

Мен аялыңдын бир нерсесине таң калам. Неге билмексен болот? Ушунчалык сени сүйөбү? Кызганычтан өзөгүм өрттөнөт. Менин асылым, сени өзүмдөн башка эч кимге ыраа көрбөйм. Бир кезде дилиме бороон түшүргөн наристе тун сүйүү азыр жылдыздай алыс, муздак, тилектей кол жеткис, балалыктай кайрылгыс, а сен болсо жаныма жакын, өрттөй ысык, көп күтүп жеткен тилектей аялуу, кымбатсың. Ушунун баарын кантип туйбайт болду экен аялың?

Уктай албай жатып эми уктап бараткам. Телефондун үнүнөн ойгонуп кеттим. Саатты карасам түнкү саат төрт.

– Алоо – дедим акырын.

– Айды көрүп жатасыңбы? – деди жанга жакын, таанып жагымдуу үн.

– Сен эмне ай кайтарып жүрөсүңбү, уктабайсыңбы.

– Сени сагындым, уйкум келбей жатат.

– Мен да сагындым.

– Жаным го, жарыгым, айым менин.

– Эмне массыңбы, жалынып калыпсың.

– Мен сага дайым эле жалынам го.

Таарына түштүң. Телефондон демиңди угуп тура бердим. Дайыма ушинтесиң, мен коймоюнча койбойсуң трубканы.

– Эси жогум, укта жанымды бейпайга салбай.

Сен келдиң. Жакшы көргөн тамагыңды жегенден кийин

– Жүр он экинчи этажга чыгып келебиз – дедиң жетелей. Шаардын баары көрүнөт экен. Экөөбүз бир стулга отуруп алып шаарды карап көпкө отурдук. Сен мени кыса кучактап, желкемен жыттай унчукпай отура бердиң. Демейде көп сүйлөгөн мен да унчукпадым. Эмнени ойлондуң экен ошондо? Мени менен балдарыңдын ортосунда жанчылдын го ээ, ардагым.

– Эч ким жашабайбы бул кабатта? – дедиң бир оокумда. Үнсүз баш чайкадым.

– Жүр карап чыгабыз

Чын эле эч ким жок экен. Бир бөлмөгө киргенде бооруңа кыса кучактап:

– Кел экөөбүз ушерге жашайбыз, – Көздөрүң кумарлуу жайнап турду.

– Макул – дедим сага ыктай берип. Эрдимен, көзүмөн, мойнуман өпкүлөп, экөөбүз бир бүтүнгө айланып бараттык. Эки күн калдың. Кетээриңде кыйылганыңды, менин кыйналганымды эстесем күнүм күйөт. Кайдан да от менен ойнодум жарыгым, кайдан ойнодум.

Жарыгым, жумуштан чыгып келатсам аялың телефон чалды. Ар бир чалган сайын айыбым ачылып калчудай жүрөгүм селт эте апкаарып кетем. Уурунуну арты кууш деген ушул белем. «Көптөн бери чалбай койдуң го, эмне болду?» деди бейкапар. Чалды куйиду бирдемелерди айткан болуп, ал абалын сураган болуп эле дабдырап жаттым. Качан трубканы койгондо шуу үшкүрүп алдым. Жанымда турган кыз менин шуу үшкүргөнүмө кайдыгер карап койду. Көздөрү нурдай таза, ойноок экен. Негедир бейтааныш кызга суктандым. Жаштык кандай жакшы, эч нерседен бейкапар, эртеңдер жомоктой кереметтүү туюлуп, жашоо кызыл тазыл. Ойго чөгө түшкөн мени телефонго келген smsтин үнү бузду. Карасам сенин аялыңдан. «Мен сенден муну күткөн эмесмин» деп жазыптыр. Жүрөгүм катуу булкуп алды. Мен корккон күн келген экен. Ичимде негедир бирдеме күйүп кеткендей денем ысып, ал ысык башыма чыкты. Уятыман саамга не деп жооп берээримди билбей шалдырап отуруп калдым. Көз ирмем убакыттын ичинде көз алдыма нелер келип кетпеди. Экөөңдүн урушуп жатканыңар, аялың мага келип, «адам эмес экенсиң, сага ишенбедим беле» деп бетиме түкүрөөрү элестеп ичиркене калтырап кеттим. Аялдамадан түшүп каякка басаарымды билбей саамга туруп калдым. Жан дүйнөм кыйсыпыр түшүп, өзүмдүн ашыкча экенимди, биреөнүн

бактысын көз көрүнөө талашып жатканымды мойнума алгым келбесе да дилим ооруп сездим. Ошол эле учурда негедир ичимден тажаал бирдеме ойгонуп, өзүмдөн өзүм «ал меники» дедим алсыз өжөрлүк менен. Дароо «Адамдан баарын күтсө болот, мен периште эмесмин» деп sms жазып жибердим. Канчалык эрсинбейин дил терeңинен коркуп эле турдум. Бироокумда өзүң телефон чалдың. Сага баарын айттым. «Канча айтсам да мага ишенбей жүргөн. Эми ишенип калды» дедиң акырын. Үнүң муңайым болчу. «Уруштуңарбы» дедим көңүлүм чөгүп. Ичимден бирдеме удургуй бук болуп чыктым. «Сенин ачык айтканыңа ыйлагым келип жатат» дедиң каргылдана. Ачык айтпаганга аргам кайсы эле. Күйө турган бет күйдү.

Сен келип эле бооруңа кыса кучактап өптүң да,

– Эмне өңүң купкуу? – дедиң жүзүмө сагыныч менен тигилип.

– Канчалык ойлонбойун десем да уятым кыйнап жатат. Аялың билбей эле койсо болмок, – Көзүмө өзүнө өзү жаш айланып, аны жашыра ары буруддум.

– Ал дагы эле шек санап, бирок ачыгын билбей жүрөт.

– Кантип билбейт, өзү мага SMS жазбадыбы.

– Аны мен жазгам, ишенчээгим десе. Сенин чын эле мен үчүн баарына даяр экениңди билгим келген.

Сен бул сөздү тим эле эрдигин мактанган баладай бейкапар айттың. Жаактан ары бир чаап жибербей араң кармандым.

– Акмак, мен сен келбеген үч күндүн ичинде жинди болуп кала жаздадым го

Ыйлап да жатам, сүйлөп да жатам. Сен эмне кылып салганыңа эми акылың жеткендей суз тарттың. Ашы-

гап келгендеги делбирөөң баары күбүлүп түшүп, тунжурап отуруп калдың. Алдаганыңа ызаланган менен чынын айтсам, аялыңдын билбегенине кадимкидей жениллдей түшкөнүмдү сездим. Күнөөкөр боло үнсүз бооруна кыстың. Бекем кучактап өпкүлөй да, кечирим сурай да бердиң. Сени кечирдим асылым.

Билесиңби, сен алдабасаң көп нерсеге даярмын. Алдасаң деле макулмун. Мен сени менен эсептешип, «сен анткин, анан мен минтем» дегим келбейт. Анткени, сүйүүдө эсептешпейт, сүйүүдө жүрөк эмне десе ошону аткарат. А менин жүрөгүм болсо сен аман болсоң болду дейт. Анан да жанымда болчу.

Жарыгым, сени менен акыркы күндөрү көп урушчу болдум. Себебин билесиңби? Кайдан билмек элең таарынчаагым. Сен «урушасың» деп таарынышты эле билесиң. А эмнеге урушканыма түшүнбөйсүң, жүрөгүм кызганычтан күйгөнүн, түнү уйкум качып жинди болгонумду кайдан түшүнмөк элең. Менин күндө бирөөнүн жанында жатканымды элестете аласыңбы, жок. А мен элестетем. Андай башыңан өтпөсө кайдан түшүнмөк элең. Келинчегиң атайылаппы, же чындап эле ошончо ишенеби айтор, «мен сага ишенем, сен андайга барбайсың» дей берет. Мен эмне периште белем. Ырас, сени менен мындай мамилеге барбашым керек эле. Бирок, баары менин эркимен, акыл-эсимен сырткары болуп жатпайбы жарыгым.

Кечинде келдиң. «Келдиңби» деп чалсам, «машина бузулуп, жолдо калдым, бара албайм» дедиң. Ыйлагым келип, трубканы коюп койдум. Кайра чалдың эле албай койсом кызым алды. Учурашып, анан «мамаңа бер» деген коңур үнүңдү уктум. «Терезени карачы»

дедиң трубканы алаарым менен. Карасам күлүп терезеге асылып турупсуң. Учуп чыктым. Бооруңа кыса кучактап «жиндим менин» дедиң элжирей өпкүлөп. Кубанчым койнума батпай турду. Эриндериңен, көзүңөн өпкүлөп жибердим. Эриндериң оттой ысык экен. Жүзүмөн күлкүм төгүлө сени ээрчитип кирдим. Тамак бышыг калган. Тамак жедик, сен негедир сууп калгандай сезилдиң. Жок, мен сени урушуп атып суутуп алыпмын. Эми эч качан урушпайм жарыгым, сен жакшы сөздүн теңисиң. Сыртта басып жүрүп:

– Мага жолукпай коюуну ойлойсуңбу? – десем:

– Ооба, бирок андан кийин жашоо жоктой сезилет-дедиң ойлуу. Мен да ошентем. Көрсө, экөөбүз бир эле нерсени туят экенбиз. Эки күн калдың. Бир мультик көрдүк. Суу менен оттун балдарынын сүйүүсү жөнүндөгү кызыктуу мультик экен.

– Экөөбүз жөнүндө экен, – сени карабай туруп акырын кобурадым. Муңайым жылмайып гана койдуң. Үчөөбүз кучакташып алып көрүп отурсак кызым:

– Бир үй-бүлөгө окшоп көрөлү ээ? – деп коёт. Сен мени жалт карадың.

– Бир үй-бүлөбүз да, – Ыйлагым келип каргылдана акырын сүйлөдүм. Бала да кызым сүйүнүп калды, менин болсо жүрөгүм ооруду. Мультиктин акырында от менен суунун балдары сүйүүнүн керемети менен бирге болушат экен.

– Көрдүңбү экөө биригишти, – Жанатан унчукпай отурган сен мени бооруңа кыса кучактап шуу үшкүрдүң. Чындап сүйүнгөнүңдү көзүңөн көрдүм.

– Эмне төлгө кылдың беле? – Баладай кебетеңе ичим элжиреди.

–Ооба, – Мойнуман акырын жыттап койдуң. Ушинтип жыттай бересиң. Уктабай карап жаттым. Сен меникисиң. Мен ушинтип чечтим. Кудайдан улук сүйлөбөйүн, бирок сен меникисиң жарыгым. Анткени, сен менин сени аяганымды, уктасаң ойготпойун деп четтеп жатканымды, тиземе жатсаң, же жөлөнсөң буттарым уюп, талып кетсе да чыдап отура бергенимди туят экенсиң. Өзүң ушинтип айтпадыңбы. Демек, бири-бирибизди сезебиз. Бир кинодогу каармандын «сен мени сүйөөрүңө ишенен албайм, анткени, сүйсө туят, а мен эч нерсени туйбай жатам» дегенин уккан элем. Мен туюп турам, сен сүйөсүң. Сен да менин сезимимди туясың. Калганын кудайдан күтөлү ээ жарыгым. Эрте менен кыйылып атып араң кеттиң. Эмне мен кыйылбады дейсиңби? Жанымдын жарымын ала кеттиң жарыгым. Бар болчу, маңдайга жазганын көрөрбүз.

Сен жөнүндө жазбай койгондон бери бир топ күн өттү. Биз өтө олуттуу мамилеге өтүп кеттик. Ушул өтүп кетүүнүн ортосу мен үчүн кандай оор болгонун билесиңби? Канчалык өзүмдү алдабайын сенин аялыңды көргөн сайын дилим сыздайт. Канткенде да, адаммын го. Кантип жүрөгүм оорубасын.

Аялың кетип калганын айтканыңда негедир бирөөнүн аялуу буюмун сындырып койгондой денем муздап кетти. «Мен бир үй-бүлөнү буздум» деген ойдон аза боюм үркүп, көз алдыма кызыңдын акылдуу көздөрү, уулуңдун баягыда алгач көргөндө, негедир, жактырбай караган олуттуу жүзү келди. Аларга кантип жооп берем? Алардын эң жек көргөн адамы эми мен болом. Силердин алтын уяңарды мен талкаладым. Сен болсо «биз буга чейин эле көп урушучубуз, канча жолу ажырашып кай-

ра жараштык, сен болгону себеп болуп калдың», дедиң жүрөгүмдү тилип. Мен жамандыкка себепкер эмес, сага сезим, болгондо да кайталангыс улуу сезим, жүрөк жарган ышкы болгум келген. Эч качан урушканга, ажырашканга себеп болгум келген эмес. Эч качан.

Аялыңдын менин катымды көтөрүп келгендеги абалымды айтып түшүндүрө албайм. Алдында күнөөкөр да болуп, ошол эле учурда өзүмдү кармап баарына даяр боло бекем турдум. Ал көпкө эч нерсе айта албай буулугуп, мени менен кечке бирге жүрдү, бир кафеге кирип чай ичтик. Ошол күнкү жамгырды айтпа. Бул мага жамгыр эмес, менин, жок биздин, эки адамга жазылган бир бакытты бөлүшө да албай, бирок кыйып да кете албай ыйлаган бактысыз эки аялдын жүрөгүнүн ыйындай сезилди. Аялың кетээрде араң жарылды.

– Чайыңа, анан мобу катыңа да рахмат, – Көздөрү курч бычактын мизиндей муздак, ызалуу жылт этти. Ушундай болоорун күтүп даярданып турсам да калтырап, өзүмдү жогото апкаарып калдым. Жер жарылып кетпеди, мен кирип кетпедим. Ал сөзүн суз улантты: – Сенден муну күткөн эмесмин. Сага абдан ишенгем – деди көзүмө тике карап. Анын баарынан да мага ушундай бир ишенимдүү туруп:

– Он эки жыл ысык суугуна чыдап, эки баланы төрөп берген менин кадырыма жетпеген, сенин кадырыңа жетет деп күтүп жатасыңбы. Ал мага «мен алсам экөөңдөн тең жашты алам» деди. Анын пейли мага белгилүү. Он эки жылда он эки пейлин үйрөндүм. Ал сенин сезимдериңди ойноп жатат. Ал сүйгөндү билбейт, сүйдүргөндү гана билет – деди шишенин сыныгындай муздак көздөрү менен жан-жүрөгүмдү аңтара карап. Бул көз караш,

табалагандай менсинүү катуу тийди. Өзүмдү адам аттуунун эң акмагындай сездим. Үйгө ыйлап бардым. Сага таптакыр жолукпоону чечтим. Бул чечим мага абдан оор болчу. Ошентсе да, сенден кетким келди. Кеткенде да сага эч нерсе айтпай, эч нерсе дебей, сенин куру актанганыңды укпай кетейин дедим. Түнү менен уктабай ойлонуп чыктым. Сени кыя албай түйшөлүп, сенсиз жашоону, супсак, окшош кусалуу күндөрдү ойлогондо жанымды коёрго жер таппай жаным тогуз толгонуп чачылдым. Кантейин, өзүм ушуну тилеп алдым. От менен ойногондун акыры ушундай болоорун билсем болмок. Башында эмнеге уятым ушинтип кыйнабады экен. Аялыңды да ушундай жек көрдүм. Ишенесинби, менде кимдир бирөөнү ушунчалык жек көрүүгө жеткен заар бар экенин өзүм билген эмесимин. Тим эле анын баардык, баардык нерсеси үчүн, сенин аялың болгондугу, кайра жолуккандыгы, мага сени – тим эле сени менен, сенин усталыгың менен мактангансып, күйөөлүү аял экендигин көрсөткүсү келгенсип мага жибергендиги үчүн муунтуп баса жыгылгым келди. Балким, чын эле мага ишенгендир, жардам бергиси келгендир. Өз оюма өзүм каршы чыгып ичимден, «Кудай ай, качан эле боорукер, ак көңүл болуп кетти эле. Ал мактангысы келди. Бир кездеги эч ким тоотпогон, байкабаган, катарга кошпогон кыздын азыр уул-кыздын энеси болуп, жакшы күйөө менен бактылуу жашап жатканын мени аркылуу тааныштарга мактангысы келди» деп чаңырып, чаңырып жибердим. Үнүм чыккан жок. Ушунун баарына ал күнөөлүдөй дүйнөм аңтарылды. Бул, балким, күнөөмдү сезип, бирок, аны мойнума алгым келбеген алсыз актануу, аялдык ич күйдүлүк чыгаар.

Эрте менен шишип-көөп жумушка бардым.

– Эмне болду? – деди Айнагүл көзүмө тигиле карап. Буулугуп турган жаным баарын айттым. Айтып да жатам, ыйлап да жатам. Айтып алгангабы, же көз жаштын кудуретиби, жеңилдей түштүм. Түшкө жакын сен чалдың. Үнүңдү угаарым менен сага жолукпай коё албасымды түшүндүм. Канчалык жашырып, билдирбөөгө тырышпайын сенден үнүмдөгү таарынчымды жашыра албадым. «Эмне болду?» дедиң үнүң дүрбөлөң түшүп. «Келсең угасың» Түштөн кийин келдиң. Үстүңдөгү ак көйнөгүң өзүңө куп жарашып сулуу да, ойлуу да элең, көздөрүң тоо көлүндөй дүрбөлөң түшө чочулап, бирок негедир ошол эле учурда өзүңө ишенимдүү да элең. Мага баарына даяр болуп келгендей сезилдиң. «Курсагың кандай, мен ачкамын» дедиң акырын. «Мен пиво ичем» дедим. Сулуу көздөрүң кандайдыр болчу чырды алдын ала сезген баладай чоңоё түштү. Баарын айттым. Аялыңдын ишенимдүү көздөрү элестей түшсө да, сенин анын сөздөрүн жалганга чыгарганыңа негедир аябай аябай ишенгим келди. Өзүмдү ушинтип алдагым, сооротокум келди окшойт. Байкуш жүрөгүм ай, канчага чейин эч качан сатып берилбей турган оюнчуктан үмүткөр болгон баладай алданаар экенсиң. Балким, бул чын эле бакыттыр.

Ошол күнү сен атаң үйдө жалгыз калса да кеткен жоксуң. Эгер мени мынчалык жакшы көрбөсөң атаңды жалгыз калтырмак эмессиң. Ушунчалык өзүмчүлмүнбү, «кет, атаң жалгыз калат» дей албадым. Биз кайра биргебиз. Мага ушул эле керектей жан жүрөгүм ушундай бир тынчтанып калды. Бул канчага созулаарын ойлогум да келген жок.

Жарыгым кайра тез эле келдиң. Сыртта жамгыр, а сенин кучагың ушундай бир ысык, ишенимдүү. Сен алдабайсың. Мурда алдап жүрсөң да, азыр алдабайсың. Ар бир келгениң мени тирүүлөй кыйноого салмай болду. Бул жолу кызыңдын каты жүрөгүмдү тилип тилип кетти. Кайра кайра «апа, ата урушпагыла, биз силерди сагындык» деп жазыптыр. Кызыңдын акылдуу, таптаза көздөрү элестей, сендеги сезимдерден күкүмдөп терип, түнү бою топтогон бактым чачылып, заманым куурулуп кетти.

Коё берчи мени Жарыгым, коё берчи. Жанымды кыйнаган мындай дартты унуткараар дары барбы? Дарысы эле сабыр, эң акыл эстүү чечим – сенден кетүү болуп жүрбөсүн. Антүүгө түтпөй жатпайбы, өзүмчүл жүрөгүм.

Айнагүл экөөбүз көпкө басып жүрдүк. Экөөбүз тең тайкы тагдырыбызга кейип, бирок бакыттан аял катары үмүт үзбөй өзүбүздү жооткото ар нерсени сүйлөгөн болобуз. Айнагүл «сенин өткөндөгү «ар бир жолуккан эркектен «балким, ушул биз издеген, эңсеген кыялдагы адам болуп жүрбөсүн» деп үмүткөрбүз» дегениң катуу тийип, чын эле деп жүрөгүм сыгылды» дейт муңайым. Тилиме тибиртке, бизге, биз эңсеген адам – ар бир эркектен үмүткөр кылбай эле жолугаарына ишеничи курбум. Айнагүл сенин таптаза, күлкү уялаган көздөрүңдү карап туруп, «кантип ушунча турмуш соккусунан кийин ушундай ишенчээк, таптаза бойдон калды экен» деп ойлой берем. Жердей көтөрүмдүү, кенен пейлиңе кубанам. Ал Үмүтайдын, мен кызымдын кылык жоругун айтып түгөтө алсакчы. Бизге ушул эбегейсиз, эч нерсе менен ченегис белектин буйруганына миң мертебе шүгүр.

Сен чалдың. Жат номерден чыксаң да сен экениңди жүрөгүм сезди. Кайра чалганча шаштым.

– Каяктасың? – Сенин суз үнүңөн ушунча кеч көчөдө жүргөнүмө өзүмдү күнөөкөр сезе негедир коркуп кеттим. Чыны сени чалат деп күтүп отуруп жумуштан кеч чыккам. Сен чалбаган соң көңүлүм чөгүп, нары кызым да жок, жалгыздык күтүп турган үйгө келгим келбей Айнагүл менен жүрө бербедим беле. Неге коркуп кеттим билбейм. Эч кимден минтип корккон эмесмин.

– Үйдөмүн, – дедим шашып.

– Мен терезеңде турам го. – Сөзүңө дилим толкуй кубанып да, ишенип ишенбей да кеттим. Адатыңча сынап жаткандай сезилди. Айнагүлгө шашкалактай:

– Ал келиптир, кеттим, – дедим кубанганымды жашыра албай. Шашып келсем күтүп турупсуң. Көздөрүң негедир капалуу экен.

– Карасам өтүгүң жатат, экөө эки жакты карап, өзүң жок. Ашканадабы деп коём. Ушунча да күттүрөсүңбү? – Бооруңа кыса кучактап койдуң.

– Неге урушпайсың? – дедим күнөөкөр.

– Биринчисин кечирдим, мындан кийин токмок жейсиң. – Эркелете жумшак жылмайдың. Биз бирге болгондо баары унутулат. Жан кыйнаган санаалуу ойлор, сен башканыкы экениң, айтор, баары баары унутулуп, эч нерсени эстебейбиз. Аялың жолугууну сунуш кылды. Даай албай турсам да баш тарта албадым

– Кыянаттык кылдың, – деди аялың үнүндөгү нараазылыкты, жек көрүүнү жашыра албай буулугуп. Унчукпадым, не дейин. Көп сөз айткым келсе да айта албадым. Өмүрүмдө эч кимди сенин аялыңдай жек көргөн эмесмин. Сыртка эч качан чыкпаган бул алсыз, бирок,

күчтүү жек көрүү мени муунтуп, ошол эле убакта ушундай бир чарасыз абалга алып келип туюкка камайт. Билесиңби, мен кайсы убакта эмнени кааласам кылчумун. Азыр негедир анте албайм. Ушул чарасыз, туюк абал мени басынтат, абдан басынтат. Муунткум келип муунта албаганым, тыткылагым келип тыткылабаганым, ушундай бир жаман сөз менен урушкум келип, бирок, аялың менен жылмайып сүйлөшкөнүм мени ушундай бир бычаксыз мууздайт дейсиң, тим эле ааламды жаңыртып ачуу чаңыргым келип, бирок, чаңыра да албайм. Чаңыртпай бирдеме, жок бирдеме эмес, сени аялыңдын муздак шише көздөрү, жоон келбетине жарашпаган кагаздай жука, жылаандай заар, митайым жүзү, калп эле оозун басып жумшак күлгөн аксым күлкүсү, өз айыбын, болгондо да эч качан жууй алгыс айыбын мени ачып жибербесин деп гана кыя алгыс курбусунган, ишеним көрсөтүмүш болуп, бирок, чычкан аңдыган мышыктай кантээр экен деп менин акыркы чыдамымды аңдыган кыйды көз карашы чаңыртпай муунтуп турат. Айрыкча, ал макалдата алкынып токтобой, сөздүн заарын тандап, бир эле сөзү бир нече кайрмана маани берип, бирок, ошол сөздөрдү ушундай бир жумшак үн менен, ар бир сүйлөмүнө «баарын өзүмдөй көргөн ак көңүл жаным, менин ишенчээктигим, менин кенендигим, айкөлдүгүм», – деген сөздөрдү кошуп, айкөлдүгүн, ишенчээктигин баса белгилеп сүйлөгөндө жарылып кете жаздайм. «Сенин ак көңүлдүгүңөн эмес, мурдуна бок сүйкөсө билбеген макоолугуңан, менсинип өзүңдү теңдеши жок санаган куру чирендигиңен ушундай болду» деп айткым келип айта албайм. Андайда сенин аялыңды карап туруп, сенин ойлуу, «аялым

сенин телефон номериңди тапканда тим эле ордунда отура албай жаш баладай секирип, сен тууралуу өткөн-кеткендин баарын эскерип түгөтө албай аябай кубанган» дегениңди эстейм да, өзүмдү чексиз күнөөкөр сезем. Айтор, эки оттун ортосунда өрттөнөм. Тозок болсо ушунча болоор. Сен ушул азабымды туясыңбы? Кайдан туймак элең караалдым. Сага менин таттуу кылыгым, назым, кумарлуу ысык кучагым болсо болду.

Жарыгым, сен мени үйүңө чакырдың. Барсам аялдамада күтүп отурупсуң. Акырын ууртуман өөп койдуң. Жетелеше катар бастык. Сенин кебетеңе күлкүм келди.

– Кимге окшоп калгансың?

– Аамат акеге, биз жакта ушундай адам бар, – Токтоо компоюп койдуң.

– Ал кандай киши? – дедим шоктоно

– Азыркы мага окшош, – Бүткөн боюңду карап мостойдуң. Кыйшайган шапкеңе, мык жыртып, кум, цемент жуккан чаң спорт шымыңа, ар жери жыртылып, буласы самсаалаган кенен курткаңа жүрөгүм элжиреди.

– Сен эч кимге окшобойсуң, сен меникисиң, – Эркелей кучактап кыналдым

– Кучактаба чаңмын, азыр үйгө барып жуунайын, анан кучактай бересиң.

Үйгө барып алып жаш баладай өзүбүзчө эле кубанып жетине албай каякка бассак чогуу басып, мен тамак жасасам сен жанымда отуруп, айтор, сагынышкан балдардай бирдемелерди эле божурап сүйлөшө бердик. Мага кам көрүп, алдыма төшөк сала коюп, улам улам бооруңа кыса кучактаганың эле канча бакыт. Суук үйдө

экөөбүз суукту деле сезген жокпуз. Түнү бою улам туруп мени кумтулап жаап жатканыңды сезип, жүрөгүм толкуп, бир башкача бактылуу уктадым. Шейшептериңдин кирине оболу жийиркенсем да, кайра эле сен баарын унуткардың. Үйдө аял болбосо ошол да.

– Жууп берейин, – Чын дилден сунуш кылдым

– Жуубай эле кой үшүйсүң, анын үстүнө булар меники эмес, керек адам жууп алып кетет, – Чачыман ойлуу жыттай күрсүнүп алдың.

Биз бир күн да башка боло албай, бүгүн сен келдиң.

– Каяктасың? – дедиң телефондон.

– Үйдөмүн, сенчи?

– Мен да үйдө жалгызмын, жүрөгүм сыгылып жатат.

– Келе бер да, – дедим келериңе ишенип ишенбей. Ушуну эле күтүп тургандай сүйүнүп кеттиң. Тим эле келбе деп жиберчүдөй. «Мен азыр. Мына жөнөдүм» дедиң шашкалактап. Тез эле келип калдың.

– Кечээ эле келсем да, көп күн өткөндөй сагынып кеттим, – Кумарлуу каректериң эркелете кылгырып турду. Сенин көздөрүңдүн алдында дайым алсызмын жаным.

– Неге сени жакшы көрөм? – дедиң адатыңча кучактай берип.

– Анткени, мен сени жакшы көрөм, – дедим дайым жооп бергендей эле. Жаш балага окшоп сен ушинтип сурагандан, мен болсо бир эле жоопту бергенден тажабайбыз.

Жумуштан чыксам, күн ыйлаган көздөй кусалуу кылгырып, баткысы келбегендей алсыз тартып, акырын чарасына чөгүп баратыптыр. Негедир дилимде бир жан

кыйнаган кусалык толуп, өйкөп чыкты. Ушул кусалыктан сага качып кетким келип, шашкалактап чалдым.

– Барайынбы?

– Келесиңби? – Үнүңдөн кубанычты туюп турдум.

– Ооба барам.

– Келе бер, келип үйдө отуруп тургун, менин кичине жумушум калды, бүтүп эле учам, – Үнүң делбиреп шаша сүйлөп, шаша трубканы коюп койдуң. Шашып бардым. Үйдө эч ким жок экен. Атайын сыамакка сага чалып:

– Адашып кеттим, – дедим атайын.

– Каяктасың, кандай жерде турасың? – дедиң шашкалактап.

– Билбейм, – деп, анан чыдабай күлүп жибердим, – Тамашаладым.

– Жинди, – жеңилдей, нары эркелете үшкүрүп жибердиң. Жүрөгүң элжиресе ушинтип коёсуң дайым. Идиш жуудум, бар болгон майда чүйдө нерседен тамак жасадым. Бир убакта шашып келаткан сенин кадамыңды уктум.

– Аамат аке келди, – дедиң кирип келип, анан жаркырай жайдары күлүп бооруңа тарттың.

– Келиңиз Аамат аке, эмне мынча күттүрүп. Сизди ким күтүп жатканын билбедиңизби? – Калп эле кабак бүркөй ары караган мени, өзүңө каратып:

– Кечирип коюңуз, шашып келдим го сизди деп, – Сен ушинтип тамашаны улап кеттиң. Каткырып мойнуңа асылдым.

– Жинди десе, мен чаңмын. Сени күтүп калбасын деп шашып, даяр мончого жуунбай келдим. Сууң барбы? Бүгүнкүдөй үйгө шашып келген эмесмин. Ушундай бактылуу болуп, делдеңдеп эки жагымды карабай

бир келатам дейсиң, – Сүйлөп да, жаш баладйап сууну чачыратып жуунуп да жаткан сени карап туруп ичим ысып, ошол эле учурда кейип да кеттим. Шашып келгениңен сенин. Мен да шашып келдим. Кудай ай, ушул шашып келүүлөрдүн өмүрү узун болсо экен. Бир күндүк бакыттын, миң күндүк кайгысы бар дейт.

Аялың менен дээрлик күн сайын сүйлөшөм. Дилимди катуу бирдеме өйкөп, сенин ушул күндөрү мени менен экениңди жашыруу абдан оор тийет. Болгону качандыр бир кезде экөөң кайра жашап калсаңар сенин тилиң кысык болбосун деп жашырам. А сүйлөшпөй коюу колумдан келбейт. Негедир аны да кыйбай, тээ түпкүрдө бирдеме кыйнап, аялың менен сүйлөшүп алсам жеңилдей түшөм. Башка бирөө укса аялың экөөбүздү «булар жинди, же ары жок байкуштар го» демек. Кандай экенин билбейм, бирок, бул жиндилик же ары жоктук эмес, кыйналган жан дүйнөгө тынчтык издөө. Бирок, биз тынчтык таба албай жатпайбызбы. Экөөбүз тең бир чечимге келе албай жанчылабыз. Качандыр бир кезде аялың менен сүйлөшкөнүмдү билсең «ортодо сөз аңдып жүрүпсүң» дебес бекенсиң. Кудайчылыгы мен сөз аңдып, эки жүздүүлүк кылгандан алыcмын. Бул эмне экенин өзүм да түшүнбөй койдум. Болгону аялың менен сүйлөшүп, сенин үйүңдөгүлөр тынч экенин, мен азырынча эч кандай жамандыктын себепкери болбой турганымды билсем кыйналган дүйнөм кадимкидей жеңилдей түшөт. Бирок, кайра эле жаным өгөөлөнүп чыгат. Балким, аялың да ушинтип жүргөн чыгаар. Ишенесиңби уктап жатып да дилимди бирдеме өйкөп кыжаалатмын. Күн сайын түшүмдө сен мени менен урушуп, же кимдир бирөө келип мени урушуп, кан-

дайдыр бир нерсеге мени күнөөлөп жатканда коркуп ойгоном. Ойгонсом бүт боюмду тер басып, кайра уктай албай жанымда бейкапар баладай уктап жаткан сага көпкө карап отура берем. Сенин кайсы бир каргашалуу күнү ушинтип жанымда жатпай калаарыңды ойлосом ансайын жүрөгүм каарылат. Кудай каргаган адам да мынчалык кыйналбаса керек. Бала кезде Мар Байжиев деген драматургдун бир каарманынын «каракул койлорунун козусун туулары менен союп, терисин сыйрып алышат экен. Ошол козусун соё берген койлордун өлгөндө боору чүрүшүп куурап калганын өз көзүм менен көргөм. Ар бир сезимимди ошол козулардай жок кыла берип боорум куурап бүтмөй болду» дегенин окуп түшүнгөн эмесмин. Жазылгандай айта албасам да мааниси ушундай болчу. Азыр ошол сөздөрдү эстедим. Менин да боорум куурап калмай болду. Азыр эң ишенгеним эле кичинекей тентегим. Ага сени көрсөтпөй койсом болчу экен. Сага ишенгем, азыр деле ишенем, бирок негедир күн өткөн сайын бул ишенимди өзүм зордоп жасап жаткансыйм.

Сен мага мас болуп алып, «мен азыр молдо алып барам, нике кыябыз. Эми экөөбүздү эч ким арам дей албайт», – дедиң телефондон негедир жоо кууп, же бирөө мажбурлап айттырып жаткандай шашып. Даярданып алып кечке күттүм. Кошуна эжеге, «Азыр күйөө балаңыз келет экен, мечитке барабыз» дегенимди кантейин. Кечинде мас болуп, эч кандай молдосу жок эле келдиң да, «кечирип кой, молдо бошобой калды» дедиң көзүңдү ала качып, мени калп эле кучактап. Колумдан оюнчугун жулуп алган баладай томсоро туруп калдым. Калп эле көрүнгөн досуңа «күбө болуп берчи» деп, телефон

чалып кирдиң. Досторуң эмне кылмак эле. Башкага жамынбай эле койчу, артистим менин. Сен молдо тапсаң тапкандырсың, бирок, мунун баарын эркиңден сыртары, тим эле эркектигиңди магабы, же, сени теңсинбей кетип калган аялыңабы далилдегиң келип жасап, бирок, ошого да эркиң, эркектик кудуретиң жетпегенин түшүндүм. Байкушум ай, колуңдан келбеген нерсеге неге өзүңдү басынттың. Андан көрө жөн эле келип, кетип жүрө бербейсиңби. Мен эмне сенден ушуну сурадымбы. Жарыгым ай, кандай гана мени, өзүңдү басынтканыңды билесиңби?

– Жүр мечитке экөөбүз эле бара беребиз, – дедим атайылап. Мастыгың тарай нестейе түшүп, анан:

– Ммасмын да, – дедиң акырын.

– Эч нерсе эмес, жүр, – дедим өжөрлөнө. Мойнунан байлаган иттей араң эле мечитке басып бардың. Калп эле бирөөгө бардың да, кайра келип:

– Молдосу жок экен, – дедиң шөмтүрөй. Сени тиктеп туруп сага эмес, сени сүйгөн, сен үчүн курбусунун башынан аттаган өзүмдү жек көрдүм, жок жомокту жаратып алып, ошол жомогуна аяз атага ишенген жаш баладай ишенген өзүмдү аядым. Кайра келатып:

– Мени менен жашайсың – дедим атайылап.

– Неге жашайм, эмне зордоп жашатасыңбы? – Сен дароо соолуга түштүң.

– Жөн эле жашайсың, анда неге келдиң?

– Балдарымчы? – Заматта байкуш болуп салбырадың. Ошол жерден чыдабай ыйлап жибердим.

– Эмнеге сага ишенип, сени ата тутуп алган менин кызымды, сени жөлөк тутуп калган менин жалгыз, ишенчээк акылсыз жүрөгүмдү ойлободуң? Колуңдан келбесе неге

аялына мамилебизди билдирдиң, неге кайра-кайра тынчымды алып келдиң, неге жок молдого үмүткөр кылдың?

Сен менин бул суроолорумдун бирине да жооп бере албадың. Ыйдан башым ооруп чыкты. Ары жок жаным, кетейин десең да ушунун баарынан кийин сени кетирген жокмун. Неге? Сени менен бир түн бирге болуу үчүнбү? Же, эртең соолукканда меники болооруңи ишендимби? Чынын айтсам, билбейм. Болгону кетиргим келген жок.

Досуң менен тааныштырдың. Кубат токтоо, акылдуу жигит экен.

– Жакшылыгыңарды бүтүрүп алдыңарбы? – деди акырын.

– Кайсы жакшылык? – Эмнени сурап жатканын билсем да, кайра сурап койдум.

– Досум кечинде нике кыйдырам деп кеткен эле го.

Ал негедир ишенимсиз сүйлөдү.

– Кубат, мунун баары тим гана баланын оюнундай куру нерсе. Досуң эртең аялына, үй-бүлөсүнө кайтат. Мейли, азырынча өзүбүздү алдап туралы. Балким, алданган деле жакшыдыр, – дедим, ичим ушундай бир күйүп турса да жылмайып. Кубат унчукпады. Унчукпаганы үчүн сыйлап калдым.

Аида экөөбүз тим эле жиндилик кылып, өзүбүздү өзүбүз алдаш үчүн ичтик. Билем, акыркы күндөрү абдан көп ичип жатам. Мындан төрт эле жыл мурун оозума ичкилик алчу эмес элем. Эмне болуп баратам, билбейм. Жакын, акылдуу досум «сен ичпе, ичкилик уялчаак, мокок, алсыз адамдар үчүн. Сен ичкилиги жок эле айтам сөзүңдү мейли падышага болсун айта аласың, беттегениңди кандай болбосун жасайсың. Сен

күчтүү жансың. Ичкилик сени болгону убактылуу алаксытып, анан байкушка, же жиндиге айланатат» деген эле. Ооба баарына эрким жетчү, жасайм дегенимди жасачумун. Азыр анте албай жатам. Мас болуп алып сага чалдым. «Каякта, ким менен ичип жатасың?» дедиң үнүң кызганычтуу дүрбөлөң түшүп. Сен ушинтип кызганычка ууланган сайын табам канат. Сенин жаныңдын күдүк ойдон, кызганычтан өгөөлөнгөнү мага жакшы. Куду ким жакшы кыйнап, кызганата алат деп мелдешке чыккандай, ал мелдеште жан үрөп чуркагандай, марага мына мына жетем деп жан талашкандай жүрөгүм туйлап өрөпкүп чыгат. Сен Кубаттын машинасы менен кир кийимиңди алмаштырбай жетип келдиң. Жумуштан чыгып эле, мага делбирей умтулган сени түртө, «Аида, бул менин көңүлдөшүм. Мен сага айттым го, билесиң да мен муну сүйбөйм» дедим. Сага ушул сөздү өзүмдү өзүм зордоп айтуудан улам үнүм дирилдеп чыкты. Минтип айтуу мага абдан оор болсо да, сага менден да оор болушу үчүн, катуу тийиши үчүн айттым. Дил ооруган, жан өгөөлөнгөн кандай болоорун билчи сен дагы. Кубат негедир машинасын тегеренип басып кетти. Сен болсо не кылаарыңды билбей сөгүнүп, Аида укмаксан боло «мени күтүп атышты эле» деп, ары жакта өзүн күтүп тургандарга мени менен коштошпой кетип калды. Сөгүнүп жаткан сени жакадан ала, «не сөгүнөсүң, кеттик үйгө» дедим өктөм. Сөгүнүп жатсаң да, негедир, жетегиме көндүң. Көрсө, сени жетелеп жүрүп көндүрүшкөн тура. Муну кийин, качан аялың сени менин койнуман сууруп жетелеп кеткенде билдим. Ошол күнү канчалык ачуулансаң да, негедир кеткен жоксуң. Кубаттан кызгандыңбы?

Жарыгым, билесиңби мени башка нерсе эч жаныма тынчтык бербей кыйнайт.

Ушул азаптын акыры барбы? Ар бир жолуккан сайын «акыркы жолу» деп жолугабыз да, бул алсыз чеимди сагыныч, жанга тынчтык бербеген кусалык тез эле жокко чыгарып, кайра эле жолу гуабыз. Көпкө, дээрлик он күнгө жоголуп, кечээ келдиң. Айнагүл экөөбүз редакцияда жүргөнбүз. Сен чалдың да «каяктасың» дедиң үнүң негедир дүрбөлөң түшө. «Айнагүл экөөбүз бир жакта жүрөбүз. Эмнеге?» «Ким жаныңдагы7» «Айнагүл анандагы бир бейтааныш киши» дедим. Киши чын эле бейтааныш болчу. Айнагүл да аны сырттан эле чыгармачылык аркылуу тааныйт экен. «Сыртка чыксаң мен сыртта турам» Чын эле жөнөп калсам Айнагүл, «Бул жакка кайдан келмек эле. Жиндисиңби, чык десе эле чыга бересиңби» деп урушуп берди. Сен кайра чалып «үйдө күтүп турам кел, эмнеге терезе парданды чыгарып салдың» дедиң акырын. Чын эле терезе парданы чыгарып салгам. Келгениңе ошондо ишенип жүрөгүм булкуп алды. Кеткенче шаштым. Канчалык шашпайын антип минтип чыкканча бир топ болуп кетти. Келсем үшүп калыпсың. Негедир суз учураштык. Мен сага ооруганда да келбегениң үчүн таарынсам, а сен күттүргөнүм үчүн таарынып тургансың. Экөөбүз кирип кире электе «кетем» дедиң. Араң турган көз жашым чуурул кетти. «Макул» дедим тиштенип. Сен чыгып баратып «турчу» дедиң буулугуп. Көгөрүп отура бердим. Сен мен атайын сага деп алып, канча күндөн бери сени менен сүйлөшкөндөй сүйлөшкөн, кыялданган винону ачып, бирок ичпей кетип баратканыңа шагым сынып, ызама муунуп тургам. Ордуман зордоп эле тургузуп, бооруңа кыстың. Экөөбүз

ыйлап да, бири бирибизди өөп да, сүйлөп да жаттык. Ачуу көз жаштын даамын сени өпкүлөп жатып сездим. Эмне сен да ыйладыңбы жарыгым, же менин сенин жүзүңдү жууган көз жашым беле. Канча күндүк буулугууну көз жаш менен чыгара өксөп-өксөп ыйладым. «Мен сени баарынан баарынан, абдан жакшы көрөм, бирок балдарымсыз жашай албайм. Эмне мен сени жакшы көргөнүмдү келинчегим туйбайт дейсиңби. Өткөндө сени каргап жатпайбы. Ичим ачышып кетти. Каргаба анда эмне күнөө, баарын кылган, артынан барган менмин десем ыйлайт. Ага деле кыйын болду, кантейин айтчы кантейин?» Кантериңди мен да билбей жатсам кантейин жарыгым. Сен көптөн бери бүгүн чечилдиң. Дилим күйүп турса да, сени узатканы чыктым. Кетпесең болбосун дилим сөгүлүп түшүндүм. Сыртка чыксак айлананы сүт төгүлгөндөй аппак кылып, балбалактаган тыбыт кар жаап жатыптыр.

– Карачы кар! – Сен жаш баладай сүйүнүп кеттиң. Экөөбүз тең карды жакшы көрөбүз. Көңүлүм көтөрүлүп, сенин бар экениңе, ушул азыр аппак нур жааган кечте азга болсо да бирге экениңе жетине албай, эми эле жүрөгүмдү чайнаган санаалар баары жоголуп, сенин ушинтип азга жанымда болушуң үчүн баарына баарына макул болгум келип толкуп кеттим.

– Сен меникисиң, эч кимге бербейм дечи, мен сени баарына макул болуп күтөйүн. – Сени эми эле бирөө тартып кетчүдөй өрөпкүй сүйлөдүм. Сен бооруңа кыса кучактап:

– Сен меникисиң, эч кимге, эч кимге бербейм, – дедиң үнүң дирилдей, каректериң жалжылдап. Таксилер макул болбогон сайын сен капа болгондун ордуна кубанып:

– Маңдайга жазганын көрөбүз, кетпей эле коёюнчу, экөөбүз кадыр түн тособуз! – Жүзүң баладай жаркып турду.

– Мага кетпегениң жакшы, бирок, эртеңчи жарыгым?

Сен менин сөзүмдү уккун да келген жок. Аппак кар капкара чачтарыңа конуп, көздөрүң нурдана күлүңдөп өзгөчө сулуу, бактылуу элең. Биз баарын унутуп, жетелешип алып көчө бойлой калп эле таксилерди сураштырган болуп, чынында сен кеткиң келбей, а мен болсо кетпей калышыңды тилеп, жетелешип алып болоор болбоско каткырып күлүп жүрө бердик. Акырында, эртең таң эрте ажаан аялың намыстанбай эле адатынча жетип келип, сени жетелеп кетээрине, болчу ызы чууга макул боло калып калдың. Экөөбүз шамдын жарыгында вино ичип отурдук.

– Мен сени жакшы көрөм, сүйөм, неге? – дедиң адатынча. Мен баягыдай эле:

– Анткени мен жакшы көрөм да – дедим көзүмдү көзүңөн албай.

Эшик тыкылдады. Экөөбүз тең селт эттик. Дилибизде бирдей «аялың келди» деген суук ой турду. Ачсам кошуна жигит. Бир аз кызуу. Ой-боюбузга койбой үйүнө алып кетти. Сенин токтоо, өз кадырыңды, ордуңду билээриңди ушу бүгүн сездим. Орду менен сүйлөп отурдуң. Кичинекей Сагындык ыйлап калса, тим алып ийчүдөй болуп тынчсызданып жаттың. Бир оокумда кошуна жигит ыйлап сооронбой жаткан уулун алса сооронуп калды. Сен байкабай эле «менин кызым да ушинтчү» деп алдың да, кабагы кирдей түшкөн мени карап ыңгайсыздана күлүп бооруңа тарта, «кечирип койчу, таарынба байкабай сүйлөп алдым» дедиң эрке-

лете. Таарынган жокмун жарыгым. Өзүмдү күнөөкөр сезип, эми эле толуп тургансыган бактым бөксөрө түштү. Сыртка чыкканда, сен мага «жүр кар кечип келебиз» дедиң, карегиң жарк эте эркелете карап. Ушинтип караганыңды жакшы көрөм. Экөөбүз кар кечип, жүзүбүздү жааган карга тосуп жетелешип басып жүрдүк. Жүзүмө кар чачтың. Күтпөгөнгө муздак кардан ичиркене селт эте түштүм да, сага да кар чачып жибердим. Үшүп көптө келдик да, үйгө кирип алып вальс бийледик, вино ичтик. Сен болсо бир шайыр комуз күүгө ат чапкандай болуп, тим эле көзүңдү жуумп алып бийледиң да, анан мени бекем кучактап «жаным го, эс алалычы, эртең эрте туруп кетиш керек» дедиң улутуна. Ооба, кетишиң керек. Кеткенде да, ажаан катынын келип сүйрөп кеткенче кетишиң керек. Сен мени бекем кучактап уйкуга баш койдуң. Кучагыңан акырын суурулуп чыктым да, дилиме келген саптарды компьютерге шашып терип кирдим.

* * *

Аппак кар аппак үмүт, ак тилектей
Күмүш нур, жылдыз болуп себеленет.
А бирок, эртең ушул ак тилектер
Канчанын бут алдында тебеленет.

* * *

Кечир..
Жол карап, жаш баладай күттүм кечир.
Баарына, сен суранбай түттүм кечир.

Канча ирет шам өңдөнүп өзүмдү өрттөп
Каралдым ошол өрткө түрттүм кечир.

* * *

Ыйладым, күз жашымдан жараат алдың,
А бирок, абалыңды сурабадым.
Анткени, кусалыктан, кызганычтан
Мен азыр өзүм дагы жарадармын.

Эрте туруп кеттиң. Кетээрде бооруңа кыса көпкө кучактап, анан менин санаалуу көздөрүмдө көрбөйүн дедиңби, шарт чыгып кеттиң. Жарым сааттан кийин телефон чалдың.

– Мен сени сагындым. Ишенбесең керек, мейли өзүң бил, муну сага эмес өзүмө айтып жатам. Тез эле келем. Мен сени абдан-абдан жакшы көрөм. Сенчи?

– Мен жакшы көрөм, ошон үчүн сен жакшы көрөсүң Билем, тез эле келесиң, бирок, мен келгениңен эмес, жан оорутуп кеткениңен чарчадым.

Уйку соодо эшик тыкылдады. Терезени карасам таң эми супа салган экен.

– Ким? – дедим, таң атпай уйкумду бузушканына жиним келип.

– Мен, ач – Сенин тааныш үнүң. Ордуман учуп туруп, эшикти ачып эле мойнуңа асылдым. Сен таза аба жыттанып, муздак экенсиң.

– Уйкучу, коё тур, мен муздакмын, – дедиң ууртуман өөп. Курткаңды шаша чечип, колдоруңду жылытуу үчүн ушалап жатып сагыныч толгон сулуу көздөрүң менен эркелете карап, жетине албай күлүп койдуң. Мен далыңан кучактай:

– Кайдан таң атпай? – дедим шектене.

– Үйдөн, кечинде барам деп айтпадым беле.

– Айткансың, бирок, мынчалык эрте келет деп күткөн эмесмин.

– Таң атканча уктай албай, биринчи маршрут менен жөнөдүм. Сагындым сени.

Бооруңа кыса кучактап, төгүлө өпкүлөдүң.

Жарыгым менин, сулуу көздөрүңдү ушундай бир сагындым. Кантип жашап, эмнени ойлоп жүрөт болдуң экен?! Айланайын каралдым ай, эмне кылып салдың мени. Же бир шарт басып кете албай, же ушинтип жанчылып жашоого көнө албай, куурамай болдум мен шордуу. Көзүңөн, басканыңан садага болоюн. Таң атпай келип дил төгө эркелеткениңен сенин. Жайдарым, жароокерим, асылкечим менин. Узун түндө тилеген жакшы тилегим, эртеңки жашоого сүрөгөн, таптаган саяпкерим. Уктадыңбы кагылайын. Сен өзүң айткандай эле адатымча түн жарымда эң жакын досум, унчукпас сырдашым компьютер менен жалгыз отурам. Сенсиз каерде жашоо бар айтчы, ошол жакка кетейин. Эч кимге тоскоол болбой, эч кимдин бактысын талашпай, уккан көргөнгө жаман көрүнбөй, сөзгө калбай, аялыңдын көзүнө, дилине тикен болуп сайылбай кетейин. Сен кантесиң? Балким, сен да ушуну күтүп жүрсөңчү ардагым. Андай болсо мен кантем, эмнени эш кылам? Сенин сүйүүңөн башка эш тутаарым жок. Ар кимдин орду бар, сенин гана ордуң эч нерсе менен толбойт жарыгым.

Ушул күндү жазуу мага абдан оор. Ошол күнү менин кесиптик майрамым болчу. Сен таң эрте туруп бир жакка барууга камданып жаткансың. Аялың чалып,

«жолугалы апам чалды, сөз бар» деди кыска. «Кайсы апаң?» дедиң чочулай. «Сенин апаң, менин апам беле» деди аялың заар бүркүп. Сен негедир менден көзүңдү ала качып:

– Барып келейинчи – дедиң акырын.

– Коё тур, ушул шымың менен бармак белең, жүр базарга кире кетели. Мен жолдон калып калам.

Экөөбүз базарга барып сага шым алдык. Сени жибергим келбей жүрөгүм сыйрылса да, ушул күнү сен эч качан меники болбосуңду дилим ооруп сездим. Сени ошол күнү биротоло узатыпмын. Ошол бойдон үч күндүн кийин таптакыр жат болуп келдиң. Сен келбеген үч күн бою жамгыр көнөктөп төктү. Бул жамгыр эмес, кызганычтан, айрылуудан ичи күйгөн менин көз жашым болчу. Үчүнчү күнү жамгыр менен кошо сен келдиң. Баягыдай эле бооруңа кыса кучактап:

– Сени сагындым – деген менен кандайдыр суз, муздак, жат элең.

Ошол күнү эле кечинде сени аялың келип алдына салып айдап кетти. Анын жүзүндөгү аябай сүрткөн боёгу атайын жасанып, даярданып келгенин айтып турду. Ал ушундай бир дымак менен:

– Сен улам чалып Алини күтүп атканда, биз Али экөөбүз мейманканада жыргап атканбыз, – деди шишедей көздөрү жан-дүйнөмдү үшүтө мыскылдуу муздак жылтылдап. Сен өз эри менен жатканын көңүлдөшкө мактанган бечара аялыңа эч нерсе дей албай, алкынган аялыңды күңкүлдөй тыйып, менин көз алдымда баягы кудуреттүү, дымактуу, намыскөй Алиден бечара эркек сөрөйгө айланып артыңды кароого алың жетпей кетип бараттың. Эмнеге билбейм силер-

ди сыртка чейин ээрчип чыгып, анан кечке жамгырды сезбей көчөлөп басып жүрө бердим.

Жарыгым, сен жөнүндө, сенин меники болбой каларың жөнүндө ойлогондо жанымды коёрго жер таппай дилим чыркырап тегеренип-тегеренип кетем. Сенин көйнөгүңдү кучактап жатам. Анда сенин жытың калыптыр. Бир жума өтпөй кайра чалдың.

– Мен сенсиз жашай албайт экем. Сенден келгненден бери ичип жатам. Мени кечир, сени коргой албадым. Ошол жерде ызы-чуу болуп кетеби деп сени аядым – дедиң кырылдаган алсыз үн менен. Мас экениңди дароо сездим. Унчукпай эле ыйлай бердим. Эмне демек элем?

Жарыгым…

Ушинтип жазылган каттардын өмүрү узун болушун абдан, абдан каалагам, жок, тагыраак айтканда тилегем. Бирок, бул тилек ара төрөлгөн баладай жан дүйнөдөн сыртка чыкпай ойрон болду.

Жарыгым, сага ушинтип кат жазам деп үч уктасам түшүмө кирген эмес. Бул менин ушинтип жазган акыркы катым. Сенден сураарым көңүл коюп, акырына чейин окуп кой. Ким билет мындан ары кандай болот.

Жарыгым, сен үчүн жашыруун экинчиң болуп жашаганга, кубаныч кайгыңды бөлүшкөнгө, элдин кеп сөзүнө, айтор баарына макул элем. Көрсө, мунун баары өзүмчүлдүк экен. Мен сага мени ушинтип сүйдүргөнүң үчүн ыраазымын жарыгым. Ушунун баары үчүн рахмат сага. Анткени, чыныгы сүйүү гана адамды адамдыкка түртө алаарын сенден айрылып, сени чындап сүйөөрүмдү жан жүрөгүм менен сезгенде түшүндүм. Сенин келээриңе, баарын адамча түшүндүрүп кетээри-

не жаш баладай ишендим. Сен мага кайра келүүң үчүн эмес, мен жөнүндө жаман ойдо калбас үчүн, адамча ажырашыш үчүн күттүм. Мен сени, деги эле өмүрүмдө эч кимди мынчалык күткөн эмесмин.

Болооруу болду, сен мен үчүн эми «бүгүн кирээр бекен» деп зарыгып күтчү жакшы түш, жүрөк тилип, кусалыгы жан чыдатпай кыйнаган сагыныч, бир келип, анан кайрылбай кеткен улуу бакыт, түндөлөрү уктатпай саргайткан санаа, келбесиңди билсем да күттүргөн күтүү оорусу болуп калдын.

Мен сенден сени сүйгөндүгүм үчүн, баарынан да сенин ошол сүйүүгө татыктуу боло албаганың үчүн кетем. Сен мени кеткеним үчүн, күтүүгө түтө албаганым үчүн кечир. Эгер күтүүнүн акыры болсо түтмөкмүн. Бул күтүүнүн акыры жок. Акыры болсо да, ал абдан оор, кайгылуу бүтүшү мүмкүн. Оор, кайгылуу бүткөнчө кетип калайын. Мен сенден кеттим. Сен бул катты алган кезде мен бул жерде жок болом.

«Ардагым, мен сага көптөн бери жанымды бейпайга салган нерселерди ачылып айта албай жанчылып жүрөм. Мени анчалык жаман, жеңил ойлуу адам деп ойлобо. Мен болгону капкан чапкан өз бутун өзү жеген карышкырдын абалындамын. Бутумду жебейин десем, капкандан чыга албайм, жейин десем, жаным көзүмө көрүнүп ооруйт.

Жан дүйнө оорусунан катуу оору жок экенин ушул күндөрү сездим. Каериң экенин билбейсиң, бирок жаның жай ала албай, бир жериң сыздаганы сыздаган. Бул каргыш тийген оорунун же дарысы болбосо, же дарыгери болбосо. Бир мүнөт тынчтык бербей башыңды жарган сан ойдон, санаадан тим эле көчөлөп кыйкырып, колу-

на тийгенди, жолуңан чыкканды кыйратып, качан чарчап жыгылып калмайынча бет келди чуркап кете бергиң, кимдир бирөөдөн жардам, кеңеш сурагың келет. Бирок, каякка барып, кимден сурайсың? Аалам алакандай тар, жылаандай заар, муздай муздак, мезгилсиз келген өлүмдөй кайгылуу. Мен эмне, үчөөбүз отурган түнү аялыңдын айкөлдүгүнө айкөлдүк менен жооп берип, канчалык өрттөнүп турсам да сени кечип басып кетким келбеди дейсиңби? Башымды бийик көтөрүп, «мен деле ушинтип коё алам» дегим келбеди дейсиңби? Намысым, акылым канчалык муунтуп турса да, анте албай койдум. Анткени, ошол түнгө чейин аалам тарлыгы сени менен кеңейип, заарлык сенин бир ооз сөзүңдөн мээрим алып, муздактык сенден жылынып, кайгыны сенин барың кубанычка айлантып турчу. Бул жалган жашоодо мээримге тойгон, жылуудан качкан, кененДиктен тажаган, кубанычка кол шилтеген адамды көрдүң беле, жарыгым? Менимче, мындан ырыскысын тээп көпкөн, же, бирөөнүн мээримин, жылуулугун, кубанчын бөлүшүүгө дили түтпөгөн адам гана баш тартат. Жүрөгүм чыркырап ыйлап, тегирмендин парасына салгандай миң жеринен кыркылса да, бактыман баш тартууну чечтим. Сенин арасат болуп жанчылганыңды, аялыңдын айкөлдүктөн эмес, айласы кеткенинен макул болгонун карап туруп түтпөдүм.

Аялың экөөбүздүн ортобузда сөз менен айтып жеткире алгыс көп нерсе бар экенин, эмне болгон күндө да аны кыя албасымды сездим. Мен буга чейин аны сиңдимдей, санаалаш курбумдай гана жакшы көрсөм, ошол түндөн тартып адам катары да сыйлап калдым. Ырас, аялыңды ушундай бир жек көргөн учурларым

болду, көрсө, адам кыйбаган, тээ көңүл терениненжак-шы көргөн адамын гана жек көрө алат экен. Жакын көргөн адамыңды жек көрүүнүн эң оорлугу ушул, тиш оорудай болуп дилиң ооруп, бул оорудан тим эле кутуруп кеткиң келет. Баарынан жаманы кутура да албайсың, кутула да албайсың, кыскасы, айлаң куруйт. Сен «экөө бири бирин чукулап, акыры айласы кеткенде менин айтканыма көндү» деп ойлобо. Жок, экөөбүз тең айла кеткенден мурун, жүрөгүбүздүн буйругунан чыга албагандыгыбыздан, терисин тирүүлөй сыйрыган карышкырдай көмөкөйдөн онтоп, сени бөлүшүүгө көндүк.

Азыр мен ыйлап жатам. Анткени, мен сенден кетейин жаркын ааламым, уруксат бер. Үч адам кыйналгандан көрө, жалгыз мен кыйналайын. Маңдайга ушуну жазса кантейин, көрбөскө чарам жок, көтөрбөскө айлам жок. Мен сыягы кудайдын курутун уурдасам керек. Антпесе, эмне үчүн сени эмес, башканы ушинтип сүйүп калган жокмун.

Жарыгым, канчалык көңүлүңдү калтырайын десем да, көнүлүң калбай койду. Бул сенин арсыздыгың, бечаралыгың эмес, сенин бекемдигиң, жигиттигиң. Атайын сага жакпаган жорук жасап, же сени менен урушкан күнү «кыйын экенмин» деп, семирип калды дейсиңби жарыгым. Көңүлүм кирдеп, канча жолу жүрөгүм ооруду. Ошонун баарын кечир. Сен мунун баарына намысы жоктугуңан эмес сүйгөнүңөн, эркектик бийиктигинен чыдадың. Ошол бийиктигиң үчүн рахмат, менин эң сүйүктүү майрамдарым – туулган күнүмдү, жаңы жылды чогуу тосконуң үчүн рахмат жарыгым. Сенин көңүлүңдү суутам деп сени жаман ойдо калтырбай,

мага болгон сүйүүнө көө сүртпөй сенден чыныгы өз жүзүм менен кетейин. Мени бирөө менен жүрүп кетет экен деп ойлобо, анткени, бул нерсе менин канымда жок.

Аялың экөөбүз ич күйдүлүктөн эмнелерди гана айткан жокпуз. Менин ал жөнүндө айткандарымдын бирине да ишенбе. Бул сөздү калп эле түштөн кийин жакшы адам болуп, актанып айтып жатат дебегин жарыгым. Сенден мурда кудайдын алдында, өз абийримдин алдында таза болгум келип айттым. Сен деле анын сен билген, сен баалаган жакшы жагы болбосо, балдар үчүн эле ага мынчалык кыйналбайт, кыйылбайт элең да, турабы? Балдар кайда болсо сеники, кол шилтеп кете берсең болмок. Сен аялыңдын жакшы адам, таза аял экенин жүрөгүң сезген үчүн кыйып таштап кете албадың. Мен болгону азгырык болдум жарыгым. Эч качан «бирөө антти, бирөө минтти» деп айтса эле ишенип, жакын адамыңды кейите бербе. Алган аялыңчалык сага жакын адам жок, ушул эсиңде болсун. Жат эмне дебейт, ит эмне жебейт. Сенин жүрөгүңдөй сезимтал, боорукер, кең пейил жүрөк жок. Ошондуктан, башканын арам ой сөзүн эмес, өз жүрөгүңдү ук жарыгым.

Билем, баары өтөт, тааныштар да, сенин балдарың да, балким, бир кезде сен деле бул күндөрдү унутуп, кез-кезде эле бир көргөн жакшы түштөй эстеп калаарсың.

Унутпаган, келбесиңди билсе да, тымызын түн күзөтүп күткөн бир гана менин шору арылбаган бактысыз жүрөгүм болот.

Жамгыр жааса, гүл көрсөң «жамгырды жакшы көрчү, гүлдү жандан башкача сүйчү» деп мени эстеп

кой жарыгым, дилим кубанып калсын. Анткени, мен эми болгону сенин ар бир жасаган ишиңди, ойлогон оюңду сезип жашайм. Эч качан ооруба, ичпе, өзүңө кайдыгер караба. Сен мага ушуну гана «аткарам» деп, убада бер, алыс болсом да менин эң кымбат **АСЫЛ АДАМЫМДЫН** ичпей, оорубай аман жүргөнүнө ишенейин.

*Азыр түн жарымда түшүңө кирип жатсам керек. Мен эми сенин түштөрүңө айланам, а сен менин.* ***Биз дайым бирге болобуз жарыгым! Анткени, сен менин жакшы күндөрүм, жаркын эскерүүмсүң. Сүйдүргөнүң, сүйгөнүң үчүн рахмат».***

# АДАШКАН ЖАЗ

«Мен сиз жөнүндө көптөн бери жаза элек элем. Жок, тагыраак айтканда, жазып эле жүргөм, бирок, күндөлүккө эмес, жүрөгүмө, сынган дилиме, эртеңки үмүттүү күндөрүмө. Агай, адам өмүрү жогорулаган сайын өткөнүнө саресеп салып, «өткөн өмүрдө эсте калаарлык эмне калды? Ким мен үчүн алиге кымбат? Кимдин кадырына жеттим да, кимдин кадырына жетпей калдым? Эч оңдолгус кандай ката кетирдим?» деп таразалай баштайт экенсиң. Ойлоп көрсөм, өмүрүмдө кетирген катам да, эсте калаарлык эскермем да сиз экенсиз. Али күнгө унуталбай азап тартып, кадырына жеткен, атайын өчөшө тебелеп кадырына жетпеген адамым да өзүңүз болуптурсуз. Кетирген катам дегеним – кол эмес, ой жеткис адамды сүйүп алып, анан ал адамды эч кимге окшото албай аялдык бакыттан куру калыптырмын. Ар бир жолуккан жандан сизди издеп, сизди таба албай жүрүп кантип сүйүү деген сезимди бир жолку жолугушуу катары кабыл алган мерез, бакытты ар бир жолуккан жандан күтө берип акыры анын табылаарына ишенбей жөн гана жашоонун нугу менен жашап калган муздак жанга айланганымды билбей калдым. Мен катуу жаңылыпмын, агатай. Албетте, мен сизди бул үчүн күнөөлөбөйм. Балким, сизге өзүм арзый албай калган чыгаармын. Антпесе, Кудай деле мынчалык арзуу берген соң, анын кайтарымын бермек. Кана мага кайтарымы? Кайтарымы ошол болду – эркектин түрү менен тааныштым. Муну ким кандай түшүнөт билбейм, мен бул абалды жалгыз аялдын жал-

гыздыктан качуусу, бакыт издөөсү дейт элем. Коркконум эле, бакыт издеген жолдо өзүмдү адашкан жаздай таптакыр жоготуп албасам болду.

Мен сизге ушунун баары кантип башталганын, ушул күнгө чейин сизсиз кантип жашаганымды айтып берейин. Айтканда да, куду ошол кездин ар бир күнү менен жашап айтып берем. Кантип эстеп калды дебеңиз. Колумда эски, четтери кырылган күндөлүк. Жападан жалгыз жан сырдашым, кечир, сенин сырыңды ачып жатам. Ошондо ооруган дилге кичине жөлөк болоор. Билем, бул күндөлүктү сиз эч качан окубайсыз, ошон үчүн айтып берейин ээ, асылым».

Мен бул күндөлүктү жаңы көчүп барган батирдеги эски сандыктан таптым. Кантип таштап койду экен? Унутуп калдыбы, же көңүл эзген эски эскерүүлөрүнөн кутулгусу келип атайын таштап салды бекен? Мында сынган көңүл, ооруган жүрөк, кол жоолуктай алмашкан жигиттер жөнүндө жазылып, бирок, ошол эле адашкан жашоодо кандайдыр аялдык тазалык, бир кездеги наристе сезимди туу тутуу, эртеңге умтулган күчтүүлүк бар экендиги менин сыйымды арттырып, бул күндөлүктү болгонун болгондой жазып чыккым келди.

* * *

Менин бул дартка кабылганыма көп болду. Качан башталганын билбейм, жыл айланып баратат. Аны алгач кадимки эле мыкты адам, биздин жетекчи катары кабыл алсам, азыр кандай десем, айта да албайм, айтор, көргүм келип, апам каткан таттуудай саматат да

турат. Окусам окууга көңүлүм келбей, ал адамды көрбөсөм өзүмчө эле буулугуп ыйлагым келип туталанып, бул эмне деген сезим экенин өзүм да түшүнбөй жинди болуп жүрөм. Же бир ал мага көңүл буруп койсочу. Ал деген кол жеткис адам, мага кайдан көңүл бурсун? Бул эмне, сүйүүбү? Сүйүү жөнүндө жазышканда тим эле жашагыңды, сүйгүңдү келтирип жазышат го. Эгер мындай жан кыйнаган нерсе сүйүү болсо, мындан ары кантип жашайм? Канчага чейин уланат бул азап?

Кечээ оюмда эмне болсо, көңүлүмдү эмне кыйнаса баарын тилимдин, түшүнүгүмдүн жетишинче жазып, бүт сырым тизмелеген баракты кабылдамасына таштап келдим. Эмне кылып салдым? Азыр жүрөгүм ушундай бир түпөйүл тартып ооруп, жанымды коёрго жер таппай, элдин баары сырымды билип, мени сөөмөйлөп көрсөтчүдөй коркуп бөлмөмдөн чыкпай отурам. Апам билип калса кантем? Кудай ай, шерменде кыла көрбө. Баары бир жарылыш керек болчу. Качанга чейин ичтен түтөп, ичтен сызам?

*13.05.1995*

Бактылуумун. Бактым көөдөнүмө сыйбай, сыртыма нурданып чыгып тургансыйт. 8-ноябрь күнү саат төрт жарымда катчы кызга чалгам. Жанымды кыйнаган сагынычка чыдабай, жөн эле ал адамдын бар-жогун гана сурап койгум келген. Жиндимин да, билгенде эмне өзгөрмөк, ошентсе да чалдым. Көпкө эч ким албай туруп, бироокумда күтпөгөн коңур үндү уктум. Колумдагы трубка аз жерден ыргып кеткен жок. Башыма бирөө муздак суу куюп жибергендей апкаарып, не дээримди билбей:

– Агай, сизби? – деп жибердим.
– Ооба, ким экен бул?
– Мен Алиман..

Агайдын үнү өзгөрүп кетти. Ден соолугумду, окууларымды сурады. Ал анан саамга дымып туруп калды да:

– Эмне үчүн ыр жазбай койдуң? Мен гезиттердин баарын карап жатам – деди. Көрсө ал деле мени ойлойт тура. Тамагымды көз жаш бууп үн катпадым. Ал менден жооп күткөнсүп унчукпай турду да, анан акырын:

– Катыңды алдым, рахмат,-деди акырын. Ал мени жанымда карап тургансып жүзүм ысып, тизелерим титиреп чыкты. Ушул азыр дилимдегини айтып албасам эч качан айта алмак эмесмин.

– Агай, – дедим үнүм дирилдеп, – сиз мага жолугуңузчу?!
– Качан?
– Бүгүн.
– Алиман, бүгүн меймандарым бар. Сен мага келчи?

Негедир ага баруудан апкаарып:

– Ооруп жатам,-деп жибердим.

– Каериң?– Не дээримди билбей үн катпадым. Ал кайра эркелете жумшак күлүп:

– Макул, мен колум бошоору менен барам,-деп дарегимди жазып алды да, анан, – жума күнү телефон чалчы,-деп кошумчалап койду.

– Сиз менен байланыштырышабы?

– Мен айтып коём,-деди акырын. Үнүн угуп тура бергим келди. Ал бир мүнөтчө үнсүз турду да, анан трубканы абайлап койду. Жүрөгүм токтоп калгансып дедим кысыла ордуман араң туруп, сыртка чыгаарым менен бүт азат боюм канатка айланып учуп келаттым.

Бүгүн күнгө жума. Бул күндүн келмеги тозок болуп, ал күн келсе да кеч кирбей, кеч киргенден кийин батына албай араң бардым. Телефон чалып ала албай койдум. Улам чалсам телефондо отурган эже жактырбай, кагып-силкип жаман жинге тийди. Уялганымды кантейин. Аргам кеткенде сиздин кабылдаманыздын оозунда 6-7лерге чейин күтүп отурдум да, сиз жалгыз калганда баатырсына кирип бардым. Бирок бул кайратымды босогодо эле жоготуп алдым. Сиз китептериңизди жыйнап, кеткенге даярданып жатыпсыз. Кызыктай болуп кеттиңиз, бирок, сыр бербей:

– Кел, Алиман, келегой. Бери өтүп отур, – дедиңиз жумшак. Бутум шилтенбей тура бердим. Сиз:

– Кел, өт бери, – дедиңиз астейдил шашкалактап. Жыгылып кетпей өзүмдү араң кармап, алсырай отургуч таяндым. Окуумду, ден соолугумду сурадыңыз. Үнүм өзүмкү эместей дириллдей араң жооп берип жаттым. Ушул мүнөттөр аябай оор болчу. Экөөбүз тең сөз баштоого даабай турдук. Анын кантип мени сөзгө тартканын да сезбей калдым. Экөөбүз көпкө сүйлөшүп отурдук. Агай бир убакта жакында кетээрин айтты.

– Кетпеңиз, мен сиз бар үчүн гана окуп жүрөм. Сиз кетсеңиз мен да кетем! – деп жибергенимди билбей калдым. Айтаарын айтып алып бетим ысып, ыйлап жибербей араң кармана, тамагымды бирдеме муунтуп, башым ооруп кетти.

– Мынчалык кыйналбачы, мени да кыйнаба. Мен эч нерсе ойлоно элекмин. Үй-бүлөмдүн тагдырын ойлойм.

– Али ойлонбодуңузбу?

– Көп ойлондум. Бул абдан оор маселе экенин кийин түшүнөсүң. Мен аялзатын сыйлайм. Биз мамилебиз-

ди үзбөйлү, келечекте Кудай эмне десе ошону дагы көрөөрбүз. Мен Кудайга ишенем. Сенин каттарыңдын баарын алдым, ыраазымын сага. Бул жакшы нерсе, кудай мындай кыйноодон айырбасын. Мен сага колумдан келген жардамымды аябайм. Кээ бир адамдын өзгөчө жылдызы болот. Сен мага алгач көргөндө эле жакшы таасир калтыргансың. Талантыңа ишенгем. – Агай бир азга дымып отурду да анан: – Бүгүн да сенден конверт алдым, ачаарга чолоом жок, – деди күнөөлүүдөй. Мени агайдын кайдыгер эмес экендиги шердентип жибердиби, ансыз жашай албасымды, бүт өмүрүмдү арноого даяр экенимди, ал үчүн бардык кыйынчылыкка макул экенимди жоо куугандай шатыратып, энтигип айттым да, ыйлап жибердим.

– Кантет, тентек десе, антип айтпай жүр. Көрөсүң, баары жакшы болот. – Анан көздөрүмө олуттуу тигилип, акырын: – Сен мага ушул айдын акырында жолукчу, кеңири сүйлөшөбүз, – деди акырын.

– Кылым болуп кетет экен, ошентсе да күтөм,-дедим ындыным өчүп. Анан кайра кошумчалап койдум: – Агай мен келбейин, сиз мага жолугуңузчу.

– Макул.

Агай костюмун кийди да, сумкамды илинген столдун кырынан ала албай жаткан мени сүйкүмдүү карап турду.

– Агай... – үнүм өзүмкү эместей угулду. – Агам катары өөп коюңузчу?!

Агай жайнап күлүп жиберди.

– Агаң катары кантип өппөй коёюн. – Саамга дүйнө унутулуп, мойнунан бекем кучактай, бооруна ыктадым. Агайдан келген жагымдуу жыт башымды айлантып

жиберди. Ал далымдан аяр сылап, акырын кучагынан бошотту. Ошондо гана эсиме келип, уяттан бетим дуулдап чыкканча шаштым.

– Рахмат, Алиман, – деди агай үнү кандайдыр ыйлап соорунгондой дирилдеп. Бетине араң карадым. Көздөрү төгүлүп кетчүдөй жайнап, ушунчалык жанга жакын эле.

– Сизге да рахмат, – дедим да, чыгып кеттим. Ыйлап келаттым. Айдын аягын күтөм, бактымды, тагдырымды күтөм.

***11.11.1995.***

Күндөр көңүлсүз. Негедир убакыт өтпөйт. «Качан айдын аягы болот?» деп күтүп саргайып кетмей болдум. Сизчи? Түшүмө да кирбейсиз. Көзүмдү жумсам төгүлүп кетчүдөй элжирей караган көздөрүңүз, жанга жакын турпатыңыз элестейт. Эркелете каткырып күлгөн күлкүңүздү, жагымдуу коңур үнүңүздү угуп тургансыймын. Кудай ай, мен аны кантип эстебей коё алам? Антүү үчүн жүрөгүмдү алып салып, өзүмдөн өзүм качып кетүүм керек. Сизди эстебей, сагынбай коюу күнөө. Сиз мага кайдыгер карабайсыз, анткени, мынчалык ысык сезим менен уюлдун музун ээритүүгө болоорун сезем.

***13.11.95***

Азыр түркологиядан лекция. Уккум келбейт. Маңыз, көнүмүш сөздөр. Эч ушул лекцияларга канааттанбайм. Балким, мен өзүм түшүнбөй жаткан чыгаармын. Эсидартым сизде. Чыдоого болбочудай сагынып, бирок чыдап, сизге жолукчу күндү зарыгып күтүп, ошол күндүн деми, үмүтү менен жашап жүрөм. Эгер тагдыр

бизди кошкусу келбесе, алыскы тоолук кыз мени менен Сиздей кол жеткис пендени кайдан жолуктурмак...

***14.11.95***

Кире бериште топурап турсак, «директор келатат» деп толкуп калышты. Менин аз жерден жүрөгүм токтоп калган жок. Сиз топ мугалимдин коштоосунда келатыпсыз. Үстүңүздөгү узун кара плащ, кызыл пуловерден көрүнгөн ак көйнөк, кара жол-жол сызыкчасы бар кара күрөң галстук сизге абдан жарашып, капкара коюу чачыңыз шамалга сапырыла басканыңыз жигердүү эле. Жолугушуу тегерек залда болду. Сиз студенттерге адамдагы көз караш тууралуу айттыңыз.

– Адамда үч түрдүү көз караш болот. Биринчиси, чычкан көз караш. Мындай көз караш менен чычкан ийининин тешигинен канча дүйнөнү көрсө, ошончо гана нерсени көрүүгө болот. Экичиси, суур көз караш. Мындай көз караште, ийинин оозунда чокчоюп отуруп алып, көз жеткен жерге чейинки дүйнөнү, суур көргөн ааламды гана көрүүгө болот. Ал эми үчүнчүсү бүркүт көз караш. Андай көз караштагы адам дүйнөнүн төрт бурчун көрөт. Кыздарга айтар агалык кеңешим, чычкан көз караштагы эркектен этиет болгула. Алар ушунчалык майда, пас болушат.

***22.11.95.***

Жаңы жылдык бал. Ресторандын ичи күүгүм. Сиздин жагымдуу турпатыңыз жакын, бирок, жат болчу.

Балга анчейин даярдыксыз келгем. Жолдон бирөө жармашып алса, жиниме тийип. Ресторандын алдында да болбой жолумду тороп, аргасыз сүйлөшүп тургам.

Бир оокумда, негедир жалт карасам сиз келатыпсыз. Көргөн көзүмө ишенбей нестейе түштүм. Баш ийкеп гана саламдаштык. Артыңыздан карап калган менин таттуу оюмду жанымдагы жигиттин:

– Эмне анча карап калдың? – деген үнү бузду.

– Биздин директор, – дедим үнүм дирилдеп.

Үнүм эле эмес, бүткөн боюм дирилдеп турган. Артыңыздан эле анын сүйлөгөнүнө да көңүл бурбай кирип кеттим. Кирип барсам, фойеде бир топ мугалим менен сүйлөшүп турупсуз. Тепкичтен кулап кетпей араң чыктым. Киргенден кийин отураар ордумду тапсамчы. Үчүнчү курстун балдары жанына чакырып алышты. Биз эми эле жайгашканда Сиз кирдиңиз. Демим токтоп калгансыды. Биздин артыбыздагы столго отурдуңуз.

–Бүгүн баарын, саясатты, оор-жеңилди, жок-барды унуталы, – дедиңиз сизге сөз берилгенде. Баарына сүйүү кааладыңыз. Магачы?! Сүрдөөдөн бутум калтырап чалыштап турсам да сизди бийге чакырдым. Жанаша бергенде:

– Жаңы жылыңыз менен!-дедим тик бага албай. Кызыктай абалда «рахмат» дедиңиз. Корейлерге окшогон кыз тим эле көзүңүзгө тигиле карап, сизди тап жылдырбай бийлеп кирди. Кудай ай! Жер жарылып кетсечи! Сиз ыңгайсыздана мыйыгыңыздан күлүмсүрөп, олдоксон кыймылдап бийлеген болуп койдуңуз. Качан кыз басып кеткенде жеңилдене терең дем алдым. Бирок, сизди тез эле башка топко алып кетишти. Сизге эч качан тең боло албасымды сезип ындыным өчтү. Бир мугалим менен бийледим.

– Өткөндөгү маселең чечилдиби?-деди ал жылмая. Ошондо гана баягыда «чоң кыздын арызын мен да уксам болобу?» деп отуруп алган мугалим экенин эстедим.

– Алиге ошону унутпай жүрөсүзбү?

– Сага эч ким сенин көзүңдү бир көргөн адам көпкө чейин унута албасын айтпады беле? – деди көздөрүмө тигиле берип.

– Ооба, ал маселем ошондо эле чечилген, – деген менен дилим сыздап чыкты. Кудай ай, бул эч бир чечилбес, бүт өмүр түйшүк болчу маселе. Агай:

– Атың Алиман беле? – деди акырын.

– Ооба, кайдан билесиз? – дедим таң кала карап. Көздөрү бир аз сүйрүрөөк, бирок, жакшынакай экен.

– Билем, кайсы курссуң? Окууларың кандай?-деди жагымдуу жылмаюусунан жазбай.

– Студент болуу мен күткөндөй идеал дүйнө эмес экен, – дедим. Кандайдыр ыза көкүрөгүмдү өрттөп турган. Ал кабыл алуусуна чакырды. Эмне үчүн сиз эмес? Сиз тез эле кетип калдыңыз. Ичим аңылдап кеткенче шаштым. Кусалык кыйнап, баарына кайдыгермин. Жолдо ырдап келдик, а жүрөгүм ыйлап атты. Түшүмө кирипсиз.

*28. 12. 95*

1995-жылдын акыркы күнү. Жалгыз отуруп эски жылды узатып, жаңы жылды тосуп отурам. Сиз азыр каерде, кандай шартта, ким менен отурат болдуңуз экен? Албетте, үй-бүлөңүз мененсиз. Агатайым, бактылуу болуңуз. Жаңы жыл сизге дүйнөдөгү бардык жакшы нерселерди, ден-соолук, узун өмүр алып келсин.

Менин болсо кусалык, жалгыздык жан-дүйнөмдү тумчуктуруп, өз арманыма өзүм чөгүп, ушунун баары көтөрө алгыс жүк болуп турат.

Кечээ «Ош пирим» клубу жаңы жыл тостук. Чай ичүү уюштуруп, анан Сулайман тоого чыктык. Мен

сизге өмүр, экөөбүзгө сүйүү тиледим. Жылдыздар баары жерге күбүлүп калгансып миң түркүн жарыктан шаар жаркырай кубулуп, төбөдө Ай. Биз эргип ыр окуп, тоонун шамалына жүз тосуп бийикте отурдук. Жүрөгүм ооруп турду.

Сырттан музыка, шаңдуу ышкырык, ызы-чуу түшкөн үндөр угулат. Кандай бактылуу жандар! А *балким, ошолордун ичинде да кусадар бирөө бардыр.*

Чынара экөөбүз сизди жаңы жылыңыз менен куттуктап коёлу деп чалсак, аялыңыз алды. Чынара улам эле аялыңыз ала бергенине жини келип:

– Кечке эле сен ала бересиңби, биз агай менен сүйлөшөлү дегенбиз, – деди эле:

– Кимсиңер? – деп сурады. Чынара катуу сүйлөп «ишиң эмне» дегендей кагып салды. Мен чыдабай кетип трубканы жулуп алып кечирим сурап, «адашып калыппыз» деп койдум. Негедир, ар дайым үнү ачуулуу. Бактысын көтөрө албаган кандай жан болду экен? Жаңы жылга болгону үч мүнөт калды. Кандай жыл болор экен? Чычкан жылы токчулуктун, кең пейилдиктин, сүйүүнүн, кубанычтын, чыгармачылыктын жылы болсун!!!

***31. 12. 1995.***

Өзүмдү аябай кирдеп кеткендей сезем. Мага группага староста болгон болбойт экен.

Энекебай, сиздерди эскерип алып, Асел экөөбүз ыйладык. Экөөбүз тең чоң эне мээримин, алардын туурук, ысык, мээнеткеч алакандарын сагыныппыз. Өзүбүзгө ээ боло албай өксүп, төгүлүп ыйладык. Сизди капа кылсам кечириңиз, эне. Сизди эч качан унутпаймын. Пье-

самдын баш каарманына сиздин атыңызды койдум
Буюрса, сизге арнап чоң пьеса жазам, же поэма. Оболу
аман болуп, арбагыңыз колдосун! Жаткан жериңиз жай-
луу, топурагыңыз торко болсун!

***31.01.1996***

Агай, бүгүн сессия бүттү. Баарын «5»ке тапшырдым
Эгер сиз болбосоңуз, мынчалык жакшы окуй алмак
эмесмин. Эртең айылга кетем. Билем, ал жактан сизди
сагынып, бирок, туулган жердин касиети менен кирде-
ген дилимди тазартып, жаралуу жүрөгүмдү дарылап ке-
лем. Көрүшкөнчө аман болоолу.

***09.02.1996***

Күндөр ушунчалык суз, кусалуу. 11-февраль күнү
сизге делбиреп барып күтүп турдум.

– Азыр бошобойт, кабыл ала албайт,-деди катчы кы
тикирендеп. Көшөрө күтүп отурдум. Сиз жалгыз кал-
ганда да кирүүгө даай албай, улам бири кирип кетет
Бир оокумда сиздин чыгып келатканыңызды көрүп де-
мим сууй түштү. Мени көрүп токтоп калдыңыз да, анан
мага жакын келдиңиз.

– Сенби, Алиман?– дедиңиз эшикти жаба албай уба-
раланып жатып.

– Саламатсызбы? –Үнүм калтырап турду.

– Алиман, кечирип кой, азыр да иштерим көп. Мени
шаштырып алып кетип жатышат.

– Сиз... – Мукактана сөз уладым: – Он-он бирлерин-
де кел дегениңизден...

Сиз чарчаңкы, муңайым жылмайдыңыз.

– Телефон чалчы, ээ?

– Макул, – дедим ындыным өчүп. Сиз мени эркелеткенби, же аяганбы көз менен карап туруп, анан шаша коштошуп, шашып басып кеттиңиз.

Атаганат, улуу адамды сүйүү үчүн улуу азап, улуу чыдамкайлык керек тура. Паркка келип алып өксүп, тегүлүп ыйлап жатсам жаныма бирөө келди да, ийинимден жумшак кармады. Баш көтөрсөм баягы кабылдамасына чакырган Азат агай күлүп туруптур.

– Алиман, эмне болду сага?

– Эч нерсе, – дээрин деп алып, өзүм болсо буулугуп ыйладым.

– Кана, турчу. Ополу жашыңды аарчы, эмне болгонун кааласаң анан, шашпай айтып бересиң.

Ал мага жүзаарчысын сунду да, ой-боюма койбой ордуман тургузду.

– Карачы, элдин баары «ушундай татынакай кыз да ыйлайт бекен?» деп сени карап жатышат. Азыр экөөбүз балмуздак жейбиз, лимонад ичебиз. – Ал мени жаш баладай эркелете сүйлөп, парктын үстүндөгү жайкы кафеге ээрчитип алып барды. Азыр мага баары бир болчу. Фонтандан чачыраган суудан, муздак, ары таттуу балмуздактан өзүмө келе түштүм. Азат агай абдан шайыр, тамашакөй адам экен. Ошол күнү кечке мени менен чогуу жүрдү. Экөөбүз тир аттык. Биринчи жолу ушинтип эркек менен жанаша жүрүшүм. Кечке жуук мени күлө карап:

– Карачы, Алиман, сага күлгөн кандай жарашат. Мындан кийин ыйлабай жүргүн ээ? – деди да, маңдайыман акырын өөп койду. Бүткөн боюм калтырап, кызыктай болуп кеттим. Азат агай мени жатаканама чейин узатып келди. Биздин жанаша басып келатканыбызды көргөн студенттер кызыктай карап өтүп кетип жатыш-

ты. Кысылып уялганымды кантейин. Ал мени менен жылуу коштошуп, кайра кетти.

*11. 02. 96*

Күндөлүгүм, сени көптөн бери колума албай койдум. Анткени, жазганга татыктуу эч нерсе жок. Азат агай негедир куду капыстан жолуккандай тез-тез алдыман жолукчу болду. Ар бир жолуккан сайын сөзсүз кафеге чакырып, жок эле дегенде балмуздак, же шоколад алып берет. Бүгүн да китепканадан чыгып келатсам алдыман чыкты да жадырай күлүп:

– Кандай, Алиман? Неге көрүнбөй кеттиң? – деди кечээ эле жолуксак да.

– Кечээ эле көрдүңүз го?

– Мен сени саат сайын көргүм келет, – деди ал көздөрүмө тик карап. Көздөрү сырката шок күлмүңдөп туруптур. Мен негедир бул сөздөн коркуп кеттим да, агайдын жанынан кеткенче шаштым.

*03.04.1997.*

Кечинде кыздар бир курсташыбыздын туулган күнүнө кетишти. Мени да чакырышты. Баш тартсам, «качанга чейин ушинтип жүрө бересиң? Биз эми үчүнчү курспуз, ойноп-күлгөнгө убакыт келди» дешти. Баарына кол шилтеп салгым келсе да, анте албай койдум. Жок, мен сиз бар үчүн баарына кол шилтей албайм. Менин мурунку жашоомдогу жаным сизде. Өзүмдү сиз үчүн курмандыкка чалгам. Тилегиме эртеби-кечпи жетээриме ишенем. Негедир кээде сизди мажбурлап, сезимим үчүн сизден кайыр тилеп жаткансып бетим чымырайт. Ушундай басынткан сезимден улам күн бою

жанайым чөгүп, буулугуп жүрдүм. Ошентсе да дилимди муунткан кусалыкка чыдай албай сизге телефон чалдым. Өзүмө кечээ кыздардан уккан «агай кетет экен» деген сөздү шылтоо кылып, актанып аттым. Биздин окуу корпусунан алдыра албай, сизге жакын жерден дагы чалдым. Сиз көптө алдыңыз. Саламдашкандан кийин:

– Каерден чалып жатасың? – дедиңиз токтоо.

– Сиздердин вахтадан. Сизге жакын жердемин.

Сиз ыңгайсыздана күлүп алып, анан:

– Алиман, садага, азыр жалгыз эмесмин. Америкалыктар бар эле. Жума күнү келчи, ээ? – дедиңиз үнүңүз жумшак. Көзүмдү бекем жуумп, эрдимди кесе тиштеп угуп турдум да, анан:

– Менин башка зарыл жумушум бар эле, – дедим үнүм ызадан титиреп.

– Алиман, эмне жумуш, айта бер тартынбай, мен угуп жатам, – дедиңиз шашкандай.

– Сизди кетет дешти го. Жакын арада кетпейсиз да?

– Жок, бир ай чыдайм го.

– Бир ай элеби? – Жүрөгүм ыйлап жатты. Демек, чын экен да. Ыйлап жибербейин деп коштошконго шаштым.

– Агай, тынчыңызды алсам кечирип коюңуз. Жакшы калыңыз.

– Эч нерсе эмес, жакшы барагой. Жума күнү кел ээ, күтөм.

Трубканы араң койдум. Кызык, бирок, өзүмдү жеңилдей түшкөндөй сездим. Неге? Үнүн уккангабы? Жума күн. Эсиңиздеби, биз биринчи жолу жума күнү жолукканбыз. Сиз мени ошондо алгач ирет жүзүмдөн сүйгөнсүз. Жума күн ыйык күн. Эгер сиз кетсеңиз, мен

да кетем. Анан сизге күтүүсүз, аппак көйнөк кийип, кыпкызыл жоогазын көтөрүп кирип барам. Бул күтүүсүз жолугушуудан сиз апкаарып, мойнуңузга асылган мени көзүмдөн сүйөсүз. Мен сизди көз албай карап, экөөбүз тең аптыга сүйлөй албай, менин кусалуу каректеримде кубанычтын жашы мөлтүрөйт. Сиз менин көз жашымды аяр аарчып, анан сөзгө келесиз. Билем, алгачкы сөзүңүз «келээриңди билгем, бирок, качан экенин туйбай, тымызын күтүп жүргөм» деген сөз болот. Өзүңүз «күтөм» дебедиңизби. Мен да күтөм.

*07.04.1997.*

Кудай ай, мен курган тилектердин баары кыял беле? Урап, чаңы сапырылып эле жатып калды го арман. Кирип барсам суз кабыл алдыңыз.

– Отур, – дедиңиз муздак, өзүңүз туруп турдуңуз. Кагаздарыңызды жыйнап, кара чоң сумкаңызга салып жатыптырсыз.

– Чыгып жаттыңыз беле?

Жылмая баш ийкедиңиз. Мен не дээримди билбей максатсыз эле жакында менин пьесам коюлаарын, «Керемет» телерадиосуна чакырышканын айттым.

– Пьеса коюлганда, албетте, барам. Менден эмне жардам керек болсо айт.

– Сиз окуп чыгып, пикириңизди айтсаңыз ошол жардамыңыз.

– Али окуганга чолом тийбеди, Алиман. Убактым болоору менен окуп чыгам. Жумуш абдан көп. Ар бир саатым, мүнөтүм пландаштырылуу. Адам алдыга план коюп, ошол план менен жашап, иш алып барыш керек.

– Андан улуу нерсе жокпу?

Сиз жооптон тайсалдап койдуңуз. Ызам дилимди уктуруп баратты. Бир жарым айдан бери кантип убактыңыз болбоду экен? Сыягы менин сиз жөнүндө жазылган пьесамды окуу планыңызга кирбей калган го. Канчалык чыгып кетейин десем да, кадап койгонсуп тура бердим. Мени бир күч «былк» эттирбей кармап тургансыды. Сиз терезеге барып, сыртты ойлуу карап турдуңуз да, басыңкы үн менен жай сүйлөдүңүз.

– Мен сага кайдыгер эмесмин, бирок, жолтоо да болгум келбейт. Көрөсүң, өзүңө тең, жакшы бирөө жолугат. Кийин баарын түшүнүп, мага рахмат айтасың.

Жок! Эч качан! Коркок! Денем муздап, көргөн көзүмө ишенбей кайра-кайра сизди карап жаттым.

– Куртканды чечип кирдиңби? Уурдап кетишпесин, – дедиңиз анан бери бурула чарчаңкы, кайдыгер үн менен.

Жүрөгүм сыйрылып кетти. Демек, кетүү керек. Күзгүнүн алдында турсам чыктыңыз да, бирдеме айтчудай «Алиман» дедиңиз үнүңүз каргылдана. Жалт бурулдум. Сиз негедир кайсалана катчы кыздын столунун алдында эңкейе буйдалып калдыңыз. Акыркы жолу жүзүңүздөн сүйгүм келди.

– Агай, сизди акыркы жолу агам катары өөп койсом болобу?

Сиз «селт» эте түшүп, мени негедир кайра көрбөчүдөй карадыңыз да, анан эркелете колуңузду сезеп:

– Кийин, убагы келгенде, – дедиңиз күнөөкөрдөй тиктей албай көздөрүңүздү ала качып. Дароо бурулуп чыгып кеттим. Ыйлабоого тырышып жай келаттым. Бардык нерсе ушундай суук көрүндү. Бүгүн таң эрте Су-

лайман тоого байчечекей издеп чыгып таппай койгом
Улам эле сары гүлдөрдүн жолугуусун өзүмчө эле «сары
санаа» деп жамандыкка жоругам. Жатаканага кеч кел
дим. Келсем бөлмөбүзгө ууру кирип, жаңы үтүгүбүзд
анча-мынча көзгө көрүнгөн нерселерибизди уурдап ке
типтир. Мен ыйлаганга шылтоо табылганына сүйүнү
кеттим. Асемдин тизесине башымды коюп алып бурку
рап ыйлап жатсам бир кыз кирип, кайра тез эле чыгы
кетти.

– Үтүгүнө кейип жатат деди болуш керек, – дедим
ый аралаш күлүп. Асем да каткырып күлүп жиберди.

Азыр дүйнөм бопбош. Атаганат, мындан көрө э
нерсе айтпай койсом эмне. Өмүр бою таза, басынбага
бойдон жүрөгүмдүн түпкүрүндө жашамак.

*20. 04 .9*

Сабактан чыгып келатсам Азат агай адатынча к
пыстан жолукту. Көздөрүн көзүмөн албай жайлар
учурашты.

– Эмне сузсуң? Бирөө таарынттыбы? – деди бура ба-
стырбай.

– Жок, баары жакшы.

– Алиман, бүгүн кечкиге концертке билет алып кой-
гом, барып келеличи.

– Сабак окуюн дегем. Сессия башталып калды.

– Жетишесиң. Сен эми чоң кыз болуп калбадыңбы

Көз алдыма сиздин суз көздөрүңүз келе түштү.

– Макул, – дедим акырын. Азат агай кадимкиде
кубанып кеткенин жашырбай, мурдуман чымчып коюп
басып кетти. Мага эми баары бир. Кечке маал жалгы
отурсам Асем шашып келди да:

– Сени Азат агай чакырып жатат, – деди энтигип.
– Азыр чыгам, концертке бармакпыз.
– Азат агай мененби? Жинди болгондон соосунбу?
– Эмне, Азат агай менен жинди болгон кыздар концерке барат бекен?
– Ал агай да.
– Боло берсин, кайра жакшы, сессияма жардамы тийет.
– Алиман, сага жардамдын кереги жок.
– Эмнеге кереги жок? Мен эмне, башкалардан кем бекем? Мен деле ойноп-күлгүм, студенттик куррактын доорун сүргүм келет.
– Студенттик курактын доору агайлар менен жүргөндө эмес.
– Андай акылдуу экенсиң айтчы, эмнеде? Саргайып бирөөнүн сүйүүсүн күтүүдөбү? Сүйгөн адамдын көзүнө түшүү үчүн жанталашып окуудабы? Ал сокур болсо кантесиң? Столу менен кагазынан башканы көрбөй, мансабы сезимден жогору болсо кантесиң? Мен чарчадым, Асем, чарчадым.
Эшикти тарс жаап чыгып кеттим. Жүрөгүмдө ушундай бир кашкөйлүк пайда болду, ыйлагым да келген жок. Чыксам Азат агай четирээкте күтүп туруптур.
– Кандай, сулуу кыз? – деди ал жаркырай күлүп.
– Жакшы, өзүңүз кандай?
– Күлгөн сага жарашат, Алиман, ушинтип күлүп жүрчү.
– Эми дайым күлүп жүрөм, – дедим кашкөйлөнгөн жүрөгүм ооруп турса да жылмайып. Концертте алдыңкы катарда отурдук. Бир оокумда Азат агай акырын колуман кармады эле «дирт» эте колумду сууруп ал-

дым. Агай мени жылмая карады да, көзүмөн шок көздөрүн албай карап кайра кармады. Бул жолу суу-руп алган жокмун.

Концерттен чыкканда кеч болуп калган экен. Азат агай мени карап:

– Концерт жактыбы? – деди жайдары күлүп.

– Жакты, – дедим акырын. Чынын айтсам, ыр деле уккан жокмун. Сиз мени бир жерде карап тургандай абал кыйнап туруп алды.

– Үшүдүңбү? – Агай мени акырын бооруна тартты. Эрктен тыш колун кагып жиберип, кайра өзүм коркуп кеттим.

– Агай, үйгө кетелиби?

– Сен кандай ойлойсуң?

Агайдын кандайдыр коркунучтуу сыр каткан көздөрүнөн коркуп шаша сүйлөдүм.

– Менби, мен үйгө кетем, азыр маршрут токтой элек болуш керек.

– Сендей кызды жалгыз жиберип, анан эртең кан-тем? Мен сени таксиге салып коём.

– Жок, агай, мен өзүм эле кетип калам.

Агай унчукпай ийинимден кучактай чогуу басты. Экөөбүз жай басып жол бойлоп келе бердик. Кашайып бир да маршрут өтпөйт. Мына-мына деп отуруп Ара-ван аялдамасына келип калыптырбыз. Жол боюндагы көз жоосун алган гүлдөрдү эрктен тыш суктана карап алдым.

– Сен ушундай туруп тур, мен азыр. – Азат агай гүлдөр тарапка басып кетти да, тим эле кучак толгон кооз букетти тандады. Солкулдаган аппак каллалар көзүмө бир башкача көрүндү.

– Бул сага, гүлдү жакшы көрөт окшойсуң, ээ? – деди агай көзүмө карап. Кубанганыман не дээримди билбей калдым. Агай кандай жакшы адам.

– Рахмат, – дедим толкундануудан үнүм титиреп. Агай мени күлө карап, мурдуман чымчып койду. Аңгыча маршрут келип калды.

– Мен кеттим, агай, маршрутум келди, – дедим да Азат агайдын сөзүн укпай эле чуркап чыгып кеттим. Ал артыман бирдеме деп кол булгалап кала берди. Гүл менен батсамчы же. Баары эле мени карайт, адам көрбөгөнсүп. Гүлүм менен кадимкидей мактанып, баарынан кызыгы адамдар аны Азат агай эмес, Сиз бергендей кабыл алуусун каалам. Барсам, вахтаны жаап коюптур. Анда бүгүн тоголонгон орус кемпир экен. Бул шүмшүк асынып алсаң да киргизбейт. Балкондон «Асем!» деп кыйкырып жатсам, төртүнчү кабаттан балдар «Асем ойнобойт, кандай кызсың уктабаган» деп кыйкырышат. Мышыкка оюн, чычканга өлүм. Аңгыча Асем башбакты. Ал биринчи кабатка түшүп, мени тааныш кыздардын балконунан тартып алды.

– Ким берди гүлдү? – деди гүлгө суктана карап. Негедир Сизди айткым келип араң кармана:

– Бирөө да, – деп койдум табышмактуу жылмайып.

– Ким болмок эле, Азат агай да.

Асемдин сөзүнө ыңдыным өчө түштү.Сиз мага гүл тартуулабай калдыңыз го, Агатай. Ыйлагым келди.

***05.05.97.***

Бүгүн сизге жолуктум. Алгач кире албай «кетсемби» деп турсам айдоочуңуз келди да:

– Сен жолуктуңбу? – деди акырын.

– Жок.

– Сыртка чыгып кетти. Бул жактан карап турсаң, келет.

Жүрөгүм титиреп тосуп турсам сиз келдиңиз. Канчалык карманып турсам да апкаарып кеттим.

– Кел, Алиман, – дедиңиз коңур, токтоо үн менен. Көздөрүңүз табышмактуу жылт этти.

– Агай, мен сессиядагы бааларыма ыраазы эмесмин. Кайра тапшырсам дегем, жардам бере аласызбы?

– Макул, карап көрөйүн, сен анан келсең. Менин столума арыз жазып калтырып кой.

– Телефон чалсаңызчы?

– Мен мугалимдерге анте албайм. Азыр минтсем, кийин элди кантип башкарам?

Жүрөгүм суүй түштү. Арыз жазып калтырган жокмун. Азыр ыйлап жатам. Пенде экенибизге ыйладым. Эч бир ишенип жөлөк тутар адамым жок, жалгыздык жабыркатып чөгүп баратам. Ким мага ишенимдүү жөлөк, жүрөгүмдүн дабасы боло алат? Мен куру үмүт, чеги, ишеними жок кыялдар менен гана жашап келаткан жокмунбу?

*03. 07. 97.*

Эртең туулган күнүм. Эрте менен аппак көйнөк, аппак туфли кийип бардым. Аудиториянын алдында каткырыкты калың салып турсак, Мурза агай өтүп калды. Китепке деген ырларды бергем. Ошону сурайын деп «агай!» дедим тартынып. Агай жалт бурула күлүп жиберди да, өзүнө чакырды. Сүйлөшүп баратсак өзүнүн группасы агайды токтотуп калды.

–Терезенин түбүндө күтүп турчу, –деди алагдыланып. Биз терезе алдында көпкө сүйлөшүп турдук. Ал ырлар жөнүндө сөз болгондо мени сырдуу күлүмсүрөй карап:

–Бир улуу сүйүү бар го, баары бир гана адамга арналган, – деди акырын. Үнсүз баш ийкедим. Анан бир сөздөн улам «бүгүн туулган күнүм» дедим. Агай не дээрин билбей дендароо боло түшүп, анан баладай жарк эле «жүр» деди чечкиндүү. Каныбек агай үчөөбүз кафеге бардык.

–Орустар туулган күндү «грустный праздник» дешет. Чын эле кайгылуу майрам. Айтаарым, көп жаша, бирок, ырларың сенден да көп жашасын, – деп Митал агай тост айтты. Ушул жылуу сөздөр жүрөгүмө жазылып калгансыды. Сиз болсо менден алыс элеңиз. Жүрөгүм тилинип сыздайт. Байкуш сага да кыйын болду. Мен өңдүү пендеге бүткөн сенин да шоруң арбын. Али далай сыздаарсың. Бүгүн жакшылык-жамандыкты бөлүшөөр жүрөктөшүм жок экенин жаным ооруп сездим. Эч кимим жок жалгызмын. Кандай суук сөз! Бирок, ушул сөз мага көпкө жан шерик болот го сыягы. Бул жашоону жек көрүп, ошону менен бирге ушунчалык сүйөм. Чагылгандай жарк этип, курч кылычтай шарт кесип жашагым келет…

Гүл көтөрүп келатсам, Азат агай дагы «капыстан» жолукту.

– Кайдан чоң кыз? Гүлдөрүңүз да укмуш, – деди негедир кермек үн менен.

– Ушундай эле.

– Туулган күнүң го, ээ?

–Жок.. Ии... ооба.

–Жокпу, же ообабы? – Ал жаркырай күлүп, күтүүсүз өөп алды. Жүзүм өрт кеткендей дуулдап кетти.

– Туулган күнүм, бирок, иним келген экен... – Не дегенимди деле билбей тантырап жибердим. Агай мунайым күлүмсүрөдү.

– Бүгүн бош эмессиң, туурабы? Бирок, менден сөзсүз бир белек, макулбу?

– Макул, – дедим жанынан кетүүгө шашып. Агай мурдуман чымчып коюп басып кетти. Дайым ушинтет.

Өзүмдү улгайып калгандай сезем. Эми кыял, жүрөк менен жашабай, акыл-эс менен жашоо керек окшойт. Сизди гана эч унутпасмын.

***24.06.98.***

Ушундай бир кусалык жанымды тымызын, акырын сыздатып жатат. Түнү бою денем өрттөнүп, уйку-соонун ортосунда кыйналып чыктым. Жүрөгүм кең талааны көрүп, бирок, капаска камалып чыга албаган паранда-дай кусаланат.

***11.07.98***

Кагылайын агатайым, бүгүн сиздин туулган күнүңүз экен. Сизге жолугуу үчүн гана баргам. Бир кыз жаныма келди да:

– Бүгүн бошобойт көрүнөт, – деди да анан унчукпай калып, кайра кошумчалап койду,-туулан күнү экен го.

Сыртыман кайдыгер «ии» деген менен, жан-дүйнөм уйгу-туйгу болуп кетти. Саамга дендароо болуп отуруп калдым да, бир топто барып өзүмө келип, шашып гүлгө жөнөдүм. Агатайым, сизге ылайык гүл жоктой улам бирин кармалайм. Гүл алып кайра келатсам алдыман Азат агай чыкты. Негедир кылмышым ашкереленип калгансып гүлүмдү артыма жашырдым. Жинди-

мин, ушунче чоң букет көрүнбөй калат деп ойлодумбу? Агай жадырап күлүп келип кол сунду да:

– Агайыңды куттуктап коёюн деп ойлогон соң, андай гүлдү бийик көтөрүп алып барыш керек. А сен жашырасың, – деп колумду адаттан тыш, кандайдыр ачуусу келгендей кыса кармап койду. Не дээримди билбей иштерин, ден соолугун сурап койдум. Басып келатып артымдан маанилүү карап турганын туйдум. Күтүп отурдум. Жүрөксүп да, ашыгып да турдум. Азат агай дагы келгенде не кылаарымды билбей уялып кеттим. Ал мени кызыктай карап коюп, сизге кирип кетти. Тынчтана албай ары-бери басып жүрсөм мен жакшы билген улуу мугалимдерден бирөө чыкты да мени менен эстейдил учурашып, маңдайыман сүйдү.

– Куттуктаганы келдиңби? Мени качан куттуктайсың?

– Туулган күнүңүздө.

– Эртең анда. – Агай мени саамга кызыктай карап турду да, дагы маңдайыман сүйүп басып кетти. Мүнөт өткөн сайын жан-дүйнөм дүрбөлөң түшүп апкаарууу кысып, жүрөгүм туйлайт.

Ана ички эшик ачылды! Сиз меймандарды узатып чыгып келатыпсыз. Тике барууга даай албай, негедир боюмду караңгыга тарттым. Сиз менин келгенимди сезгендей мен тарапты жалт карап алдыңыз. Гүлүмдү кучактаган колдорум дирилдеп тура бердим. Киргениңизден кийин өзүмө келип алып, артыңыздан кирейин дегем. Сиз кирбей эле мени көздөй тике бастыңыз.

– Саламатсызбы! – Оозума башка кеп кирбей титиреп кеттим.

– Келегой! – Жүзүмдөн көз албай тиктеп чукул келдиңиз да, ийиниме ысык алакандарыңызды койдуңуз.

– Туулган күнүңүз менен! – Үнүм буула араң шыбырадым. Гүлдү суна берип, гүл менен кошо кучагыңызга бой таштадым. Сиз мени жүзүмөн сүйдүңүз. Эриндериңиз чоктой ысык экен. Калчылдаган боюма ээ боло албай, мойнуңуздан коомай кучактап, эки бетиңизден өптүм. Кусадар кылган тааныш жыт бир аз ичкилик аралаш «бур» этти. Энтигип тиктешип турдук. Сиз дагы эңилип колумдан сүйүп:

– Ыраазымын, Алиман. Ушунчалык күттүргөнүм үчүн кечирип кой. Сенин келгениңди бая эле Азат агайың айткан. Ошондон бери ичимден тынчсызданып эле жаттым, бирок, коноктордон бошоп чыга албай аргасыз отурдум. Сен таарынба, садага, – дедиңиз жумшак. Негедир экөөбүз тең залда турганыбызды унутуп, ийменбей тиктешип турдук. Колумду кайра кармадыңыз. Чыпалагыңызды өрттөнгөн алаканыма кыстым. Сиз да менин колумду кысып, ушунчалык сүйкүм мээр менен карап турдуңуз.

– Рахмат, – дедиңиз ысык, таттуу шыбырап. Жүзүңүздөн көз үзө албай карап, нары сумкама бастым. Сиз ордуңуздан жылбай карап турдуңуз. Энтиккен демимди басып, бирок, сизге дагы эле тик карай албай жаныңызга келдим. Сиз гүлдү бооруңузга кысып турупсуз.

– Жакшы бар, – дедиңиз жумшак.

Баш ийкей берип:

– Кыстарылган кагаз бар, – дедим да, алкымымды буулп чыккан сезимден ыйлап жибербейин деп тез басып кеттим. Артыман узата карап турдуңуз. Сыртта үлбүрөгөн аппак наристе кар балбалактап жаап жатыптыр. Анын муздак бүртүктөрү кирпигиме конуп, эриндеримде ээрип атты.

Айланайын агатайым, азыр сизге кат жазам, антпесем жарылып кетчүдөймүн. Садагам, жан биргем, ага-

тайым, кубанчым! Азыр сизге жалынып, сиз өпкөн колумду улам өпкүлөп, жүрөгүм, бүт денем өрттөнүп кат жазып отурам. Бактылуу болуңуз, узак-узак өмүр сүрүңүз.

***13.09.98***

Сизге жолуктум. Мен киргенде иштеп отурупсуз. Жагымдуу жылмайып саламдаштыңыз. Көпкө сүйлөштүк. Сиз факультет, мугалимдердин ишмердүүлүгү, жалпы эле университет жөнүндө айтып отурдуңуз.

– Биз бири-бирибизди төрт жылдан бери билебиз,- дедиңиз сырдуу, күнөөкөр жылмайып. Мени саамга ойлуу карап туруп сөзүңүздү уладыңыз, – Мен көптөн бери сага биздин окуу жай тууралуу бир макала жазууну сунуш кылайын деп жүргөм, кандай дейсиң? – дедиңиз көзүмө тигиле берип.

– Мен макулмун, колумдан келсе эле.

– Колуңдан келет. Сен мага жума күнү кел. Өзүң кандайсың? Эмне жаңылыгың бар? Ошол тууралуу айтып берчи, – дедиңиз да, менин сөздөрүмдү кунт коюп уктуңуз.

– Китебимди даярдап жатам, буюрса, жакында чыгат.

– Ушунуңдан жазба, – дедиңиз ырааазы боло карап. Биздин сөзүбүздү шашып кирген арык мугалим бузду. Ал сизди чакырып чыгып кетти.

– Алиман, күтө турчу, азыр, – деп мени жалгыз калтырып чыгып кеттиңиз. Столдун үстүнөн азыр эле сиз кармап отурган темир скрепканы алып, катып алдым. Ал алиге чейин жанымда жүрөт.

***02.11.98***

Бүгүн студсенаттын иши боюнча чогулуш болуп, би ошол жерде кире бериштен беттеше түшүп, экөөбүз те күтүүсүз жолугушуудан шашып кеттик. Көздөрүбү чагылыша түштү да, анан тайып кетти.

– Саламатсызбы? – дедим. Шашканыман колумдагы кагаздарым сыйгалана түшүп кетчүдөй жылмышты. Ара кармап калдым. Сиз мени ууртуңуздан сырдуу жылма карап алып, анан мугалимдердин алдына түшүп, шаш басып кеттиңиз. Азат агай экөөбүз да ошол жерден жо луктук. Каректери от чачпай суз экен. Негедир кызыкта болуп, анын менден көз албай тигилген көз карашына кысыла кыздардын артына далдааландым. Чогулушта чыгып баратсам сиз артыман жете келдиңиз да:

– Алиман, кире кетчи, – дедиңиз акырын. Унчукпа чогуу бастым. Киргенден кийин негедир сөз жалганба койду. Жалпы иш боюнча сүйлөшүп отурдук. Сиз бир деме айта албай жаткандай кысыла мени карап, ыңгай сыздана жылмайып алдыңыз да анан:

– Китебиң чыктыбы? – дедиңиз жумшак. Үнсүз баш чайкадым. Экөөбүз саамга тиктешип калдык да, ана ойлуу: – Мен сени көп күттүрүп коюп жатам, кечири кой, бул үчүн күнөөлөмүн, – дедиңиз менден көз албай

Жүрөгүм көөдөнүмө кептелип калгансып саамга демим чыкпай калды. Ушул сөздү сиз айтып жатканы ңызга ишене албай көздөрүңүзгө карасам ушундай бир башкача карап турупсуз. Бул эмне деген көз караш эке нин сөз менен айта албайм. Мындай көз караштыы тим гана карап туруш керек. Сиздин көздөрүңүзгө туруш тук бере албай көзүмдү ала качтым. Бир топко үнсү отуруп калдык. Анан мен дилимде көптөн бери жүргөн ойду айтып салдым.

–Жок, агай, тескерисинче, мен сизге карыздармын. Менин жакшы ишиме, ырыма сиз гана себепкерсиз.

–Бирөөнүн жакшылыгынын, кубанычынын кичине бир бөлүгүнө себепкер болуп, келечегине таасир эте алсаң – бул эң чоң бакыт.

–Мен Сиздин бир гана «баары жакшы болот» деген сөзүңүздү эш тутам.

– Сен кандай учур, кандай шарт болбосун баары жакшы болооруна ишенип жаша.

–Мен ишенем. Агай, адам өзүнөн-өзү качып кутула албайт экен. Эгер качып кутулууга мүмкүн болсо, мен мындан бир жыл мурун ырды да, окууну да таштап салмакмын.

Сиз саамга унчукпай турдуңуз да анан ойлуу:

–Сенин жылдызың бар, – дедиңиз эркелете карап. Мен өмүрүмдө биринчи жолу сизге ыр окуп бердим.

–Качан жаздың? – дедиңиз көздөрүңүз тээ тереңден жылт эте сырдуу от жагып. Жаңырган үнүңүз дирилдегенсип угулду.

–Жаңы ыр, – дедим энтигип. Биздин мелтиреген тынчтыкты сырттан кирген Азат агай бузду. Ал мени негедир бирдеме айтчудай ойлуу карап турду да, анан уурттун тартып кызыктай күлүмсүрөп:

–Бул чоң кыз али арызынын акырына чыга элекпи? – деди үнү кургак.

–Кандай арыз? – Сиз таң кала сурадыңыз. Азат агай мени саамга карап турду да анан:

– Аа, мен башкага окшотуп алыпмын.

Ал бул сөздү ушундай бир кайдыгер айтты, сиз эмес мен, бир ирмемге Азат агайдын адашып алганына ишенип кеттим.

– Кел, отур Азат, – дедиңиз аны «эмне жумуш?» де-
гендей суроолуу карап.

– Мен анан кирейин, – деди да бурулуп чыгып кетти.

– Алиман, бул агайың силерге сабак береби? – деди-
ңиз жай. Негедир өзүмдү күнөөкөр сезип кеттим.

– Жок, бизден кийинки курстарга берсе керек…

– Билимдүү жигит.

– Мен кетейин, – дедим акырын. Сиз унчукпай баш
ийкедиңиз да, маңдайыман мээрим менен сүйүп койду-
ңуз. Жүзүм дуулдап чыгып кеттим.

***03.12.98***

Жаздын деми келгенсип туюла берет. Сабактан чы-
гып жалгыз баратсам Азат агай капыстан бурчтан чы-
гып, экөөбүз аз жерден сүзүшүп кете жаздадык.

– Ой, саламатсызбы? – дедим шашканыман үнүм
кекечтенип.

– Ой, саламатчылык! – деди Азат агай жаркырай
күлүп. Агай күлгөндө абдан сулуу болуп кетээрин бүгүн
байкадым.

– Кайдан, чоң кыз?

– Сабактан…

– Каякка, башкы корпуска эмеспи?

– Үйгө, – дедим агайдын какшыгын байкамаксан
болуп.

– Антарктидада пингвиндер күнгө жылынуу үчүн
гана муздун үстүнө чыгып, кайра коркунучтуу же адат-
тан тыш бирдемени байкаса дароо муздун астына ки-
рип кетишет экен, – деди ойлуу. Анан негедир муңайым
күрсүндү. Бул сөзгө түшүнгөн жокмун. Экөөбүз унчу-
гушпай бир топ жерге чогуу бардык.

–Тамак ичтиңби? – деди агай күтүүсүз.
–Ооба... жок...
–Эмне ооба, жок? Ичтиңби, жокпу?
Мен унчукпай баш ийкедим. Агай каткырып күлдү да, чыканагыман кармап жетелеп жөнөдү. Экөөбүз «Роза гүлүнө» кирдик. Чыны курсагым ач болчу. Азат агай мени бир топко бирдеме айтчудай карап турду да анан:
– Алиман, адам бир эле жерди таптап баса берсе, ордунда тегеренип убакытты куру өткөргөнү аз келгенсип, ошол жерге да чөп чыкпай калат. Менимче, сенин сезимдериңдин ээси да ошондой чөп чыкпаган такырга айланып калды окшойт. Канчалык агайыңды кайтарба эч нерсе чыкпайт, – деди акырын. Ичимден кандайдыр бир ыза кайнап чыкты. Ордуман шарт турдум да чыгып кеттим. Агайдын айтканында ачуу чындык бар экенин сезип турсам да мойнума алгым келбеди.

***18. 02. 09.***

Жалгызмын. Сиз жөнүндө жазгым келди, азизим. Эртең майрамды жалгыз тосоорумду ойлосом заманам куурулат. Мен теңдүүлөр үй-бүлөнүн ээси болуп, түтүн булатып калышты. Жок эле дегенде сүйгөн жигиттери, эртең баш кошо турган адамы бар. Менчи? Жалгыз, сиздин жаркын, алыс элесиңиз менен сырдашып отурам. Майрамды көпчүлүк менен тоссом да жалгыз калдым. Салагам, агатайым, келиңизчи?! Ысык кучагыңызга жыгылып, жүрөктө чер болуп катып калган сагынчымды, пенделик күнөөмдү көз жашым менен жууп, төгүлүп ыйлап алайын. Сизди аябай-аябай сагындым, агай! Мен сизди түк-түк алмаша албайт экем. Ошону сезиңизчи!

Мени бактысыз кылып, улуу тилегимди өксүтпөңүз! Ме
сиздин уулуңузга эне болгум келет.

«Сүйгөн жар болуу – улуу иш, сүйө билүү – анда
да улуу» дептир Виктор Гюго. Мен сиздин үй-бүлөңүзг
кыянаттык кылган жокмун. Мен үчүн сизди тим ган
сүйүү – жар болуудан да улуу бакыт. Сиз меникисиз.
Бирок, өмүр бою сиздин, болгону менин жүзүмдөн сүй-
гөн эриндериңиздин демин эш тутуп жашап калганда
корком. Кимдир бирөөнү сүйүп калгым келет. Бейтаа-
нышты күтүп улгайып баратам.

*07. 03. 09*

Практикадабыз. Кечке маал мектептен чыгып ба-
ратсам Азат агай аялдамадан жолугуп калды.

– Саламатсызбы? – дедим баш ийкей учурашып. Жа-
нына атайын барбай алыстан эле саламдаштым. Экөөбү
аялдаманын эки бурчунда тура бердик. Мен автобусум
келип чыгып кеттим. Аялдамадан түшсөм менин артым-
дагы автобустан Азат агай да түшүп, мени көрмөксө
боло алдыда басып кете берди. Чын эле көрбөгөнүнө
ишенгим келсе да, ички туюмумда ал мени аңдып барат-
кандай болуп кысыла үйгө киргенче шаштым. Айылда
сырттан окуган агам келген. Эшиктен кирсем эле:

– Акин, жүр концерттке барып келели. Бизге биле
сатып келген экен, экөөнү алып алдым. Бол эми, кечи-
гебиз, – деп шаштырып кирди. Анын көңүлүнөн өтө ал-
бай, агам экөөбүз ээрчишип концертке жөнөдүк. Аял-
дамага жете бергенде агам:

– Акин, коё тур, мен азыр такси тосуп келем, – де
таксилер жакка басканда мени көздөй басып келатка
Азат агайды көрдүм.

– Оо, Алиман, каякка жөнөдүк? – деди адаттан тыш жайдарыланып.

– Акем менен концертке, – дедим актангансып.

– Бип-бир тууган акең да ээ? – деди ал ансайын жайдары. Күлкүсү демейдегидей жарашыктуу, жылуу эмес муздак, жасалма болчу.

– Жок, бир тууган эмес, бирок...

– Бирок, бир туугандай болуп калгансыңар?-деди Азат агай муздак жылмаюусунан жазбай.

Не дээримди билбей баш ийкедим. Аңгыча ары жактан акем шашып келди да, Азат агайды көрүп үрпөйө түштү.

– Ким бул? – деди акем жини келип. Акемден коркуп кеттим. Ачуусу абдан чукул.

– Мени эмне кыласың? Сен кимсиң? – деди Азат агай жаактары карыша. Экөөнүн түрүн көрүп күйпөлөктөп кеттим. Алар мени уккудай түрү жок.

Нурлан акем го дээринен кызуу кандуу, Азат агайга эмне болду, эчтемеден эчтеме жок эле жинденип.

– Нурлан аке, бул биздин агай, сөз уксаңыз? – дедим чебеленип.

– Агайың болсо агай жолунда жүрбөйбү?! – Акем сөгүнүп жибере жаздап, менден тартына араң кармынып калды да, – Сен ары барып тур. Биз өзүбүзчө сүйлөшүп алабыз, – деди мени түртүп. Акемин ачуусунан коркуп ары басып кеттим. Экөө эмне деп сүйлөштү билбейм, бир оокумда акем жалгыз келди.

– Айтып койбойсуңбу, биздин агай деп. Жакшы жигит экен. «Жакшы студенттеримди ушинтип коруй берем, кечирип коюңуз» десе иттей уялып калдым, – деди күнөөкөр болуп. Өзү сүйлөтө койбой үрпөңдөйт да, анан

мени күнөөкөр кылат. Жиним келип унчукпай койдум. Концертке барганда да улам мени карап бөйпөңдөгөн акеме бир чети күлкүм келсе, бир чети ичим элжиреди. Биз эки бир туугандын балдары болсок да, бир үйдө чоң энемдин колунда чоңойгон үчүн бир тууғандай болуп калганбыз. Атам да ушул акемди башкача жакшы көрөт.

*07. 05. 98*

Жатаканага кыздарга барып бир топко сүйлөшүп отуруп чыгып келатсам Азат агай алдыман чыкты.

– Саламатсызбы агай, кечирип коюңуз, өткөндө акем кичине ачууга алдырып койду,-дедим акырын. Азат агай жаркырай жарашыктуу жылмайды.

– Сенде эмне айып, биз бири-бирибизди туура түшүнүштүк. Андан көрө жаңылыктарыңдан бөлүшчү. Мугалим болуу оор эмес бекен? Балдар кыйнабай жатабы? – Агай үстөккө-босток суроолорду жаадырып жиберди. Кайсы бирине жооп берээримди билбей эле баш ийкей бердим. Азат агай мени саамга кызыктай карап калды эле, көзүмдү кайда катаарымды билбей жүдөп кеттим. Кээде кишини жүдөтүп ушинтип карап калган эс талма адаты бар агайдын.

– Мен кетейин, – дедим бурула берип. Азат агай мени колдон алды.

– Коё тур, Алиман, ишенесиңби, курсагым абдан ачты, жүр, мага шерик болуп тамак иччи, – деди жумшак жылмайып. Баладай күлкүсүнө туруштук бере албай мен да жылмайдым.

– Эмнеге тамак ичпей жүрөсүз?

– Айтсам ишенбейсиң, сендей ачка шерик жок.

Териге түштүм.

– Ким айтты мени ачка деп?

– Кантет, эркелетип койдум. Ток болсоң да жанымда отурчу, – Азат агай мени ой-боюма койбой жетелеп жөнөдү.

– Өзүм басам, агай, – дедим элден тартынып. Экөөбүз жакынкы кафелердин бирине кирдик.

– Алиман, кечээ эле бетинен балапан түгүн түшө элек бабо, анан тентек кыз болчусуң, бүгүн токтоо, татынакай, Оштун ыр жандуу адамдары тааныган кыз болдуң. Мына, буюрса, быйыл окууну да бүтөсүң. Кайда барып иштейин деп жатасың? – деди тамак ичип отуруп.

– Билбейм, агай, шаардан алыс кетем го. – Дилимди кандайдыр кусалык өйүп чыкты.

– Эмнеге шаардан алыс?

– Шаарда калып эмне кылам? Мен үчүн шаарда эч нерсе жок. – Ичимден Сиздин мага болгон куру жоотуткон мамилеңизди эстеп басынып, ыза ыйы тамагымды буун чыкты.

– Алиман, адам өзүнөн-өзү качып кутула албайт. Өзүңдү куру алдоонун да кереги жок. Чындыкка тике кара. Адам өмүрүндө сүйүү бир эле адам менен бүтүп калбайт. Табиятка жаз, күз, кыш келгендей эле адам жүрөгүнө да түркүн мезгил келип турат. Айырмасы бир жүрөккө жаз аз түнөсө, бир жүрөккө күз аз түнөйт. Эң коркунучтуу жүрөк – кыш кетпеген жүрөктөр. Сенин жүрөгүң жаз кетпеген керемет өрөөнгө окшош. Болгону ал жазды баары эле баалай албайт.

– Агай, Мар Байжиевдин «Төрт адам» деген пьесасын окуган белеңиз? – дедим күтүүсүз. Азат агай суроолуу баш ийкеди.

– Ошондо Нази Көл жээгинен таанышкан оорулуу жигитке «сен жакшысынбачы, баарың бирдейсиң» деп айтат.

– Сен да ошенткиң келип турабы? – деди Азат агай көздөрү көлөкөлөнүп.

– Жок, антким келген жок, болгону негедир ошол диалогду эстеп кеттим.

– Алиман, сен мага жагасың.

– Эмне, үйлөнөсүзбү? – дедим ызаман үнүм калчылдап.

– Алиман... – Азат агайдын көздөрү бакырая түштү.

– Көрдүңүзбү, үйлөнө албайсыз, анан акылдуусунасыз, боорукерсинесиз. Капыстан жолуман чыккан болуп кыйшактайсыз. Сиздин эмнеңиз артык башкалардан? Макул, сиз жетелеген жакка басайын, эмне кылып бере аласыз? Кызыгыңыз тараганча уйпалап, анан басып кетесиз да туурабы?

Жаагым «чуу» деп көзүмөн жылдыз учуп кетти. Бирөө бетиме муздак суу чачып жибергендей энтиге өзүмө келе түштүм. Азат агай кумсара тиктеп туруптур. Бетимди басып эле отуруп калдым. Экөөбүз кичинекей кабинада, столдун эки четинде, бир топко унчугушпай отуруп калдык. Мага эмне жин тийди билбейм. Көптөн бери буулуккан ызам ичиме батпай кетти окшойт. Азат агай столдун үстүндөгү колдорумду акырын кармады.

– Алиман, кечирип кой, чабайын деген эмесмин, – деди үнү каргылданып.

– Сиз кечирип коюңуз, агай…

Көзүмөн өзүнөн-өзү жаш кетип, ичтен солуп ыйладым. Канчалык карманайын десем да ич-ичимен титиреп чык-

кан ый токтобой, жашым жүзүмдү жууп ага берди. Азат агай жаныма өтүп, бооруна бекем кыса кучактады. Көкүрөгүнө башымды коюп алып буркурап ыйладым. Бирөө көрсө мас экен демек. Азат агай сыртка чыгып муздак суу алып келди да, зордоп ичирди. Өзүмө келе түштүм. Биз көпкө отурдук. Сыртка чыкканда ай толуп туруптур.

–Айды жакшы көрөсүңбү, Алиман? – деди агай акырын ийинимен коомай кучактай берип.

– Ай мага окшош жалгыз, муңдуу.

–Антпей жүр. Адам тагдырды өзү тилеп алат. Жүр, басып келебиз.

Экөөбүз Сулайман тоого чыктык. Жылдыздар жерге күбүлүп түшүп калгансып, шаар жаркырайт. Тоонун жели жанагы чапкан алакандан ысып-күйгөн бетимди жумшак сылап, чачымды уйпалайт. Жаагымды кармасам Азат агай мени карап туруптур. Ал мени унчукпай бооруна бекем кучактап:

–Жинди десе, – деди үнү калтыраңкы. Мага ыйлап жаткандай сезилди. Көздөрүнө тик карадым. Агайдын көзү айга чагылышып күйүп туруптур.

–Кечирип койчу?! – деди жаагыман кош колдой сылап. Алакандары ысык, жумшак, мээримдүү экен. Атамдын колдорун эстедим. Мени атам гана ушинтип эркелетет. Азыр да айылга барсам секелек кездегидей эркелей берем. Андайда апам «кызың бой жетип калды, уят» деп урушуп калат. Атам үчүн мен дайыма баягы эрке, тентек, ээнбаш, ак көңүл сары кызмын. А башкаларгачы? Ойлогум да келген жок. Азат агайдын кенен көкүрөгүнө башымды коюп, унчукпай ыктадым. Неге? Минтип да ойлонгум келген жок.

***17.05.98.***

– Алоо, саламатсызбы? Агай...

Мен аны бүгүн өзүм чакырдым. Ал дароо макул болуп, дарегимди жазып алды. Мен бул чечимди бүгүн эле кабыл алган жокмун. Ал мага биринчи көргөнде эле жакшы таасир калтырган.

Азат агай кечигип келди. Ортону ыңгайсыз абал ээлеп, сөз жалганбай койду. Биз сүйүү, турмуш, жакын адамдарыбыз тууралуу сүйлөштүк. Агай чоң энемдин чач учтугун кармап туруп:

– Чоң энең өлбөптүр, сендей унутпай эскерчү небереси бар экен – деди ойлуу.

Агай бир топко унчукпай ойлуу отуруп, анан өз атасын эскерди.

– Атамдын фамилиясы менде, анан менин балдарымда гана калды, – деди акырын. Ушул сөздөн улам «эркек баланы ушул үчүн да ыйык көрүшсө керек» деген ой келди.

– Кайтканга уруксат бер, Алиман, – деди Азат агай чай ичкенден кийин. Негедир жүрөгүм сызыла түштү. Үн катпадым. Агай чыгып баратып текчеде турган дептеримди кармалай:

– Ыр да окуп бербедиң, – деди сырдуу жылмайып.

– Шашып баратпайсызбы. Башка күнү окуп берейин.

– Алиман, сен кечирип кой, мен сенин ырыңды таң атканча укканга даярмын. Болгону, мага анын каарманы тууралуу ойлоо оор, – деди суз.

– Каарманы тууралуу ойлоштун кереги жок. Сиздеде жетпеген сүйүүлөр болгон да. Сиз менин сүйүүмдү эмес, өз сүйүүңүздү ойлоңуз. Кыздарга караганда силерге сүйүү жаатында оңоюраак го. Бизчилеп караанын кайтарбай эле түз басып барып айта аласыңар.

– Сен деле айтып жатпайсыңбы?

– Ооба, айтып жатам, бирок, айтканда эмне?

Ызам жүрөгүмдү кайра тээп чыкты. Көзүмө жаш айлана түшкөнүн көргөн Азат агай мени бооруна кысты. Кучагы ушундай ысык, жагымдуу, мээримдүү эле. Алкымымды бууган жашты жута, агайдын көөдөнүнө баш каттым. Куду сиз карап тургансып көзүмдү жума, бирок, ошол эле учурда көкүрөгүмдү өчөшүү тиреп турду. Өчөшкөндө эмне, билип коюптурсузбу, мерезим менин?!

– Ушул абалдан тез эле өтүп кеткенди жакшы көрөм. Мындайда эмне кылаарыңды да билбейсиң.

Азат агай бекем кучактап алкымымдан, көздөрүмдөн өпкүлөп жиберди. Канчалык каршылык кылбайын, алым кетип, өзүмдү жоготуп бараттым.

Апаке, кечир мени, мен ушул түндөн баштап аялмын. Сенин тилегиңди аткарып, ак көшөгөдө, ак нике менен келин болбодум. Келиндериң «сүйүнчү, келиниңиз уулдуу болду» деп сенин кудагыйыңа, менин кайын энеме сүйүнчүлөбөй калышты. Мен качан кыз катары анча-мынчаны аңдап билгенден баштап, биринчи нике түнү тууралуу ар кандай кыялданчумун. Көшөгөдөн чыкканда бир аз ак шишик басып, эриндери жарылып кеткен, көздөрү элегей тарта уяң жалжылдаган жеңелеримди көргөндө бүт боюмду жагымдуу калтырак басып кетчү. Мен алардай болбодум, апа. Мени үй-бүлөсү бар, менден бир топ жаш улуу адам жашынып келип тебелеп, тазалыгым түн менен кошо кетти. Эч ким билбей төрөлгөн таштанды баладай булганган шейшебимди жашырып жууп, анан өрттөп салдым. Ошол шейшеп менен кошо балалыгымды, арзуумду, ишке ашпаган

кыздык тилегимди өрттөдүм, апа. Кечир, акылы жок кызыңды.

Буркурап ыйлаган мени Азат агай бооруна кыса жалынып соороту жатты. Мунун баары куру жоокто туу болчу. Терезеден Ай төгүлүп турду. Мага окшоп жалгыз эле байкуш ай, шордуу эле. Агай кетээринде бооруна кыса кучактап:

– Телефон чалып тур. Мен каалаган убакта келе албайм. Үйүңдө апаң же иниң болушу мүмкүн. Канчалык кыйналып турсаң да билдирбе. Мен келем, – деп мени көпкө үнсүз кучактап, анан негедир оор күрсүнүп алып чыгып кетти. Үч күн сабакка барган жокмун. Тамак да ичпей, сыртка да чыкпай жата бердим. Көкүрөгүм бопбош эле.

*25.07.98.*

Азат агай келди. Аны күтүп-күтүп үмүтүм үзүлгөндө жатып алгам. Уйку-соонун ортосунда эшиктин тыкылдаганын уктум. Жүрөгүм биринчи ойгоно селт этти. «Иним айылга кетпей калган го» деген ойдо пардага далдаалана эшикти ачып жибердим.

– Алиман! – деди коңур тааныш үн.

– Агай, сизби, мен азыр...

Азат агай менин кийинишимди, эшикти ачышымды күтпөй эле, өзү кирип келди.

– Эми эле уктап калдыңбы? Мен сени жок экен деп ойлоп, кат жазып таштап кетейин деп жатткам.

Өзүмө келе албай апкаарып турдум. Ал мени унчукпай кучагына кысып, анан чачыман сылай кобурады.

– Кызым келген экен. Бүгүн ата катары үйдө болушум керек эле. Сени көргүм келип, бир мүнөткө деп эле келе бердим.

– Кызыңыз канча жашта?

– Он сегизге чыкты. Мен жыйырмамда балалуу болдум.

– Каяктан келди?

– Онду бүтүп эле турмушка чыгып кеткен. Окугусу келген жок. Энеси экөө ушинтип чечишиптир. Мен эмне демек элем? Бактылуу болсо болду да.

Жүрөгүм сыздап кетти. Агайдан таза аба, бир аз ичкилик жыттанып турду. Анан агай бирдемени эстей койгонсуп, мени ийинден ала көздөрүмө тигилди.

– Алиман, сени бир киши менен тааныштырайынбы?

– Ким менен?

– Мурза Гапаров келиптир, – деди жагымдуу жылмайып. Кубанып кеттим.

– Сен кийинип чыга бер. Мен сыртта күтүп турам.

– Азыр элеби?

– Ооба. Уйкучу десе, сен эрте уктасаң эле баары эрте уктайт бекен? – Азат агай мени көзүмөн өөп коюп чыгып кетти. Улам бир көйнөгүмдү кармалап, араң бир саатта кийиндим. Сыртка чыксам Азат агай мени утурлай тосуп алып, анан чачымды колуна салмактай кармап, мойнуна ороп алды.

– Илгери кыздар ашыгы орго түшүп калса чачы менен тартып алчу экен. Сен да мени орго түшсөм тартып аласыңбы?

– Кайсы орго? Азыр ор жок да.

– Бар, Алиман, болгону азыр башкача. Айтсаң, тартып аласыңбы?

– Билбейм, – дедим чындап. Агай менин ашыгым эмес да. Агайдын сулуу көздөрү көлөкөлөнө түшүп, мени муңайым карап туруп, анан бооруна кыса кучактай:

– Кечирип койчу?! – деди үнү каргылдана.
– Эмнеге?
– Сени сүйдүрө албаганым үчүн.
Агай кызык эле. Сүйдүрө албаганы үчүн да кечирим сурайт бекен. Балким, сүйүп калаармын. Жүрөгүм ооруп кетти.
– Кеттикпи? – деди анан Азат агай эч нерсе болбогондой жаркырай күлүп. Агайдын ушул күлкүсүн жакшы көрөм. Унчукпай баш ийкедим. Агай жолдон дүкөнгө түшүп бир баштык бирдеме көтөрүп чыкты да, анан экөөбүз туура эле «Алай» мейманканасына бардык.
Мейманканага кире бергенде Азат агай мага:
– Сен ушерде туруп тур, мен азыр, – деп мени кире беришке тургузуп коюп кирип кетти. Ары-бери өткөндөр мени кызыктай көз менен карап өтүп жатты. Кысылганымдан ушул жерден тезирээк чыгып кетүүгө шаштым, бирок, каякка чыгарымды билбей тура бердим. Бир оокумда узун бойлуу, ак жүздүү жигит басып келди да, эски тааныштай жылуу жылмая саламдашты.
– Саламатсызбы?
– Саламатчылык? – дедим кайдан көргөнүмдү эстей албай.
– Бирөөнү күтүп турасызбы?
Не дээримди билбей үнсүз баш ийкедим. Ал мага жакын келди да:
– Менин атым Илияз, – деди колун сунуп. Мен колун алгандан тартына:
– Менин атым Алиман, – дедим да, ары басып кеттим. Ал колун кайда катаарын билбей алакандарын бет-

тештире укалап, ыңгайсыздана күлүмсүрөй мени менен кошо басты.

– Илияз, мен жалгыз эмесмин, азыр агам келип калса урушат, – дедим андан кутула албай. Бир чети Азат агайдан чочулап турдум.

– Коркпо, Алиман, мен агаңа көрүнбөй кетип калам. Болгону сен мага кайда окууруңду, же иштээриңди эле айтып койчу? – деди күлүмсүрөгөнүнөн жазбай. Мен бирдеме дегени оозумду таптай бергенде Аза агай келип калды. Күлүп келаткан Азат агай, жанымдагы Илиязды көрүп үрпөйө түштү.

– Ким бул? – деди ал мага ачуулуу.

– Тааныбайм, аты Илияз экен, – дедим шашканымдан.

– Тааныбасаң, аты Илияз экенин кайдан билесиң?

– Өзү айтты.

Аңгыча сөзгө Илияз аралашты:

– Байке, кечирип коюңуз, Алиман мени чын эле таанубайт, мен өзүм эле...

– Эмне сен өзүң эле? Экөөң бири-бириңди таанубайсың, бирок, атыңарды билесиңер. Эмне, экөөң тең атыңды маңдайыңарга жазып алдыңар беле? – деди Азат агай Илияздын сөзүн бүтүрбөй жаалдана калчылдап.

– Кечирип коюңуз, байке, мен карындашыңызга атымды айттым, анан ал мага айтты. Болгону ошол. Сиз жаман ойлобоңуз.

– Жогол көзүмө көрүнбөй, кандай ойлошту мен сенден сурабайм, – деди Азат агай Илиязды жакадан ала. Илияз агайдын колун бир булкуп чыгарды да, шарт бурулуп басып кетти. Колдору титиреп тамеки жандырып жаткан Азат агайды карап туруп жиним келди.

Кызык, мен эмне, анын менчиги, же алып койгон аялы белем? Агай тамекисин үстөккө-босток тартты да, анан оор улутунду.

– Кечирип кой, Алиман. Менин көзүмчө эч ким менен сүйлөшпөй жүрчү!

– Өздөрү сүйлөсө делеби?

– Өздөрү сүйлөйт деп эле көрүнгөн эркек менен сүйлөшө бересиңби?

– Мага баары бир.

Азат агай мени кызыктай карап туруп, анан саамайыман сылап койду. Экөөбүз саамга унчугушпай туруп калдык да, Азат агай эч нерсе болбогондой жарк этe күлдү.

– Болдубу эми, жүр, бизди күтүп калды.

– Ким?

– Кимге келгенибизди унутуп калдыңбы? – Ал мени колдон ала жетелеп жөнөдү. Экинчи кабатка чыгып, коридордун орто ченидеги эшикти Азат агай акырын тыкылдатты.

– Ачык! – деди коңур, жумшак үн. Азат агай эшикти ачып, анан мага жол бошотту. Бет алдымда мен чыгармалары аркылуу кумир туткан ак чач адам турду. Мурза Гапаровдун ак көйнөк, жол-жол бозгуч галстук тагынган, күңүрт жашыл шым кийген арык келбети, ушундай бир жумшак үнү, сылык мамилеси, акырын сүйлөгөн сөздөрү али да эсимде.

– Келегой, карындашым, – деди Мурза Гапаров.

– Саламатсызбы?

– Саламатчылык. Менин атым Мурза.

– Алиман, – дедим буттарымды майда калтырак басып. Гапаров жумшак жылмайып, колуман өөп, анан

столго чакырды. Ал сөз арасында кыздар, сүйүү, жаз тууралуу сүйлөп отурду. Түн бир оокумга чейин атактуу жазуучу өзүнүн каармандары тууралуу айтып берип, кээде биз менен кошо жаш баладай көзүнөн жаш чыкканча күлсө, кээде муңайым тартып көпкө ойлуу отуруп калып жатты.

– Бүгүн жолугушууда бир Мургабдык адам менин жазган чыгармам үчүн бир кыздын турмушка чыкпай калганын айтты. Мындай дал келүүлөр көп эле болгон, – деди ал ойлуу. Мага ал өкүнүп жаткандай сезилди. Чыгып бараткында Мурза Гапаров ордунан тизелерин таяна кыйналып турду да, муңайым жылмайып:

– Бутум ооруп жүрөт – деди акырын. Азат агай:

– Узатып убара болбоңуз. Биз өзүбүз эле. Карындашыңыз сиз тууралуу абдан көп айтканынан эле сиз менен тааныштырып коёюн деп алып келгем, – деди жаркырай күлүп.

– Рахмат садага, аман бол, бактың ачылсын. Сендей кыздар бар үчүн сүйүү жоголбойт, – деди Мурза Гапаров колумду жумшак кысып. Жүрөгүм сыздап чыкты. Сыртка чыксак түн жымжырт экен. Көөдөнүмдү кандайдыр бир белгисиз куса өйүп чыкты. Жок, белгисиз эмес, агай, сизге болгон куса эле. Биз үйгө жеткенче үнчүгүшкан жокпуз. Короого кире бергенде Азат агай:

– Машинаны коюп койсом тура береби? – деди акырын.

– Агай, сиз калбай эле коюңуз. Мен жалгыз болгум келип турат, – дедим анын көздөрүнө карабай. Агай оор күрсүндү да:

– Жакшы жат, – деди капалуу күлүмсүрөп. Анын өөп коёюн деп умтулганын байкамаксан боло машинадан түшүп, артымды карабай басып кеттим. Кирип эле

чечинбей төшөккө куладым. Жаагым ылдый сарыккан ысык жаш жаздыгымды жууп жатты.

*12.08.98*

Мектептеги күндөр суз. Окуучулар деле алаксыта албай, күнүмдүк жумушка мойнунан байлагандай келип жатам. Балдардын күнөөсүз көздөрүн карап туруп, өзүмдү беш жыл жөн эле жүргөн экем деп жек көрүп кетем. Алар менден көптү билгиси келишет, мен болсо эч нерсе бере албай жаткансыймын. Мектептен чыгып аялдамада турсам, бирөө келип чачыман тартты. Жалт карасам – Илияз.

– Кандай, чоң кыз? – деди жагымдуу күлүмсүрөп.

– Жакшы?

– Жумуш бүттүбү?

– Ооба.

– Азыр кайда?

– Космоско учсамбы деп тургам.

– Кайсы планетага? Бирге учпайлыбы? Же ал жакта да агаңар урушабы?

– Көчөдө калган кыз бар бекен, албетте, урушат, – дедим муздак. Аңгыча автобус келип калды. Мен чыксам Илияз да кошо чыкты.

– Космостук кораблиңерге чыгып алдым, капа болбоссуңар, – деди ал менден көзүн албай.

– Корабль бирге болгон менен, жолубуз башка.

– Балким, бирге чыгаар. Алиман, кел кайым айтышпай бир жерден чай ичели, – деди ал жайдары.

– Курсагым ток.

– Мен деле ачка эмесмин, бирок, сиздей кыз менен курсак жарылганча чай ичкенге даярмын.

– Кечиресиз, мен тамактын ченемин билбеген сорток эркектерди жаман көрөм, – дедим да ары карап туруп алдым.

– Эркектер көңүлүңө тийген го ээ? – деди ал токтоо. Ушул сөз дал жарама тийди.

– Көзүң ачык го ээ? – дедим кыжырым келип.

– Чоң энем цыган болчу.

Илияз мени ой-боюма койбой үйгө жакын жердеги кафелердин бирине алып кирди. Илияздын менсингенине жиним келип, атайын менюдагы кымбат тамактарды заказ бердим. Ичимден, «кантер экенсиң, көрөм кыйынсынганыңды» деп табалап отурдум.

– Алиман, ичкиликке кандайсың? – деди ал менюдан баш көтөрбөй. Болгону үчүнчү курстагы «Алтын эртолук» кечесинде шампан ичкенмин. Ошондо дубалга жөлөнсөм деле, стулга жөлөнсөм деле кытыгым келип жыртая бергеним эсимде.

– Шампан ичем.

– Балким, вино ичээрсиң.

– Эмне вино ичет деп маңдайыма жазып коюптурбу? Ичкиң келсе иче бер, мен шампан ичем. Же, акчаң жетпейби? – Илияз мени ойлуу карап туруп, анан жылмайып койду.

– Эмне күлөсүң?

– Күлгөн жокмун, жылмайдым.

– Жылмайдыңбы, жыртайдыңбы, кандай айырмасы бар?

– Ачууң чукул ээ, Алиман. Сага эмне жагып, эмне жакпасын билүү кыйын. Кичине эле болсо кылт дей түшмөйүң бар экен.

– Сенин көзүң эле ачык десем, сынчылык да жайың бар беле? – Илияз мени менен кайым айтышуудан пай-

да жок дедиби, укмаксан боло жаныбызга келе калга кызга шампан заказ кылды. Татынакай кыз тез эле та мак-аш, шампан көтөрүп, столдун үстүн жайнатып сал ды. Шампан ичип алып, мурдагыдай күлкүм чыккан дын ордуна ыйлагым келип, көкүрөгүм букка толу чыкты.

– Ыйлагым келип жатат, – дедим Илиязка.

– Ыйла, – деди Илияз чын дилден.

– Жинди болуптурмунбу.

– Жиндилер ыйлайт бекен?

– Анан эмне соо адам ыйламак беле?

– Жүрөгү бар адамдын баары ыйлайт.

– Менин жүрөгүм жок

– Каякта?

– Бир ташбоор адам уурдап кеткен. Кайра ала ал бай жүрөм. Сен алып бербейсиңби?

– Мен жан дилим менен алып бермекмин, ал үчү сен каалашың керек.

– Мен каалап суранып атпаймынбы.

– Аракет кылып көрөйүн, – Илиязды карап туру ал менин уурдалган жүрөгүмдү эч качан кайтарып ке албасын түшүндүм. Түшүнөөрүм менен жүрөк түпкү рүндө кандайдыр менин бейкүнөө жүрөгүмдү уурда кеткен сизге болгон ачуу ыза ойгонду.

– Кантип аракет кыласың? – Ичимде ызам кайнап, а кайнаган ыза өзөгүмдү өрттөп турду. Биз сыртка чы канда түн ооп калган экен. Илияз күтүүсүздөн кучакта өпкүлөп жиберди. Жан-дүйнөм жипкирип жыйры түшсө да, жигиттин кучагынан бошонууга аракет кы ган жокмун. Тескерисинче, мойнуна ороло, эриндер нен өпкүлөп жибердим. Бул түнү мен үйгө келген жо

мун. Түн бою жан-жүрөгүм буулугуп ыйлап, Илияз өпкөн эриндеримди, ал уйпалаган денемди кайда алып барып, кантип тазалаарымды билбей, баш ооган жакка басып тентип жүрө бердим. Жанымда башын жерге салган аруу сезим, сен жүрдүң. Жан-дүйнө биз сени зордуктаган өөкүрлөрдүн кейпин кийгенибиз үчүн кечирип кой.

***21.08.98***

Мен телефон чалганда сиз, «Неге келбейсиң, кабарың да жок? Күткүн барам» деп айтат деп күткөм, Азат агай. Антпедиңиз, биз тим гана учурашып, анан жумушуңуз аябай көп болуп, ошондон бошой албай атканыңызды айттыңыз.

– Агай?

– Ов..

– Келип кетиңизчи!

– Макул, аракет кылып көрөйүн...

– Аракет кылбай эле.

Мен сизди түн жарымга чейин күттүм. Анан минтип ойлодум. «Кудай энчи бөлүп жатканда мен адатымча шашып, же, кеч калып күтүүнү алып алгам го». Буулугудан көчө бойлоп тентип кетким келди. Негедир кийинки учурда өзүмө-өзүм батпаган адат таап алдым. Чыны, Азат агайдын келишин деле көп каалаган жокмун. Болгону кимдир бирөөнүн жанымда болуусун, мен аны эмес, ал мени сүйүүсүн самагам. Мен сүйгөн адам качан келбесе кантейин. Менин ага керегим жок болгондон кийин, андан да, ага арнаган тазалыгымды мен сүйбөгөн адам тебелеп кеткенден кийин мен сүйгөн, мени арманга салган адамды күтүүнүн эмне кереги бар? Менин эми эч кимге керегим жок.

Өткөндө Айзат эже келип, «колдон колго өтүп кетким келбейт, менин үйүм сизге тим гана мейманкана болуусун каалабайм. Экинчи аялыңыз болууга да макулмун. Эгер, антүү колуңуздан келбесе, келбей эле коюңуз» деп айт Азат агайыңа» деген. Ополу ошентип айткым келди, кайра дароо баш тарттым. Мен сизди ушунча жыл ысык-суугуңузга чыдаган, кенедейден баш кошкон жарыңыздан, балдарыңыздан бөлүңдү кылгым келбеди. Антүү үчүн эки тараптуу чоң сүйүү болуу керек да. Сиз деле макул боло койбойт элеңиз. Тагдыр жалгыздыкты ыроологон оң жалгыз болбоско чара жок.

Мен Сиздин жаштыгыңыз болуп эскерүүдө жашайм, өмүр бою жапжаш бойдон сизди күтүп, сиз тууралуу кыялданам...

***28. 08. 98.***

Эрте менен телефон чалдым. Жакшы угулбай жатты.

– Эртеңки майрамыңызы менен!

– Рахмат!

– Агай жолугуп кетиңизчи – Мен Азат агайды көргүм келип сагынбасам деле анын келишин каaладым.

– Сен мени чын эле күтөсүңбү? – Не дээримди билбей унчукпай турдум да:

– Билбейм – дедим чынымды айтып.

– Бүгүн саат ондо банкет бар, кеч бошойм го – Азат агай саамга унчукпай турду да, анан трубканы коюп койду.

Демим суйй түштү. Телефон чалбай эле койбой. Азыр аябай ыйлагым келип, бирок, өзүмдү-өзүм сооротуп, алдап отурам. Агай сиз бүгүн банкетте отуруп менин

кусадар көздөрүмдү, түн сактап жалгыз отурганымды бир ирмемге босо да эстейт бекенсиз? Ал жердеги бактылуу адамдар сиздин жылмайган жүзүңүздөгү жылуулукка, жагымдуу сөздөрүңүзгө, а балким, кимдир бирөө сиздин сырдуу көз карашыңызга эгедер болот. Жок, сиз андай жеңил ой жан эмессиз. Кээде, сиз мага тим гана көңүл улап эле келип жаткандай туюлуп кетет...

Агай сиз азыр капыстан кирип келсеңиз, мен сизге бүт-бүт баарын айтып ыйлап алмакмын. Эмнени? Кайра өзүмдөн ушинтип сурап алдым. Илияз менен өзүмдү казалап эле түн кечирип, өз абийиримди булгаганымдыбы? Ошондогу жүрөгүмдүн ушундай бир кирдеп чыркырап ыйлаганынбы? Башканы сүйүп, бирок, сизге да байланып жатканымдыбы? Кээде эле тентип, баш оогон жакка басып, бир көргөн адам менен жүрүп кетким келгенинби?

Билем, сиз азыр келбейсиз. Түн ооғондо банкеттен чыгасыз да, жымжырт, жылуу, коңур кечте менин жинди кыялымды эстеп ойлуу кетесиз. Анан бир аз кызуу, кыялдуу үйүңүзгө келесиз.

Асемдин «эркектерге сүйүктүү болуу, анын эсинде калуу да аялдык зор бакыт. Кыз болуп жаралгандан кийин аларга кереметтүү бир нерсе тартуулоо керек да» деген сөзүн эстедим. Ушу азыр сизге сиз күтпөгөн аялдык керемет, назик сезим, жылуу сөз тартуулагым келди. Кучагыңызга үн-сөзсүз кулагым, төгүлүп ыйлап, берилип сүйгүм келди. Колумдан келет беле билбейм, азыр ушуну каалаoдым. Сиз бүгүн бул бакыттан куру калдыңыз. Анткени, бул сезим кайра кайталанбайт. Сезим байкуш кимге, эмнеге гана чарпылбайт. Сезим жек көрүүдөн да, сүйүүдөн да көңүлү калбаган ак

көңүл, аялуу, кандай жерге тийсе да булганбаган күн нурундай таза, керемет нерсе экен го...

***30. 10. 98.***

Бүгүн биз «эжей, агай» деп кайрылчу күндүн акыркы майрамы. Мындан ары бизге ушинтип кайрылышат. Сабактан чыксам Рамис аке келиптир. Айылдагы ай нурун кечкен балалык арзуунун ээси. Мен ушул жигитти сүйөм деп ойлочумун. Ал кезде мага сүйүү кубаныч, кимдир бирөөнү башкалардын катарынан келечектеги күйөө катары тандоо сыяктуу сезилчү. Ал сезимдин мындай каргыш тийген азап экенин анда кайдан билдим. Ошол бойдон эле билбей, айылга эле турмушка чыгып кетсем эмне. Эмнеге ушул уяң, мени көргөндө берээрге буюмун, айтаарга сөзүн таппай калдаңдап калган ак көңүл айылдык жигит зордоп эле ала качып албады экен? Мен жакшы аял, бул каргыш тийген сүйүү эмне экенин билбеген мээримдүү эне болмокмун. Суу боюндагы чакан аыйылдын келини болуп, сулуу кыздарды, тентек уулдарды төрөбөйт белем атаганат. Рамис аке мени жылмая карап:

– Башкача болуп кетиптирсиң – деди менден көзүн албай. Көзүнөн кусалык, арман көрдүм.

– Айылдагылар тынчпы? – дедим айылдын жытын ушул жөнөкөй жигиттен туюп.

– Тынч, сага салам айтып жиберишти.

– Кимдер?

– Апамдар.

– Келинчегиңизчи? – Анын көзү көлөкөлөнө түштү. Негедир ийинен тына улутунуп алды. Мен окууга өткөн жылы Рамис аке үйлөнгөн. Келинчеги жакшы келин дешкен болчу. Үйлөнгөндөн үч күндөн кийин мен кани-

кулга барып калсам, түн жамынып мага келген болчу. Мен ошондо анын көзүнөн жаңы үйлөнгөн жигиттин ерөпкүүсүн, ашыгуусун эмес, чексиз арман өкүнүчтү, капалыкты көргөм.

– Окуйм дедиң окудуң, мен болсо карыган апамды алып үйлөндүм, – деген үнү кардыга дириллеп. Биз суз коштошконбуз. Кийин деле мен айылга барган сайын биздин үйдү айланчыктап калчу.

– Китебиң чыккан тура, куттуктайм – деди кубана карап.

– Рахмат, качан окудуңуз.

– Атаңан алдым.

– Жактыбы? – Көздөрүнө дагы муңдуу көлөкө уялай үнчукпай ойлуу карап туруп, анан ыйлап сооронгон баладай улутунуп алды.

– Сенин ыр жазууңа мен себепкермин десем, сени акын кылган башка экен – деди көзүнө жаш айлана. Үнчукпай басып бараттык. Мени акын кылган агатайым, акындыкты баалай албадыңыз.

***01. 09. 98.***

Азат агай Бишкекке кетти. Мен аны канчалык күтсөм да ичиме батырып, жүрөгүм буулугуп жүрөм. Кызык, агай мага көңүл буруп, асты-үстүмө түшсө ачырым келип, алыстаганга шашчумун, азыр суз таркса, «неге мындай суз?» деп ичим бышат. Эмнеси болсо да, тагдыр мага көп деле аялдык бакытты ыраа көрбөптүр. Эмне деген гана аялдык бакытты арзуу кылгам. Сабактан келип үй жыйноого да көңүлүм чаппай, араң жыйнаган болдум.

***11. 09. 98.***

Бүгүн сизге жолуктум, Агай. Мен сизди сүйбөсөм да, сизден аны көрөм. Сиз менен ал тууралуу сүйлөшкүм келет. Сиз аны менен жумуш тууралуу сөзсүз жок дегенде бир күндө бир жолу сүйлөшөсүз да. Анын көзүн көрөсүз, үнүн угасыз. Мен болсо сизден караан талашып, «Ал тууралуу бирдеме дейби» деп күтөм. Сиз өчөшкөндөй ал жөнүндө унчукпайсыз. Сиздин корпуска барсам вахтер:

– Сен кайда? – деди жактырбай. Демейде секретарша ушинтип сурайт эмеспи. Таң кала карап,

– Азат агайга? – дедим менин да сиркем суу көтөрбөй орой жооп берип.

– Бош эмес, кишилер бар – деди да ары карап, эшикти жаап отуруп алды. Сиз көптө бир топ киши менен чыктыңыз да, мени көрүп сүйлөп жаткан сөзүңүздү токтотуп жалт карап алып, анан кайра тигилер менен сүйлөшүп калдыңыз. Жанымда турган курбумдан:

– Бизди көрдүбү? – дедим негедир үнүм калтырап.

– Жалт карап алып кирип кетти, – деди Жыпар.

– Сен бара бер – дедим Жыпарды. Артыңыздан бассам, вахтер аял:

– Дагы эле бошой элек – деди сыртын салып.

– Сиз секретарь да болуп иштеп атасызбы? – дедим какшыктуу жылмайып. Аңгыча сиздин жакын досторуңуздун бири Канат агай келип калды.

– Келе гой, Алиман. Кимге келдиң? – деди жайдары саламдашып.

– Азат агайга келдим эле.

– Не турасың, агайың сени күтүп атпайбы?

– Бул жактан уруксат күтүп турам, – дедим кермек какшык жылдырып.

– Бул жер вахта, секретарынан сурабайсыңбы. Анын үстүнө эжеке артын салып туруп алыптыр – деди да, вахтер аялды карап да койбой мени алдыга өткөрө кошо басты. Артымдан вахтер өчөшкөнсүп:

– Бошой элек – деди ызалуу. Кулак да салган жокмун. Сиз бирөөнү узатып чыгып келатыптырсыз. Көз карашыбыз чагыла, кызыктай болуп кеттим. Сиз дайым капыстан чыга калганда ушинтип апкаарып кетчүмүн.

– Кел Алиман, күтө турчу, бул жакты узатып коёюн – дедиңиз шашкалактап. Сиз тез эле кайра кирдиңиз.

– Окуулар кандай, факультетке чаң салбай жатасыңбы? – дедиңиз эркелете көзүмөн өөп. Жаш баладай баш чайкадым.

– Чаң салып жатасыңбы? – дагы баш чайкадым. Сиз мени бооруңузга кыса кучактап. – Тентегим менин, кичинекейим, чаң салганыңан сенин. Менин да дүйнөмө чаң салып кыйнап жибердиң го. Жакындасам качасың, качсам жакындайсың. Кол жетпей, көз жеткен закым болуп азапка салдың го агайыңды.

– Мага колуңуз жеткени качан. – Сиз мени ушундай бир кыжаалаттана карап туруп күрсүнүп алдыңыз да, – дененин денеге жеткени кеп бекен жарыгым, жүрөгүңө жетпей жатпаймынбы. Сенин жүрөгүңө жетпей жүргөнүмдү мени сезбейт дейсиңби.

Мен унчукпай көкүрөгүңүзгө бой таштадым. Бооруңузга кыса аптыга өпкүлөп, жерден так көтөрө чимирилтип жибердиңиз.

– Кантет булар, эшигиңерди жаап алып бийлебейсиңерби? – деген үндөн экөөбүз тең чоочуп кетти. Канат агай күлүп туруптур. Азат агай жаркырай күлүп, мени кучагынан чыгарбай:

– Бийибизге тоскоол болбосоңчу – деди жайдары. Мен кучагыңыздан чыкканча шаштым. Сиз ансайын бекем бооруңузга кыстыңыз.

– Мен да бий үйрөнсөм дегем – деди Канат агай бечара кейпин кийип.

– Сен али жашсың, чоңойгондо үйрөнүп аласың.

– Агай, азыр эле үйрөнө берейинчи!?

– Мейли эми самап калыпсың, кир. – Сиз мени кучагыңыздан бошоттуңуз. Экөөң тең каткырып күлүп, Канат агай сиз көрсөткөн орунга отурду. Сиз менин жаныма жайгаштыңыз. Мен баягы жайдары Азат агайды көрүп ичим жылыды.

– Алиман кандай? Ыр жазып жатасыңбы? – деди Канат агай чын дилден сурашып.

– Ии, – деген болдум. Кысылганыман тердеп, Азат агайга. – Мен кетейинчи – дедим акырын.

– Кайда кетесиң? Үйгө конок келсе кетип калат бекен? Чай койбойсуңбу – дедиңиз ансайын айламды кетирип. Эмне дээримди билбей кызарып-татарган мени Канат агай жайкай сүйлөдү.

– Сен биздин өз кишибизсиң Алиман, агайың туура айтат, чай берчи. – Эмне кылаарымды билбей Азат агайга карадым.

– Мен азыр, сен чайыңды коё бер – Сиз мени маңдайыман жыттай өөп, колума электр чайнекти карматып чыгып кеттиңиз. Сүрдөгөнүмөн араң колум калтырап жатып графиндеги суудан куюп, чай койдум, столдун үстүн сүрткөн болдум.

– Алиман кел бир ыр окуп берчи – деди Канат агай олуттуу.

– Жатка билбейм да.

– Өз ырыңды өзүң билбейсиңби? Анда мен сага окуп ыр берем, угуп тур – деди да коңур үн менен ыр окуп кирди.

Бир шоола бар, нурдантып дил жарыткан,
Бир көксөө бар, жүрөктү зар сагынткан,
Бир тилек бар, бүт өмүр тилеп өтөөр,
Бир күтүү бар, уйкусуз таңдар аткан.

Бир арман бар, күндөрдү коштоп жүргөн.
Бир сезим бар жан-дүйнөм жоктоп жүргөн.
Бир адам бар, эх, сизге жетмек кайда,
Бар болгону көздөрү окшоп жүргөн.

Бир үмүт бар, эртеңге жолум улар,
Үмүт жолдо ураган сүйүү сарай.
Кайрыла кет. жолоочум кайрыла кет,
Эски уранды жалгыздап ыйлап турaар.

Бир куса бар, дилимди эзип жүргөн,
Ыйык жан Сиз алыста сезип жүргөн.
Убалына падышам калдык, калдык.
Бир сүйүүнүн дербиштей кезип жүргөн.

Менин ырым. Не кылаарымды билбей отуруп калдым.

– Азат ушул ырды жакшы көрүп, дайым окуй берет. Менин да дилиме сиңип калыптыр. Мынчалык айтылбаган арман, жетпеген тилек, орундалбаган ойду боюна сиңирген ким болду экен деп ойлой берем – деди Канат агай ойлуу. Унчукпадым.

– Кимдин ыры деп сурабадыңызбы? – Үнүм өзүмкү эместей дирилдеп чыкты.

– Бир жолу сурагам. Ушул ырга тиешелүү бир аялуу сыры бардай кол шилтеп койгон. Азат качан мас болгондо, көңүлү чөккөндө ушул ырды окуй берет. Өзү айтпаган соң такып сурабадым – Канат агай мени сынагандай карап койду. Экөөбүз тең тунжурап өз ойлорубуз менен алек болдук. Аңгыча сиздин келаткан добушуңуз угулду. Колуңузга бир баштык бирдемелерди көтөрүп алыпсыз.

– Меймандар күтүп калды го – дедим көзүңүзгө карап. Сиз мени ушундай бир дил төгүлө карап туруп, *анан бооруңузга кыса кучактап адатыңызча көзүмөн* өптүңүз да,

– Кичинекейим менин, – анан Канат агайга карап жаркырай күлдүңүз. – Кечирип койгула коноктор, эригип калган жоксуңарбы?.

– Биз ыр окуп отурдук – деди Канат агай да жайдары.

– Сиз жакшы көргөн ырды – дедим сизден көз албай.

– Мен жакшы көргөн ыр көп да, кайсынысын?

– Бир шоола бар, нурдантып дил жарыткан,

Бир көксөө бар, жүрөктү зар сагынткан,– дедим акырын. Сиз мени ойлуу карап уладыңыз.

– Бир тилек бар, бүт өмүр тилеп өтөөр,

Бир күтүү бар, уйкусуз таңдар аткан. – Көздөр көзгө чагылды. Ал түнү түн оогончо үчөөбүз поэзия, сүйүү, аруу тилектер тууралуу сүйлөшүп отуруп, кеч тарадык.

***17. 09. 98.***

Азат агай бүгүн да келди. Кошуна кыз экөөбүз менин алтын шакегимди издеп, Дамира:

– Эй шайтан, сен эле катып алдың, таап бер, болбосо эриңди тартып алам – деп көзгө көрүнбөгөн шайтан-

ды коркутуп аткан. Эшик тыкылдаганын ача салсам Азат агай туруптур. Бүткөн бою суу, чачтары жаагына жабышып, каректери от чача балбылдайт.

– Келиниз, сизби? – дедим не дээримди билбей.

– Башканы күтүп аттың беле? – Агайдын көз оту өчө мунайым тартты.

– Ии, жок.

– Эмне ии, жок? Иибы, жокпу бирин айт да.

– Эч кимди күтпөй аткам.

– Наристем менин, сен күткөн адам келбесе, сени күткөн адам келээрин айтпай эле мас болуп алып өз кыялына баш ийбей, жүрөк самоосу менен келе берсе эч кимди күтпөйсүң да. – Ал мени бооруна кыса оор үшкүргөндө оозунан ачуу жыт бур этти. Азат агайдын мас экенин ошондо гана байкадым.

– Төргө өтүңүз – дедим кучагынан бошоно албай. Агай төргө өтүп жайгашканча Динара чыгып кетти. Недир сөз уланбады.

– Жарыкты өчүрүп жаныма келчи – деди агай акырын. Жарыкты өчүрүп жанына өттүм. Азат агай бооруна кыса акырын жалбарды. – Жакшынам менин кечирип койчу, ичип алдым. Бир жактарга кетип калалыбы.

– Каякка?

– Кечебиз да көз боочу бул жашоодон,
Айланабыз соолбос жаз гүлүнө,
Жок дебечи, жаз дүйнөм муңга чөгөт
Артта калсын кир толгон күүгүм дүйнө – Азат агай менин ага арнаган ырымды окуду. Мен унчукпай солуктап ыйладым. Азат агай, кагылайыным, сиз болсо менин дил жарамды ансайын тырмап ыр окуй бердиңиз, окуй бердиниз.

Сиз менен отурганда жүрөгүм ар дайым күнөөсү к аялдай түпөйүл тартып, чын дилден төгүлө албай жа чылам. Кудай ай, кечире көр. Сизди түн жарымда жо го узатып чыктым. Жүрөгүм ысык да, муздак эмес.

*05. 10. 9*

Бүгүн майрам. Окуучуларым чай ичүү уюштуру кан экен. Садагалар, наристелерим менин. Ырдашт бийлешти, бирин-бири куттукташты. Аларды кар отуруп жүрөгүм толуп ыйлагым келди. Мен ушула дай таза, аруу элем, баёо тилектерим, максаттарым к болчу. Эркек балдардын баарына «5» коюп бердим. М тим эле ааламдын эң кымбат белегин бергенсип, жет не албай рахмат айтышып, мени жолго узатып чыгы ты. Үйгө кирип баратып телефондун жан-алы калб чырылдап жатканын уктум. Мен ачып киргенче ша тырып жиберди.

– Алоо?

– Кандайсың чоң кыз?

– Кандайын сурайсыз?

– Мыктысын.

– Анда, баары эң мыкты.

– Мен Илиязмын?

– Илияз болсоң эмне кылайын? – Ал не дээрин би бей туруп калды.

– Маанайың жокто чалып алгам го?

– Эмне бар болсо сурап алып турайын дедиң беле?

– Өзүмкү деле жетет.

– Жетсе ошону иштете бер – трубканы коюп са дым. Азыр эч нерсеге көңүлүм келбей турган.

*23. 02. 9*

Жаз! Келегой жаркын жаз! Ушинтип кыйкырып көчө бойлоп чуркагым келди. Кардын эриндисинен төрөлүп, жол бойлой кайда нук болсо багыты жок агып кете берген жазгы суулардай туш келди агып кетим келди. Үйгө кеч келдим. Кирип-кире электе телефон чырылдады.

– Алоо-дедим ашыгып.

– Мага бир кичинекей сары кыз керек эле,-деди Азат агай эркелете.

– Кичинекей сары кыз азыр бош эмес-дедим тамашаны улап.

– Эмне менен занят?

– Куурчак ойноп жатат.

– Мен барсам оюнга кошот бекен?

– Сурайынчы ээ?

– Сурачы, оюнга кошсо мен да оюнчуктарымды көтөрө барам, чогуу ойнойбуз. Анан да апамдын сандыгынан уурдап алган конфеттерим бар, ошондон берем – Азат агай мактана таңдайын шык эттирип койду.

– Конфеттериңиз болсо, анда кошот экен.

– Азыр барам – деди Азат агай шашкалактай. Азат агай сиз мага керексиз. Ушундай чоң шаарда, ушунча көп элдин ичинде жалгыз болуу кандай оор экенин билбейсиз Айрыкча, аны сагынып кусаланганда жанымда алаксытып туруңузчу, болбосо өзүмдөн корком. Чоң мамалак оюнчук көтөргөн Азат агай тез эле жетип келди.

– Мен келдим – деди ал жаркырай күлүп.

– Кана конфеттериңиз?

– Апам деген конфет жесең тишиңе курт түшөт дебедиби.

– Анда ойнобойм – дедим ары карап тултуңдап.

– Мен болсо апаман акырын жашырып баары бир алып алдым. – Агай артыман кучактай ийиндерим өпкүлөдү.

– Кана?

– Мына жарыгым – Азат агай бир коробка конфетт колума карматты. Мойнуна ороло бутуман учуна тур калып мурдунун учунан өптүм. Ал мени бооруна кыс кучактап аймалай, эриндеримен, алкымымдан өпкүлө жиберди.

– Жакшынам менин, кичинекейим, кубанчым-деди жалын бүркө аптыгып. Көздөрүм өзүнөн-өзү жумула салмагымды сала чалкаладым. Агай мени так көтөрү төргө өттү. Ал жалынып, өөп, калтыраган колдору ме нен белимен сыга кучактап демимди кыстыктырып бас жыгылды.

– Билесиңби, менин курагымда көптө барып от алып шашпай өчөт. Сен мени өрткө салдың. Өмүр бо өрттөнүп өтөм го. А сенин курагың башка эркем, тез о алып, тез өчүп, кайра от ала берет – деди чачыман жы тап.

– Мен сиздин курагыңызды эске алдым беле?

– Сен мендеги эч нерсени эске албайсың.

– Неге ушинте бересиз?

– Анткени өтө сезгич, майдачыл жаман адаммы Сени абдан, абдан жакшы көрөм. Сенин колуңду кар маганда колум кубанып, үнүңдү укканда көкүрөгү өрөпкүп, жүрөгүм толкуйт.

– Мен болсо сизди көргөндө өзүмдү күнөөкөр се зем..

– Кимдин алдында?

– Жеңемдин..

– Дагы кимдин? – Унчукпай көзүмө жаш айланды.

– Билип туруп сурайсыз да. – Сиз оор улутундуңуз.

– Аны ойлоо мага да оор. Аны менен чогуу жүргөндө сенин куса, муң толгон каректериңди эстеп жинди болуп кете жаздайм. Сени мен кучактап, мен өпкөн менен сен анын өбүүсүн, кучактоосун самап жатпайсыңбы. Ушуну ойлогондо кээде аны муунтуп жыгылгым келет.

– Кантип? – Ордуман тура калдым. Ал сербейип отурган мени бооруна тарта ызалуу сүйлөдү.

– Ушинтип эле. Ал сен үчүн гана кол тийгис, башкалар үчүн көптүн бири.

– Алдында антип айта албас элеңиз, – Азат агай ордунан тура калып, жаагыман кош колдой кармап жүзүмө тигилди. Көздөрү жаалдана күйүп туруптур.

– Ооба, иш тууралуу унчуга албас элем, бирок, эркек катары сага кеп тийгизип, же, сени менден талашууга батынса кудай болуп кетсе да тиешесин алмак, – Азат агай мени түртүп жиберди да, ордунан туруп тамеки жандырды. Мен ызалуу сүйлөдүм.

– Ал менин эмнемди талашсын? Менин сизден башкага керегим жок. Ал тургай жакында сизге да керегим жок болуп калат.

– Ал эмне дегениң? – деди агай артын карабай.

– Жалганбы? Үй-бүлөлүү бир адам убактысы болгондо жашынып келип кеткен, жеңил ойлуу, жашабай жатып кыз абийринен айрылган кыздын кимге кереги бар?

– Сен өзүң каалаган жок белең? – Азат агай жалт карады.

– Каалаган эмесмин, болгону, сиз менен жатып, андан өч алгым келген. – Жаныма бир аттап жеткен Азат

агай мени жеп жиберчүдөй булка тартып ийинден алды Көздөрү ачууга толуп канталап туруптур.

– Эмне дейсиң?! – Мен көзүнөн көзүмдү албай ти карадым. Ысык көз жашым жүзүмдү жууп жатты Анын ачуу бүрккөн каректери негедир жалтанып же карай, акырын кобурады: – Кечирип кой – Азат ага бир жери катуу ооруп кеткен жандай араң кийини коштошпой чыгып кетти. Көкүрөгүм сел алгандай ак гырап жата бердим. Жанымда Азат агай эми эле к банчы койнуна батпай делбиреп көтөрүп келген м малак жатты.

– Оюн бүттү, – дедим мамалакты боорума кыса к чактап. Мамалакка кандай жакшы, ыйды билбейт, кимди сүйүп кыйналбайт.

*03. 03. 9*

Сиз жөнүндө бул күндөлүккө 1998-жылдын февр лында жазган бойдон эч нерсе жазбапмын. Антке андан кийин менин өмүрүмө тез эле кара сызыкка то гон күндөр кирип келди да, түйшүктөн, бактысыз ба аламан турмуштан жолумду таппай карайлап калга Андай кезде жаркын нерселер жөнүндө жаза албай, ке кезде гана жакшы күндөргө болгон кусалык тиш оор дай дил сыздатып, андай кезде адам эскерүүдөн да к чып калат тура. Күндөлүктү колго алганда канча жак шы күндөр, өрттүү жаштык эске түштү. Кайран ке кандай жакшы убак болчу. Бир кездеги секелек, жа дай кыялкеч, шайыр, жароокер мага азыр аябай сукт нып отурдум. Ошондогу мен – азыркы мунайым, ары ачуулуу, өз жазынан адашып, баардык нерсеге кайд гер караган муздак мени аяй карап, эскерүүдөн бүтк

лесим экөөбүз эки жерде соксоюп отурдук. Бизге эскерчү нерсе көп да, жок да эле. Жаралуу, сезимтал жүрөктү аяп, бири-бирибизди жаңы жылыбыз менен да куттуктай албай, сөз сүйлөөгө бири-биринен тартынып-пы, же батына албайбы үнсүз отурдук.

Кел, үнсүз гана бири-бирибизге жаңы жылда үмүт менен бакыт, улуу сүйүү, бекем ден-соолук, маңыздуу узак өмүр тилейли...

Сыягы сүйлөшө албайт окшойбуз. Сүйлөөгө жүрөк жарган кубаныч жок болчу, кайгыны эскергенде эмне?

Кайгы демекчи.. Менин кайгым эле сиз болдуңуз Агай. Мени чын дилинен сүйгөн адам бир гана Азат агай болуптур. Аны сезген кезде абдан кеч болуп калган. Мен өзүмдөн-өзүм качып Азат агайдан алыска кетип калган элем. Мен сизсиз жашаган ушул жылдарда эмнелерди гана баштан өткөрбөдүм, кимдер менен гана тааныш болбодум. Мен тааныш болгон адамдардын ичинде мансабына менсинген текебери да, акчасын кайда чачаарын билбей дөөгүрсүгөн дөөпөрөсү да, акыл калчап, сезимдин баркына жете алчу жакшысы да болду. Алар өзүн ким сезбесин, баары менин алдымда байкуш болчу. Биринин акчасы, биринин кызматы, биринин акылы керек болду. Бирин да адам, эркек катары карабадым. Мен үчүн алар бүгүн бар, эртең жок аманат буюм, тойго кийген бир күндүк кымбат баа көйнөктөй эле сезилчү. Алар деле мени, балким, ушинтип карашкан чыгаар. Негедир, муну баарынан өтө таттуу чайдай тез көңүл калды да, эч кимди дос тутпаган мерез, баарына кайдыгер караган бакадай муздак кан ташбоор жанга айландым. Болгону, жүрөгүм өзгөрбөй койду...

***2003-жыл. 01.01.***

Мен сиз тууралуу жазбай эле коёюн дегениме үч жыл болуптур. Чынын айтсам, мен сиз тууралуу ырларыма, жүрөгүмө, сынган дилиме, эртеңки үмүттүү күндөрүмө жазып жүргөм.

Бүгүн биз арадан жети жыл өткөндө кайрадан жолуктук. Экөөбүз тең бири-бирибизди көрөөрүбүз менен тааныдык. Сизди көрөөрүм менен жүрөгүм титиреп, баягы кездегидей эле боорум күйүттөн эзилип турганын мойнума албай коё албадым. Чачыңыз гана көбүрөөк буурул тартканы болбосо, баягыдай эле көзгө жакын, жүрөккө тааныш элеңиз.

«Саламатсызбы, арманым» – деди көздөрүм.

«Саламатчылык садага, кайдан?» – деди сиздин мурдагыдан да ойлуу, токтоо тарткан сулуу көздөрүңүз.

«Мен ушундай эле, бул окуу жайда сиздин иштээриңизди билбей эле, өз жолум менен өтүп бараткам» – деди менин кусалуу каректерим. Мындай сүйлөшүү болгону көз ирмемге созулса да, арадан кылым өтүп кеткендей сезилди мага.

– Келегой, Алиман, – дедиңиз бир кездегидей, кабинеттен учурашып жаткансып. Мен не дээримди билбей апкаарыдым. «Келдим» дейинби?

– Саламатсызбы, агай? – Сиз шашып кеттиңиз.

– Ой, саламатсыңбы? Иштериң, ден соолук, жашоо-турмуш кандай? – Не дээримди билбей турдум. «Баары жакшы» деп калп айтсамбы? Жок, сизге калп айтууга болбойт.

– Жакшы эле...

– Каерде иштеп жатасың?

– Жогорку окуу жайда мугалиммин, аспирантурамды быйыл бүттүм.

– Азаматсың! – Сиз бирдеме сурай албай жаткандай саамга башыңызды жерге сала катарлаш бастыңыз. Машинаңыз артыбыздан акырын келатты.

– Сиз ушул жерде иштейсизби? – дедим заңгыраган имаратты башым менен жаңдай көрсөтүп.

– Ооба, ушул жерде иштейм. – Саамга дымый калып, анан негедир тартынып жаткандай коомай сурадыңыз. – Алиман, ыр жазып жатасыңбы?–

– Жок, жазбай койгом.

– Эмнеге? – Жүрөгүмдө карттанып бараткан жараатым сыйрыла, ичимден кан өтүп кеткенсиди.

– Ырга татыктуу эмес экенмин, – Экөөбүз тең тунжурап, ичтен сыза өз оюбуз менен алпурушуп келе жаттык. Өзү өтүп кетсе да, элеси жүрөктөн өчпөгөн оор, максатсыз, кайгылуу, куса жүктөгөн күндөргө окшоп, машинаңыз артыбыздан калбай жылып келатты.

– Сен анда секелек болчусуң. Эми келген жаздай наристе элең, баёо элең. Турмуш ырдагыдай эмес экенин туйгандырсың.

– Жок, агай жаңыласыз, турмушту ыр коштойт. Бири жазат, бири обонго салат, бири ырдайт, бирок, ээганат, ырга баары эле татый албайт тура. Качан ыр ээсин таппаганда кор болот, мунга, ачууга ызага айланат, – Ыйлап жибербейин деп кармана оор дем алып алып кайра сөзүмдү улантым. Ушу азыр айтып албасам жарылып кеткидеймин. – Сиз сүйө албадыңыз, сүйүлүүдөн болсо корктуңуз. А мен өжөр жүрөгүмдү алдай албадым, жеңе албай койдум. Ошондо өзүмдү, жүрөгүмдү жазалоону чечтим. Оболу ким жүрөгүн какса, чын эле кагып жатабы, же, убакылуубу талдагым келбей, ар биринен сизди издедим. Сиздин азыткыдай

элесиниз мени аз жерден сойкуга айлантып жибере жаздады. Анан, алардын биринен да сизди таппаганда, сизди унутуу үчүн бир боор шаарды, ага-тууганды, жандай көргөн атам менен апамды, санаалаш курбуларымды таштап тентип кеттим. Куду кыш кетпеген өрөөнгө адашып келип алган наристе жаздай ордумду таппай, ачка-ток, ийин кубанткан кийим кийбей, эртеңге аркажөлөк, кайрат кылаар эч нерсеси жок калсам да, көзгө ысык, жаштык, студенттик курак калган бир боор шаарга сиздин баскан турганыңызды эскерткен жерлерди көрбөө үчүн кайра барбай, баарына кайыл болуп тиштенип өжөрлөнүп жүргөнүмдү сиз кайдан билмексиз. Сиз мунун баарынан кабарсыз, бийлик, мансап манчыркатып, саясат менен алек элеңиз. Ойлоп көрсөм, өмүрүмдө кетирген катам да, эсте калаар эскермем да сиз болупсуз. Унута албай азап тартып, кадырына жетип-жетпеген адамым да өзүңүз болуптурсуз. Мен сизге жолугууну кандай гана күткөм. Бирок, атаганат, сиз абдан кечиктиңиз... Качан көкүрөгүм чер болуп катып, тоо суусундай шарлыгымды, шамалдай өжөрлүгүмдү, жаздай кыялкечтигимди, шүүдүрүмдөй тазалыгымды жоготуп алганда жолуктуңуз.

Мен сүйлөп да, ыйлап да жаттым. Көптөн бери мындай ыйлай элек болчумун. Сиз күнөөкөр жандай үнчукпай, башыңызды жерге салып угуп келе бердиңиз. Бир кезде көз жашым да, сөзүм да түгөндү. Көз жашым, сөзүм түгөнөөрү менен, үстүмдөн көптөн бери кийгиси келбесе да, аргасыз кийип жүргөн эски кийимди сыйрып салгандай жеңилдеп, кадимкидей көзүм ачыла түштү.

– Баары жакшы болот – дедиңиз бир кездегидей акырын. Баягы эле сөзүңүз, баягы эле сыпаа жылмаюңуз.

Жок дегенде серпилип койсоңуз боло. Ошондо сизди биринчи көрүп жаткандай карадым. Көзүмө кымбат баа кийим кийгизип койгон кооз куурчактай көрүндүңүз. Жок-жок, программада эмне болсо, ошону гана аткарган жандуу роботко окшош экенсиз. Ал тургай мага айтаар сөзүңүз да жок тура. Кудай ай, ким үчүн өзүмдү курмандыкка чалдым эле? Жаныңыздан кеткенче шаштым. Өрт жармашкандай шашып бараттым. Бирок, каякка? Мезгилсиз, эч ким күтпөгөн кезде адашып келген жаздай эндиреген менин кимге керегим бар?

***18.01.2006.***

Жаз келди! Көөдөнүм буулугуп, эч жерге батпай чыктым. Бирдеме болчудай эле жүрөгүм опкоолжуйт да. Эмне болмок эле? Өзүмдү ушинтип жооткотуп коюп көчөгө чыктым. Көчө бойлоп басып баратып таш түбүндө корголоогон майсан чөптөрдү көрдүм. Мага окшоп кыштын ызгаар шамалынан корголошуп, таш түбүндө үшүп турган жаш чөптөргө боорум ооруду. Отузунчу жазым менин! Кубанчынан-кайгысы, ийгилигинен-кемчилиги, жолугуудан-күтүүсү, бактысынан-шору, табышуудан-жоготуусу, жыргалынан-куурала, адашуусу, өкүтү көп отузунчу жазым. Бош өткөн күндөргө толгон отуз жыл, кечир мени. Аялдык милдетти аткарып жар күтүп, бала төрөбөгөн мерездигимди кечиргин. Бирөөгө өчөшүп жаш өмүрүмдү, кыз абийримди курмандыкка чалган акылсыздыгымды кечиргин. Кыз үчүн эң ыйык абийрин курмандыкка чалганга ал жан татыса эмне, аттиң ай! Өз сүйүүмдөн башканы эске албай, мени сүйгөн жандардын сүйүүсүн теңсинбеген өзүмчүлдүгүмдү кечиргин. Баарынан да Азат

элесиңиз мени аз жерден сойкуга айлантып жибере ж
дады. Анан, алардын биринен да сизди таппаганда, 
ди унутуу үчүн бир боор шаарды, ага-тууганды, ж
дай көргөн атам менен апамды, санаалаш курбулар
ды таштап тентип кеттим. Куду кыш кетпеген өрөө
адашып келип алган наристе жаздай ордумду тап
ачка-ток, ийин кубанткан кийим кийбей, эртеңге ар
жөлөк, кайрат кылаар эч нерсеси жок калсам да, ке
ысык, жаштык, студенттик курак калган бир боор 
арга сиздин баскан турганыңызды эскерткен жерле
көрбөө үчүн кайра барбай, баарына кайыл болуп т
тенип өжөрлөнүп жүргөнүмдү сиз кайдан билмексиз. 
мунун баарынан кабарсыз, бийлик, мансап манчыр
тып, саясат менен алек элеңиз. Ойлоп көрсөм, өмүрү
кетирген катам да, эсте калаар эскермем да сиз бол
суз. Унута албай азап тартып, кадырына жетип-жет
ген адамым да өзүңүз болуптурсуз. Мен сизге жолу
ну кандай гана күткөм. Бирок, атаганат, сиз аблан
чиктиңиз... Качан көкүрөгүм чер болуп катып, тоо 
сундай шарлыгымды, шамалдай өжөрлүгүмдү, жаз
кыялкечтигимди, шүүдүрүмдөй тазалыгымды жого
алганда жолуктуңуз.

Мен сүйлөп да, ыйлап да жаттым. Көптөн бери м
дай ыйлай элек болчумун. Сиз күнөөкөр жандай унч
пай, башыңызды жерге салып угуп келе бердиңиз. 
кезде көз жашым да, сөзүм да түгөндү. Көз жашым, сө
түгөнөөрү менен, үстүмдөн көптөн бери кийгиси келб
да, аргасыз кийип жүргөн эски кийимди сыйрып салг
дай жеңилдеп, калимкидей көзүм ачыла түштү.

– Баары жакшы болот – дедиңиз бир кездегидей а
рын. Баягы эле сөзүңүз, баягы эле сыпаа жылмаюу

Жок дегенде серпилип койсоңуз боло. Ошондо сизди биринчи көрүп жаткандай карадым. Көзүмө кымбат баа кийим кийгизип койгон кооз куурчактай көрүндүңүз. Жок-жок, программада эмне болсо, ошону гана аткарган жандуу роботко окшош экенсиз. Ал тургай мага айтаар сөзүңүз да жок тура. Кудай ай, ким үчүн өзүмдү курмандыкка чалдым эле? Жаныңыздан кеткенче шаштым. Өрт жармашкандай шашып бараттым. Бирок, каякка? Мезгилсиз, эч ким күтпөгөн кезде адашып келген жаздай эндиреген менин кимге керегим бар?

***18.01.2006.***

Жаз келди! Көөдөнүм буулугуп, эч жерге батпай чыктым. Бирдеме болчудай эле жүрөгүм опкоолжуйт да. Эмне болмок эле? Өзүмдү ушинтип жооткотуп коюп көчөгө чыктым. Көчө бойлоп басып баратып таш түбүндө корголоогон майсан чөптөрдү көрдүм. Мага окшоп кыштын ызгаар шамалынан корголошуп, таш түбүндө үшүп турган жаш чөптөргө боорум ооруду. Отузунчу жазым менин! Кубанчынан-кайгысы, ийгилигинен-кемчилиги, жолугуудан-күтүүсү, бактысынан-шору, табышуудан-жоготуусу, жыргалынан-куурал ы, адашуусу, өкүтү көп отузунчу жазым. Бош өткөн күндөргө толгон отуз жыл, кечир мени. Аялдык милдетти аткарып жар күтүп, бала төрөбөгөн мерездигимди кечиргин. Бирөөгө өчөшүп жаш өмүрүмдү, кыз абийримди курмандыкка чалган акылсыздыгымды кечиргин. Кыз үчүн эң ыйык абийрин курмандыкка чалганга ал жан татыса эмне, аттиң ай! Өз сүйүүмдөн башканы эске албай, мени сүйгөн жандардын сүйүүсүн теңсинбеген өзүмчүлдүгүмдү кечиргин. Баарынан да Азат

агайдын сүйүүсүн тебелегеним үчүн кечир мени, оту-
зунчу жазым! Ушунун баарын сезип-билип туруп сен-
ден кечирим сурабаган көк беттигимди кечир. Көптө-
бери биринчи жолу бүгүн ушинтип төгүлдүм.

*01.03. 2008*

Жаш окумуштуулардын семинары болуп, окуу жай-
дан мени жиберишти. Семинардан кийин чай ичүүгө
дешкенинен калгым келбей сыртка чыктым. Отузунчу
число, отузунчу жаз! Көкүрөгүм буулугуп, жалгызда-
бастым. Акыркы күндөрү эч кимге кошулбай өзүм ме-
нен өзүм болуп баратам. Акыркы күндөрү эмес, курбу,
дос, жигит күтпөгөнүмө кылым болуп кеткенсийт. Жу-
муш, анан үй, илимий иш. Мени кубанткан ушул ган
нерсе. Жок, тагыраак айтканда кубанткан эмес, алак-
сыткан. Кээде дилимди жарып кетчүдөй болгон ыр са-
тар келет. Андайда өзүмдү коёрго жай таппай, күчүмд-
кир жууп, же, үй жыйнап чыгарам, колума калем кар-
мабаганга аракет кылам. Ыр жазсам эле баары кайр-
башталып кетчүдөй корком. Бир жолу бирге иштеге-
бир кыз:

– Эже, сиз ыр жазат турбайсызбы? – деди күтүүсүз-

– Ким айтты? – дедим жүрөгүм шуу эте.

– Сиз менен менин эжем чогуу окуган экен. Китеби-
ңизди эч кимге карматпай башына жазданып окуй-
Сизди абдан таланттуу кыз болчу, азыр неге ыр жазба-
койду билбейм деп кейиди. – Жүрөгүм ооруп, ти-
сүйлөп аткан кыздын сөзүн акырына чейин уккан жок-
мун.

– Эжең чала сабат неме го? Менин ырларым келсоо-
лор үчүн жазылган ырлар болчу, аны келсоолор ган

окуйт. Экинчи ыр жазат деп айтпай жүр, уят болот, – дедим да, оозунан кеби түшүп, бозоруп калган жаш кызды карап да койбой чыгып кеттим. Ал кыз мага алиге сүйлөбөйт.

– Алиман! – деди тааныш да, тааныш эмес да үн капыстан. Өз оюм менен алек болуп бараткангабы, аябай катуу чоочуп кеттим. Жалт бурулсам, Азат агай! Машинадан бир буту түшүп, бир буту түшпөй делдейип туруптур.

– Азат агай... – дедим өз үнүм өзүмө араң угула шыбырап. Азат агай жаныма жетип келди. Көзү толо жаш.

– Тааныдыңбы?! – деди үнү титиреп.

– Тааныдым!.. – делбиреген Азат агай бооруна кыса кучактап үнү ыйлап аткансып каргылданып кетти.

– Тааныганыңдан айланайын, каралдым менин! Жоготуп алдым го дегем!

– Жоголуп кетээрде таап алдыңыз... – Ысык көз жашым жүзүмдү жууп ыйлап аттым..

Ал мени кайра жоготуп алчудай майда калтырак баскан колдору менен жүзүмдөн сылагылап, жетине албай жалынып, анан жулдуруп жиберчүдөй бекем кармап алып, калдаңдай шашкалактап жетелеп жөнөдү.

– Адашкан жазым, колдон жулдурган бактым, бир келген керемет ышкым!-Машинасын дуулдай айдап бараткан Азат агай жалынып да, намыстанбай эле ыйлап да баратты. Бет алдыбызды уч-кыйырына көз жетпеген узун жол. Мен бул жолдун бүтпөсүн кааладым».

*30.03. 2008.*

Ушинтип бүтүптүр күндөлүк.

# ЭСКИ ҮЙ

Экөөбүз капыстан троллейбустан тааныштык. Жумуштан кийин демейде мынчалык тыгын болбогон троллейбус ошол күнү тим эле кулак тийишет. Жылаарга жер калбаса да адамдар түртүп отуруп жылдырып, кармагычка колум жетпей жыгылып баратып алдымда турган сени кармап калдым.

– Ой, кечирип коюңуз, кармагычка жетпей...

Сөзүмдү акырына чыгара койбой:

–Эч нерсе эмес. Коркпоңуз, мен кармап турам, жыгылбайсыз! – дедиң сылык. Көзүбүз чагылыша түштү. Көздөрүң оттуу, бирок, ыймандуу экен. Эл суюлганда терезенин түбүнөн орун бошоп, отура кеттим. Сыртта кар, көчө көңүлсүз. Мындайда көңүлсүз ойлор келип, эч ким менен деле сүйлөшкүң келбейт эмеспи. Жаныма келип отурган сени байкасам да көңүл бурган жокмун.

– Кайда баратасыз? – Сыягы эмне дээриңди билбей эле ушинтип койдуң окшойт.

– Америкага! – дедим какшыктап.

– Кошо кетеличи?!

– Сиз мененби? – Жалт карасам көздөрүң күлүп да таарынып да туруптур.

– Эмне, мени менен кетсе болбойбу?

– Мен негизинен кичүү, анан үй-бүлөлүү адамдар менен кетпейм.

– Ким айтты кичүү, үй-бүлөлүү деп?

– Кичүү экениң көзүңөн, үй-бүлөлүү экениң... – Үнсүз нике шакегиңе карап койдум. Сенин калп айт

албасыңды көзүңөн көрдүм. Башкаларчылап актангайга шашкан жоксуң.

– Ооба, эки балам бар, кичүүсү үчкө чыгат, улуусу беш жашта. Таттууну экөө тең абдан жакшы көрүшөт, – деп таттууну толтуруп салып алган баштыгыңа кубана карап койдуң. Жүзүң олуттуу тартып, көзүңө сөз менен айтып жеткире алгыс мээрим сүртүлдү. Бир маалда:

– Кичи пейилдикке телефонуңузду берип турасызбы? Бирөөгө маяк кылып алайын, – дедиң токтоо.

– Өзүңүздүкүнөн кылбайсызбы?

– Менин телефонум үйдө калып калыптыр, – дедиң олуттуу үн менен.

– Мейли, бирок, мен жакында түшөм, – деп телефонумду сундум айткандарыңа чын эле ишенип. Телефонумду алып бир номерди бат эле тердиң да, кайра эле өзүмө сундуң.

– Рахмат!

Анан ордуңдан туруп, троллейбустун ортоңку эшигин көздөй баратып кайра буруулдуң.

– Баса, атыңызды айтып коюңузчу?

– Жазгүл, – дедим көңүлсүз. Сен колумду акырын, бирок, шоктоно кысып койдуң. Колуң аркылуу өткөн жылуу бир сезим калды алаканымда, бирок, эмне экенин талдагым келген жок.

Арадан эки күн өтүп сен мага телефон чалдың.

– Алоо, – дедим бейтааныш номер болгондуктан кайдыгер.

– Кандай, Жазгүл?

– Жакшы. – «Ким?» деп сурай албай үнсүз жооп күттүм.

– Тааныбай жатасыз го, ээ?

– Эмне, биз таанышпызбы?

– Мен Адилетмин.

– Кайсы Адилет?

– Троллейбуста таанышпадык беле?

Эсиме өзүнөн мурда көздөрүң түштү. Сулуу, ойлуу, акылдуу көздөр.

– Жазгүл, биздин ишканага жакын жерде жакшы кафе бар. Мени менен он мүнөт эле отуруп кетчи? – дедиң токтоо. Сенин чын дилден чыккан сураныччыңдан баш тарта албай кантип «макул» деп жибергенимди өзүм да билбей калдым.

Кафеден кеч чыктык. Сыртка чыкканда айлана жаз топурак жыттанып, дилге кандайдыр белгисиз кусалык бүрккөн жагымдуу кеч дымып турган экен. Жанатан бери жаагы басылбаган кол телефонуң дагы шыңгырады.

– Жооп берип койчу? – дедим оюмда эч нерсе жок. Негедир күлкүң күбүлүп, маанайың чөгө түштү.

– Алоо... Балдар менен отурам, – дедиң басыңкы күнөөкөр үн менен. Эмелеки көтөрүңкү көңүлүм чөгүп, калимкидей өзүмө келе түштүм. Билесиңби, ошондо мен сени, сени эле эмес, бүт эркек аттууну аядым. Өзүңөрдү эркек сезип, аялдын сезимине баш багып аласыңар да, анан ууру иттей кыйпычыктап, мындан ары кантеришиңерди билбей алдастап каласыңар. Сен да ошенттиң. Жана эле «мага ишенгин, сен жаман жигитке жолуккан жоксуң. Мен жардам берем. Сени гүлгө ороп коём» деп көкүрөк productтың. Сен ошол учурда апасына «мен чоңойгондо космонавт болом. Сага жылдызды, айды алып келип берем» деп мактанып, кыялданып жаткан

балага окшош элең. Телефонду өчүрөөрүң менен мага келдиң да, энкейип өбүүгө аракет кылдың. Дароо түртүп салдым.

– Жагымдуу кечиң үчүн рахмат! Кеч болуп калды, бар эми үйүңө!

– Эмне болду? – Сен эми эле ойногону алган оюнчугун алып койгон баладай мостоё түштүң.

– Сени күтүп жатышат.

– Барам да.

– Максатыңа жеткенден кийинби?

– Кандай максат? – Сен кайра жасалма күнөөсүз кейпиңди кийдиң.

– Барайын, кеч болуп кетти, – дедим да, шарт бурулуп басып кеттим. Артыман карап кала бердиң. Жомок дүйнө бир жылт этти да, жалп өчтү. Сен эми келбе, макулбу? Кез-кезде гана ошол жомоктуу түндү эстеп кой. Өзүңдүн баладай убада берип делбирегениңе уялба. Анткени сенин эркектик табиятың ушундай.

Караңгы көчө менен жалгыз баратып көз алдыма аялыңдын алдында сууга түшкөн чычкандай актанып жаткан элесиң келе ичиркенип алдым. «Байкуш, баарыбыз, сен да, мен да, сенин кадамыңды аңдыган аялың да байкушпуз» дедим ичим сыйрылып.

Ошондон толук бир жумадан кийин телефон чалдың. Чынын айтсам кубанып кеттим, бирок, сыр билдирбей суз учураштым. Жолугушууга канчалык суранып чакырсаң да макул болбой койдум. Сен күн сайын жолугууга чакырасың, мен көгөрө баш тартам. Майрам шылтоо болбосо мындай тирешүү канчага созулат эле ким билет, аялзаты үчүн эң жакшы майрам 8-Март кирип келди. Кыздар баарыбыз чачыбызды жасатканы

салонго баргaнбыз. Мен баарынан аттта чыгып барат-
сам сен телефон чалдын.

– Каяктасың? – дедиң жумшак.

– Жумуштамын, колум бошобой жатат, – дедим ал-
дын-ала жооп камдап.

– Жумушуң которулган го ээ? – дедиң күлкү ара-
лаш.

– Которулбай эле.

– Анда салондо эмне кылып жүрөсүң? Артыңды ка-
расаң?! – дедиң үнүңдө эркелетүү, таарыныч аралаш.
Жалт карасам аллеяда дарактын далдаасында күлүп
турупсуң. Жүрөгүм дүкүлдөп кетти.

– Жалганчы десе, – дедиң утурлай басып. Ийиним-
ден ала көзүмө тигилдиң. Көзүңдөн жумшак мээрим
көрдүм.

– Өзүм байкабай иттик кетирсем кечир. Эмне десең
макулмун, болгону качпай жүрчү. Жүр, шаарды ушун-
дай бир айланабыз дейсиң, эч ким көрө элек жерлерге
барабыз, – дедиң да жооп күтпөй эле кыркалекей тизи-
лип турган таксилерди көздөй жетеледиң. Кечке шаар
кыдырып, тир атып, кафеге кирип, айтор, жаш баладай
сайрандадык. Бир да жолу телефонуң шыңгырабага-
нынан:

– Сага эч ким чалбайт го? – дедим акырын. Саамга
унчукпай калдың да анан:

– Сен жанымда кезде эч ким чалбайт! – дедиң ойлуу.
Бирдеме айта албай улам камданып, кантер экен де-
гендей көзүмө тигилдиң.

– Ии, эмне? – дедим күлүп. Өзүң да күлүп жибердиң.

– Жазы, мен көптөн бери, дээрлик он жылдан бери
өзүм бара элек жайга сени алып барайын деп даярдык

көрүп койгом. Сенден уруксат сурабаганым үчүн кечир. Билесиңби, ал жер көп нерсени, өрттүү жаштыкты, аткарылбаган арзуу тилектерди эске салат. Жакшы жай, барсаң көрөсүң, – дедиң да, терең күрсүнүп алдың.

– Эмнеге барбай жүрдүң эле?

– Мен чоң атамдын колунда чоңойдум. Он сегизге чыкканда чоң атам дачасын мага белек кылды. Анан ошол дачадан бир кыз менен таанышып, биздин жакшы күндөрүбүз ошол жерде өтчү. Кийин ал кызды атаэнеси бай бизнесменге күйөөгө берип жиберишти. Мен акчам менен тигиге теңеле албаганыма намыстанып артынан барган жокмун. Мына ошондон бери азыр сени менен баратам. Акчалуу болом, мен да машина, бизнес жасайм деп жүрүп өзүмдү унутуп бараткамда сен жолуктуң. Сен мендеги өчүп калган бир отту жандандырып койдуң, Жазы. Качпай жүрчү, ээ? – Жалооруй карап, бир колуң менен колумду сылап койдуң. Алакандарың нымшып тердеп, болоор-болбос калтырап туруптур.

Унчукпадым. Сен чын дилден сүйлөп жатканың муңдана түшкөн сулуу көздөрүңөн көрүнүп турду. Шаардын сыртына чыгып, кичинекей көчөгө бурула чакан короого кирдик. Сен машинадан түшүп, саамга апкаарыгандай үнсүз туруп калдың да, анан оор үшкүрдүң. Мен да түштүм. Короодо көптөн бери эч ким жашабаганы бут баспаган чөптөрдөн билинип турат.

– Келдиңби, Адилет? Короо өзүң көргөндөй эле, – деди бизди тосуп алган аял жумшак жылмайып.

– Саламатсызбы Айша эже, бул мен сизге айткан Жазгүл. Жазгүл, бул менин эң жакын сырдашым, насаатчым, кошунам Айша эже, – деп тааныштырдың.

# АЙЫЛДАГЫ ЖАЗ

Айылга өзгөчө жаз келет. Арыктардагы суулар ба-
лоодон бошонгон кулундардай туйлап, жаңы тили чы-
кан баладай таттуу чулдурап арык бойлоп, кээде жо-
жээктеп чуркайт. Байчечекейлер жер кучактаган кар-
дын боорун жыртып күнгө бой таштап, көк майсаң че-
менен кучакташа жазга умтулат. Дарактар да ушу
керемет учур келээрин күтүп араң карманып турга-
дай, дароо жайнап бүчүр жарып, жаш бутактар сылы-
рым желге бой сала солкулдап, айтор, аалам жаңыра-
Секелек кыздар да жазда бой жетет. А чымчыктар бо-
со ушунун баарын таңга, күнгө мактап жар салат.

Ушундай бир ажайып жазда Гүлшан бой жетти.
Арык, ак саргыл кыздын бой жеткенин биринчи кошу-
на улан Белек байкады. Көкүрөгү болоор болбос ти-
сийип, анысынан өзү уялып, бирок, ошол табышма-
туу мүчөсүнө сыймыктангандай бой керип калган кы-
суута чыккан сайын көлөкөсүн карап басчу болупту.
Мурда көчө боюнда отурган боз уланга маани де-
берчү эмес, азыр андан качыппы, же уялыппы, айтор
бир өзгөрүү бардай. Белек бул өзгөрүүнүн кандай эк-
нин так айта албаса да, дилин жагымдуу сезим кыты-
гылай берчү болду, капырай. Күн сайын таң агары-
чымчыктар өз ырын баштаары менен бозулан атын су-
гарганы суута барат. Анткени, ушул учурда Гүлша-
да эрте мененки өзүнө окшош сымбаттуу көлөкөсү-
көргүсү келгендей кош чакасын алып башат боюна ке-

лет. Экөө саламдашпайт. Бири-бирин көз кыйыгынан карап, бирок, көрмөксөн боло бири ат жалын тарап, бири суу толгон чакаларын баканга сала ийинине илип жай басат. Кыздын кериле баскан солкулдак келбетин, ич-ичинди байкатпай булкуп кеткендей «дирт» эттирген тумсак көкүрөгүн, балапан түгү түшө элек ак саргыл жүзүн, сүт эмген баладай күлкү тээп бүлкүлдөгөн бүлдүркөн эриндерин бет келип карагысы келсе да уландын жүрөгү даабайт. Мурда тие келди тийишип ыйлата берген жөнөкөй сары кызда ушул жазда апкаарыткан сүр, тайсалдаткан күч пайда болгонсуйт. Эмне деген сүр, эмне деген күч экенин биле албай ичи бышат уландын. Дили бөксөрө узата карап, анан шылкыя атын жетелеп үйгө келет.

Эгерде капилет окуя болуп кетпегенде, ким билет, экөө канчага чейин жашынмак ойношмок. Ошол күнү да Белек таң менен кошо сууга барды да, кызды күтүп отурду. Жай келип, күн эрте кызый баштаганга аты чиркейден качып жал куйругун чапкылана баштаса да *Белек кызды күтүп көшөрүп олтура берди. Гүлшан не*гедир кечигип келди. Олоң чачы төгүлө суу алганы эңкейген кыз адатынча уланды байкамаксан боло тизелей отура берип, кайра атып тура кыска чаңырды. Белек кантип кыздын жанына жетип барганын байкабай калды.

– Эмне, Гүлшан? – деди кызды колдон ала. Бакыраң көздөрү корккондон алаңдаган кыз сүйлөй албай, уландын көкүрөгүнө эрктен тыш ыктай бетин басып калтылдап турду. Оролгон кара чаар жылан кош тилин соймоңдото баш көтөрүп, айбат кылып турганын эми гана байкаган Белектин да жүрөгү «шуу» дей түштү.

«Жыланга тийбесеңер чакпайт» деген атасынын сөзү эстей койгон улан кызды бооруна кыса «коркпо» деди акырын. Жылан бул адамдар тийбесин түшүнгөндө жай бурулду да, шыр-шыр сойлоп, чөптүн арасына кирип кетти.

– Гүлү, жылан кетти, – деди Белек кыздын дагы эле титиреген назик ийиндерин кош колдой кармап. Гүлш ошондо гана жигиттин кучагында турганын байкады. Ак саргыл жүзү дуулдай албырып кызарып кетти.

– Рахмат, – деди үнү каргылдана.

– Эмнеге рахмат, жыланды өлтүрбөгөнүмөбү?

– Билбейм, сиз болбосоңуз корккондон жүрөгүм айрылып кетмек. – Кыз суу алганы кайра эңкейди.

– Кел, мен алып берейин?! – Белек дароо кош чака сууну толтура сузду да, аты бар экенин унутуп чайпалта көтөрүп жөнөдү. Баканын колуна кармаган Гүлш унчукпай артынан келе берди да, айыл көрүнгөндө шашып калды.

– Белек аке, сууну өзүм эле көтөрөйүн, бирөө көрсө уят, – деди карбаластап. Уят. Ушул сөз токтотту бо уланды. Саамайы эрте мененки эрке желге сеңселген кыз уяң жылмайып жер тиктеп турду. Сөз таппай апкаарыган Белек не дээрин билбей:

– Эртең да келесиңби? – деди кыздан көз албай. Кыз үнсүз баш ийкеди да, табышмактуу күлүп койду.

Экөө катарлаш баскандан уялып Белек аргасыз артта кала берди. Кыздын карааны тумшукту айланып кеткенче узата карап турду да, анан кош колун көккө созо турган жеринде чимирик атып бийлеп жиберди. Башы айланганча бийлеген улан чалкасынан сунала жата кетти. Аппак булуттар тоо чокусуна илинип то

топ калгансып каалгыйт. Канчага жатат эле ким билет, булак боюнда кала берген атын эстеп кайра артына чуркады. Жаныбар жал куйругун чапкылап коюп оттоп жүрүптүр. Жигит атты мойнунан кучактай өпкүлөп жиберди. Көөдөнүн кандайдыр эбегейсиз кубаныч тепкилеп, өзүнө-өзү сыйбай турду.

Экөө күн сайын суу боюнан жолугушат. Мөлтүр кашка булак күзгүдөн бири-биринин бирде сүйрү, бирде тоголок тарта ийреленделеген жүздөрүн карап суу ичишет. Тиш какшаткан суу алардын эриндеринин, күлкү чайыган жүздөрүнүн көлөкөсүн агыза төмөн кулайт. Бир жолу да ошентип суу ичип жатып, Белек кармана албай кызга суу чачып жиберди. Оболу чочуп аптыга түшкөн кыз, бултуңдай чакаларын көтөрүп кетип калды. Шашып калган Белек не кылаарын билбей кала берди. Ошол күнү кечке чейин жанын коёрго жер таппай буулукту. Кечинде кыздын үйүнүн артындагы бир түп өрүктүн түбүндө Гүлшандын караанын кайтарып отурду. Тигине, кыз итине тамак бергени чыкты.

– Гүлү, – деди акырын. Белек өз үнүн өзү араң уга калтаарып турду. Биринчи түн жамынып кызга келиши эле.

– Ким? – Кыз чочулай бери басты.

– Гүлү, мен эле. – Жакын келген кыз ууртунан табышмактуу жылмайды.

– Неге келдиң?

– Кечирип койчу, мен сени таарынат деп ойлобой эле суу чачып жибергем. – Белек калтаарый кызды колдон алды. Назик, бир аз кургак тартып шуудураган кичинекей ысык колдор болоор-болбос титиреп туруптур.

- Үшүдүңбү? – деди Белек. Гүлшан колун акы
тартып алды.

– Апам чыгып калбасын.

– Анан чыкчы, мен кетпей күтүп турам.

– Кантип чыгам, апам билип калса өлтүрөт го.

Кыздын сөзү бүтө электе эшиктин ачылганы
удаа эле Гүлшандын апасынын «Гүлү» деген үнү у
ду. Кыз өрт кеткендей чуркады. Белек негедир түн
баратса да Гүлшанын күтүп отура берди. Толукш
тептегерек ай күмүш нурун тегиз чача, ак жүзүнө
тыла берген булут көшөгөнү сүйрөй сыйрып су
сүзүп келатты. Тоолор буурул тарта шаңкайып
кум шоолага чайынып, үргүлөгөн уйкучу даракта
ойгонуп кеткенсиди. Күңгүрөнгөн чоң дарыя ай ал
теңге чачып жибергенсип миң кубула жылтылдап, о
жылтылдаган алтын теңгелерин шыгырата кара
капчыгайга сорулуп кирип кетип жатты. Түн жом
мындай ажайып болоорун Белек мурда билбегенин
калды. Эшиктин акырын «кыйч» эткени түн кайта
боз улаңдын кыялдарын сапырып кетти. «Гүлшан»
күтүү уялаган жүрөгү. Чын эле Гүлшан экен. А
көйнөгү ай нуруна чагылышып, өзү да айга окшоп
абайлай басып келатты.

– Күтүп калдыңбы?..

– Ии... жок, ооба... – Белек не деп атканын деле
ген жок. Бет алдындагы бир үзүм булуттай үлбүр
кыздын колдорун кармап алтыкты. Гүлшандын н
ийиндери дир этти. Белек шашкалактай күрмөсүн
ты да, анан колдорун тарта албай коомай куча
тармал чачтары жапкан назик желкесин акырын
тады. Кыз гүл, жыпар мончок жыттанып, ошол

бозуландын бүтүндөй акыл-эсин уурдап баратты. Колго түшкөн эликтин чаарчыгындай калтыраган Гүлшандын ай далысынан жумшак сылай энтикти Белек.

– Гүлү, таарынбай жүрчү?!

Гүлшан унчукпай баш ийкеди. Кыздын көздөрү өздөрү жолуккан булак түбүндөгү таштардай жоодурай жылт этип ай нуруна чагылышып, кайра кылгыра көлөкөлөндү. Экөө көз албай көпкө тиктешти. Белек Гүлшандын ууртунан өптү. Жигит кыз уурту наристенин таноосундай ууз жытганып, ысык, таттуу экенин биринчи жолу байкады. Бул бал даам анын эринине гана эмес, бүт боюна тарап, канында жүгүрүп, тамырын тарс жарып жиберчүдөй аралай чаап чуркап жөнөдү. Бактысына мас болгон Белек кыздын бүлдүркөн эриндерин кантип соруп өөп киргенин байкабай калды. Кучагында балыктай туйлаган кыз бетин кош колдой бекем жаап, назик, ысык шыбырады.

– Кантесиң, Белек... Коё берчи?

– Жаз гүлүм, мөлмөлүм, жакшынам, байчечекейим менин! – Белек өзүнүн мындай керемет сөздөрдү билээрин бүгүн байкады. Качан, каерден укканы эсинде жок. Кыязы каны менен кошо жаралса керек. Бул сыйкырдуу сөздөр тээ тереңден күч менен кармалган суудай атылып, жалын болуп бүркүлүп өзүнөн-өзү чыгып кетти. Каны башына тепкен боз улан кызды кош колдой көтөрүп алып бет келди чуркап жөнөдү. Эгер азыр чуркабаса, ичине батпай бараткан өз бактысынан өзү жарылып, эчтемеси калбай чачырап кетчүдөй туюлду. Коркуп кеткен кыз жигиттин мойнунан бекем кучактай алтыкты.

– Белек, кантесиң, түшүр дейм. Кыйкырам азыр.

– Кыйкыр, мейли, кыйкыр, күнүм! Баары чурк
чыгып, күн кармап, ай кучактап баратканым
көрүшсүн! Көрө албагандар ичи күйгөндөн жер куча
тап жыгылсын! Кыйкыр, күнүм, үнүң жеткен жерге ч
ин көтөрүп чуркайм!

Белек менен кошо ай кучактап, жылдыз тагын
көк асман, ак шоокум нурга тунган талаалар, тоол
күмүштөнө жылтылдап, оштоно окторулган улуу с
бүчүр мончок, байчечек таажы тагынып, ала чап
жамынган көктөм жаз кошо чуркап баратты. Тең
шамал «көз тийбесе экен, кудай ай, көз тибесе эк
деп энтелеп акактап, делбиреп, этек-жеңи менен кал
лап чарк айланып куюндап турду жаныбар. Кылымд
дан боюн жыйбай чубалган кан жол кучак жая алды
эртеңге чакырып, жол бойлогон дарактар ушул кад
түнгө баш ийе таазим этип турушту.

# БИР ЖОЛУККАН КЕРЕМЕТ

Периштем! Мен сенин атыңды билбегендиктен ушинтип атадым. Анткени, периштедей бир жарк этип ааламымды жаркыттың да, анан дайынсыз жок болдуң. Экөөбүз бирге өткөргөн түн күндүз көзүмдөн, түнү түшүмдөн кетпес болду. Поезддин шарактаганына жарыша сенин акыштуу онтогонуңду, улам мойнума ороло ит жыгылыш болуп бирде үстүмдө, бирде астымда туйлаганыңды кантип унутам!? Эриндериңдин даамычы, тим эле бүлдүркөн даамданат. Мындай даам биз бала кезде жеген, тээ Аксынын токойлорундагы кыпкызыл, ширелүү бүлдүркөндөрдө гана болоор эле. Кантип таанышканыбызды, жок, тагыраак айтканда кантип жолукканыбызды кинонун лентасындай башынан элестетем да, акырына тез эле чыгып, тойбой кайра башынан эстей бергенден тажабайм. Уйдай кебелбеген териси калың аялымды карап туруп, «эмнеге аял деген ажайып заттын баарын бирдей жаратпаган» деп кейип кетем. Мына периштем, сени кайра башынан эстеп кирдим. Кайрадан экөөбүз, кайрадан жол.

Купеге кирип, эми эле жайгашканда сен башбактың.

– Уруксатпы? Кечирип коюңуз, бычагыңыз барбы?

Ууртуңдагы кичинекей чуңкуруң жарк эте эски тааныштай жайдары жылмайдың.

– Уруксат, капырай ушундай сулууга бычактын эмне кереги бар? Сиз ар кандай бандитти көз менен багынтсаңыз болот.

– Көз кадырына жетпегендер кезигип калса, кере
тиеби дейм да.

– Көздүн баркын билген, күчүнө багынган жанга ж
луктум деп эсептей бериңиз.

Сен шыңк күлдүң. Күлкүң тоо булагында туну
шыңгыр, анан тентек экен. От чача балбылдага
көздөрүң менен жоодурай карап, унчукпай колуң
сундуң. Эмнеге сунганыңды түшүнбөй эле, аппак кич
некей колуңду кармадым да, мындай керемет кол
ушул кезге чейин кармабай өткөн бейопа өмүрүмө ке
ип кеттим. Сөөгү жоктой жупжумшак, ыпысык, ба
нықындай сыпсыйда назик манжалар алаканымда б
лоор-болбос калтырап турду.

– Апей, колумду кармайсыз да, мен бычак сурап ж
там.

Капкара көздөрүң башкача кылгырып, жумуртк
дай ак жүзүң албырып кызарып кеттиң. Ак куу моюн
дарыңан бери бышкан кызылгаттай кызгылт тарт
кеткенин карап туруу кандай бакыт экенин билген жо
сун.

– Эмне кесмек элеңиз?

– Эт кесели дегенбиз, – Сен колуңду акырын тарт
алдың. Колумдан эң аялуу буюмумду алып койгонд
умсуна түштүм. Көзүңдөн көз албай, жанымда жүрг
бычагымды сундум. Көздөрүңдү ала качып бурула бе
диң да, чыгып баратып табышмактуу күлүп койду
Келээриңди билип эле турсам да түтпөй, чебеленип ул
кирип чыга бердим. Түн ооп баратты. Капырай, келб
коёбу табышмактуу аркар көз кыз? Ушул ойдон ула
артыңан кошо чыкпаган өзүмдү-өзүм башка чапкыл
жибергим келди. Караңгы тамбурга чыга бергенде се
менен беттеше түштүм. Көрбөй туруп туйдум сен э

ниңди. Сенден баш айланткан жагымдуу жыт келди. Бул жыт жамгырдан кийинки кызгалдактуу талаанын, жалбыздын жыты эле. Бөрсөйгөн мамактарың көкүрөгүмө тиреле, энтиге оор дем алып, колго түшкөн жапайы чаарчыктай калтырап турдуң. Ийилчээк денең тээ илгертен билип жүргөндөй дилге тааныш болчу. Үн-сөзсүз боорума кыса аймалап жибердим. Сен оболу каршылык көрсөтө толгонуп, анан акырындап денең бош тарта, эркиме багынып бердиң. Улам бир бурчка сүрүлө урунуп, соо жериңди койбой сагынып жолуккан жандай жан таштай өпкүлөп жатып, сени бүт өмүр күткөнүмдү түшүндүм. Денемди жарып кетчүдөй чыналган каалоодон үстүңдөгү жука көйнөгүңдү чарт бөлүп жиберсем, шайы көйнөк араң тутуп жашырып турган аппак көкүрөгүң мени ансайын акылдан адаштыра булуттан чыккан айга окшоп жарк этти. Андан ары чыдай алмак эмесмин. Ошол учурда жаным денемден атып чыгып кетпегенине азыр да таң калам. Сени купеге кантип көтөрүп киргенимди али күнчө эстей албайм. Билгеним аптыгып, жан жыргалынан энтиге апакай сандарыңан, тирсийген бөдөнө тумшук мамактарыңан, топчудай киндигиңден өпкүлөп, сенин денеңе денемдин ысып-күйгөн кичинекей бөлүгүн эле башбактырбай, бар дүйнөм менен сиңип кетүүгө даяр болгонум эсимде. Ошондогу үзүлгөн топчуларым али да ар кимдин бут алдына тебеленип жатса керек. Балким, биз өңдөнгөн ашыктардын далай кумарлуу түндөрүнө күбө болгон чыгаар? Же, таштандынын арасында мен өңдөнүп сенин жытына, дыбырата үзүп салган назик колдоруңа зар болуп тумучугуп жатты бекен, каран күн. Купенин дубалына далым урунганынан жерге оонап түшпөдүк беле. Бая эле колумда калтыраган ки-

чинекей колдорун менен көкүрөгүмдү тиреп, чалка
берип көпөлөктөй конуп отурганыңды эч бир сүрө
менин карегимдей тартып кала алмак эмес. Ысык с
дарын капталымды өрттөп, ипичке белиңен кош к
дой кыса кармап, эми эле ушул бойдон көтөрүп тур
чарчабай чуркап кете берчүдөй, кете берчүдөй дел
регенимди, элжирөөдөн жүрөгүм ыйлачудай чыңал
шамалда калган жалбырактай дирилдегенин ме
жан-дүйнөмчөлүк эч бир жазуучу жаза албас эле, а
ганат. Бул жөн эле төшөк кумары эмес, адам бакты
нын жан жыргалынын улуу кудурети, жеткен чеги б
чу. Мен сени, сени төрөгөн энени ошол түн үчүн
өмүр тилим жетишинче, адам болуп жаралганы к
дай жакшы сөз үйрөнсөм, уксам ошонун баары ме
алкап, даңктап өтөм. Сен кол тийгис таза болсоң
тажрыйбалуу аялдай кумарлуу элең, акыштуу элең,
лыктуу элең. Ошонун баары эч бир жасалмасы жок
бигый болчу. Бул сага энең аркылуу кудайдан бер
ген улуу талант беле, белек беле билбейм. Канча
жылдап эркек менен жашап, бирок, анын алдына ж
гана төшөктөй төшөлүп, эч бир жан өрттөгөн кыль
дил толкуткан жылуусу жок жатып берип, бала тө
эле келатапайбы. Андай аялдан өзгөчө бала д
төрөлбөс деп кетем, күнөөкөр дилимде. Эне, бала
дай болсо да касиеттүү дечи, ошентсе да сендей аял
башкача бала жарыкка келээрине, негедир жалтан
кепил болгум келет. Сенин ажайып жытың си
көйнөгүмдү али да жуудурбай, кусамдан күйүп
болуп калаарда таберикгей жүзүмө басам.

Түн бою уктабай, сага тойбой, эч бир эрке
күчтүүлүгүмдөн жазбай улам кумарга батып жа
кашайып таңга жуук уктап калыпмын. Ойгонсом

болуп калган экен. Сыйпалап эле сени таппай калдым. Үр кызы белең кагылайыным? Эч бир дайыны, дареги жок кеттиң. Кайсы станциядан, кайсы учурда түшүп калганыңды кантип туйбадым? Мени кусага, аягы жок эскерүүгө калтырып коюп кетип калдың. Периштем, сени издебей койду деп таарынба. Кайдасың? Дарегиңди болжоп эле билсем да жер кезип издеп чыкмакмын. Мен сени издеп табам ишенгин, болтону кичине күтө тур. Азыр мени байлаган абдан күчтүү бир жан бар. Ошол кичинекей падышам жетилсин, бутуна тургузуп коёюн, анан экөөбүз сөзсүз жолугабыз.

Жаныма келген уулумдун бытыйган колдорунан кармап:

– Кандай катын аласың? – дедим уулумдун али таптаза, эч бир санаасы жок наристе көздөрүнө карап.

– Сулуу, – деди уулум ишенимдүү.

– Ошенткин, эң сулуусун, эң акылдуусун, өрттү өчүргөн суудай шар, суудай шашма, суудай өжөрүн алгын. Андай аял капыстан, бир эле жолу жолугат. Ошондо бекем карма макулбу? Сен эркексиң, чыныгы эркек андай аял үчүн баарына макул болуу керек.

– Сизчи, сиз эркексизби? – деди кичинекей уулум.

– Ооба, анткени, мен ошондой аялга жолуктум, бирок, кармап кала албадым. Ал үчүн курмандыкка барып тентип кете албадым. Анткени, сен бар болчусуң. Сен болбосоң тентип кетмекмин. Сен мага окшоп сүйүүдөн да бийигирээк турган бала деген кереметке байланганча аялдын сулуусун, чанда жолукчу периштесин издегин. Жүрөгүң ушул демейинче, эч бир жанга үйлөнбө, макулбу. Жүрөгүң өзү эле ушул дейт. Ага чейин сезимиң ушул деши мүмкүн, аны укпа, анткени,

сезим алдамчы. Сен жүрөк менен сезимдин үнүн ажырата билгин уулум.

Уулум түшүндүбү, жокпу билбейм, мени ушундай бир олуттуу карап туруп, баш ийкеп койду. Азыр түшүнбөсө, анан түшүнөт, эсинин бир жеринде калса, кийин жарк этип чагылат. Уулумду боорума кыса кучактап алып, сен жөнүндөгү кино лентанын башынан түрүп кайра эскере баштадым

## ЭСИМДЕ

Биз таанышкан күн, күнү бүгүнкүдөй эсимде. Ошол күнү жамгыр жаап турган. Сен менин кол чатырыма суроо-сопкутсуз эле калкаландың да, бажырая суроо узаттың.

– Уруксатпы, чоң кыз?

– Мен чоң кыз эмесмин.

– Кимсиз анан?

– Чоң энемин.

– Капырай, сиздей жаш чоң энени биринчи көрүшүм, чоң эне. Небереңизди калкалай кетсеңиз.

Сенин обу жок тапандыгыңа кыжырым келип, унчукпай баса бердим.

– Менин атым Жанар, – дедиң олуттуу. Атайын укмаксан боло унчукпай койдум. Сен өз кулагыңды өзүң чукулап-чукулап алып:

– Мени атым Жанар! – дедиң үнүңдү көтөрө.

– Кечирип кой, уулум. Карылык, укпайм, – деп алып, анан аялдамага токтогон биринчи автобуска чыгып кеттим. Сен кала бердиң. Тармал чачың жаагына жабышып, кирпигинен бери суу болгон апендидей келбетиңди көпкө чейин эстеп жүрдүм. Унутулуп баратканда кайра жолуктуң.

– Саламатсызбы, чоң эне! – дедиң капыстан алдыман чыгып. Жерден чыга калгандай пайда болгонунан чочуп да кеттим. Кубанып кетсем да, кубанганымды, тымызын күтүп жүргөнүмдү мойнума алгым келбеди.

– Саламатчылык, кайсы бала элең? – дедим суз.

– Мен эле, Жанармын.

– Ии, бар бол, – дедим да басып кеттим. Артыма жете келип колдон алдың.

– Кечирип кой, сени менен алгач жолукканда эле ол доксон тамашалашып алдым окшойт. Сен мага чын эле жагып калдың. Кел, таанышып алалы. Менин атым Жанар, сеникичи? – дедиң мен качып кетчүдөй шаша сүйлөп.

– Сен мага жаккан жоксуң?

– Анда неге кубанып кеттиң?– Оюмду окуп турган дай бетке чаап сүйлөгөнүңөн, тим эле жарылып кетчүдөй арданып кеттим. Ушундай бир заар сөз айтайын деп бурулсам, баладай бажырайып күлүп турупсуң. Саамга тиктеше түштүк. Ушул көз караштан ичиме жалын түшүп кеткендей апкаарып кеттим. Кантип атымды айтып жибергениме али күнчө түшүнбөйм.

Эсиңдеби, биз экөөбүз үч күн талаалап жүргөнбүз. Сен үй-бүлөңдү, мен жумушумду унутуп үч күн тентидик. Алгач кафеге кирдик.

– Мен сени жоготуп алгандан корком! – дедиң көзүмөн көзүңдү албай.

– Эмне, жоголмо тийиптирби, сен эле жоготуп жибербесең... – Ушул сөздү айтканда ичимден кан өтүп кеткендей тыз этти. Анткени, кайсы бир күнү менин жоголоорум турган сөз болчу. Менин ордум сенин турмушуңда жаздын көктөмүндөй убактылуу эле. Эртең эле, биздин сезим сайрандаган көктөм күндөрүбүзгө оболу саргайган күз, анан сезим үшүткөн кыш келмек. Мен муну сен айтпасаң деле билип жүрөм.

Ал күнү биз досуңдукуна бардык. Сыртта сени күтүп турсам, бутуна араң турган мас досуң чыкты да, бели-

мен имере кучактап, күтүүсүз өөп алды. Чочуп кетип түртүп жибердим. Денеме жылан оролгондой ичиркенип кеттим. Ал сендиректеп машинага чабыла туруп калды. Шарт бурулуп кирип кеттим. Эгер мен, сенин мыйзамдуу келинчегиң болсом минтип тийишмек эмес. Кирсем, сен эч нерседен бейкапар досторуң менен коштошуп бүтө албай жатыпсың. Ызаман боюм калчылдай: «Жанар, мен кеттим» – дедим да, бурула бергенде досуңдун жароокер кызы:

– Жалгыз кантип кетесиз? Азыр чогуу чыгасыздар, – деди чын дилден тынчсыздана.

– Мен дайым эле жалгызмын, – дедим үнүм калтырап. Көз жашым өзүнөн-өзү жаак ылдый сарыгып, жүзүмдү жууп жатты. Ээн көчөдө жалгыз бараттым. Бир оокумда сенин кардыга кыйкырган үнүң угулду. Жол боюна отура калдым. Сен артыман күйүгүп жете келдиң да, унчукпай бооруна кыстың. Жүрөгүң көөдөнүңдү жарып кетчүдөй дүкүлдөп жатыптыр.

– Кайда барасың мени таштап? Жоготуп алган экем деп коркуп кеттим. Коё тур, чогуу кетебиз. – Бооруңа кыса кучактап алып сүйлөп да, өөп да жаттың. Сенин кенен көөдөнүңө башымды коюп алып, алгачкы биз жолукканда жааган жамгырдай төгүлүп ыйладым. Менин эмнеге ыйлап жатканыма түшүнгөн жоксуң. Таарынды деп ойлодуң окшойт, кечирим сурап эле жаттың. Мен сага эмес, бири кем тирүүлүккө таарындым. Убактылуу бакыт берип, кайра эртең тартып алчу шум тагдырга өктө кылдым. Сен болсо, аны билбей эле астыүстүмө түшүп кечирим сурап аттың.

Эсиңдеби, биз андан кийин да көп жолуктук. Улам «ушул акыркы жолукканыбыз болсун» деп отуруп ке-

линчегиңди далай ыйлаттык, балдарыңды сени күттүрүп далай бозорттук. Ошол эле учурда менин басынганымды, кыйналганымды айтпа. Далай жолу, «акындар жазган, аалымдар табышмагын чече албаган сүйүүң ушул болсо, каргыш тийсин» деп ыйладым. Далай жолу, «сени тааныбайм, көргүм да келбейт» деп айтам да басып кетем» – деп шайланып, качан сенин капкара көздөрүңдөгү арзууну көргөндө, кенен кучагыңа кыналып, жүрөгүңдүн дүкүлдөгөн дабышын укканда көк бет тагдырга, «биздин сүйүү эле эмес, керек болсо жашоо убактылуу» деп каяша айттым. Азыр ушул алсыз, ошол эле убакта күчтүү каяшаны эле эш тутуп жашап жүрөм. Бүгүн эле кеттиң. Адатыбызча жаш баладай «экинчи жолукпайбыз» дедик да, арадан жарым саат өтпөй мен сага чалсам, сен мага чалып жатыпсың.

– Ыйлагым келип жатат, ээн талаадан бугум чыкканча кыйкырып алсам, – дедиң үнүң муңдуу дирилдеп. Үнүңдө сөз менен айтып өлчөй алгыс куса жатты. Бул кимге болгон куса эле билбейм. Балким, бейкапар балалыкка болгон куса чыгаар, же, күнөөсүз күйөө болуп, камыр-жумур жашаган бороонсуз күндөрүңө болгон куса беле? Менин да ыйлагым келди. Бизге кайдагы ээн талаага чыкмай. Өзүбүздүн көкүрөгүбүз шамал улуган ээн талаа болуп жатса...

# КОШТОШУУ

Назира үңкүйгөн күйөөсүн карап туруп аяп да, жек көрүп да кетти. Жанына барып мурдагыдай сүйлөгүсү, бирдеме деп алаксыткысы келип, бирок, негедир батынган жок. Экөө таптакыр жат эле. Бир кездеги бири-биринин көрбөсө тура албаган керемет күндөр азыр жомоктой сезилет. Азыр ошол күндөрдүн деми, ошол кездин эскерүүсү менен гана жашап калды Назира. Кайрадан кыял, кайрадан өткөнгө саякат.

Назира жогорку окуу жайын аяктап, өз айылындагы мектепке иштегени кетти. Окуу жайды бүтүп барган, ары татынакай кызга кардарлар көп чыгып, ал эми Назира өзү болсо кандайдыр башкача сезимди көксөп, дил тереңинде ошол өзү көксөгөн сезимди тартуулай ала турган кимдир-бирөөнү күтүп жүрдү. Эсинде, ошондо жаз алды болчу. Жер жарылып чөп чыккан, желин айрылып сүт чыккан бул көктөм башкача келди. Эртеңин кыялкеч тилектер коштогон бүтүрүүчү класстар менен Назира теңтуштай сырдашып, алар менен кошо өзү да тымызын бир тилектин орундалаар күнүн тымызын күтө берди. Сабактан чыккандан кийин да көпкө мектептен кетпей топ ойноп, же чогулуп алып баёо тилектерин, аруу кыялдарын айткан ошол күндөр керемет күндөр экен көрсө.

Күн сайын мектепке ашыгып барып, шашпай кайткан күндөрдүн биринде Назиранын жолун топ жигиттер тосту. Жанында бараткан окуучу кыздар эжейинин жанынан акырын жылып кетишти.

– Сабагыңыз бүттүбү? – деди орто бойлуу, кең далылуу кара-тору жигит Назираны жандай басып.

– Бүтпөсө жардамдашайын дединер беле? – деди Назира кыз каадасын сактап суз. Ортону саамга ыңгайсыз жымжырттык ээлеп, анан бейтааныш жигит кайра сөз улады:

– Бүтсө узатып коёюн дегем. – Жигит жагымдуу жылмайды. Артында топураган достору экөөнө тоскоол болбойлу дегендей артта өздөрүнчө кобурашкан болгону менен, бүт көңүлдөрү экөөндө экенин кыраакы кыдили сезип эле келатты.

– Узаткыдай түн деле эмес, анын үстүнө үйүмө барчу жолду унута элекмин, – деди Назира какшык жылдырып. Жигит кайманa какшыкка атайын маани бербей:

– Сиздей кыздарды күндүзү деле аңдыгандар көп, – деди жылмаюусунан жазбай, бирок, жигиттин капкара өткүр көздөрү көлөкөлөнө түштү.

– Аңдыгыдай элден башкача деле эмесмин. – Кыз бирдемени эстей албай жаткандай жигиттин көзүнө олуттуу тигилди. Бейтааныш жигит ак жүздүү, көздөрүнөн өзүнө ишенгени ачык көрүнгөн, сулуу жан экен. Ал кыздан жакшы сөз күткөндөй жадырай күлүп турду.

– Аңдыгандардан сактай турган сиздей жансакчы жалдаганым да эсимде жок? – деди кыз кайра кермек какшык узата. Жигиттин жүзүндөгү жадыраган күлкүсү күбүлүп сустая түштү.

– Беш жыл тилди жөн окубаганыңыз байкалып турат. Жакшы барыңыз, – деди жигит.

– Ким аракет кылса эле үзүрүн көрөт. Узатканыңызга рахмат, жакшы калыңыз. – Назира тез-тез басып

кетип калды. Жоо куугандай артын карабай шашып келген Назиранын жүрөгү адаттан тыш дикилдей, кире бериштеги күзгүдөн албырган жүзүн, оорудан жаны айыккан жандай элегей тарта жалжылдап турган көздөрүн карап алып актангансып кобурады:

– Тим эле менсинет да. Өзүнө ишенген неме го.

Ошол бойдон Назиранын жолун бейтааныш сулуу жигит көпкө тосуп чыккан жок. Канчалык сыртынан сыр алдырбаганы менен кыз аны тымызын күтүп эле жүрдү. Көз алдында жигиттин күлкүсү күбүлүп, суставая түшкөн өктөм көздөрү, кулагында жумшак коңур үнү. Окуу жылы аяктап, жазуу иштерин текшерип кеч чыккан Назираны тааныш да, тааныш эмес да үн токтотту.

– Саламатсызбы, эжеке? – Баягы бейтааныш жигит жол боюндагы тыт катардын жээгинде оозуна бир тал чөп тиштеп алып отуруптур. Назира дили толкуй кубанып кетсе да жигиттин ордунан туруп койбогонуна ардана унчукпай баса берди.

– Кудай тил берген менен кулактан кичине кем кылып койгон го, ээ? – деди намыстана түшкөн жигит кызды жандай басып.

– Кулак деле кудайга шүгүр, болгону очорулуп тура албай калган улуу киши экен. Артымда жашы улуу эжейлерден келатса ошону менен саламдашып жаткан чыгаар деп ойлогом, – деди кашкөй кыз сумсайып. Жигит сөзгө жыгылгандай жумшак жылмайды.

– Сабактан чарчагансыңар го, ээ? – деди мээримдүү коңур үн менен. Назиранын дили жылый түштү.

– Азыр жыл аяктап жатпайбы, ошого бир аз чарчап турам.

– Ак көңүл экениңерди билгем, – деди да, анан бирдемени эстей койгонсуп шаша сүйлөдү: – Баса, менин атым Арзыбек, сиздики жаңылбасам Назира болуш керек?

– Кайдан билесиз?

– Бала кезде органда иштесем деп кыялданчумун.

– Азыр эмне, картайып калдыңарбы? – деди кыз күлүмсүрөп.

– Эмне, байкаган жоксуңарбы? Жана жамбашымды көтөрө албай очорулуп араң турбадымбы, – деди Арзыбек жайдары.

Алар ушул кайым айтышуудан кийин жакын болуп кетишти. Ошол жылкы толукшуган жай экөөнө гана энчиленгендей сезилчү Назирага. Кеч кирээри менен суу боюндагы бир түп картаң өрүктүн түбүнөн жолугушчу. Ошондогу ысык шыбырга, таттуу өбүшүүгө толгон айлуу түндөр эч качан түгөнбөчүдөй, муздабачудай туюлчу эмес беле. Арзыбек кыз кечиксе да зарыгып күтүп отура берчү. Назиранын шыбырты угулганда ордунан тура калып, утурлай кучак жайып делбирей чуркап, өрттөнүп бараткандай аптыга кумарлуу өпкүлөчү. Назира менен Арзыбек күркүрөгөн күздө баш кошушту. Алгачкы айлардагы түндөрдүн таттуусу ай! Таң атканча уктабай, улам эрин канаганча өбүшүп, кыймылдаарга шайманы калбай калса да сүйүү кумарына кайра-кайра бата беришчү. Күндүзү бири-бирин улам кумарлуу карап, каректер чагылса дил толкуп, кан дүргүй жүз албырып кеч киришин чыдамсыздык менен күтүшчү. Негедир экөөнүн арасы тез эле суун кетти. Баягы шайыр, тамашакөй күйөөсү түнт тартып, көп иччү болду. Ал тургай кез-кезде Назирага колу

тийчү. Андайда Назира да тилин тартпай каргап, мындай уруштун аягы сөзсүз ур-токмок менен аяктайт. Назира кичинекей кызын көтөрүп канча жолу төркүнүнө кетип калды. Арзыбек артынан барып, «экинчи минтпейм, кызымды сагынып кеттим» деп алып келет да, арадан ашып барса алты ай өткөндөн кийин баягы эле абал кайталанат. Экөөнүн урушуна, Назиранын кетип калганына бара-бара кайын журту да, төркүнү да көнүп, акыркы күндөрү көрсө да көрмөксөн болуп койчу болушту. Ошентип жүрүп уулу төрөлдү. Борборго келишип, шаардын четинен жер алып кичинекей үй салышты. Андан кийин деле Арзыбектин ичкени, Назиранын кетип-келгени тыйылган жок. Эгер бир каргашалуу окуя болбогондо экөө буга көнүп, кадимкидей жашоо улана бермек. Каргашалуу дебеске айласы жок Назиранын.

Арзыбек адатынча шаарга кетип, эки күн жоголуп келди. Анын мындай шаарга кетсе эки-үч күн жоголгон адатына Назира көнүп деле калган. Ал тургай кээде «мас болуп келгенче келбей эле ичкен жеринде калып, качан соолукканда келсе экен» деп самачу. Бул жолу Арзыбек башкача болуп келди. Кандай өзгөрүү болгонун так айта албаса да, күйөөсүнө адаттан тыш бирдеме болгонун сезди Назира. Акыркы күндөрү негедир ой басып, эми бой жеткен өспүрүмдөй өзүнчө эле кыялдуу жылмайып, же, тескерисинче жанын коёрго жер таппай туталана берчү болду. Шаарга көптөн бери жолукпаган жакынына жолукчудай шашып, ашыгып кетет да, мурдагыдай мас болуп, ичкиликтин уусу жыттанып келбей жагымдуу жыттанып, санаалуу, токтоо тартып келет. Кээде түн бою уктабай шып тиктеп, ичтен

тына оор үшкүрүп, жанында эч ким жоктой тунжурап жата берет. Баштагыдай болоор-болбоско сөгүнбөй, ар бир сөздү ойлонуп сүйлөп, ал тургай кээде уруш чыгаргысы келген Назиранын сүйлөнгөнүн укпагандай жылмайып гана коёт. Жумасына күйөөлүк милдетин аткарса аткарат, аткарбаса качан Назира жанжал чыгармайын өз дүйнөсү менен. Бул Назираны урушкандан да жаман кыйначу болду.

– Жаным го менин, Жазгүл, таарынбачы эми...

Назира безге сайгандай атып турду. Күйөөсү төгүлө кучактап, жүзүн ушунча жыл жашап, бир жолу байкабаган мээрим уялап жылмая уктап жатыптыр. Келин уйкусураган күйөөсүнүн өзүн кучактаган колдорун силкип чаңырды.

– Жазгүлүң ким?

Арзыбек көзүн ачып, кимдир-бирөөнү издегенсип кайсалана эки жагын карап алды.

– Жазгүл кайсы шуркуяң дейм?

Арзыбек оор күрсүндү да, жулкулай жармашкан аялын түртүп салып сыртка чыгып кетти. Долуланган Назира артынан чыгып баратып, Арзыбектин кимдирбирөө менен телефондон сүйлөшүп жатканын угуп токтоп калды.

– Жазым, сагынып кеттим. Түшүмдө бекем кучактап, бүт денеңен өпкүлөп, ал тургай кадимкидей жытыңды туюп жатыпмын. Сен болсо адатыңча бирдемеге таарынып жатасың, таарынчаагым десе. Жаным го ушул, өөп койчу. Жытыңан, көзүңөн сенин!

Арзыбектин үнү башкача муңайым, мээримдүү тартып, колундагы трубканы жанын таштай өпкүлөдү. Назира чуркап барып күйөөсү өпкүлөгөн телефонду

жулуп алып жерге чаап, жулмалай басып жыгылгысы келсе да, калчылдаган буттары кадап койгонсуп жылбай тура берди. Эмелеки денесин титиреткен жаалы кайтып, өзүн керексиз сезген келин шалдая артына бурулду да, араң басып үйгө кирди. Арзыбек жарым сааттан ашык жоголду. Ал сырттан таптакыр жат болуп кирди да, аялын карап да койбой төшөгүнө кулады.

– Кет ошонуна... – деди Назира акырын.

– Балдарды кыя албай жатпаймынбы. – Арзыбек үнү каргылдана оор улутунду.

– Балдарды шуркуянын азгырыгына киргенге чейин ойлош керек болчу.

– Ал шуркуя эмес.

– Ким анан? Үйдү бузуп, балдарды арасат калтырып жатса, бирөөнүн ак никелүү эрин азгырып жолдон чыгарып жатса шуркуя эмей ким? – Назира чыдабай чаңырып жиберди.

– Эмне бакырасың? Ким экенин билгиң келеби? Мен ушундай жанды издеп жүргөм. Сени адашып тандаганымды качан үйлөнгөндө түшүндүм. Сен үчүн мен жөн эле эл көзүнө ээрчитип жакшылык-жамандыкка барчу, жогуңду кайдан болбосун таап келчү, каалаймынбы-каалабаймынбы сени менен бир төшөктө жатчу эрмин. Мен эмне кийгим, эмне ичким келет, ичимде эмне бороон болуп жатат, ишим жагабы-жакпайбы, акчаны кантип таап келип жатам, сага баары бир. Бир жолу менин ишиме, кийген кийимиме кызыгып койдуңбу? Сен үчүн эркек жылаңач болбой бирдемени ийинине илип алса, чөнтөгүндө болгон акчасын кагып берип турса болду. Ал эми ал үчүн мен эркектен мурун адаммын. Мен Жазгүлдөн жакшы кийим кийгенди, кымбат вино ич-

кенди, эл барган жерлерге барып эс алганды, дил тө
сырдашканды үйрөндүм. Сен экөөбүз ушунча жыл ж
шап бир жолу сырдаштыкпы? Ырас, алгач үйлөнгө
ысык болчубуз, бирок, андай ысыктык айбанда да
лот, көрсө, адам артыкчылыгы айттырбай түшү
шүүдө экен. Кечирип кой, биз түшүнүшө албай к
дык.

– Мен сени жакшы көрөм, – деди айласы кеткен Н
зира. Арзыбек унчукпай тамеки чегип отура берди.

– Анда үйдү бүтүрүп, документин балдарга өткө
бер да кете бер ошонуңа.

Арзыбек Назираны ушундай бир кызыктай кара

Бул көз караштa ушундай бир дил үшүткөн көн
калуу бар болчу.

– Ошол эле керек болсо, үйдү балдарга эмес, с
өткөрүп берүүгө да макулмун, бирок балдар менде
лат.

– Көрөм ошол канчыгың эч нерсеси жок, бал
менен калган сени киргизип алганын. Ага сенин акч
жума сайын барып кыңшылашып жатканың керек!

Арзыбек Назирадан «балдарды бербейм, үйүң
кереги жок» деп айтат го деп күткөн. Аялынын «бал
менде калат» деген сөзгө маани бербей кайдыгер
рап, үй үчүн аларды калтырууга макул болчуд
түрүнө, муздак көздөрүнө жипкире түштү. «Балк
ажырашаарыбызга ишене албай ушинтип жаткан
гаар» деп Арзыбек көңүлүндө аялын актап жибер
Кантсе да ушунча жыл жыты сиңишип калган адам
жаман ойго кыйбай турду. Ал өзү деле азыр эле ажы
шып басып кетерине ишене албай эки анжы ойдо б
чу. Экөө эки жерде бир топко тунжурап отуруп калы

ты. Сааттын чыкылдаганы мээни жеп, Назирага ушул кичинекей эле буюмдан чыккан үн азыр мээсин жарып чыгып кетчүдөй туюлду. «Кантип эле Арзыбек балдарды алып кетип калсын? Ачуу үстүндө, андан да тигининне кызыгы таркай элек ушинтип жатат. Шашпасын али далай өнөр көрсөтөт анысы тийип алгандан кийин». Али жүзүн көрбөгөн аялды ушундай бир жек көрүп, кандай болбосун издеп таап, тытып жеп жибергиси келип калчылдап чыкты да, ошол эле учурда ал өзүнөн бийик турганын, аны издеп баруу өзүн гана паска чабаарын сезип көңүлү чөктү. Балдарына дили сөгүлдү Назиранын. Кантип тирүүлөй жетим болушат? Азыр эч нерседен бейкапар, чоң эне, чоң атасына эркелеп жүргөн балдарын жүрөгү эзилип сагынып, ыйлагысы келди. Алар жанында болсо мынчалык оор болбойт беле, ким билет. Арзыбекти сүйөөрүн да бүгүн түшүндү. Ансыз жашай албасын ушу азыр мойнуна алып, жүрөгү кырылып ооруп чыкты.

Таң атканча экөө тең уктабай чыгышты. Назира эртесенен биринчи жолу күйөөсүнө чай берип, кечинде эч нерсе болбогондой экөө чай ичти. Арзыбек жумушуна кеткен бойдон кечинде келген жок. Ошол бойдон үч күндөн кийин келди. Унчукпай чечинип жаткан күйөөсүн кытмалай басып жыгылгысы келсе да, Назира өзүн карман, андан сөз күттү. Арзыбек көз албай жеп жиберчүдөй тигилген аялына тик карабай, акырын унчукту:

– Жазгүл ооруп жатыптыр, таштап келе албадым.

– Жакшы болуп калдыбы анан? – Назира кекете сурады. «Ошол оорудан турбай калса экен» деди ичинен.

– Азыр жакшы. – Ал саамга башын жерге сала тунжурап унчукпай турду да, анан капыстан эле аялын боо-

руна кыса кучактап жалбарып жиберди: – Нази, кеч
рип койчу мени. Мен ансыз жашай албайм, бул аял м
нин бала кезден кыялданган аламым, бирок балдарсы
да күнүм жок. Эки ортодо кыйналып кеттим. Айтчы, эм
кылабыз, сен акылдуусуң го, бир айласын тапчы.

Назиранын жүрөгүнөн бирдеме үзүлүп кеткенд
«тыз» деди. Келинге күйөөсү өзүн тигиниси үчүн к
чактап, тигиниси үчүн жалбарып жатканын сезүү а
дан оор тийди.

– Алып кел үйгө, сүйлөшөлү. Чогуу жашаганга м
кул болобу анын? Эгер ал макул болсо мен макулму
бирок менин шартым бар.

– Кандай шарт? – Арзыбектин көзү өзүнө окулг
өлүм жазасын күтүүсүз алмаштырган айыпкердей ж
дана, азыр Назира эмне десе да аткарчудай шаш
кетти.

– Сен бизге үйдү толук бүтүрүп, мен бирди төр
мөйүнчө анын төрөбөйт. Мен балдарга бөбөк төр
берүүгө убада бергем. Алар кызбы, уулбу айтор, бөб
түү болууну күтүп жүрүшөт. Эң башкысы сенин экин
аялың бар экенин эч ким билбеш керек, ата-энелериб
ге да сыр алдырбайсың. Кокус аларга сөз жетип, ш
билинсе мен өзүм бир жолун таап жооп берем.

Назирага бул чечимге келүү оңойго турган жок. А
тынчтандырган нерсе, «намысы бар аял болсо мак
болбойт. Өз баасын билген ар бир аял эч качан экин
болууну, андан да өзүнүн тагдырын күндөшү чечүүс
каалабайт» деген ишеним болчу. «Эгер макул бол
чу?» Бул ойдон коркуп кетти келин. «Макул болсо м
дайга жазганын көрө жатаарбыз» – деди кайра ө
алаксытып.

Шаарга таң эрте кеткен Арзыбек кечке маал жалгыз келди. Жол карап отурган Назира аны терезеден көрдү да, «мен билгем, анын макул болбосун билгем» – деди ичинен табасы кана. Эшиктен кирген күйөөсүнө сыр алдырбай акырын сурады:

– Эмне, келген жокпу?

– Өзүм барам деди.

– Кантип таап келет?

– Мен айттым.

Назира дагы эле анын келээрине ишенбей, «Арзыбекти алдап жөнөткөн болуу керек» – деп ойлоду. Күйөөсү аны карап турду да анан:

– Назира, эмнеге үйгө чакырдың, башка жерден жолуксак болбойт беле? – деди жай.

– Көрсүн, биздин үй-жай ал ойлогондой эмес экенин!

Арзыбек уургунан жылмайды.

– Аны үй-жай, менин акчам кызыктырбайт. Эстеп көрчү, Жазгүл жолукканы мен бир жолу үйгө акча алып келбей койдумбу? Тескерисинче, ал жолукканга чейин менин акчам ичкиликтен ашчу эмес. Мен ага эч нерсе алып бере элекмин, болгону гүл гана алып барам. Ал гүлдү абдан жакшы көрөт.

– Жаман болгон экен байкушка, эч нерсе алып бербей. Алып бер, эмне, бир нерсе деп жатамбы? Мен эмне, болгону бош орунмун, менин барым, жогум сага баары бир. Жакшы, анына жок дегенде гүл алып берипсиң, мага гүл да алып бере элексиң.

– Алып берем, тапканымды сенин колуңа салып жатам го. – Арзыбек аялын жумшак кучактады, бирок, бул кучакта эч кандай жылуулук, сезим жок эле. Куру эле жооткотуу. Назира күйөөсүнүн кең көкүрөгүнө баш

коё өксүп-өксүп ыйлагысы келди. Телефондун шыңгы-
раган үнү тунжурай түшкөн үй ичин селт эттирди. Ар-
зыбек аялын дароо кучагынан бошото телефонун ша-
шып алды да, өңү өзгөрүп кетти.

– Келдиңби, мен азыр. Ордуңан жылбай тур, ит та-
лап кетпесин!

Күйөөсүнүн мынчалык камкорлугун байкабапты
мурда Назира. Арзыбек жаш баладай чуркап чыгып
кетти. Назира аба жетпей жаткандай аптыга, тез-те
дем алып, жүрөгү кабын жарып чыгып кетчүдөй ди-
киллдей катуу согуп кирди. Сырттан кобурашкан үн,
аялдын жумшак күлкүсү угулду. «Канчык, тойго кел-
генсип шыңкылдап келатканын. Бети жок» – деди На-
зира ачуусунан калчылдай. «Унчукпа, Назира, унчук-
па. Урушсаң эле араң турган Арзыбек басып кетет» –
деди келин жинди немече өзү менен өзү сүйлөшүп.
Эшик ачылды да аба менен кошо дайым Арзыбек жо-
голгондо жыттанып келчү жагымдуу жыт бөлмөнү
каптап кетти.

– Назира, конок келди, – деди Арзыбек калтыраган
үнүн шаңдуу чыгарганга аракеттенип.

– Келгиле, – деди Назира. Келиндин көзү оболу кир-
ген аялдын шиш такалуу кооз өтүк, жука колготки кий-
ген келишимдүү буттарына, анан кыска юбкасына
түштү да, баш көтөрө жүзүн карай берип, көргөн көзүнө
ишенбей катып калды. Бет алдында беш жыл чогуу оку-
ган группалашы Жазгүл турду.

– Сен белең???

– Назира?! – Жазгүлдүн каректери таң калуудан чо-
ңоюп, жүзү уяттанбы, же күтүүсүз жолугушуудан бы бир
бозоруп, бир кызарып кубула, үнү калчылдап чыкты.

– Башкадан күтсөм да сенден мындайды күткөн эмесмин! – Назиранын үнү ыйлап жиберчүдөй титиреп кетти. Бирок келин дароо өзүн колго ала, бет алдында бир кездеги жакын курбусу эмес, атаандашы тургандын эстей койгондой нес болгон Жазгүлгө кургак унчукту:

– Ырас, мынча болгон соң кир, курбум, сүйлөшөлү.

Арзыбек унчукпай сыртка чыгып кетти. «Сүйлөшүп алышсын курбулар, сөздөрүнө аралашканда эмне» – деп ойлоду ичинен. Аралашканда эмне дейт? Мындай болоору үч уктаса түшүнө кирген эмес. Ички буулугуудан, жан кыйнаган ойлордон ааламды ойгото, караңгы түндү жарып бакыргысы келип, бирок, бакыра да албай муунуп, адатынча тамекиден күчүн чыгарып кирди. Ичкериден бирөө түртүп жибергенсип күч менен атырылган Назира чыкты.

– Чыныңды айт, менин таанышым экенин билген белең? – Анын ыйлаганы үнүнөн, кызарган көзүнөн көрүнүп турду.

– Жок, билген эмесмин.

Назира муздак жерге шалак этип отура кетти. Саамга унчукпай отуруп калды да, анан башы катуу ооруп кеткенсип кош колдой мыкчып акырын кобурады:

– Группадагы мен эң жакшы көргөн, адам катары сыйлаган кыз болчу. Сурасаң акыркысын аянбаган берешен, кыйналсаң колдон келгенин аянбаган боорукер эле. Эгер башка болсо да мага мынчалык катуу тиймек эмес. Кир да сүйлөш, мен ажырашууга макулмун. Өзүм сүйлөшө албай койдум.

– Болоору болду, чогуу сүйлөшөбүз, жүр, кир үйгө.

– Мен азыр, сен кире бер.

Арзыбек кирип кетти. Назира кире бериштеги му... дак босогого чекесин жөлөп көпкө отурду. Бир ооку... да Жазгүл чыкты. Ал унчукпай жанына отурду да, ак... рын сүйлөдү. Үнү муңайым, бирок бир чечимге келге... дей чечкиндүү, токтоо.

– Ушинтип жолуктук курбум, кечирип кой. Сен эк... ниңди сезсем да, чындыктан коркуп сураган эмесми... Мен андан айрылуудан коркком. Мына, корккон к... келди.

– Мен кетем, – деди Назира. Жазгүл жумшак күл...

– Өз үйүңдөн каякка кетесиң? Бул сенин үйүң, се... күйөөң. Мен эмне, болгону адашып келип калган жа... мын. Турам да, бирөөдөн жол сурап алып кайра ке... берем. Жакшы калгыла.

– Минтип түн болсо, караңгыда каякка?

– Азыр мага күндүзү деле караңгы Нази, күндү... деле...

Жазгүл ордунан туруп, курбусун далысынан жумш... таптап койду да, акырын басып короодон чыгып кетт... Назира Жазгүлдүн такасынын тыкылдаган дабышы угу... бай калганча тыңшап отура берди. Эки курбу биротол... коштошконун тээ дил терениинен жан ачыша сезиши... бири түндү жирей жолго чыгып, бири өз үйүнө өзү да... кире албай сыртта отурду. Назира качан үшүгөндө үй... кирди. Арзыбек аны суроолуу карады.

– Жазгүл кетип калды, – деди Назира акырын.

– Кантип кетип калды? Каякка кетип калды? – Ар... зыбек суроолоруна жооп күтпөй эле атып чыгып кетт... Караңгыда чалына жыгылып, кайра шаша туруп жо... бойлой чуркады. Көөдөй түн тунжурап коркунучту... сырдуу.

– Жазгүл! – Арзыбек коюу түндү селт эттире ачуу ...ыйкырды. Эч ким үнчүккан жок. Ошондо гана теле...ону эсине келди. Жазгүл трубканы көптө алды.

– Жазы, жаным, каяктасың?

– Арзы, чалбачы эми. Мен сага ыраазымын. Биле...сиби, ойлоп көрсөм мен сени гана сүйүптүрмүн, мын...ан ары да сени гана сүйөм. Бирок, биздин жолукканга ...ыбыз жок. Кош, жарыгым.

– Жазы...– Телефондон кыска гудок угулуп, анан ...птакыр өчүп калды. Арзыбек көгөрө жөө кете берди. ...өз алдында Жазгүлдүн ар түрдүү элеси. Мына ал ада...ынча болоор-болбоско таарынып, тултуңдап, Арзыбек ...өгүлө өпкүлөсө кайра мойнуна ороло наздуу кыңкыс...ай назданат. Бирде өзүн көз албай кумарлана карап, ...үдөтө мойнуна асылып эркелеп жан-алы калбай ...кылөсө, бирде бөрсөйгөн мамактары Арзыбектин ...ктүү көкүрөгүнө тирелип, ысык, сыпсыйда сандары ...ттарына жыландай чырмала оролуп, эриндери эрди...е чапташат. Андайда Арзыбек аялдын назына туруш...ук бере албай бооруна кыса ай далысын кычырата ...чактап, жан жыргаткан жыргалдан көздөрү туман...ай, анын өзүн өрттөп, өзү да өрттөнгөн денесине си...ип, керемет денизде чабак атып бараткандай далбас...чу эмес беле. Жок, ал мындай азабы арбын, ачуу, ...ирок, ошол азабына кайыл кылып азгырган жыргал...ан кете алмак эмес. «Машина менен кетти болуш ке...ек. Кандай машинага түштү түн жарымда?» Арзыбек...ин денесин кызганыч, ачуу ыза биийлеп чыкты. Ал шаар...а кетчү эң кыска жол айдоо аңызына салып, улам дем ...ып, кайра жарышка түшкөндөй өжөрлөнө чуркап ...аратты.

Мына жанга жакын, дилге тааныш терезелер. Арзы
бек жоо кууп келаткандай катуу такылдатты. Эч ки
жооп берген жок. Ал форточканы ачып, колу менен те
резе пардаларды сүрүп салды да, телефондун жарыгы
жандырып ичкериге шыкаалады. Тигине, жанбирге
экөө далай таттуу, уйкусуз түн кечирген керебет бо
турат.

Таң агарып келатты. Арзыбек Жазгүлүн анын үйүн
кире бериштеги тепкичте күтүп отурду. Тигине Жазгү
Арзыбек «кимдир-бирөө уйпалабады бекен?» деген су
ойдо Жазгүлдүн бүткөн боюн алыстан эле тинте кар
ды. Жок, үстү-башы кадимкисиндей таптаза, тыка
болгону канчалык койкоё баш көтөрүп түз баспасы
эки ийини күйүт тарткан адамдай шалдайып, жүзү бо
боз, буттары ылай. «Көк бетим менин, жөө келген эке
сиң да» – деди Арзыбек негедир ичи элжирей ыйлагыс
келип...

# ЖАЛАА

Калаа четиндеги бул студенттик шаарчага негедир жаз эрте келип, көпкө түнөйт. Айрыкча жийде гүлдөгөн маалда кичинекей шаарчадагы жаз көркүнө көңүл делбиреткен ажайып жыт кошул-ташыл болуп, бул аймак дал жаштыктын өзүнө окшоп жагалданат. Ошол кезде шаарча жийденин жытына, жаздын, жаштыктын демине мас болуп, жүрөктөр сүйүүдөн ооруп, сүйүүдөн айыгат. Мажнун жүрөктөрдөн керемет саптар жаралып, жаз ыры миңдеген дилдерди делбиретет.

Жыпаргүл ыр жазылган дептерчесин таппай, жаткан керебетин бүт тытып, чакан бөлмөдөн карабаган жери калган жок. Кыз бул дептерчесин эч кимге көрсөтчү эмес. Ырларын жан адамга окутпай, дилин сапырган ойлорду жалгыз калган кезде акырын чиймелеп койчу. Ким алды экен? Курбулары байкабай дептерлер менен кошо алып, анан «керексиз экен» деп ыргытып же ажатканага алып барып салсачы? Мындай суук ойдон Жыпаргүлдүн жүрөгү «шуу» дей түштү. Кыз үчүн бул дептерден ыйык, аялуу нерсе жок болчу. Жанатан бери «бирөө окуп албады бекен» деп кызганып аткан кыз жүрөгүн эми «окушса деле мейли, жоголбосо экен» деген сарсанаа өйүп чыкты. Сырттан шарактаган кыздардын үнү угулуп, үнгө удаа эле бирге жашаган кыздар кирип келишти.

– Эмне сузсуң? – деди Заира сыр каткандай жылмайып.

– Заирка? Менин кызыл сырттуу дептеримди көргө жоксуңбу?

– Эмне болгон дептер, күндөлүкпү?

– Жок, күндөлүк эмес, бирок абдан керек депте болчу. Жаздыгымдын алдына эле койгом, жок.

– Жалгыз жашынып алып эле менин бетимди чийм лей берет деп качып кеткен го дептерин. Сүйүнчүс берсең, качкынды жашынган жеринен таап келебиз.

– Берейин, – деп жиберди Жыпаргүл. Заира сумк сынан бир сааттан бери издеткен көзгө ысык дептер суурул чыкты.

– Жаңылбасам ушул дептер болуш керек. Көз алаңдатып ректорат жакка качып баратыптыр.

– Аякта эмне бар экен? – деди баятан бери сөзгө ар лашпаган Рита табышмактуу күлүмсүрөп.

– Менин каарманым ушул жакта эле дейби, айтор түшүнбөдүм. Дудуктун тилин энеси билет дейт, Жы паш өзү түшүндүрөт да.

Кыздар баары каткырып күлүп жиберишти. Жы паргүл айыбы ачылып калгандай кызарып кетти. «Д мек окушкан экен да» деген ой жүрөгүн «тыз» эттир сыдырып, дептерди курбусунун колунан туталана су руп алды да, сыртка чыгып кетти.

– Эмнеге күлүп жатканыңарды билсем болобу? деди демейде унчукпаган Бактыгүл. Үч кыз бири-би рин карап сырдуу күлүп коюшту да, Заира мыскылду жылмая артисттене сүйлөдү.

– «Өтөм да Сиз иштеген ушул жерден,

Үшкүрөм эч арылгыс куса менен...» – деге күйүттүү ыр саптарынын кимге арналганын билбейсиң би? Анысын жашырып жазып, анан жазданып жатып... – Бактыгүл Заиранын сөзүн бүтүрбөй кагып салды.

– Заирка? Менин кызыл сырттуу дептеримди көрге жоксуңбу?

– Эмне болгон дептер, күндөлүкпү?

– Жок, күндөлүк эмес, бирок абдан керек депте болчу. Жаздыгымдын алдына эле койгом, жок.

– Жалгыз жашынып алып эле менин бетимди чийм лей берет деп качып кеткен го дептерин. Сүйүнчүсү берсең, качкынды жашынган жеринен таап келебиз.

– Берейин, – деп жиберди Жыпаргүл. Заира сумк сынан бир сааттан бери издеткен көзгө ысык дептер суурул чыкты.

– Жаңылбасам ушул дептер болуш керек. Көзү аландатып ректорат жакка качып баратыптыр.

– Аякта эмне бар экен? – деди баятан бери сөзгө ар лашпаган Рита табышмактуу күлүмсүрөп.

– Менин каарманым ушул жакта эле дейби, айто түшүнбөдүм. Дудуктун тилин энеси билет дейт, Жы паш өзү түшүндүрөт да.

Кыздар баары каткырып күлүп жиберишти. Жы паргүл айыбы ачылып калгандай кызарып кетти. «Д мек окушкан экен да» деген ой жүрөгүн «тыз» эттир сыдырып, дептерди курбусунун колунан туталана су руп алды да, сыртка чыгып кетти.

– Эмнеге күлүп жатканыңарды билсем болобу? – деди демейде унчукпаган Бактыгүл. Үч кыз бири-би рин карап сырдуу күлүп коюшту да, Заира мыскылд жылмая артисттене сүйлөдү.

– «Өтөм да Сиз иштеген ушул жерден,

Үшкүрөм эч арылгыс куса менен...» – деге күйүттүү ыр саптарынын кимге арналганын билбейси би? Анысын жашырып жазып, анан жазданып жатып.

– Бактыгүл Заиранын сөзүн бүтүрбөй кагып салды.

ырда, бийик жерде, андыктан, пастыкка теңелбе. Бас-
ырсыз жашоону элестете аласыңбы?

– Жок.

– Анда жазганыңды бекитпей жүр, ыр пири таары-
нып, башкага кетип калат.

Жыпаргүлдүн көңүлү көтөрүлүп, эми эле жүрөгү
муунткан ызасы унутула, өзүнөн-өзү дили толкуп куба-
нып, экөө катарлаша үнсүз басып келатышты.

Арадан жыл өтпөй Жыпаргүлдүн ысымы өздөрүнү
факультетине гана эмес, бүтүндөй университетке та-
нылып, ал тургай ордолуу Оштун ыр жандуу адамда-
рына анын кыялга жык толгон наристе сезим ырлары
белгилүү боло баштады. Адам баласы сүйүүнү айты
жазып эле келатат, бирок, бул улуу сезимдин али четин
оюла элек. Адам түгөнмөйүн, жарыкчылыкта жашоо
бүтмөйүн сүйүүнүн ыры бүтпөйт. Адам сүйө алганы
менен өзгөчө. Сүйө албаган байкуш деп ошондон улам
айтылган болуу керек.

Бүгүн Жыпаргүл үчүн өзгөчө күн. Ал биринчи жолу
эл алдында ыр окуйт. Кечеден кийин Жыпаргүлдүн ата-
сы жетине албай жакындарын, кызынын мугалимдерин,
курбуларын чайга чакырды. Улуулар ичкериге кирип,
сырттагы мажүрүм тал астындагы сөрүдө жаштар
өздөрүнчө отурушкан. Бири аккордеону менен ырдап,
калганы бийлеп, айтор, жаштар уу-дуу. Жыпаргүл акы-
рын бөлүнүп сыртка чыкты. Негедир азыр жалгыз бол-
гусу келип турду. Чайкананын алдында Ошту тең бөлүп
аккан Ак-Буура, маңдайда шаңкайган Сулайман Тоо.
Экөө тең Оштун жүзү, Оштун сыймыгы. Жок, Оштун
эле эмес, Кыргызстандын сыймыгы болуу керек. Кан-
тип эле башка жерде Ак-Буурадай кашка суу, Сулай-

ырда, бийик жерде, андыктан, пастыкка теңелбе. Баса, ырсыз жашоону элестете аласыңбы?

– Жок.

– Анда жазганыңды бекитпей жүр, ыр пири таарынып, башкага кетип калат.

Жыпаргүлдүн көңүлү көтөрүлүп, эми эле жүрөгүн муунткан ызасы унутула, өзүнөн-өзү дили толкуп кубанып, экөө катарлаша үнсүз басып келатышты.

Арадан жыл өтпөй Жыпаргүлдүн ысымы өздөрүнүн факультетине гана эмес, бүтүндөй университетке таанылып, ал тургай ордолуу Оштун ыр жандуу адамдарына анын кыялга жык толгон наристе сезим ырлары белгилүү боло баштады. Адам баласы сүйүүнү айтып, жазып эле келатат, бирок, бул улуу сезимдин али чети оюла элек. Адам түгөнмөйүн, жарыкчылыкта жашоо бүтмөйүн сүйүүнүн ыры бүтпөйт. Адам сүйө алганы менен өзгөчө. Сүйө албаган байкуш деп ошондон улам айтылган болуу керек.

Бүгүн Жыпаргүл үчүн өзгөчө күн. Ал биринчи жолу эл алдында ыр окуйт. Кечеден кийин Жыпаргүлдүн атасы жетине албай жакындарын, кызынын мугалимдерин, курбуларын чайга чакырды. Улуулар ичкериге кирип, сырттагы мажүрүм тал астындагы сөрүдө жаштар өздөрүнчө отурушкан. Бири аккордеону менен ырдап, калганы бийлеп, айтор, жаштар уу-дуу. Жыпаргүл акырын бөлүнүп сыртка чыкты. Негедир азыр жалгыз болгусу келип турду. Чайкананын алдында Ошту тең бөлүп аккан Ак-Буура, маңдайда шаңкайган Сулайман Тоо. Экөө тең Оштун жүзү, Оштун сыймыгы. Жок, Оштун эле эмес, Кыргызстандын сыймыгы болуу керек. Кантип эле башка жерде Ак-Буурадай кашка суу, Сулай-

– Кечирип кой, уйкуңду буздумбу? – Насыр ыңга
сызданганда й жумшак күлүп койду.

– Кириңиз.

– Үй кут болсун! Бул сага. – Ал колундагы гүлү
кыпкызыл алмаларды сүрдөй түшкөн кызга сунду. Ж
ныбар алмалардын жыты буркурайт.

– Гүлдөр да, алмалар да сага окшош бекен? – Насы
Жыпаргүлдү адатынча ойго чөгө карап турду да, ан
саамайынан абай өптү. Кыз жүрөгү титирей ушул т
бышмактуу адамга тартылып, аны эрктен тыш сагын
нын, дилин бир кезде ээлеген, ыр жаздырган ректор
жактагы бейтааныштты унутуп бaратканын азыр түйд

– Жогору өтүңүз дебейсиңби? – деди Насыр кыз
ийиндеринен эркелете кысып. Жыпар уялып кетти.

– Өтүңүз, – деди оозун бүлк эттирип. Насыр үй
айланта карап, ойлуу сүйлөдү:

– Жакшы үй экен. Бир кезде менин да куду ушун
чакан, жупуну, бирок, жаштыкка, сүйүүгө мелт-ка
толгон бөлмөм бар эле. Азыр ал заңгыраган үйгө алм
шылып, бирок, анда мээрим, сүйүү, бакытка караган
да кымбат мебель, килем, чет элдик буюмдар көп.
Насыр оор күрсүнүп алып, анан жанында турган кы
ды бооруна тартты. Кыз анын жарымынан араң кел
жигит кучагына сиңип кеткенсиди.

– Кичинекейим менин, сенин тазалыгың, мэ
римдүүлүгүң мени дайыма өзүнө тартат. Апам мэ
римдүү, жумшак, кыялкеч жан эле. Кээде «апамды
жаны Жыпарга берилбеди бекен?» деп ойлоп кете
Көпөлөгүм! – Насыр кыздын жалбыз жыттуу эриндер
нен ысык өптү. Ушул жытты канча жылдар жолуктур
баганын, азыр көп нерсеге мүмкүн эмес экенин өкүн

– Кечирип кой, уйкуңду буздумбу? – Насыр ыңга
сызданганадай жумшак күлүп койду.

– Кириңиз.

– *Үй кут болсун! Бул сага. – Ал колундагы гүлү*
кыпкызыл алмаларды сүрдөй түшкөн кызга сунду. Ж
ныбар алмалардын жыты буркурайт.

– Гүлдөр да, алмалар да сага окшош бекен? – Насы
Жыпаргүлдү адатынча ойго чөгө карап турду да, ана
саамайынан абай өптү. Кыз жүрөгү титирей ушул т
бышмактуу адамга тартылып, аны эрктен тыш сагынга
нын, дилин бир кезде ээлеген, ыр жаздырган ректор
жактагы бейтааныштты унутуп бараткандын азыр түйд

– Жогору өтүңүз дебейсиңби? – деди Насыр кызд
ийиндеринен эркелете кысып. Жыпар уялып кетти.

– Өтүңүз, – деди оозун бүлк эттирип. Насыр үйд
айланта карап, ойлуу сүйлөдү:

– Жакшы үй экен. Бир кезде менин да куду ушунда
чакан, жупуну, бирок, жаштыкка, сүйүүгө мелт-ка
*толгон бөлмөм бар эле. Азыр ал заңгыраган үйгө алм*
*шылып*, бирок, анда мээрим, сүйүү, бакытка караган
да кымбат мебель, килем, чет элдик буюмдар көп.
Насыр оор күрсүнүп алып, анан жанында турган кыз-
ды бооруна тартты. Кыз анын жарымынан араң келе
жигит кучагына сиңип кеткенсиди.

– Кичинекейим менин, сенин тазалыгың, мээ-
римдүүлүгүң мени дайыма өзүңө тартат. Апам мээ-
римдүү, жумшак, кыялкеч жан эле. Кээде «апамды
жаны Жыпарга берилбеди бекен?» деп ойлоп кетем
Көпөлөгүм! – Насыр кыздын жалбыз жыттуу эриндери-
нен ысык өптү. Ушул жытты канча жылдар жолуктур
баганын, азыр көп нерсеге мүмкүн эмес экенин өкүнүп

– Жыпаш, кечирип койчу... – Насыр эмне дээрин билбей кыздан сөз күттү. Азыр анын ыйлашын же өзүн урушаарын күттү.

– Сизде эмне күнөө, болооруболду.

– Мен сени таштап кетпейм, кичинекейим. Ишенип кой, сен менин жападан жалгыз көңүл кубанчымсың, дил жылытаар жылуулугумсуң. Эч нерсени ойлонбогун, макулбу? Мага ишенесиңби?

– Ишенем, – Жыпардын көзүндө бир тамчы жаш кылгырып турду. Насыр аны жумшак аарчып, кызды бооруна кыса кучактап, дили элжирей өпкүлөдү.

Ошол күндөн баштап Жыпардын жашоосу өзгөрдү. Насыр командировкага кеткенде гана узакка жолугушпай калбаса, дээрлик күн сайын бир убак келип, кээде кетпей түнөп калат. Эң бактылуу учурлар Насыр үйдө калган кез. Жыпар ашканада тамак жасап, Насыр болсо кыздын ар бир кыймылын элжирей карап, жакын келе калса эле Жыпардын колу ун, же май экенине карабай бооруна кыса өпкүлөй берет. Кээде Жыпар тескерисинче Насырды жүдөтөт. Экөө жумалап үйдөн чыкпаса да бири-биринен тажачу эмес. Эгер бир каргашалуу окуя болбогондо ким билет, кандай болот эле...

* * *

Жыпар уйку-соодо телефондун үнүн укту.

– Алло, – деди уйкусурап.

– Уктап калдың беле? Балконго чыксаң, жамгыр жаап жатат. Сага окшош жылуу, жумшак, эрке жамгыр.

– Жыпаш, кечирип койчу... – Насыр эмне дээрин билбей кыздан сөз күттү. Азыр анын ыйлашын же өзүн урушаарын күттү.

– Сизде эмне күнөө, болоору болду.

– Мен сени таштап кетпейм, кичинекейим. Ишенип кой, сен менин жападан жалгыз көңүл кубанчымсың, дил жылытаар жылуулугумсуң. Эч нерсени ойлонбогун, макулбу? Мага ишенесиңби?

– Ишенем, – Жыпардын көзүндө бир тамчы жаш кылгырып турду. Насыр аны жумшак аарчып, кызды бооруна кыса кучактап, дили элжирей өпкүлөдү.

Ошол күндөн баштап Жыпардын жашоосу өзгөрдү. Насыр командировкага кеткенде гана узакка жолугушпай калбаса, дээрлик күн сайын бир убак келип, кээде кетпей түнөп калат. Эң бактылуу учурлар Насыр үйдө калган кез. Жыпар ашканада тамак жасап, Насыр болсо кыздын ар бир кыймылын элжирей карап, жакын келе калса эле Жыпардын колу ун, же май экенине карабай бооруна кыса өпкүлөй берет. Кээде Жыпар тескерисинче Насырды жүдөтөт. Экөө жумалап үйдөн чыкпаса да бири-биринен тажачу эмес. Эгер бир каргашалуу окуя болбогондо ким билет, кандай болот эле...

* * *

Жыпар уйку-соодо телефондун үнүн укту.

– Алло, – деди уйкусурап.

– Уктап калдың беле? Балконго чыксаң, жамгыр жаап жатат. Сага окшош жылуу, жумшак, эрке жамгыр.

ти, анан Насыр пианинодо ойноп берди. Дил толкуткан, жүрөк кылдарын чертип муңканган, кандайдыр өкүткө, ошол эле убакта тымызын делбиреген аялуу сезимге толгон музыка. Түн бою Насыр кызды бооруна кыса кучактап, бир капталы менен таң атырды. Эрте менен өз колу менен Жыпарга сүт бышырып берип, окуусуна узатты.

Насыр дагы көпкө жоголду. Экөө жашыруун жашаган бир жыл аралыгында биринчи жолу дайынсыз жоголушу. Жыпаргүл ушул эки ай ичинде арыктап, санаадан чүнчүп кетти. Кабарын сурайын десе иштеген жерин да билбейт. Уйкусуз түндөрдүн биринде Насыр эшик какты. Уктабай күтүп жаткан Жыпаргүл атып туруп эшикти ачты да, Насырдын мойнуна асылды. Негедир ал кызды муздак өөп, суз кирди да бирөөнү издегенсип үйдү айланта карады. Насыр жаактары чуңкурайып, бет сөөктөрү чыгып арыктап кетиптир.

– Оорудуңузбу? – Жыпар Насырдын муздактыгынан батына албай акырын сурады.

– Ооба, катуу оорудум, – Насыр кызды бооруна кыса кучактап көпкө турду да, анан кыйнала сүйлөдү: – Жыпаш, сен мени алмаштырган жок белең?

Жыпар чочуп кетти.

– Ал эмне дегениңиз?

– Мен эч кимге барган эмесмин, бирок, катуу оорудум. Сен да дарыланышың керек.

– Эмне менен оорудуңуз? Мен эмнеге дарыланышым керек? – Кыз эч нерсе түшүнбөй апкыкты. Боолголоп жатса да мындай суук ойду ойлоодон коркту. Кантип эле Насыры өзү жөнүндө ушинтип ойлосун? Кыз сүйүктүүсүн алмаштырмак түгүл, андай ой кыялына келген эмес.

ти, анан Насыр пианинодо ойноп берди. Дил толкуткан, жүрөк кылдарын чертип муңканган, кандайдыр өкүткө, ошол эле убакта тымызын делбиреген аялуу сезимге толгон музыка. Түн бою Насыр кызды бооруна кыса кучактап, бир капталы менен таң атырды. Эртэ менен өз колу менен Жыпарга сүт бышырып берип, окуусуна узатты.

Насыр дагы көпкө жоголду. Экөө жашыруун жашаган бир жыл аралыгында биринчи жолу дайынсыз жоголушу. Жыпаргүл ушул эки ай ичинде арыктап, санаадан чүнчүп кетти. Кабарын сурайын десе иштеген жерин да билбейт. Уйкусуз түндөрдүн биринде Насыр эшик какты. Уктабай күтүп жаткан Жыпаргүл атып туруп эшикти ачты да, Насырдын мойнуна асылды. Негедир ал кызды муздак өөп, суз кирди да бирөөнү издегенсип үйдү айланта карады. Насыр жаактары чуңкурайып, бет сөөктөрү чыгып арыктап кетиптир.

– Оорудуңузбу? – Жыпар Насырдын муздактыгынан батына албай акырын сурады.

– Ооба, катуу оорудум, – Насыр кызды бооруна кыса кучактап көпкө турду да, анан кыйнала сүйлөдү: – Жыпаш, сен мени алмаштырган жок белең?

Жыпар чочуп кетти.

– Ал эмне дегениңиз?

– Мен эч кимге барган эмесмин, бирок, катуу оорудум. Сен да дарыланышың керек.

– Эмне менен оорудуңуз? Мен эмнеге дарыланышым керек? – Кыз эч нерсе түшүнбөй аптыкты. Боолголоп жатса да мындай суук ойду ойлоодон коркту. Кантип эле Насыры өзү жөнүндө ушинтип ойлосун? Кыз сүйүктүүсүн алмаштырмак түгүл, андай ой кыялына келген эмес.

баягысындай сулуу, бирок, капалуу. Кыз Насырды мойнуна асыла, кучагына бой таштап үн чыгарбай сол-кулдап ыйлады. Бүткөн бою титиреген кызды Насыр бооруна кыса бекем кучактады. Бул кучакта сөз менен айтылбаган, дил оорутуп, жан кыйнаган зор сагыныч бар эле. Насыр өзүн зордоп кызды боюнан алыстатты.

– Жыпаргүл, сен бактылуу болууга татыктуу кыз-сың. Кечирип кой, мен сени канчалык чын дилден сүйгөн менен сенин сүйүүңө, тазалыгыңа арзый албадым. Өз уятыман өрттөнүп сени караладым. Мен адамдарга сүйүү, бакыт тартуулай албайм, тескерисинче, аларга өлүм, бактысыздык гана алып келем, жашоосун бир татым порошок менен тозокко айлантам. Түшүнүп жа-тасыңбы, Жыпаш, мен баңгизат ташып жан багам! Ал-гач бул иштин акырын ойлонбой эле акчага азгырыл-дым, жыйынтыгы кандай жаман экенин билген кезде баш тартууга кеч болуп калган эле. Менин топтогон дүнүйөм, жеген-ичкеним, кийген кийимим баары эне-лердин көз жашынан, жапжаш өспүрүм балдар-кыздар-дын мезгилсиз өлүмүнөн табылган акчага келген. Сага жолукканга чейин мунун баары мени түйшөлтчү эмес. Сен менин жашоомду өзүң билбей, эч нерсе талап кыл-бай туруп башка нукка салдың. Эсиңдеби, баягыда сага алып барган жоогазын менен кызыл алмалар? Мен ошо-лорду гана таза акчага алгам. Бишкектен келатсам бир киши машинасы бузулуп жолдо калыптыр. Үйүнө че-йин сүйрөп келсем, албаганыма болбой ыраазы болуп акча берген. Дээрлик он жыл аралыгында ошол күнү маңдай-терим менен акча таптым. Мен баарын ташта-ганга аракет кылдым, Жыпаш, болбоду. Алар мени коё бербейт, сага да кесири тийиши мүмкүн. Мен өзүмдөн

баягысындай сулуу, бирок, капалуу. Кыз Насырдын мойнуна асыла, кучагына бой таштап үн чыгарбай солкулдап ыйлады. Бүткөн бою титиреген кызды Насыр бооруна кыса бекем кучактады. Бул кучакта сөз менен айтылбаган, дил оорутуп, жан кыйнаган зор сагыныч бар эле. Насыр өзүн зордоп кызды боюнан алыстатты.

– Жыпаргүл, сен бактылуу болууга татыктуу кызсың. Кечирип кой, мен сени канчалык чын дилден сүйгөн менен сенин сүйүүңө, тазалыгыңа арзый албадым. Өз уятыман өрттөнүп сени караладым. Мен адамдарга сүйүү, бакыт тартуулай албайм, тескерисинче, аларга өлүм, бактысыздык гана алып келем, жашоосун бир татым порошок менен тозокко айлантам. Түшүнүп жатасыңбы, Жыпаш, мен баңгизат ташып жан багам! Алгач бул иштин акырын ойлонбой эле акчага азгырылдым, жыйынтыгы кандай жаман экенин билген кезде баш тартууга кеч болуп калган эле. Менин топтогон дүнүйөм, жеген-ичкеним, кийген кийимим баары энелердин көз жашынан, жапжаш өспүрүм балдар-кыздардын мезгилсиз өлүмүнөн табылган акчага келген. Сага жолукканга чейин мунун баары мени түйшөлтчү эмес. Сен менин жашоомду өзүң билбей, эч нерсе талап кылбай туруп башка нукка салдың. Эсиңдеби, баягыда сага алып барган жоогазын менен кызыл алмалар? Мен ошолорду гана таза акчага алгам. Бишкектен келатсам бир киши машинасы бузулуп жолдо калыптыр. Үйүнө чейин сүйрөп келсем, албаганыма болбой ыраазы болуп акча берген. Дээрлик он жыл аралыгында ошол күнү маңдай-терим менен акча таптым. Мен баарын таштаганга аракет кылдым, Жыпаш, болбоду. Алар мени кое бербейт, сага да кесири тийиши мүмкүн. Мен өзүмдөн

## ЖИНДИНИН МАХАБАТЫ

Айылда бул кара көз, бели бир тутам, дүркүрөгө жоон өрүм чачы санына чабылган кара-тору келинд Мавлюда жинди деп коюшат. Биздин айылга канти келин болуп келгени эсимде жок, бирок, биринчи жол көргөнүм али да көз алдымда турат. Ыраматылык Са тар аке биринчи аялынан бала көрбөй ажырашып, ушу келинге үйлөнгөн. Сатар аке чукугандай сөз тапка шайыр, ырдаса ташка жан киргизген жигит болчу. А чактаган жорго ак боз ат минип, суусар тебетейи куба кай жүзүнө куп жарашып жолдон өткөндө бой жетке кыздар кылгыра карап калышчу. Ал ырдаганда тебе тейин артына түртүп коюп, ак маңдайы жаркый ша шып ырдачу. Сатар аке көп кызды үмүткөр кылып не гедир көпкө үйлөнбөй жүрдү. «Акыры үйлөнгөн эке да» деген ойго удаа эле «аялы кандай болду экен?» д дим кызыгуум ичимди тепкилеп. Апамдар кели көргөнү барып, негедир көңүлү толбой келишти. Ме апаман акырын:

– Апа, Сатар акенин келинчеги сулуу бекен? – де сурадым. Апам шуу үшкүрдү да, санаалуу гана:

– Сулуулугу эмне кылып берет дейсиң? Төрөп бер болду кургурга, – деп койду. Мен болсо «апам эмне минтет, сулуу эмес го сыягы?» деп ойлой бердим. Би күнү апам:

– Зейнеп, тиги Сатар акеңдин аялы гезит сураты жибериптир, алып барып бер, – деп калды. Айылдагы

ардын баары бизден гезит алып, аны текчеге идиштин алдына төшөшөөр эле. Айрыкча, женемдин гезит төшөгөнү мага жакчу. Башкалар жөн эле төшөп койсо, агамдын келинчеги гезитке түрдүү оюм салып кыркып, анан текчеге салып чыкчу. Дубал бооруна түрдүү роза гүлдөрдүн сүрөтүн тартып кооздочу. Жылтылдаган капкара тармал чачтары жоолуктан коңгуроолоно башбагып, албырган ак жүзүн көрктөп турган женем андайда абдан кыялкеч тартып, кандайдыр башка, мен билбеген элек ааламда жүргөндөй сезилээр эле. Ал бул ишти жан дили менен жасачу. Негедир ушул азыр Сатар акенин келинчегин женеме окшогон сулуу келин элестеттим. Ал да ошентип оюм салып кыркып төшөп чыкчудай сезилди. «Эмнеге өзү келип алып кетпейт? Баса, атам айнагасы эмеспи, качат да. Жакшы болду, көрүп келем» – деп кубанып кеттим. Атам колу менен жасаган китеп текчеде турган топ гезиттен алып, Сатар акенин үйүнө чуркадым. Жете бергенде кемселимдин чөнтөгүндө жүрчү кичинекей таш күзгүгө каранып, жоолугумду оңдодум да, анан үйгө башбактым. Кооз гүлдөрү бар кызыл халат кийген келин текчеден идиштерди алып жерге коюп жатыптыр.

– Жакшысызбы жене?

– Келиң кыз, – деди келин тааныштай жаркырай күлүп. Кирпиктери төгүлгөн капкара көздөрү сулуу болгон менен кандайдыр бош экен. Менин женемдин көздөрүндө күлкү, ошол эле учурда жагдайга жараша ой түнөп, кандайдыр сыр катып тургандай сезилчү. А бул көздөр сулуу болгон менен эч кандай ой, сыр жок бош эле.

– Гезит сураган экенсиз? – дедим тартынып.

анын ичке белинен кармап алып каргылдана акыры
жалынат.

– Акырын, жаным, баланы абайла... Ичкеридеги-
лер угуп калбасын, уят.

– Укса эмне экен, сиз менин никелүү эримсиз. Мени
жакшы көрөсүз да, ээ? – Ал эңкейе Сатар акенин жүзүнө
чопулдата өпкүлөдү. Сатар аке тумчуга жалынып, келин-
чегин имере кучактап, бооруна баса экөө оодарылып кет-
ти. Эми келиндин көкүрөгү жарк этти. Тирсийген мама-
тары айдын жарыгында үрпү карара титирейт. Сатар ак
аны кош колдой мыкчыганда, ушул ажайып кооздукт
сындырып койчудай көзүмдү жуумп жибердим. Негед
жүрөгүм башкача согуп, буттарым калтырап чыкты. И
кийимим сууланганын сезип, кандайдыр уялуу менен би
ге бир башкача, эмнеге экенин өзүм билбеген каалоодо
аптыкканымды сездим. Эртеси бир уяттуу иш кылганда
алар кеткенче көрүнгөн жокмун. Апам гана «киши ке
генде ушинтет бекен? Жакпаса да билдирбей узатып коюш
керек. Конок ыйык» деди да, анан өзүнчө күңгүрөнүп
«Кайран жигит сулуулугуна алданып, делбеге кор бол
мой болду. Төрөгөндө күчөп кетпесе эле» – деди.

– Ким делбе? – дедим чочулап.

– Эч ким, мен өзүмчө эле, – деп койду апам капалуу.
Көз алдыма Мавлюданын эч бир ой жок көздөрү кел
түштү. Ошого удаа эле анын тикчийген ажайып көкү-
рөгү, чытыраган сандары, аппак ийиндери, далысы
жапкан олоң чачы, Сатар акенин алп колдоруна би
оролгон ичке бели элестеди. Апам оюмду билип кой-
гондой уялып, басып кеткенче шаштым.

Ошол бойдон аларды бир топ жылга чейин көргө
жокмун. Үчүнчү курста окуп жатканда «Сатар ак

күрөк оорудан өлдү» – деп угуп абдан кейидим. Анын комуз менен шаңгырай кошо шаңшыган үнүн, суусар тебетей куп жарашкан кубакай жүзүн, ойноктогон өткүр, шок көздөрүн, эки ийинин күйшөй баскан зор келбетин ичим эңшерилип эстедим. Көз алдыма анын сулуу келинчеги келди. Айылга барганда апам акырын:

– Сатар ыраматылык тиги жиндинин айынан эле өлдү, – деди бирөө угуп койчудай шыбырап.

– Кайсы жинди?

– Мавлюда. Анын бир мандеми бар экенин биринчи көргөндө эле сезгем. Сатар укпай койбодубу. Сулуулугуна азгырылды кургур. Эркектин шору да, кудурети да сулуулук алдында алсыздыгы. Аялынын оорусу күчөп кеткенин көтөрө албады бейтаалай. Балдары кантет десең?

– Канча балалуу болду эле?

– Төртөө.

Биз батага барганда Мавлюда ыйлаган жок. Баягы сулуу жүзүн бырыш желелеп, картая түшсө да сулуулугун жоготпоптур. Дагы эле бели төрөбөгөн аялдай бир тутам, чачы согончогуна чабылат. Балдары да адамга суз, муздак карашат, бирок, көздөрү Сатар акенин көзүндөй оттуу, ойлуу. Ушунусуна сүйүндүм. Көздө ой жок болгону баарынан жаман.

Ошону менен жан боор айылга кайра көптө бардым. Автобуска чыкканда эле айылдыктар биринен сала бири кучакташып учураша башташты. Бир гана ак жоолукту чекесине байлап алган аял четтеп саламдашкан жок. Көзүмө жылуу учурады.

– Жакшысызбы? – дедим бүшүркөй.

– Кандай, Зейнеп сиңдим. Азыр мени менен ая
деле, эркеги деле учурашпайт. Мен мурдагыдай
жашмын, сулуумун, кумарлуумун, болгону аялдар ко
албайт, эркектер болсо мага сүйлөгүсү келсе да аял
нан коркот.

Ошондо гана Мавлюданы тааныдым. Ал мага ж
кын санаалашын көргөндөй жакындай берип сүйл
жатты. Көздөрү баягыдай эле ой жок, бирок, өзү аі
кандай кумарлуу, сулуу.

– Билесиңби, мага күндө сенин агаң келет, – деди
ойкуштап.

– Кайсы агам? – деп чочуп кеттим. Мага жакын оту
ган айылдаш жеңем Санабар капталга нукуй «унчу
па» дегендей көз кысып койду. Мавлюда көздөрү жа
дана шыңк күлүп сөзүн улады:

– Тиги мугалим агаң. Ал эле эмес, кошунам Ку
ман да күндө келет. Бая күнү боорум ооруп киргиз
койсом таң атканча уктатпай койсо! – Ал дагы акы
тана күлүп алды да сөзүн улады: – Баары келет, тим э
аялы жок жерде изимди аңдып, «Минаш, кел эми б
эле жолу киргизип койчу» деп жалынышат, сууга ба
сам жолумду тороп бура бастырышпайт. Ээ, алар к
руп кетсин, мен болсо тиги доктур жигитти сүйүп ка
бадымбы! – Мавлюданын эми эле ойноктогон көздө
муңданып жаш толо түштү. Ал күйүттүү жаш кызд
шуу үшкүрдү. Доктур жөнүндө төгүлүп сүйлөп жатк
Мавлюданы карап туруп баягы биздин үйдөгү түн
эстедим. Ошондогу эркекти жалынткан, кудурети
тизелеткен периштенин азыркы келбетине ичим оору
ду. Ичимден «бүт эле аялзаты ушинтип өзүн бүт эрк
сүйөөрүн каалап, болгону алар мунусун акылы мен

– Кандай, Зейнеп сиңдим. Азыр мени менен аялы деле, эркеги деле учурашпайт. Мен мурдагыдай эле жашмын, сулуумун, кумарлуумун, болгону аялдар көрө албайт, эркектер болсо мага сүйлөгүсү келсе да аялынан коркот.

Ошондо гана Мавлюданы тааныдым. Ал мага жакын санаалашын көргөндөй жакындай берип сүйлөп жатты. Көздөрү баягыдай эле ой жок, бирок, өзү айткандай кумарлуу, сулуу.

– Билесиңби, мага күндө сенин агаң келет, – деди ал ойкуштап.

– Кайсы агам? – деп чочуп кеттим. Мага жакын отурган айылдаш жеңем Санабар капталга нукуй «унчукпа» дегендей көз кысып койду. Мавлюда көздөрү жандана шыңк күлүп сөзүн улады:

– Тиги мугалим агаң. Ал эле эмес, кошунам Кутман да күндө келет. Бая күнү боорум ооруп киргизип койсом таң атканча уктатпай койсо! – Ал дагы акыштана күлүп алды да сөзүн улады: – Баары келет, тим эле аялы жок жерде изимди аңдып, «Минаш, кел эми бир эле жолу киргизип койчу» деп жалынышат, сууга барсам жолумду тороп бура бастырышпайт. Ээ, алар күрүп кетсин, мен болсо тиги доктур жигитти сүйүп калбадымбы! – Мавлюданын эми эле ойноктогон көздөрү муңданып жаш толо түштү. Ал күйүттүү жаш кыздай шуу үшкүрдү. Доктур жөнүндө төгүлүп сүйлөп жаткан Мавлюданы карап туруп баягы биздин үйдөгү түнд эстедим. Ошондогу эркекти жалынткан, кудуретин тизелеткен периштенин азыркы келбетине ичим оорунду. Ичимден «бүт эле аялзаты ушинтип өзүн бүт эркек сүйөөрүн каалап, болгону алар мунусун акылы мене

# ЭҢ КЫСКА ТҮН

Алар баш кошкон алгачкы айларда баары жакшы-дай сезилди. Арууке окуусуна кетээрде күйөөсү узатып чыгат, келгенде аялдамадан тосуп алат. Экөө бири-би-рин бир күн көрбөй калса сагынышып калышат. Бак-тысыздыктын баары ичкиликтен чыкты. Муктар соосун-да боорукер, жумшак, Аруукенин кареги менен тең ай-ланат да, качан ичип алганда аял аттуунун баарын жек-теп, Аруукени басмырлай берчү болду. Андайда Аруу-ке канчалык жүрөгү ооруп турса да унчукпай кутулат. Бул адат бара-бара кол көтөрүүгө айланды. «Балалуу болуп калсак, Муктар өзгөрөөр» деп үмүттөндү Арyy-ке. Бир кездеги кулпурган кыз көз көрүнөө өчүп барат-ты. Ата-энеси кызынан турмуш жайы тууралуу канча-лык сурашса да, Арууке Муктардын кол көтөргөнү ту-уралуу эч нерсе айтпай ичине сала берди. Аруукенин кош бойлуу экени деле Муктарды көп кубантпады. Кош бойлуу деп аягандын ордуна, ичип алып канча жолу тепкиледи. Арууке андайда ичин калкалагандан баш-ка эч нерсе кыла албай тыпырап жатып берчү.

Кош бойлуу кезинде көп жабыр тарткангабы, Арyy-кенин төрөтү оор болуп, эне-бала өмүр менен өлүмдүн ортосунда үч күн жатты. Арууке үчүнчү күнү кечинде араң, операция менен төрөдү. Эсине келээри менен ба-ласын сураган Аруукеге «мальчик» – деди көздөрү ас-ман түстүү орус аял мээримдүү жылмайып. Ошол эле күнү уулун колуна алып келип беришти. Ооздорунун

айланасы, көздөрүнүн алды көгүш тарткан кичинекей наристе көзүн ачпай мемирейт.

– Эмнеге көзүн ачпайт? – деди Арууке тынчсызданып.

– Кыйналып калды. Уулуң экөөң кудайдын кудуреги менен тирүү калдыңар, – деди акушерка аял. Арууке баласын бооруна баса ичи эзилип, көкүрөгүнөн башталган ысык нерсе бүт боюна тарап жатканын сезди. Айрыкча, уулу эмген күнү Арууке мындан ары ушул кичинекей адам үчүн жашаарын түйдү. Муктардын ооруканга мас болуп келгенине, жаман сөздөр менен сөгүнгөнүнө деле капа болгон жок. «Эми жалгыз эмесмин» деп ойлоду. Уктап бараткан Арууке залдагы опуртопурдан ойгонуп, баласын бирөө алып кетчүдөй колуна ала тура калды.

– Арууке ушул палатада. Сиз кичине күтө туруңуз, мен азыр чакырып чыгам. Энелерди ойготосунар, – деди аялдын үнү. Сыягы, кезекте турган доктур го. «Мас болуп ушул жакка чейин кирген экен» деп ойлогон Аруукенин дили сыздай, жүрөгү опкоолжуп чыкты. Баласын бооруна кыса кучактап сербейип отурган Аруукеге доктур жумшак унчукту:

– Атаңар келди, жүргүлө. Бүгүн сенин туулган күнүң тура.

– Маспы? – деди Арууке акырын.

– Көп деле мас эмес. Достору менен жүрөт, – деди доктур шыбырап. Залга чыкканда эле келинди аяштары тегеректеп, баласы колдон колго өтүп жатты. Арууке ар бир аяшы баланы алган сайын жүрөгү титиреп, «түшүрүп жибербесе экен» деп көкүрөгү зыркырай, улам колун сунуп жиберип жатканын өзү да байкаган

жок. Муктардын кирпиктери төгүлгөн көзү бир башкача мээримдүү, бактылуу жайнап, Арууке анын ушул келбетинен алгачкы айлардагы жан шеригин көрүп көңүлү жибиди. Муктар баласын колуна алганда ушундай бир коомай кармап, оозу кулагына жете күлүп турду. Аны көптөн бери мындай бактылуу, мээримдүү көрө элек болчу келин. Анан ал:

– Туулган күнүң менен, жаным! – деди келинчегин бир колу менен бооруна кыса кучактап. Арууке күйөөсүнүн мойнунан кучактай, көзүнө жаш тегеренди. Унуткан эмес экен да.

Ошондон эки күндөн кийин, Арууке уулу экөө үйгө чыгып келишти. Муктар болгону бир айдай гана Аруукени аяган болуп, кайра тез эле таз кейпине келди. Уулун шылтоо кылып күндө мас. Кеч жакындаган сайын Аруукенин жүрөгү алып-учуп: «Кудай ай, соо келсе экен» деп жаны төрт чарчы. Муктар соо келсе, Арууке карегги менен тең айланып бербэрге ашын таппай калат. Мас болсо айтканын эки кылбай сөксө укмаксан, ары-бери өтүп тепсе туймаксан боло эрдин тиштеп унчукпайт. Андайда уулу да ыйлабай, апасын ээрчий карап коюп болпоюп жата берет.

Муктар түн жарымында мас келди. Эшиктен кирээри менен жүрөгү зыр этти келиндин. Бүгүн эле келген сиңдисинин көзүнчө жиндилик салбаса экен деген Арууке, Муктардын айтканын оозунан чыгып-чыга электе жасоого даяр болуп көздөрү жалдырады. Аялы карегги менен тең айланган сайын Муктар күчөп:

– Тамак жедир мага! – деди буйдуруктай. Арууке унчукпай табакты колуна алып, күйөөсүнүн оозуна кашыкты суна бергенде, Муктар артка чалкалады. Ке-

ин анын ыгы менен табакты ага жакындата жылды эле, айра түздөнө берген Муктардын мурдуна табак тийип етти. Шылтоо таппай турган Муктар, коркконунан өздөрү алайып кеткен келинчегинин колунан табакты улуп алып, баштан ары тартып жиберди. Үй ичи тумандай, бир жагына жыгылып бараткан Арууке, «баланы тебелеп кетпесе экен» деп ойлоду. Жинденген Муктар ызы-чуудан ойгонуп кеткен балдызынын ортого түшкөнүнө карабай, аранжан келинчегин аёосуз тепкилеп кирди. Чырылдаган балдызы:

– Жезде, айланайын жезде, теппеңиз, жакында эле операция болду го, ичи айрылып кетет! – деп кудайга рү жете жалынды. Муктар качан чарчаганда токтоду. Бети-башы жарылган эжесин кучактаган Арзуу, үнүн ыгарбай солуктап, эже-сиңди жарадар эликтей бүрүшө бурчта отурушту. Муктар табасы канбай калгандай кайра ордунан турганда, балдызы канатын жая тура калды.

– Болду эми, жезде, өчүңүз болсо да болду, өлтүрүп оёсуз, – деди көздөрү канталаган Муктарга жалдырай карап. Ал теңселе басып барып, бейкапар уктап жаткан уулун колуна алды. Арууке ордунан кандайдыр күч менен тура калып баласына умтулду.

– Жакындаба, өлтүрүп коём. Мен сендей бай ата-энелүү, жетимдикти билбеген жанга тең боло албайт экем. Уулумду алып кеттим. Жетим чоңоюп мен өлгөн эмесмин, бул да өлбөйт! – деди кимгедир болгон өчүн алып жаткандай тиштенип. Арууке Муктардын бут алдына жыгыла жалынды:

– Муктар, мен сени бир жолу жетимсиң дедимби? Баланы алып кетпе! Эмне десең айтканың менен болоюн.

– Тур ары долуланбай! – Ал келинчегин топтой ыргыта тээп, өзөрө көгөрүп калган келинчегине көңүл д бурбай, шифоньердин үстүндө турган үйдөгү бар акчаны алып чыгып кетти. Залда баратып балдызынын «эжекебайым, көзүңүздү ачыңызчы?!» деген үнүн угуп «энеңди урайын артисттер. Назиктигин кантейин...» де сөгүнүп алды.

Арууке эсине келээри менен эле:

– Нурэл кана? – деди кыңкыстай.

– Жездем алып кетип калды.

– Кантип алып кетип калды? – Арууке ордунан ыргып тура сыртка атып чыкты. Түн жымжырт. Арууке башын мыкчый чаңырып жиберди да, бет келди дуулдай чуркап жөнөдү.

– Эже, каякка? Бутуңузга бирдеме кийип алыңызчы?! – деп жалынган Арзуу артынан жете алсачы. Бир оокумда кабат үйлөрдүн алдына келишти. Арууке үчүнчү кабаттын эшигине жетип коңгуроосун басты. Эшикти ачкан орто жаштагы аял, Аруукенин кебетесин көрүп коркуп кетти.

– Сенби, Арууке, эмне болду айланайын?

– Мая эже, Муктар мас бойдон баланы көтөрүп кетти. Табылды байке менен ичкен экен. Сиздердикине келбедиби? – деди үнү күйүккөнүнөн кыркырап.

– Жок, келген жок. Азыр, байкеңен сурайынчы.

Табылды мас болумуш боло ордунан турбай койду. Арууке кайра чуркап жөнөдү. Кулагына улам уулунун ыйлаганы угулуп, курсагы ачып, алды суу болгону элестеп жинди болуп кете жаздап баратты.

– Эй, сойкулар келе жатат. Ишин жасап, анан акчасын бербей уруп кууп жиберген го, – деген үндөн эсине

келе түшүп артын карады. Сиңдисинин көзү алайып коркуп кетиптир.

– Кач, Арзуу! – деди мууна шыбырап.

– Сизчи?

– Мен алаксытып турам.

– Жок, жалгыз качпайм! – деди Арзуу эжекесин бекем кармап. Экөө алынын жетишинче чуркап жөнөдү. Эңгезердей төрт эркек бучкактай кууп келатты. Жанталашкан Арууке сиңдисин жетелей, кабат үйгө кире качып, биринчи эле бет келген эшикти какты.

– Ким? – деди аялдын үнү.

– Айланайын, эжесизби, сиңдисизби, ачып коюңузчу. Артыбыздан кууп келатышат. Жок дегенде жаш сиңдимди киргизип алыңыз! – деди Арууке ый аралаш. Эшикти жаш келин ачты да, Аруукенин канжалаган кебетесин көрүп коркуп кетти.

– Кириңиз, – деди үнү титиреп. Келин экөөнү киргизип, эшикти дароо жапты.

– Жок, биз ушундай эле... – деди Арууке кир бутунан, кан болгон бети-башынан тартынып. Ал калчылдаган сиңдисин кучактай эшиктин бурчуна отура кетти. Жел бешикте кичинекей наристе бала уктап жатыптыр. Баланын үнүн уккан Аруукенин эмчеги зыркырап, сүтү агып, чытыраган көкүрөгү ысып-күйүп ооруп чыкты. Таң агарып келатты.

– Азыр күйөөм жумуштан келет. Сиздерди көрсө урушуп жүрбөсүн. Короого чыксаңыздар комокто жакшы байке бар, таң атканча ошерде отуруп туруңуздар, – деди бир маалда келин күнөөкөрдөй көзүн ала качып.

– Рахмат, сен бизди бир өлүмдөн, шермендечиликтен сактап калдың, – деди Арууке көзүнө жаш айла-

ныл. Алар сыртка чыгып эле, келин айткан комокк келишти.

– Менин да кыздарым бар, отура бергиле, анан машине менен жеткирип коём. Акмактар, силерди куугап экен да. Менден «кыздарыбыз качып кетти» деп сурап келишти эле, – деди кыжырланган комоктун ээси. Көчөдө кыймыл көбөйөөрү менен, Арууке тиги кишинин жеткирем дегенине болбой сиңдисин жетелеп кетип калды. Артынан узата карап калган көздөрдөн кысынып баратты эже-сиңди. Арууке үйгө келип эле уулунун төшөгүн кучактай жыгылды. Упчусу калып калыптыр.

– Эже, каякка алып кетмек эле, агасынын үйүнө барса керек, – деди Арзуу боздоп ыйлап жаткан эжесинин мойнунан кучактай. Арууке соолуга түштү.

– Чын эле. Мен ошол жакка кеттим. Сен айылга барып атамды ээрчитип кел. Мындан ары минтип жашай албайм. Жашыргандан, «оңолуп кетээр» деп үмүт кылгандан чарчадым. Нурэл эле аман болсо экен... – деди үнү дирилдеп.

– Кайдагы жаман сөздү айтпачы, эже. Айбан да баласын коргойт, бул адам эмеспи. Коё тур, жуунуп, кийимиңди алмаштырып ал. Абысынын көрсө табалабайбы. Көчөдөгү элди да үркүтөсүң, – деди сиңдиси жароокер. Арууке ваннага ары-бери жуунуп, ашыга жолго чыкты. Бутундагы тапичкеси да үзүлүп калыптыр, жолго да акчасы жок. «Үйдөгү духовканы сатам» деп ойлоду да, биринчи эле таксини тосуп:

– Байке, акчам жок, үйдө жаңы духовка бар. Ошону алыңыз да, мени Сокулукка жеткирип коюңуз, – деди жалооруй.

– Кечирип кой, карындашым, мага духовка эмес, акча керек, – деди ал келиндин жарылган бети-башына, шишиген эриндерине шектене карап. Арууке эмне кылаарын билбей эндирей туруп калды.

– Эмне болду, подруга? – деди артынан кыздын үнү. Арууке жалт карап, бети-башын чаптап боёнгон, кыска юбкачан кызды көрдү. Кыздын оозунан арак буркурайт.

– Эч нерсе, – деди Арууке бутундагы жип менен байлап алган тапичкесинен тартына.

– Эмне, акчаңды бербей коюштубу?

– Жок, эки айлык уулумду күйөөм мас болуп алып кетип калды. Артынан барганга акчам жок, жаңы духовканы берейин десем тиги таксист көнбөй койду, – деди Арууке жашына муунуп. Азыр ушул сойкудан башка арманын угар жан жогуна Аруукенин жаны кейиди.

– Акмактар, эркектин баары акмак! Сен ыйлаба, азыр уулуңа жеткирем, – деди кыз.

– Сен мени базарга чейин жеткирип койсоң, ал жерде мурда бирге иштеген тааныш эже бар. Ошондон акча алам, – деди Арууке кыздан көзү өтүп.

– Сен мындай туруп тур, мен азыр, – деди кыз. Анан биринчи эле машинаны тосуп, бирдеме деп сүйлөштү да, Аруукени чакырды. Базарга жетээри менен кыз күлө карап:

– Келдик, подруга, эжекең чын эле акча береби? Болбосо, Сокулукка айткан жериңе жеткирип коёбуз, – деди мээрим менен.

– Жок, эжекем берет. Сендеги карызыман кантип кутулам? Күтө турасыңбы, эжемден алып чыгып берейин, – деди Арууке чын дилинен.

– Уулуңду таап алсаң ошол кутулганың. Жакшы бар, подруга. Баса, кадырына жетпеген жанга кор бо-босончу, кордук эмне экенин мен жакшы билем, – деди мунайым. Бет алдында сойку эмес, көптү көргөн ак тургандай сезим келди Аруукеге.

Замира эжеси Аруукенин кебетесин көрүп эле түшүндү. Унчукпай бир тапичке, миң сом акча берди. «Мен да барайын» деди эле, Арууке болбой койду. Ке-лин миң ойго түшүп, учуп-күйүп баратты. Тээ көчөдө эле эшикте уулун кармап отурган абысынын көрүп ма-шине токтоп-токтой электе атып чыкты. Ыйлай бери чарчап, үнү араң эле чыгып калган уулун басып жы-гылды Арууке. Нурэл бир колу менен узакка зарык-тырган мамагын, бир колу менен апасынын кулагы мыкчый кармап ээмп жатты. Таксини абысыны жөнөтү келди. Кетейин деген Аруукени абысыны, «күйөөң ке-се бизди өлтүрөт. Келгенде кет. Соолугуп калды, ур-байт» деп жибербей койду. Күйөөсү түшкө жакын кел-ди. Бир аз кызуу. Уулун кучактап уктап жаткан келин-чегин көрүп мыскылдуу жылмайды. Кечинде чогуу ке-тишти. Үйгө киргенде гана Муктар, бети шишикте көрүнбөгөн келинчегин үнсүз бооруна кысты. Арууке бул жолу кечире алган жок. Күйөөсү жумушка кетээри менен баласы экөөнүн кийимдерин гана алып кети калды да, ошол бойдон кайрылбады.

Андан бери арадан тогуз жыл өттү. Аруукенин му-даган жүрөгүн бир жан капылеттен жылытты. Бул мээ-римдүү, токтоо жанды көргөн сайын Аруукенин жүрөгүн бир жылуу сезим аралап өтчү. Сагын менен жумуш боюнча, жөн деле канча жолу жолукту, бир да жолу башка эркектерчилеп кыйшаңдап тийишкен жок.

Эгер кулагы оорубаса, Аруукенин сезимин тиги киши билбей да калмак беле, ким билет. Түнү бою оорудан уктабай чыккан Арууке, таң эрте ооруканага барды да, ошондо гана Сагындын врач экенин эстеп телефон чалды. Ал дароо эле таанышына ээрчитип барып, чыккандан кийин, Аруукени үйүнө жеткирип койду. Ошол жолугушуудан кийин Арууке Сагынды уулунун туулган күнүнө чакырды.

Күңүрт бөлмөдө экөө гана.

– Арууке, бүгүн эң кыска түн экен. Кел, өмүрдө караңгылык дайыма абдан кыска, жаркын жарыктар узакка-узакка болсун, – деди Сагын жумшак күлүмсүрөп. Түн ооп баратты.

– Мен эми чыгайын, Арууке. Сага көлөкө түшүрүп койбоюн, – деди Сагын келинден көз албай.

– Макул, сиз ошентип ойлосоңуз. Узатып коёюн, – деди Арууке жүрөгү ээнсиреп. Сагын ордунан турган келинди бооруна кысты. Аруукенин бүткөн боюн майда калтырак басып, Сагындын көкүрөгүнө баш койду. Арууке ушул түндүн абдан узак болуусун, Сагын дайыма ушинтип жанында туруусун каалады. Бирок, кайдан? Сагындын да өз тилеги, каалоосу бар чыгаар. Арууке ыйлагысы келди. Жалкы, жалгыз тагдырына, аялдык бакыттын зарыктырып кечиккенине кейиди. Качан келет көздөн учкан бакыт? Деги ал барбы?..

# УУРДАЛГАН БАКЫТ

– Кадыр, мен сени ушул жылдар аралыгында уну-
пай, ал тургай күтүп жүргөнүмдү бүгүн билдим.

– Күткөнүңдү билсем жанымды азапка салбай эча
эле келмекмин. Канча жылдар куру кыял менен өтт
Ташбоорум менин.

– Жолукканыңа өкүнбөйсүңбү?

– Эмнеге антип сурадың?

– Биз мындан ары да жолукканга акыбыз жок эк
нин билесиң да.

– Эмнеге?

– Жаш баланын суроосун бербечи, менин үй-бүлө
бар экенин сенден жашырган жокмун.

– Бактылуусуңбу?

– Билбейм, бакыт эмне экенин эч ким айта албайт

– Сен үчүн бакыт эмне? Байдын аялы болуубу? – К
лин ордунан атып турду. Келин менен кошо жагымд
жыт бур этти. Бул жыт келинде тээ кыз кезинде бар бо
чу. Кыз капыстан жанынан өтсө, дал ушул буркураг
ажайып жыт эми эле бой тарткан боз улан Кадырды
тынч жаткан дүйнөсүн сапырып кетчү эмес беле.

– Бир кезде мен үчүн бакыт сенин сыр каткан ж
гымдуу көз карашыңа ээ болуу, дайыма жаныңда жү
рүү, апакеңдин «келиниме» деп каткан ак жоолугу
салынып, келген-кеткенге жүгүнө сый көрсөткөн кели
болуу болчу. Бара-бара ал бакыт куру үмүткө айла
ды. Кийинчерээк ал куру үмүттүн ордун кусалык, ан

бошук ээледи. Азыр болсо мен үчүн бакыт - баламдын күлкүсүн угуу. Ошол ажайып күлкү үчүн миңдеген жагымдуу көз караштты, миңдеген эртеңи жок үмүттү курмандыкка чалууга даярмын.

Келин шуудураган жибек көйнөгүн шаша кийип, ар жерде чачылган буюмдарын сумкасына башаламан салды да, чуркап чыгып кетти. Эми эле эки дене балыктай туйлаган, ысык шыбырга тумчуккан төшөк бош калды. Кадыр бактысына бир буйруган алтын балыгын колунан чыгарып жибергендей дили сыздап, буулугуп чыкты. Ушу азыр өз эркине моюн сунуп бала кездегидей буркурап ыйлагысы келсе да негедир анте албай койду. Көз алдына өткөн күндөр келди.

Азем класстын эле эмес, мектептин эң сулуусу болчу. Айрыкча ошол жазда кыз бир башкача толукшуп бой жетти. Бир темгили жок жумурткадай апакай өңүнө бакырайган бото көздөрү ансайын көрк берип, төгүлгөн кирпиктери, жаалай ийилген карлыгач каштары кандай жанды болбосун бир каратып өтчү. Солкулдаган кыздын бир тутам бели, чыбыктай бою, кара түндөй төгүлгөн олоң чачы кимдердин гана түн уйкусун бөлбөдү дейсиң. Кадыр үчүн кыз сезимине арзуу таттуу түш сыяктуу кыял эмес беле анда. Сабакта отуруп көз кыйыгынан кыздын ак жүзүн уурдана кароо, ар бир кыймылына көз салуу, кайтып келе жатканда Аземдин артынан анын караанын кайтарып басуу Кадырга бакыт сезилчү. Кээде байкабай каректер чагылышып кетсе, көө теңуурусу кармалгандай кызарып-татарып көз караштарын буруп кеткенче шашышчу.

Акыркы коңгуроо, акыркы коштошуу кечеси ар бир бүтүрүүчү үчүн кайталангыс күн. Бул күн бир жагынан

алтын балалыктын ажырагыс бөлүгү болгон окууч
лук керемет кpropактын бүтүүсү болсо, бир жагынан ч
турмуштун босогосуна аттанган күн. Ушул кү
бүтүрүүчүлөр кадимкидей бой жетип, муну өздөрү
эмес, ошол күнгө чейин окуучуларын баладай көр
келген устаттары да байкашып, ошол күнү бул ала
дар бири-бирине кымбат экенин тээ жүрөк терени
сезип, карекке кыя албоонун жашы эрктен тыш, ч
дилден кылгырат. Кадыр четте турган Аземдин бү
өзгөчө сулуу болуп кеткенин байкап ушул кыз дил
деги экенине сыймыктанып да, ошол эле учурда эч ки
ыраа көрбөй, алда кимден кызганып да алды. Азем
үстүндөгү кош этек ак көйнөгү, бир тутам белин куча
таган кыска саймалуу кемсели, татынакай буттар
көтөргөнүнө кубангандай куп жарашкан ак туфли
өзүнө перинин көркүн берип турганын жаш сулуу
да сезгендей жоодурай албырат. Шаңшыган ыр, к
лоолор айтылгандан кийин жеңил бий башталды. К
дыр эгер ушу азыр кызды бийге чакырбаса, мын
кийин эч качан аздектеген адамы менен бийлөө бак
сы буйрубасын сезип, ушул коркунуч гана боз улан
алдыга жетелеп чыкты. Тизелери калтырап турса
Кадыр өзүн ишенимдүү кармап, классташына жак
дады. Аземдин ак жүзүнө кан тээп, көздөрү жалжыл
кысына, «кайда качсам экен?» дегендей эки жагын
ранып алды.

– Азем, мени менен бийлеп койчу! – деди Кадыр
риллеген үн менен. Ал кыздан жооп күтпөй эле кол
алды. Аземдин колдору бир башкача жагымдуу, жа
жакын экенин Кадыр ушунча жыл бир класста о
жүрүп бүгүн сезди. Бойлору жанаша бергенде Ка

кыздан жамгырдан кийинки талаанын адеми жытын туюп, бул табышмактуу ажайып жыттан жигиттин башы айланып, али өзү аңдай албаган бир керемет сезим Кадырдын жүрөгүн кытыгылап, көзгө көрүнбөгөн канат байлаткансыды. Азем колго түшкөн жапайы чарчыктай калтырап туруптур. Жигит имере кучактаган кыздын ичке бели колго ушунчалык жагымдуу эле. Бул жагымдуулукту сөз менен жеткирип айтуу оор, аны ар бир адам өзү сезип, башынан кечирүү керек. Бирок, атаганат, бул бакыт бардык эле жигиттин ырысына буйруй бербейт. Кадыр муну ал кезде билген эмес, азыр сезди. Ошол кечте баары ортону тең жара бийлеп жүргөн жуптардын бири-бирине жарашканына суктанып турушту. Кечеден кеч тараган жаштарды ата-энелери акмалап, айрыкча энелер кыздарына этиет болушуп дароо ээрчитип кетишти. Ал эми жаштар болсо кеткилери келбей кылчактап, ата-эненин өкүмүнөн моюн толгой албай аргасыздан тарашты. Кадыр үйгө келгенден кийин да уктай албай акырын сыртка чыкты. Кечке көр тириликтен башы чыкпаган апасы катуу уктап калган го, козголбоду. Ай сүт төгүлгөндөй ак шоокум тартып ааламды чайып туруптур. Кадырдын жүрөгү белгисиз өрөпкүүдөн толкуп, ал өрөпкүү жүрөктөн улам жогорулай алкымын кысып, өзүнө-өзү батпай бет келди басып кете берди. Кадыр кантип Аземдин короосуна келип калганын байкабай калды. Буттары өздөрү эле ушул жакка жетелеп, жүрөгү тартып келди көрүнөт. Жигит негедир ичинен дир эте апкаарып алды. Демин баса бир аз турду да, анан кыздын терезеси көрүнгөн картаң өрүктүн жоон бутагына чыгып отурду. Ошол жоон түп картаң өрүк негедир азыр да түшүнө көп кирет.

Таң агарып, чыгыш жак кызарып келатты. Кадыр убакыттын кандай өткөнүн деле туйган жок. Бир оокумда эшиктин ачылганы, чаканын калдыраганы угулду. Кадыр чочулай ордунан козголуп, бутакка далдааланды. Колуна кош чака кармаган кыз көрүндү. Кош өрүм чачы кызыл көйнөгүнүн этегине жете чубалган Азем башатты көздөй жигит жүрөгүнөн бөлүнгөн бир үзүм жалын болуп жай, кыялдуу басып баратты. Кадыр кыздын артынан акырын акмалай басты. Азем эч нерседен бейкапар чакаларын жерге коюп, анан тизелей отуруп булакка жүз чайып, айдалысынан толгоно алдына кулаган олоң чачын эрке кыймыл менен артына ыргытты.

– Азем! – деди Кадыр үнү өзүнүкү эместей каргылдана. Азем бурулгандан коркту. «Капырай, кулагыма угулуп жатабы?» деп ойлоду коркунуч аралаш.

– Азем, коркпо, бул мен – Кадырмын!

– Кадыр? Сен кайдан? – деди Азем дагы эле бурулбай. Калчылдаган үнүнөн корккону же сүрдөгөнү билинбейт.

– Азем, мен тиги... сени терезеңден карап отурдум.

– Эмнеге? – Кыз эми гана бери бурулду. Кубарган өңүнө кызыл жүгүрүп, каректери сыр ката күлүңдөп туруптур. Кыз кечээгиден да сулуу көрүндү Кадырга. Кармана албай жакындай берип колдон алды. Азем колун тартып алууга аракеттенди эле Кадыр бекем кармап коё бербей койду. Кыздын жүзү тээ чыгыш жактан асман бетин каптап келаткан кызгылтым нурга окшоп албырып кетти.

– Азем, кайсы окууга окуйсуң?

– Билбейм, мугалим болсом дегем.

– Каалайсыңбы, чогуу барабыз.

Кыз ууртун бүлк эттире акырын унчукту:

– Атама айта элекмин.

– Үшүдүңбү? – деди Кадыр. Анан эстей койгонсуп күрмөсүн чечип кыздын ийинине жапты. Кадырдын күрмөсүнөн шыбактын жытына окшогон кермек жыт келип туруптур.

– Мен кетейин. – Азем колдорун тартып алып, бурула берди.

– Коё тур, суу албайсыңбы? – Кадыр чакаларга толтура суу сузуп кызга карматты. Азем унчукпай Кадырдын күрмөсүн сунду да, чакаларын чайпалта көтөрүп акырын басып кетти.

– Азем, кечинде ушул жерге келчи, – деди Кадыр артынан. Кыз укпагандай жооп кайтарган жок.

Кадыр күн бою жылдап жасабаган жумуштун баарын жасады. Жигиттин жүрөгүн кечки жолугушуу делпиртип, убакыт өтпөй, керек болсо азыр тоону томкорууга даяр эле. Кеч жакындаган сайын Кадыр жанын коёрго жер таппай, карбаластап кирип чыга берди. Кечки тамакка да табити чаппай, очок боюнда убараланган апасын аяп гана дасторконго отурду. Тамагын ичпей отурган уулун эне акырын кепке тартты:

– Кадыр, бир жериң ооруп турабы дейин десем өңүң кайдары, көзүң жандуу. Санааң жайындабы, уулум?

– Жайында эле, апа. Мен тиги Асандын үйүнө барып келейин.

– Түндө да ордуңа жатпапсың, балам. Караңгыда жүргөн жакшы эмес.

Кадыр айыбы ачылгандай кызарып кетти.

– Апа, мен...

– Кимдин кызы?

Кабыргасынан коюлган мындай күтүүсүз суроодон Кадыр чочуп кетти. Не дээрин билбей такала аптыккан уулунан жооп күтпөй эне акырын кебин улады:

– Коштошуу кечеңерде Камбардын кызы менен бийледи дешти. Мен го жан деп жуучу түшөм, бирок, алар бизди теңине албас бекен, балам.

– Биздин алардан эмнебиз кем?

– Биз алар сураган калыңды бере албайбыз. Кайын журтту өзүбүзгө ылайык жерден күткөн оң. Жаштык баарыбызда болгон. Сен али жашсың, балам, өмүрүңдө дагы далай кыз жолугат. Бардык нерсени ырбай электе токтоткон жакшы. Сезим оорусу жаман, ушундайында токтотпосо кийин кыйын болуп калат. Бу сезим деген кесепеттен калган дарт өлтүрбөгөнү менен айыкпайт, балам.

– Апа! – деди Кадыр кайышып, – Азем өзү билет.

– Кыз балада кайдагы эрк, кайдагы тандоо. Кыздын көңүлүн эч ким эске алып сураган деле эмес. Атасы жаалы катуу, билгенин бербеген көк неме. – Апасынын дагы бирдеме айтчудай кыңырылып, каректерине жаш имериле түшкөнүн байкады. – Мен да бир кезде канчалык жүрөгүм өрттөнүп турса да атамдын каалоосуна каршы чыга алган эмесмин. – Апасы өктөсү бардай оор үшкүрдү. Ортону оор тынчтык ээлеп, эне-бала ар кимиси өз оюу менен алек болуп бир топко үнсүз отурушту.

– Апа, мен Аземден башкага үйлөнбөйм.

– Өзүң бил, балам, мен билгенимди айттым.

Кадыр унчукпай туруп кетти да, булак боюна келип кызды күтүп отурду. Ошол түн ажайып түн болчу. Экөө тең анда ал түндүн кайра кайталанбасын билишкен эмес. Азем күттүрүп көптө келди. Кыз менен кош

ай чыкты. Экөө ай нуруна каректери жылтылдай чагылышып тиктешип турушту.

– Азем, сен мени жакшы көрөсүңбү? – Кадыр кызды ийинден ала көздөрүнө тигилди. Карагат каректер жарк эте бир жалт карады да, анан уяң кирпиктерге жашынды. Азем унчукпай Кадырдын көкүрөгүнө баш койду. Жигиттин жүрөгү кыл арканга байланган азоо аттай дүпүрөй катуу согуп жатыптыр. Ал кызды бооруна абайлай кысты. Эки жүрөктүн дабышынан аалам кошо дүңгүрөп тургансыды.

– Мен сени эч кимге бербейм, Азем. Биз бактылуу болобуз. Чогуу окуйбуз, анан окууну бүткөндө өрүкзардын ичине стол жасап, чоң той кылабыз.

Ошол бойдон алар кайра жолугушкан жок. Аземдин атасы бирдемеден шек алгандай кызын бура бастырбай, окууга да өзү алып барып, шаардан да карындашына катуу дайындаган белем, жигит канчалык аңдыбасын кызга жолуга албай койду. Кадыр ал жылы окууга өтпөй, армияга кетти. Келсе кызды атасы башкага узатып жиберген экен. Ошондо Кадыр үчүн жашоо түгөнгөндөй сезилди. Канча жолу Аземди издеп барайын деп камданып, кайра араң карманып калып жүрдү. Ал кызды аяды. Апасы байкуш уулунун армалына аралжы боло албаганына кейигендей абайлай көңүлүн карап, жарасын ырбатпайын дедиби, бир да жолу башка энелерчилеп «үйлөн» деп кыйнабады. Отуздан ашып үйлөнгөн Кадырдын тоюнда апасы кубангандан ыйлап эле отурду. Ошондо үйлөнгөнү жакшы болгон экен. Апасы небере көрүп кетти, байкуш.

Азем экөө капыстан жолукту. Баягы кыз кезиндеги сулуулугу ошол бойдон сакталган келинди дароо таа-

– Суусар эже чакырып жатат, – деди Жалын өзү Канышка сүйлөп жаткан менен менден көзүн албай.

– Суусар эже бая эле чакырган. Курбум келип колум бошобой калбадыбы.

– Жүр, курбуң менен эле. Чоң кыз, биз менен отурган абдан көңүлдүү болот, ишенип коюңуз.

– Бир көргөн адамга эле ишене бермейим жок, – дедим мен атайын тиги жигиттин кычыгына тие сүйлөп.

– Бир көргөн адамга ишенбеген жакшы, бирок, бир көрүп сүйүп калган жаман. Каныш, сен минтип бизди уят кылба, кеттик, – Жалын биз тарапка тартынбай өттү да, эзелки тааныштай мени, Канышты колдон ала жетелеп жөнөдү. Жанындагы жигиттер да коштоп кетишти. Каныш мени кыя албай эле араң отурганбы, дароо макул болду.

– Коё тур, Жалын, мен азыр дүкөндү жабайын. Силер чыга тургула, – деди ал шашкалактап. Жалын менин колдорумду коё бербей бекем кармап, баарыбыз сүрүлүп сыртка чыктык. Эми эле күүгүм кирип, жаздын ымырт кечи жылуу мемиреп турган экен. Көптөн бери жүрөгүмдү муунтуп жүргөн белгисиз бук азыр да дилимди буулуктуруп, маанайым чөгө түштү.

– Жалын, атыңар укмуш экен, – дедим акырын колумду тартып алып.

– Сиздин атыңыз... жаңылбасам Мээрим болсо керек.

– Кайдан билесиз? – Ичимден «Каныш атымды атаганын угуп калган болуу керек» деп ойлодум. .

– Каныш силер жөнүндө көп айтат. Негедир дүкөнгө киргенде эле «Мээрим ушул болуу керек» деген ой келди. Мен сизди дал ушундай элестеткем.

– Кандай?

– Ушундай сулуу, жайдары, эски тааныштай жакын. – Ал мага жанаша берип ойлуу сүйлөдү.

– Кызык, сиз да мага эски тааныштай сезилесиз.

Ал чын эле мага эски тааныштай жакын сезилди. Ангыча Каныш чыкты да, бизге кошула берип жылмая сурады.

– Таанышып алдыңарбы? – негедир Жалын да, мен да унчуккан жокпуз.

– Эмне урушкан адамдай унчукпайсыңар? – деди ал суроосу жоопсуз калганга ыңгайсыздана.

– Тааныштык, Каныш. Мен Мээрим жооп берет го дегем.

– Мен Жалын жооп берет экен деп тирмин, – дедим Жалынга кыя карап. Экөөбүздүн көзүбүз дагы чагылышты. Жалындын көздөрү бул жолу дилиме кандайдыр жарык жагып өткөнсүдү. Биздин келээрибизди алдыда кирген жигиттер айтканбы, столдо отурган көпчүлүк күтүп жаткан мейманы келгендей дуулдап тосуп алышты. Мындай меймандос кабыл алуудан ыңгайсыздансам да, көңүлүм көтөрүлө түштү. Баары жөнөкөй, шайыр адамдар экен. Биринен сала бири ырдап, абдан көңүлдүү отурушту. Бир оокумда бир кыз Жалынга карап:

– Жалын байке, ыр кезеги сизде. Качан суранат экен деп отурасыз го ээ? – деп калды.

– Ананчы, сурантып ырдаган барктуу болот. – Жалын жагымдуу жылмайды. Баары кол чаап кыйкырып жиберишти эле, Жалын ыңгайсыздана шашып кетти.

– Тамашалап койдум. Силер үчүн сурантпай эле ырдайм. Кезек тийбей жатпадыбы.

Жалын аккордеонду алып жатып мени дагы көз кыйыгынан карап өттү. Бул көз караш бая жагып өткөн

жарыкты дагы жаркытып жибергенсиди. Жалындын коңур, жагымдуу добушу баарын муютуп койгонсуп дымып угушту. Ыр муңдуу болгон менен ээси негедир таншып, төгүлүп ырдады. Жалынды ал түнү көпкө коё бербей ырдатышты. Кеч чыктык. Кызып калган жамаатташтар улам кучакташып көптө коштошушту. Каныш мени менен коштошуп жатып кулагыма шыбырады:

– Жактыбы биздин жамаат, айрыкча Жалын? – Унчукпай бекем кучактап койдум да, Жалын менен досу чакырып келген таксиге отурдум. Таксиде Суусар эже кызы менен отуруптур.

– Жолубуз бирге экени жакшы болду, сени да жеткирип коёбуз, – деди ал мени ийинимден таптай. Жалын алдыга отурду да мага бурулуп:

– Сизди каерге, чоң кыз? – деди күлмүңдөй.

– Орто-Сайга.

– Биз да Орто-Сайга ээ, Суусар эже, – деди ал эжеге.

– Жок ай, мени үйгө.

– Үйүңүз каерде?

– Орто-Сайда.

Баарыбыз күлүп жибердик.

– Мен Мээримдин үйүнө экен деп атпаймынбы, – деди Суусар эже өзү да күлүп.

– Мээрим чакырбаса делеби? – деди Жалын мени сырката карап.

– Эмне экен, менин үйүмө деле бара беребиз, – дедим чын дилимден.

– Рахмат, айланайын, мен эртең эрте жумушка чыгышым керек. Бардык нерсенин азы жакшы. Жалын, сен жолдон түшөсүң да, ээ? – деди Жалынга. Жалын үнсүз баш ийкеп койду. Негедир Жалындын жолдон калаарын

ыканда көңүлүм ээнсирей түштү. Ортону бир топко жымжырттык ээлеп, ар кимибиз өз оюбузга туна түшкөнсүдүк. Тынчтыкты Суусар эженин чочуган үнү бузду:

– Капырай, Жалын, сен үйүңдөн өтүп кеттиң го?

Таксист Жалынга карады эле ал «айдай бер» дегенсий баш ийкей, анан күлүмсүрөй бери бурулду.

– Суусар эже, сиз жанараакта айтсаңыз болмок, өтүп кетпедикпи, эми кайра келатканда түшүп калам, – деди да мени карап күлүп койду. Сыр каткан күлкүсү эми эле ээнсирей түшкөн көңүлүмдү кубантып, ичим жылый түштү. Биздин аялдамага жакындаганда:

– Мен жетип калдым, түшкүлө, чай ичебиз, – дедим ыктейдил. Суусар эже дароо баш тартты. Таксист мен көрсөткөн аялдамага токтотту.

– Жакшы жетип алыңыздар, рахмат, – дедим Суусар эженин колун кыса кармап. Анан Жалынга кол сундум. Ал менин колумду байкабагансып сыртка чыкты да, Суусар эжеге жылмая сүйлөдү.

– Суусар эже, ушул райондон маньяк чыкканын уктуңуз беле?

Суусар эже чочуп кетти:

– Уккам, капырай, аны эмне сурадың адамдын жүрөгүн түшүрүп?

– Ошо, уккан турбайсызбы. Мээримге эртең жооп берип жүрбөйлү, – деди ал күлүмсүрөгөнүнөн жазбай. Анан таксистке акчасын төлөдү да, Суусар эжеге кол сунду:

– Жакшы барыңыздар, Суусар эже.

Суусар эже бирдеме айтчудай оозун таптай бергенде Жалын эшикти жаап койду. Эже ачык айнектен кыйкырды:

– Жалын, эртең аялыңа эмне деййм?

– Маньяктарды кармаганы кетти дениз.

Суусар эже бирдемелерди сүйлөгөн бойдон кетти. Жалын мага жылмая карады.

– Мына, Мээрим эжекеси, үйүңүзгө чакырдыңыз эле түшүп калдым.

– Аялыңызга эмне деп жооп бересиз?

– Мээрим, карачы, Ай толуптур, – деди ал суроомду жоопсуз калтырып. Көктү карасам ай чын эле толуп, саргыч тарта толукшуй калкып турган экен.

– Ай толгон кезде көлгө түшүп көргөн белең?

– Эмне, Ай толгон кезде көлдү жылытып коёбу?

– Жок, Ай сени менен кошо чөмүлүп, кошо сүзөт.

– Көлдүксүң го?

– Ооба.

Ай чайыган көчө менен жай басып келаттык. Жалын бир кезде мени ийинден ала токтотту да, көздөрүмө тигиле акырын сүйлөдү.

– Мээрим, кел бүгүн үйүңө кирбей, таң тособуз.

– Мен сени али үйгө чакыра элекмин.

– Жакшы көрүп калдым.

– Үйгө чакырбаганым үчүнбү?

– Ооба, үйгө чакырбаганың үчүн, көздөрүң үчүн.

– Мен сенин бир көрүп сүйүп калгандарыңдын канчынчысымын?

– Экинчиси. Биринчи жолу он тогузумда кыз сүйдүм. Аты Айнура болчу. Бир көргөндө эле «ушул мен издеген кыз» деп ойлогом.

– Мени эмне деп ойлодуң?

– «Ушул мен жоготкон кыз» деп. – Ал мени бооруна кыса кучактады. Андан жагымдуу жыт келип турду.

Кучагы мээримдүү, ысык экен. Негедир каршылык кылгым келбей, кайра кучагына ыктадым.

– Мээрим, менин эки кызым бар, келинчегим бир кезде мен сүйгөн, мени азапка салган Айнуранын бир тууган синдиси. Мен андан Айнураны табам деп ойлогом. Тилекке каршы, бир тууган болсо да ордун толтура албады, бирок, ал мени Айнурага караганда аз да болсо бактылуу кылды.

– Эмнеге айтып жатасың?

– Качандыр бир алар тууралуу сурайсың да.

– Сурабасамчы?

– Сурабаганың абдан жакшы. Ар кимдин өз орду бар. – Ал менин көздөрүмө тигилди. Көздөрү жүрөк жылыткан мээримге толуп турду. Анан акырын эрдимен өптү. Оттой ысык эриндеринин табынан ичиме жалын түшүп кеткенсиди. Ал түнү биз үйгө кирген жокпуз. Таң атканча көчөлөп басып, эрин канаганча өбүшүп жүрө бердик.

Ошол күндөн баштап мен үчүн баары өзгөрдү. Жалынды алгач көргөндө ал дилиме салган жарыктан бүт жан-дүйнөм жаркып, ансыз жашай албачудай сезилип, ал жок кезде кантип жашаганымды элестете албай калдым. Биз күн сайын Жалындын жумушуна жакын бульвардан жолугабыз да, жетелешип жүрө беребиз. Ал мени эч кимден тартынбай бооруна кыса кучактап өөп, так көтөрө тегеретип жиберчү. Андайда бакыттан башым айлана, өзүмдү секелек кыздай сезчүмүн. Демейде Каныштын жанына сурантып жүрүп барган жаным, ат тезегин кургатпай каттап калдым. Андайда Канышка сүйлөгөн менен эки көзүм эшикте болоор эле. Качан Жалын кирип келгенде экөөбүз сагына тиктешип, Каныштын көзү кичине бурулса эле Жалын бооруна кыса акырын өөп алчу.

Биздин мамиле тез эле Жалындын жумушундагыларга белгилүү болуп, алар аркылуу келинчеги Жыпарга да жетти. Бир күнү жумушта отурсам бейтааныш номер телефон чалды. Жалын го деп ашыгып алсам аялдын үнү.

– Саламатсызбы? Бул Мээрим бекен?

– Ооба, – дедим суроолуу.

– Силер мени таанып байсыңар, мен Жалындын келинчегимин. Мээрим, мен сага чалганым үчүн кечирип кой. Биз жолугуп сүйлөшсөк деле болмок, бирок, антүүгө батынбадым. Биз бири-бирибизди көрбөгөнүбүз эле он. Мен сенден бир гана нерсени суранам, кыздарымды атасыз калтырба. Билем, Жалын сени сүйөт, бирок сүйүүдөн да бийик турган нерсе – бала бар. Сен да балалуу болгондо билесиң. Мен сенин чачыңды жулуп, бетиңди тытайын деген оюм жок. Эгер кыздарым атасын баладан башкача жакшы көрбөсө, силердин сезимиңерди сыйлап, кыздарымды жетелеп басып кетмекмин. Алар атасын көрбөсө кусадан ооруп калышат. Мээрим, кыздарыма атасын бер. Мен муну сенден аял катары эмес, эне катары суранып жатам, – деди да трубканы коюп койду. Каргылданган үнүнөн ыйлап жатканын туйдум. Бир кезде атам апталап жоголсо куса болгон балалыгымды эстедим. Ошондо атамды башка аялга кетет деп эч качан элестете албасам керек эле.

Бая эле жаркырап турган аалам караңгылай түштү. Ошол күндөн баштап Жалынга жолукпай качып, бирок өзүм кусалыктан жанымды коёрго жер таппай жүрдүм. Бирде Жалындын кумар, сүйүү төгүлгөн көздөрүн, мээримдүү коңур үнүн эстесем, бирде ушунчалан бери далай түн бирге таң атырсак да мага тийбегенин эстеп каңырыгым түтөйт. «Мен сага нике кыйдырып, анан экөөбүз жу-

малап турбай жатабыз» деген сөзүн эстей берем. Менин турмуш көргөн жубан экенимди билсе да тийбей кастарлап турчу. Андайда жан чыркыраткан каалоодон экөөбүз тең кыйналып, бирок, чыдачубуз. Ошонун баары жомок беле, атаганат? Ошентип жанчылып жүргөндө экөөбүз капыстан бет келишип калдык. Саамга аалам огунда теренбей токтоп калгансыды. Жалын мени ушундай бир кейип карады да, анан бооруна кысты. Экөөбүз тең суукта калгандай калтырап, анын жүрөгү көөдөнүн жарып кетчүдөй түрсүлдөп согуп жатты.

– Жалын…

– Унчукпа, мен баарын билем. Жыпар өзү уруксат берди, жүр, азыр эле нике кыйдырабыз.

– Жок, Жалын, мен анте албайм. Кыздарыңа бар. – Бул сөздү бирөө айттырып жаткансып күч менен араң айттым. Анан шарт бурулуп, бет келди өрт жармашкансып чуркап кете бердим. Бир карасам Жалын экөөбүз чогуу баскан бульварга келип калыпмын. Жерге күйүгө бой таштап, эч кимди көзгө илбей буркурап-буркурап ыйладым. Мага азыр аалам караңгы болчу. Качан көз жашым соолуганда ордуман турдум да, илкий үйгө жөнөдүм. Көзүм ирмелбей көпкө жаттым. Жана ыйлаганда жаным мынчалык ооруган эмес. Азыр дилим ушундай бир жан кейитип сыздап, жүрөгүм өрттөндү. Бир оокумда «Мээрим!» деген түн чоочуткан жапайы кыйкырык чыкты. «Жалын» деди солуктап жаткан жүрөгүм. Ыргып турчудай серпилип барып, бирок, кандайдыр эбегейсиз күч зорлоп ордуман тургузбай басып тургансып жата бердим.

– Мээрим, мен сенсиз жашай албайм, укчу мени. Кыздарымды таштабайм, Мээрим, сен эле макул болчу. Жыпар баарына макул.

Жаздыкка чыланган көз жашыма тумчугуп жата бердим. Жалын качан, кантип кетти билбейм, ошол бойдон үч күн үйдөн чыккан жокмун. Үчүнчү күнү сүйрөлө араң жумушка бардым.

– Бир жериң ооруп турабы? – деди кыздар. Унчукпай койдум. Бир убакта Таалай жаныма келди да:

– Мээрим, сени үч күн катары менен Жалын деген бала издеп келди. Жалын эмес, күл болуп калыптыр, – деди акырын.

– Айтып бүттүңбү? – дедим жүзүн карабай.

– Ооба, – деди кызыктай боло.

– Жогол жаныман!

Таалай түшүнбөй калгандай тура берди.

– Эмне турасың, жогол дедим мен сени! – дедим да ордуман атып туруп чыгып кеттим. Аялдамадан түшсөм, үйгө бурулган көчөнүн бурчунда бир топ адам жабалактап эле бирдемени карап жатыптыр. Негедир жүрөгүм шуу деп коркуп, адамдардын жанына чуркап жеттим. Баары тең жарыла мага жол берди. Реклама илинчү чоң щитте «Мээрим, мен сени сүйөм. Сен бактылуу бол, жарыгым, мага болсо сүйүүдөн бакыт буюрбаптыр. Жок дегенде түшүмө кирип тур» – деп кыпкызыл тамгалар менен жазылган плакат илинип туруптур. «Сен менин жарыгым элең. Болгону ал жарыкты кыздарыңдан, эстүү аялыңдан тартып алгым келбеди» – дедим ичим өрттөнө шыбырап. Ошондон көп узабай турмушка чыгып кеттим. Азыр мен сенсиз жашай албай жашап, издебей, бирок, издеп жүрөм, жарыгым. Күндө түшүмө киресиң.

# ЖАЗ КЕЧИККЕН АРАЛ

Бет маңдайымдагы орундукта отуздарга чамалап калган аял отурду. Керсары тарткан өңүнөн улам «оорулуу го» деп ойлоп, бейтааныш аялга өзүмчө эле боор ооруп алдым. Аял эки сааттан ашык жол жүргөн аралыкта бир да жолу козголуп же бир сүйлөп койбой терезеден сыртка телмире тигилип, өз кыялы менен алек. Унчукпас сапарлашым менин бар-жогума маани да бербегендей. Көп сүйлөгөн жаным зеригип, андайда же уйку келсечи. Сыртка чыгып коридордо бир аз туруп кайра кирдим, чемоданымды максатсыз эле чукулап, бирдемелерди алып кайра салган болдум. Мунун баары тиги аялдын көңүлүн буруууга болгон куру аракет болчу. Ичимден кайра өзүмө күлкүм келди. Бир жокумда ачык эле сөзгө тартмай болуп сөзгө тарттым.

–Эже, мен бир тууган агам конокко чакырып ошол жакка баратам, сиз каякка?

–Билбейм, –деди ал кыска. Ортону кайра жымжырттык ээледи. Жообуна таң кала жүзүнө тигилдим. Аялдын жүзү муздак. Кыжырым келе түштү.

–Кандай билбейсиз? Кызык, адам кайда бараарын билбей да жолго чыгабы?

–Сен эмне, тергөөчүсүңбү? Жердин түбүнө, эч бир адам жашабаган жерге, жер түгөнгөнчө кете берем, болдубу? –Аялдын көздөрү бутун капкан чапкан ургачы карышкырдын көзүндөй жаалдана заар «жарк» этти. Бирок, ошол эле убакта бул көздөрдө жаман

чүпүрөккө оролгон асыл таштай бир жумшак мээрим да бар экенин байкадым. Аял ордунан шарт туруп, караңгы үйдө жалгыз калып корккон баладай сыртка чыга качты. Бир кезде курсагым ачып поезддин ашканасына барсам, кошунам жалгыз ичип отуруптур. Анын ачуурkана кыйналып ичип жатканынан ичкиликке көп деле көнө элек жан экени көрүнүп турду. Кайра-кайра ачуусуна тийбейин деген ойдо аялдан арыраактагы бош орунга отурдум. Эми эле тамак алдыма келгенде бирөө ийинимден жумшак кармады. Жалт карасам кошунам.

– Жат адамдай бөлөк отурганыңа караганда мага таарынып калдың окшойт, курдаш, – деди ал муңайым жылмайып.

– Келиңиз, эмнеге таарынмак элем, – дедим анын өзү келгенине кубанып. Бир чети чоң эле аялдын мени курдаш дегенине күлкүм келди.

– Канчадасың? – деди аял ала келген коньягын стакандарга куюп жатып.

– Жыйырма төрттөмүн.

– Менден бир жаш улуу экенсин?

– Эмне? – дедим уккан кулагыма ишенбей. Чочуганымдан колумдагы чайым ыргып кете жаздады.

– Таң калбай эле кой, мен бүгүн жыйырма үчкө чыктым. Кел, алып жиберели, анан калган сурооңду берээрсиң, – деди ал ичимди тепкилеген суроолорду көрүп тургансып. «Ичпейт элем» дегенден тартындым. Экөөбүз тең кыйналып жатып стаканды араң жарымдаттык да, шаша суу ууртадык.

– Ичпесең көңүл үчүн ичпей жүр. Ар кандай көңүлдөн сенин ден соолугуң, аялдык аруулук жогору тураарын унутпа, – деди сапарлашым ойлуу.

– Менимче, сен деле ичип кыйратпайт көрүнөсүң, – эдим «сен» дээрин деп алып кызыктай боло. Ал дагы мүңдүу күлүмсүрөдү. Аялдын сулуу экенин эми байкадым. Бакырайган көздөрү, кундуздай жылтылдаган тармал чачы, кырдач мурду, ай тегерек жүзү баары ордунда, болгону абдан жапа тарткандай.

– Туура байкаптырсың, көп ичпейм. Бир кезде тапакыр иччү эмесмин. Баарында эле бир кезде ичкилик, жамандык эмне экенин билбеген, бирөөгө арам ойлобогон, эртеңдер жалаң жомоктон, жашоо жакшы адамдардан тургандай сезилген ажайып курак болот. Кийин баары ар нукка бурулган суудай тагдырдын агымы менен кетет тура. Жети жылдан бери биринчи жолу туулган күнүмдү бүгүн белгилеп жатам.

– Эмнеге?

– Түрмө майрамдардын жайы эмес.

– Кандай түрмө?

– Кадимкидей эле темир торлор менен курчалган, скер кийимчен адамдар, ажаан иттер кайтарган абак. Ишене албай турасыңбы? Он алты жашымда бир тууган агамды өлтүрүп камалып кеткем.

– Агамды өлтүрүп? – Башыма чагылгандай «сак болуш керек» деген ой келип, коркунучтан дилим үшүп кетти.

– Коркуп, сактанбай эле койсоң болот. Мен адам өлтүргүч эмесмин, ошол учурда шарт ошондой болуп калган, – деди ал оюмду окуп тургансып. Мени тик карап турган муңдуу көздөрүнөн көзүмдү ала качып, азыр ле ойлогон пенделик пастыгым үчүн уялып кеттим.

– Кечирип кой, – дедим акырын.

– Эч нерсе эмес, курдаш. Мен адамдардын менден сактанган, этиеттенген мамилесине көнүп калгам.

– Менин атым Нурзат, – дедим колумду сунуп.

– Наристе, – деди ал жарк эте күлүп. Жайдары күлгөн Наристеге абдан жарашат экен. Анан колумдагы алтын шакегимди чыгарып Наристеге сундум:

– Туулган күнүң менен!

– Рахмат, бирок, шакегиңди ала албайм.

– Албасаң таарынам. Мен чын дилимден берип жатам. Сага боор ооруп же көңүлүңдү көтөрөйүн деген ойдон алысмын. Бул чыныгы курдаштык белек.

Наристенин каректерине шүүдүрүмдүн тамчысындай тунук жаш мөлтүрөдү. Ал ордунан туруп келип мени кыса кучактады. Биз көптөн бери жолукпаган курдаштардай бекем кучакташып турдук.

– Рахмат, Нурзат! – деди ал үнү каргылданып. Наристени карап туруп алкымымды жаш муунтуп, кандайдыр дил өрөпкүткөн сезимден жүрөгүм толуп, бирок, бул эмне деген сезим экенине акылым жетпей турду. Адам деген кандай татаал, кандай табышмактуу. Кичине эле нерсе дил толкутуп, жан-дүйнөңдү аңтар-теңтер кылса, кичине эле нерсе адам дүйнөсүндөгү ыйык туткандын баарын жокко чыгарат. Биз тамбурда жайкы коңур желге жүз тосуп сүйлөшүп турдук.

– Мен бир үйдүн эң кенжеси, эркеси элем. Атам абдан белдүү бизнесмен болчу. Ал кичи сүрөтчүлөрдүн эмгегин абдан баалачу, өзү да сүрөт тартчу, бирок, анысын жакын досторунан башка эч кимге көрсөтчү эмес. Мен биринчи класска бараар жылы атам жол кырсыгынан каза болуп, чиедей беш бала менен апам отуз бешинде жесир калды. Алгачкы жылдары ата ордун сагынып эле жоктобосок, үй-тиричилигинде билген жокпуз. Атамдын чогултканы бизге он жылга кенен жетти.

Бардык нерсенин түгөнөөр чеги болгондой эле, биз атамдан калган дүнүйөнүн да аягына чыктык. Анын үстүнө бел оорутпаган дүнүйө оңой коротулат экен. Агаларым баары жогорку окуу жайды бүтсө да өз кесиби менен иштегенге мойну жар бербей, ар кайсы жерге чарпылып, акырында жумушсуз бекерчиликке көнүштү. Апам канчалык чебеленбесин, аларды жолго сала албай койду. Экөө үйлөнгөндөн кийин деле апамдын мойнунан түшкөн жок. Качан атамдын малы менен банктагы акчасынын аягына чыкканда жат адамдай таптакыр кабарсыз кетишти. Үйлөнө элек агам болсо ара күндө мас, акчасы түгөнмөйүн кайда жүргөнү белгисиз, келбейт. Эжекем бактысы бар экен, жакшы күйөөгө туш болуп, турмуштан өз ордун таап кетти. Мен бала кезден адвокат болсом деп кыялданчумун. Он бирди бүткөн жылы окууга тапшырып, акча жоктун айынан өтпөй калдым. Менин биринчи бактысыздыгым ошол күнү башталдыбы деп да ойлоп кетем. Акыркы сынакта бардык суроого так жооп берсем да көзү бүтүйүп, ийининен араң дем ала интыккан кара-көк семиз экзаменатор маалкатып баа койбой, анан «сүйлөшөбүз» деп чыгарып жиберди. Эртеси барсам эле тизмеде фамилиям жок. Апам экөөбүз барсак комиссиянын башчысы ошол семиз неме экен, тим эле өзүн кудай сезип чиренип, сөзүбүздү угар-укмаксан. Апам байкуш анын карегинен тең айлана бөйпөңдөйт.

– Эже, кызыңыз жаш, сулуу экен. Келечеги алдыда. Мындай кыздар окубаса деле жерде калбайт, – деди ал жемин көргөн жыландай жагымсыз кышылдап.

– «Атам жок окубай калдым» деп өксүйт го. Суроолорго деле жакшы жооп бериптир, – деди апам кыңылыла.

– Ким айтты жакшы жооп берди деп? Булар айта берет да. Мына биз билебиз го, – деди ал күпүлдөп. Апам күнөөкөрдөй унчукпай калды. Чачын мезгилинен эрте ак аралап, менин тагдырым ушул адамдын колунда тургандай бүжүрөй көздөрүн жалдыраткан апама аябай боорум ооруп, ызаланып кеттим.

– Кеттик, апа, мугалими ушул болсо бул окуу жайга окубай ак койдум, – дедим да, алаңдаган апамды колдон жетелеп чыгып кеттим. Мен анда баары жакшы болооруна, бул жылы болбосо кийинки жылы өтөөрүмө ишендим. Үйгө барсак агам мас, машинага темтеңдеп бирдемени жүктөп жатыптыр.

– Арстан, кел, балам, – деди апам көптөн бери көрбөгөн баласынын келгенине кубанып.

– Апа, мага акча керек, атамдын картиналарын бирөөнү алдым, – деди агам буйдуруктай.

– Балам ай, эң жакшы көргөн картинасын сат[illegible] эле койсоң болмок. Ансыз деле баарын сатып, ушул [illegible] калды эле, – деди апам кейип. Агам апамды эми көр[illegible] жаткансып сүзө тиктеди.

– Апа, эмне, сага тирүү балаңдан да өлгөн абы[illegible] каңдын картинасы артыкпы? Түшүнүп атасыңбы, ма[illegible] акча керек! – деди ал омуроолоп.

– Алсаң ал, балам, сенден аяган жокмун, – деди ап[illegible] үнү каргылдана. Баятан жүрөгүмдү тээп араң тург[illegible] ызам жарылып кетти.

– Атам болсо көрөт элем ушинтип сүйлөп, ичкени[illegible] ңерди!

– Албетте, атаң саттырмак эмес, ага бул сүрөттө[illegible] бизден кымбат болчу.

– Ушинтип айтканга кантип оозуңуз барды? Ата[illegible] сиздин да атаңыз го?!

– Өлө электе ата болчу, азыр андан эмне майнап? Сен көп сүйлөбөй суу алып чык, каным катып калды, – деди агам кайдыгер. Алсыздыгыма ээним кейип, үйгө чуркап кирдим да, жүзтөмөнүмөн кулап, өксөп ыйладым. Артыман апам кирди да, унчукпай далыман сылап отура берди. Анын да ыйлап жатканын сезип турдум.

Күндөн-күнгө турмушубуз начарлап, ал аз келгенсип үйдөгү жарытылуу буюмдун баарын агам сатып түгөттү. Апам мектепте пол жууйт, мен кафеде идиш-аяк жууп иштеп калдым. Кафеге келген татынакай кыздарды карап басынып, сыртка чыккандан уялчумун. Бир күнү жумуштан келсем эшиктин алды жымжырт, уй али саалбай мөөрөп туруптур. Апам ооруса да мынчалык жатчу эмес. Жүрөгүм бир жамандыкты сезгендей үйгө атып кирдим. Биринчи көргөнүм эле жерде көмкөрөсүнөн сулап жаткан апам болду. Үстүнө түшө калып кыдарсам, бети-башы кан, кийимдери тытылган. Эмне болгонун аңдай албай эле кандай күч кирип кетти билбейм, апамды так көтөрүп диванга жаткырдым. Ошондо гана апам алсыз онтоду. Тирүү экенине сүйүнүп, жакелеп бети-башынан өпкүлөп жибердим.

– Апа, кагылайын апа, ким минтти? – дедим ый аралаш.

– Коркпо, бөжөгүм, мен өлбөйм, – деди апам алсыз жылмайып.

Чуркап барып суу жылытып бети-башын жуудум, кийимин котордум. Доктур чакырайын десем көнбөй койду. Канчалык жалынып сурасам да апам «жыгылып кеттим» дегенден башка сөз айтпай койду. Ошол күнү айлык алгам. Эт алып келип сорпо салып, апамды

кубантайын деп алып келген жаңы көйнөгүн кийгизип койдум. Качан апам уктап кеткенде чачылган үй ичин жыйнап жатып атамдын жылдыгында достору тарттырып, алтын алкакка салып келген портрети жок экенин байкадым. Ыйык буюмума суук кол киргендей ичиркенип кеттим. «Апам бир жакка катып койдубу?» деген ойдо үйдүн баарын карап чыктым. Аңгыраган бөлмөлөрдүн биринен да таппадым. Ишене албай сарайга чуркап кирип баратып караңгы бурчтан айнекти шыгыратып басып алдым да, жылан тебелегендей аза боюм үркүп кетти. Тизелеп отура калып сыйпаласам, сыйда кагазга колум урунду. Абайлай алып сыртка көтөрүп чыксам атамдын сүрөтү! Сүрөттөгү атам мени ушундай бир башкача муңдуу карап туруптур. Бул тирүүдөй көз караште эбегейсиз таарыныч, өкүт, арман бардай сезилди. Боорума баса кыйкырып жибердим. Дароо апамды ким урганын, алкакты ким алганын түшүндүм. Түшүнөөрүн түшүндүм да, өзүмө өзүм ынана албай, «жок, жок!» деп катуу ооруган жандай оор онтой шыбырап жаттым. Кантип эле Арстан агам? Канчалык аны актабайын, «ошол!» деди жүрөгүм. Үйгө кирсем апам ойгонуп калган экен. Колумдагы сүрөттү көрүп өңү дубалдай бозоро, корккондугунан эриндери титиреп кетти.

– Ошолбу?! – дедим калчылдай шыбырап. Апам сууга чөгүп бараткансып аптыга колдорун булгалай башын чайкап жиберди. Апамдын көзүн көрүп туруп менин суук оюмдун чын экенине көзүм жетти да, ошол мүнөттө жүрөгүмдөн бирдеме үзүлүп кеткенсиди. Атам бул жолу экинчи ирет өлдү, болгондо да өз баласынын колунан өлдү. Атамдын сүрөтү бир тең, апамдын канжалап ток-

жок жегени бир тең эле. Ачуудан боюм калчылдап, үйдөн атып чыктым. Чыгып баратып аш бычакты ала кеттим. Арстанды кайдан табаарды жакшы билчүмүн. Ал адатынча баңги достору менен шаардагы бир бөлмөлүү биздин квартирада эс-учун билбей жатыптыр. Эшик да ачык экен. Ким билет, эшик жабык болсо да ачуум тарап кетет беле? Бөлмөдөгү сасык жыттан дем ала албайсың. Кире бериште сулап жаткан Арстанды көрүп кантсе да бир бооруң эмеспи, демим кайта түштү. Бирок, көз алдыма алкагы жок талкаланып жаткан атамдын армандуу сүрөтү, апамдын канжалаган кебетеси, жарылган эриндери, кан каткан ак чачтары келди. Кантип бычакты дал жүрөк тушка малып алганымды билбейм. Баарынан кызыгы, өзүмдү жоготкон жокмун. Көзү аңтарылып бараткан агамдын башын кучактап туруп «тез жардам» чакырып, анан милицияга чалдым. Арстан ооруканада эсине келбей көз жумду, менин сотума жетпей апам да жүрөгү кармап каза болду. Биздин азабыбызды көтөрө албады, байкушум.

Түрмөдө жаткан жети жылдын аралыгында мени бир адам жоктоп келген жок. Жок, калп айтам, бир адам келди, ал да капыстан келди да, кунарсыз суз ааламымдын баарын өзгөртүп кетти. Эсимде, ошол күнү сегизинчи март болчу. Аялдар баары бар кийимин кийип, колунан келишинче жасанып, «артисттер келет экен» деп эле түрбөп калышты. Мага баары бир болчу. Бөлмөдө апамдын сүрөтүн карап жалгыз отурсам Зарина чуркап кирди да, ой-боюма койбой: «Наристе, апаң сенин көзүң менен концерт көрүп жыргап калсын, жүр» – деп ээрчитип кетти. Заринанын ошол сөзү үчүн эле бардым. Апам дын эле ыр укканды, өзү да ырдаганды жакшы көрчү.

– Мен азыр, Наристе, – дедим да ары басып кеттим. Наристе ойлуу баш ийкеди. Толкунбек телефонун көптө алды.

– Салам, байкеси, – дедим шыбырап.

– Салам, эмне түн жарымда, бирдеме болдубу?

– Ооба, бирдеме болду. Билесиңби, мен кимди таптым?

– Кимди? – деди Толкун кайдыгер.

– Наристени!

Толкунбек саамга дымып калды.

– Эй, эмне, уктап калдыңбы? – дедим чыдамсызлана.

– Кайдан таптың? – деди Толкунбек үнү каргылданып.

– Кайдан тапканды эмне кыласың? Биз Наристе экөөбүз эртең таңкы саат төрттө вокзалга түшөбүз, сен бизди тосуп ал, – дедим шаша шыбырап.

– Макул, – деди Толкунбек акырын.

Биз поездден түшкөндө Толкунбек кыпкызыл жоогазын кучактап күтүп туруптур. Эки жылдан бери агамды биринчи жолу ушундай апкаарыган, толкунданган абалда көрүшүм. Алдымда түшүп келаткан Наристе Толкунбекти көргөндө кулап кетчүдөй чалыштап, термеле токтоп калды. Мен акырын колтуктай жөлөдүм.

– Наристе! – деди Толкунбек шыбырап.

– Толкунбек, сенби?!

Толкунбек жыгылып бараткан Наристени тепкичтен так көтөрүп алып бооруна кысты. Үчөөбүз тең ыйлап жаттык.

– Сен эмне, жанынан тойгонсуңбу?! Өлгүң келсе башка жолун танда, менин жашагым келет! – деди калчылдаган айдоочу. Кыял нес немедей жалдырай карап:

– Менин да жашагым келет, – деди үнү титиреп.

– Анда эмне машинанын алдына чуркайсың? Жашагысы келет имиш! – деди айдоочу ансайын жиндешип. Кыял эмне дээрин билбей ыйлап жиберди. Айдоочу кызды ыйлайт деп күтпөгөнбү, алдастай түшүп:

– Ыйлаба. Мен азыр, сен каякка барасың? – деди шашкалактап.

– Жумушка.

– Жумушуң каякта? – Ал кызды ийинден ала машинага жетеледи да, чуркап барып суу алып келди.

– Ич, карындашым. – Ал өзү да сууну аптыга жутуп, анан шуу үшкүрдү. – Сен минтип шашпай жүр, карындаш. Мени аз жерден инфаркт кылып, өзүң да тиякка кетип калайын дедиң, – деди күзгүдөн карап. Кыял суу ичкенге өзүнө келе түшкөн, токтоо жооп берди.

– Кечирип коюңуз, байке, мен атайлаган жокмун, – деди күзгүдөгү сүрдүү көздөрдөн көзүн ала качып.

– Менин атым Санжар, – деди жигит бүт тулкусу менен бери бурулуп.

– Кыял, – деди кыз жылмайып. Анан экөө тең бирде мени эстей албай жаткандай саамга тиктешип калышты. Санжар дароо телефонун алды да кимдир бирөөгө чалып, кызды көз албай тиктеп калды. Кыял телефонуна келген коңгуроого удаа «өлдүм, жумуштан чалып жатышат» деп ойлоого үлгүрдү.

– Алоо, чоң кыз, бул мен Санжармын, – деди коңур үн. Ошондо гана Кыял жанындагы жигит чалып жатканын баамдап, күлүп жиберди.

– Сен эмне, жанынан тойгонсуңбу?! Өлгүң келсе башка жолун танда, менин жашагым келет! – деди калчылдаган айдоочу. Кыял нес немедей жалдырай карап:

– Менин да жашагым келет, – деди үнү титиреп.

– Анда эмне машинанын алдына чуркайсың? Жашагысы келет имиш! – деди айдоочу ансайын жиндеnip. Кыял эмне дээрин билбей ыйлап жиберди. Айдоочу кызды ыйлайт деп күтпөгөнбү, алдастай түшүп:

– Ыйлаба. Мен азыр, сен каякка барасың? – деди шашкалактап.

– Жумушка.

– Жумушуң каякта? – Ал кызды ийинден ала машинага жетеледи да, чуркап барып суу алып келди.

– Ич, карындашым. – Ал өзү да сууну аптыга жутуп, анан шуу үшкүрдү. – Сен минтип шашпай жүр, карындаш. Мени аз жерден инфаркт кылып, өзүң да тиякка кетип калайын дедиң, – деди күзгүдөн карап. Кыял суу ичкенге өзүнө келе түшкөн, токтоо жооп берди.

– Кечирип коюңуз, байке, мен атайлаган жокмун, – деди күзгүдөгү сүрдүү көздөрдөн көзүн ала качып.

– Менин атым Санжар, – деди жигит бүт тулкусу менен бери бурулуп.

– Кыял, – деди кыз жылмайып. Анан экөө тең бирдеmени эстей албай жаткандай саамга тиктешип калышты. Санжар дароо телефонун алды да кимдир бирөөгө чалып, кызды көз албай тиктеп калды. Кыял телефонуна келген коңгуроого удаа «өлдүм, жумуштан чалып жатышат» деп ойлоого үлгүрдү.

– Алоо, чоң кыз, бул мен Санжармын, – деди коңуроун. Ошондо гана Кыял жанындагы жигит чалып жатканын баамдап, күлүп жиберди.

– Сизби? Мен да жумуштан экен деп..

– Эсиңдеби, мен сага адашып чалып алгам. Номериңер бир гана сандан айырмаланат экен. Мына сага кездешүү. Мындай жолугушууну белгилебесек болбойт, Кыял. Анын үстүнө сен да, мен да бирибиз тирүү калганыбыз үчүн, бирибиз түрмөгө кетпегенибиз үчүн төлөө беришибиз керек, – деди Санжар жаркырай күлүп.

– Мен аябай шашып жатам, жумуштан кийин белгилейли, – деди Кыял чын дилинен.

– Макул, анда азыр мен сени жумушуңа жеткирем, анан жумуштан чыгаарың менен чаласың.

Кыял бир аз кечигип барды. Бүгүн фирмага чет өлкөдөн коноктор келмек, жакшы алар да кечигип жатышыптыр. Жетекчиси Кыялды жекире бир карап койду. Ушул көз караш ар кандай сөздөн катуу тийди. Жумуштан кеч чыгып, «чалбай эле койсомбу?» деп ойлонуп жаткан. Аңгыча телефону шыңгырап калды.

– Кыял, сенби? – деди Санжар.

– Ооба, бирок, кайсы Кыял? Атасы акча берип жибергенби, же...

– Машинанын алдына кирип келген Кыял керек эле, – деди Санжар тамашаны улап.

– Анда адашкан жоксуз.

– Кыял, мен сенин жумушуңдун жанында турам, чыгасыңбы? – деди Санжар токтоо. Үнү жайдары экен. Анын жайдарылыгынан Кыялдын да көңүлү көтөрүлө түштү. Кыз сыртка чыкканда эле машинасынын жанында турган Санжардан мурун анын колундагы кооз, чоң букетке көзү түштү. Санжар утурлай басып, колундагы гүлүн сунду.

– Туулган күнүң менен! – деди Санжар кыздан көз албай.

– Рахмат, бул эмне, экинчи туулган күнбү? – деди Кыял гүлдү жыттай берип. Жыты буркураган гүлдөр кызга ыктап, экөө бири-бирине жарашып турду.

– Кеттикпи? – деди Санжар Кыялды жандай берип. Кыз жылмая баш ийкеди. Санжар Кыялды шаардын четиндеги тынч, эли аз кафелердин бирине алып келди. Столдордо шам жагылып, андан түшкөн күңүрт жарыктан кафенин ичи күмүш түстөнүп, бул түс сырттан кирген адамга көңүл тынчтандырган жагымдуу маанай тартуулайт.

– Кандай тынч! – деди Кыял акырын.

– Атайын ушул жерди тандагам, – деди Санжар кыздын алдына отургучту жылдыра берип. Алар отуraары менен официант ваза алып келип гүлдөрдү салып койду. Столдун үстү тез эле түркүн даамга толуп, Санжар бокалдарга кызгылт вино куйду да кызга карматты.

– Кыял, ушундай капылет жолугушуулардын көп болуусу үчүн алалы. Ар бир жолугушуу күтүлбөгөн окуяларды тартууласын. Эч качан шашпай жүр. Бирок шашканың да жакшы болгон экен. Антпесең, экөөбүз жолукпай калмакпыз. Ар дайым кырсыкка эмес, бакытка шашалы, ээ? – деди жагымуу күлүмсүрөп. Алар ошол түнү көпкө отурушту. Коштошоордо экөө тең дилинде кандайдыр бир жакындык, кыйылуу пайда болгонун сезишти. Уккан музыкалары, көргөн кинолору, ал тургай жактырган түстөрү окшош экен.

Ар бир жолугушуу аларга жылуу сезим тартуулап, бул сезим бара-бара бир азга бири-бирин көрбөй калса жүрөктү санаага, кусага салган табышмак толгонууга

айланды. Күн сайын ашыгып жолугуп, кыйылып ажырашчу болушту. Экөө чогуу болгондо жөн эле катар басуу, чогуу отуруп тамак ичүү, машинада унчукпай катар отуруп музыка угуп алыспы, жакынбы жол жүрүү ушунчалык жагымдуу.

Толукшуган жай күндөрүнүн биринде Санжар Кыялды ой-боюна койбой тоого алып чыгып кетти. Тоолор толук жашыл жамынып, асман тиреген карагайлар бой жеткен кыздай суйсала шамалга жагалданып, жанаша өскөн ак кайың, тал-терек менен шыбыраша шуудурайт.

– Кыял, карачы, биз ушундай керемет дүйнөдөн сыртта, шаардын түтүнүнө, кыжы-кужусуна чөгүп жүрөбүз, – деди да, анан Санжар кызды капылеттен жерден так көтөрө кыйкырды:

– Эге-гей, тоолор, биз келдик! Кабыл ал түтүн жыттанган шаардыктарды!

Кыял Санжардын мойнунан кучактай кыткылыктады.

– Санжар, жыгылтасың!

– Сениби? Кантип сени жыгылтайын? – Санжар кызды бооруна кыса тегеретип жиберди. Кыздын деми кулак түбүнөн энтигип, мойнунан кучактаган ысык билектери жүрөгүн жарып кетчүдөй дүкүлдөтүп, Санжар Кыялдын эриндеринен жумшак өптү. Эриндер жупташа, саамга аалам унутулуп, сүйүүгө мас эки адам эмес тоолор кулап бараткансып кыйшайып баратты.

– Кыял, көпөлөгүм! Эрте жаздагы чабалакейим! Жүрөктөгү жазым! – Улуу тоолор унчукпай ысык шыбырды тыңшап, андан өзүнө кубат алып жаткансып тунжурап турду. – Кыял, кел үйлөнөнбүз!

– Качан?
– Каалайсыңбы, бүгүн ЗАГСга арыз беребиз.
– Бүгүн кеч болуп калды, эртең, – деди Кыял сөздү тамашага буруп.
– Мен чындап айтып жатам, – деди Санжар кыздын көздөрүнө тигиле.
– Мен азыр даяр эмесмин, Санжар, шаштырбачы. – Кыял ордунан турууга умтулду. Санжар кыздын уйпаланган чачтарын жумшак сылап, кулак түбүнөн шыбырады:
– Качан даяр болооруң менен мага айт, макулбу?
Кыз наздуу баш ийкеди.
Алар тоодо эки күн түнөштү. Ушул түндөр алардын өмүрүн бир көрктөгөн ажайып түндөр эле. Караңгыны жалмай жалындаган эр оттун боюнда Санжар гитара менен ырдап, Кыял болсо кол сунсаң жетчүдөй бажырайган жылдыздарга суктана жигиттин коңур үнүнө эргип бактылуу жылмаят. Түн койнуна синген от учкундары куду алардын жүрөгүнөн чачырап жаткансып сезилет.
Тоодон келгенден кийин негедир Санжар көпкө кабарсыз кетти. Кыял алгачкы күндөрү «бир жумушу чыгып калган го» деп өзүн жооткотуп жүрдү. Айлап жоголду Санжар. Кыял узун түндө шырп эткен добушка кулак түрө Санжарын зарыгып күттү. Бир жагынан Санжарга болгон куса, белгисиздик Кыялды эзсе, бир жагынан болоор-болбос жыткa куса берүү кызды кыйнап жиберди. Бир күнү таң эрте кусуп жаткан Кыялды апасы эси чыга карап турду да, баш ийкей чакырып, ээн бөлмөгө ээрчитип кирди.
– Кыял, эмне кусуп жатасың? – деди Канышай өңү бозоруп.

– Ашказаныма суук тийген го, апа.

– Качантан бери ушинтип кусуп жатасың? – деди эне кызынан көз албай.

– Эки айдан ашты.

– Кыял, ооруну жашырса өлүм ашкере. Чынын айт, тазасыңбы?

– Ал эмне дегениңиз, апа? – Кыялдын өзү ойлоп, бирок, мойнуна алуудан коркуп жүргөн суук ойдон жүрөгү шуу дей коркуп кетти.

– Тазасыңбы же кимдир бирөө менен болдуң беле деп жатам?

Кыял унчукпай башын жерге салды. Каныша́й кызын жаактан ары чаап жиберди да, анан купкуу болуп отуруп калды. Кыял кош колдой жүзүн басып, уятынан, ич өрттөгөн ызасынан калчылдай ыйлап жатты. Ошол күндөн баштап Кыялдын жашоосу тозокко айланды. Кызды эч жакка чыгарбай кармап, куду коркунучтуу жугуштуу оору менен ооруган адамдай. Үйдөн эч ким Кыялга жолобой калды. Санжардан болсо дайын жок, телефону өчүрүлүү. Кечке маал үч күндөн бери дайыны жок апасы кирди. Өңү бозоруп, кадимкидей арыктап кетиптир. Апасынын азап тарткан кебетеси Кыялдын жүрөгүн эзип, бир чети буулуккан кыз дагы ыйлап кирди.

– Болоору болуптур, бышактаба. Эми ыйдан пайда жок. Санжар аттуу баланы эч жерден таба албайбыз, анын чын эле аты Санжар экенин да Кудай билет. Андан көрө менин айтканыма көн, балам. Сага жакшы жерден бирөө чыгып жатат. Жанагы банкта иштеген атаңдын инисинин үстүнөн иштеген неме экен. Албетте, жашы бир топ улууараак, бирок, кадырыңа жетет.

Аялынын көз жумганына он жылдай болуптур. Алгач атаң айтканда асман айдан кеттим эле. Азыр аргам жок, шерменде болгум келбейт.

– Апа? – Кыялдын сөзүн Канышай заар көз караш менен бөлдү.

– Жап оозуңду! Сен сүйлөп бүттүң шерменде. Бир ооз бирдеме дечү болсоң, сендей кызым жок. Төрт тарабын кыбыла. Ата-энем жок дегин да, этегиңди кагып туруп кете бер! – Канышай кантсе да эне эмеспи, үнсүз солуп ыйлаган кызын түтүп карай албады окшойт, шарт туруп чыгып кетти.

Кыял күйөөнү тойго эки күн калганда көрдү. Узун бойлуу, кең далылуу, буурул чач сулуу кишинин көздөрү тааныш эле. «Кимдин көздөрү?» деди Кыял жүрөгү опкоолжуп. Көздөрү эле эмес, кыймыл-аракети да тааныш. Болгону ким экенин, кайдан көргөнүн эстей албай койду Кыял. Ушул көздөрдү, кыймыл-аракетти көргөн сайын жүрөгү кызыктай түпөйүл тартып буулуга берди. Жолугушууга бараарын барып алып, атасындай кишини күйөө катары элестете албай дили жанчылып, бирок, башка айласы жок мукурап отурду. Бир чети азыр Кыялга баары бир эле. Капыстан болчу керемет жомокто гана кездешпесе, чыныгы жашоодон ый менен алдамчылыктан башка эч нерсе күтө албай калды Кыял.

Ыйдан көзү тоодой болуп шишиген Кыялды шаардагы эң кымбат салондордун бирине алып барышты. Үстүндөгү ар бир кыз тилек кылган кооз той көйнөгү, күйөө белек кылган бириллиант көздүү сөйкө-шакеги да кызды кубанта алган жок. Азыр жүрөгү куду эли көчүп кеткен эски конуштай ээн эле, жайдак эле. Той

башталаар алдында күйөө кечигип келди. Ал көпчүлүктөн сылык кечирим сурады да, анан үлбүрөгөн колуктуну жандай берип жумшак шыбырады:

– Кечирип кой, Кыял, уулум ооруканада эле, ошону чыгарып келдим.

Кыялга азыр күйөө кечикмек түгүл аалам оодарылып кетсе да кызыксыз болчу. Суз баш ийкеген болуп койду. Апасы гана күйпөлөктөп күйөө баласынын ооруканадан чыккан уулу тууралуу сурап жатты:

– Өзү баса алабы?

– Жок, азырынча колясканда. Доктурлар жакшы айыгыш үчүн бутка күч келтирбей аз-аздан басып, бир жылдай колясканда күтүш керек, анан басып кетет деп жатышат.

– Кудай сактап аман калганы жакшы болуптур, – деди Канышай шыпшынып. Аңгыча кыз-күйөөнү столго чакырган той алып баруучунун шаңдуу үнү угулду. Аарынын уюгундай күүлдөгөн чоң зал кыз-күйөө тээ эшиктен көрүнгөндө эле тып-тынч боло дымып калышты. Той көйнөгү тараз боюна куюп койгондой жарашкан келин кирпик көтөрбөй жер тиктеп суз, тойго эмес, азага келгендей маанайы пас. Эки жагын карабай, тоскон суудай мелтирейт.

– Ай-ий, айланайын, келин жапжаш неме го, – деди четтен бирөө. Ушул сөз Кыялдын кулагына шак этти. Атаганат, ушул күндөрү жан-дүйнөсү кемпир болуп калганын жат эмес, жан бирге апасы билген жок. Өздөрүнө айтылган каалоолор, кымбат баалуу белектер, улам Кыялдын колуна, мойнуна тагылган көз жоосун алган алтын буюмдар кызды серпилтмек түгүл мойнуна оор жүк артып жаткандай салмактанта берди. Бир

кунунда суз, муздак келинчегинин жанында күйөө өзүнөн-өзү кичирип отурду. Тозоктой сезилип, бүтпөчүдөй созулган той бүттү. Келинди эки кабат заңгыраган ак сарайга көчүрүп барышты. Апасы ушун үчүн жанталашкан экен да. Көшөгөгө киргизгенде Кыялдын жүрөгү көкүрөгүн жарып кетчүдөй опкоолжуй туйлап, ар бир кадамга бүткөн бою дирт этип, күйөө киргенде чыга каччудай ордунан тура калды.

– Кыял, мен сени шаштырбайм. Көнө албай жатсаң тартынбай айт, көнүшкөнчө күтөм, – деди күйөө коңур үн менен. «Кайдан уктум эле ушул үндү?»Кыял ушул суроого жооп таппай күйөөнүн көздөрүнө тигилди. Кайрат кызды акырын бооруна тартты.

– Сиз мага эмнеге үйлөндүңүз? – деди Кыял үнү титиреп.

– Кантип эмнеге? – Кайрат келинчегин эми көрүп жаткансып көз ирмемге ойлуу карап турду да, анан башын жерге сала токтоо унчукту:

– Жашыңыз улуу дегениңби? Чынын айтсам, сен мага алгач көргөндө эле жаккансың. Оболу мындай ойду ойлоодон коркуп жүрдүм, качан өзүмө алым жетпей калганда агаңа сөз салдым. Ал атаңа айтты. Алгач атаң макул болбой, анан сенин кадырыңа жетээриме көзү жетти окшойт, макулдугун берди. Эмне, сен ыраазы эмессиңби?

– Азыр анын мааниси жок, – деди Кыял жашын жутуп. Анан жаштуу көздөрү менен Кайраттын көзүнө тик карады: – Бирок, мен сизди алдагым келбейт. Сиз менин биринчи эркегим эмессиз. Менин...

– Кыял, эми эмне болсо да артка жол жок. Мен баарына ыраазымын. Кыздык белги беш мүнөттүк нерсе.

Сен мага мындан ары таза болсоң болду, – деди Кыялды чачынан сылап. Кайрат чытыраган жаш дененин кучагында турганына дили толкуп, кызды бооруна кыса кучактады.

Үч күндөн кийин короого чыкты Кыял. Заңгырган короодо кызматчы аялдан башка жан көрүнбөйт.

– Турдуңбу, Кыял? Чайың даяр, жүр чай ич, – деди орто жашка барып калган аял мээримдүү жылмайып. Кыял унчукпай аялды ээрчиди. Кенен залдын ортосунда чоң стол коюлуп, үстүндө түркүн даам жайнайт. Кыял эми столго отурганда залдын төр жагынан эшиктин ачылганы угулду.

– Санчо да турду. Жакшы болду, таанышканча чогуу чай ичесиңер, – деди кызматчы аял. Кыял «ким менен таанышам?» дегенге үлгүргөн жок. Сууга чөккөндөй дайынсыз жоголгон Санжар бет алдында коляскада отурду.

– Санжар?! – деди Кыял көргөн көзүнө ишенбей. Санжардын көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй чоңоюп, угулаар-угулбас шыбырады:

– Сен кайдан?

– Көрүп турбайсыңбы, ушул үйгө келин болуп келдим, – деди үнү каргылданып. Ошондо гана Кайраттын көздөрүн, баскан-турганын кимге окшотуп жатканын түйду. Көрсө, Санжарга окшотуп жаткан экен да.

– Сайкал эже, сиз бизди жалгыз калтырыңызчы?! – деди Санжар Кыялдан көз албай калчылдап. Сайкал эч нерсени түшүнбөй жалдырады.

– Мен сизге айтып жатам. Бизди жалгыз калтырыңыз. Эч ким кирбесин! – деди Санжар жаалдана тиштенип. Сайкал унчукпай шарт чыгып кетти.

– Кулагым сенде, Кыял, – деди Санжар көздөрү канталай.

– Мени суракка алгандан мурда өзүң айт. Кайда жүрдүң? Эмне үчүн бир ооз кабар берген жоксуң? Мен сенин кайда экениңди билбей жиндеп кете жаздадым го.

– Кантип жиндегениңди көрүп турам. Күйөөсүз калбайын деп биринчи мүмкүнчүлүктөн пайдалангансың го, ээ?

– Күйөөсүз калбайын деген жокмун, күйөөсүз тууп койбоюн дедим.

– Ал эмне дегениң? Кантип күйөөсүз тууп койбоюн дедиң?

– Ушинтип эле. Тоодо эки күн шашки ойнобоптурбуз экөөбүз, бала жасаптырбыз көрсө. Сенден дайын жок, апамдар жарга такашты. Менин колумдан эмне келмек?

Санжар башын кучактай оор онтоду.

– Кет! – деди Санжар бир оокумда эки ийини солкулдап ыйлап жаткан Кыялды булка тартып.

– Кечирип кой, кете албайт экем! Мен Кайраттын никесиндемин, – деди Кыял эрегише.

– Анда мен кетем!

– Жакшы бар! – деди да, чуркап экинчи кабаттагы бөлмөсүнө кирип үстөмөнүнөн диванга жыгылды. Эми кантип жашайт, кандай күн болот? Кыялды ичинин бүлкүлдөй тартканы чочутуп жиберди. Ордунан тура калып ичин кармады. «Сен эмне мынча эрте кыймылдадың, кичинекейим? Коркуп кеттиңби? Коркпо, биз эч жакка кетпейбиз, ушул үйдө калабыз» – деди ичин сылай күбүрөп.

## АК БУЛУТТАР

Силер мен бала кезде ушундай болчусуңар. Апакай, сулуу, анан кол жеткис. Силерге кыялымда гана жетчүмүн. Чоң энем: «Булуттар суу ичкени түшүшөт. Ошондо көзгө атар мергендер атып алса болот имиш. Эгер кыз бала булутка жуунса, булуттай апакай, өмүр бою жаш бойдон калат, узак жашайт дешет», – дечү. Ошондо чоң энемдин бырыш желелеген жүзүн карап туруп, «бизге бир мергенчи булут атып келип берсе, анан энем экөөбүз жуунуп, мен супсулуу, аппак, энем жапжаш болуп калса» деп кыялданчумун. Бой жеткен сайын бул кыялым тилекке айланып, жамгырдан кийинки көпкөк асманда каалгый суйсалган, буладай таптаза ак булуттарды карап туруп, «кайсы жерге коносуңар, ак булуттар?» – деп кыйкыргым келип кетчү. Бир күнү энеме:

– Эне, булут аткан мергендер азыр барбы? – дедим акырын. Энем мени кызыктай карап койду да, анан:

– Көзгө атар мергенден мурун «булут атам» деген мергендин булут тартуулачу, жанынан артык сүйгөн кызы болушу шарт, – деди. Мен ошол күндөн баштап булут тартуулачу белгисиз жигитти күтө баштадым. Кыялымдагы бейтааныштын өң-түсүн ар кандай элестетип, анан баарынан мурун аның көзгө атар мерген болорун самачумун.

Сегизинчи классты бүтүп эле медучилищеге тапшырдым. Жайдын ысыгында тердеп-кургап, күн сайын окуу жайдын алдында атам экөөбүз ээрчишкенибиз ээр-

чишкен. Ошол күндөрү, чынын айтсам, булуттар жөнүндөгү таттуу кыялым да унутула түштү. Ар бир экзаменден чыккан сайын:

– Жакшы эле тапшырдыңбы? – дейт атам санааркап. Мен өзүмө ишенбей турсам да, ишеничтүү «ии» деп коём да, атаман бетер ичтен сызып кыжаалат болом. Маңдайыма жазганбы, же чын эле жакшы тапшырдымбы, окууга өтүп кеттим. Бирок, атам экөөбүздүн кубанычыбызды мүнөзү темирдей бекем энемдин суздугу суу бүрккөндөй суутту. Биз сүйүнчүлөгөндө энем:

– Кыз баланын окуп мударис болгонун көргөн жокмун. Бактысын берсин, – деди да, этегин кагынып туруп кетти.

Мен энемди күздө окууга жибербей коёбу деп коркком. Жок, чоң энем мен жөнөп жатканда наразылыгын билдирбей:

– Окуйм деп дегдеп калыпсың, барсаң бар, бирок, кыздын бактысы барган жеринде. Мен сени бирөө жанындай көрүп, булут алып келгенге татыган кыз, этегин бала баскан касиеттүү аял болсо дегем. Мейли эми, заманыңар ушул экен, – деди да, жоолук учу менен кылгыра түшкөн көз жашын аарчып басып кетти.

Ошол жылы кеч күздө атам улактан жыгылып, күтүүсүз каза болуп калды. Өлүмдү эч ким күтпөй, бирок келгенде колунан баары келчүдөй ай чапчыган адам да айласы жок баш ийип отуруп каларын, каары катуу ажал деген мынчалык ачуу, оор, жүрөгүңдү сыздаткан кайгы менен коштолорун билбепмин. Мөгдөгөн чоң энемди, кайгыдан ыйлагандан башка колунан келбей телмирип, кара жоолугундай түнөрүп отуруп калган апамды, бозала болуп томсоруп, бир күндө эле жетим

кейпин кийген кичинекей инилеримди таштап окууга кетүүгө жүрөгүм түтпөй койду.

– Бар, кызым, атаң сенин окушуңду каалаган, – деди апам көз жашын араң жута «шуу» үшкүрүп.

– Окушумду каалаган менен, бүткөнүмдү көрбөгөндөн кийин окуп не кылам? – деп болбой койдум.

Кайра мектепке барган менден, мугалимдер эч нерсе сурашкан жок, курбуларым да эч нерсе болбогондой сыр беришпеди. «Кара жер баарын суутат» деген ырас белем, апам баш көтөрүп, биз кээде күлүп, кээде ыйлап, айтор, баарыбыз өз түйшүгүбүз менен алаксыдык. Чоң энем гана кайгыдан түзөлө албай койду. Жыл айланбай чоң энемди да жерге бердик. Өлүм ызгаары мени дагы бир жолу катуу каарып өттү. Онду бүтүп деле окууга тапшырууга аракеттенбедим. Чоң энем менин ак булуттар, келечек жөнүндөгү таттуу тилегимди өзү менен ала кеткендей көкүрөгүм ээнсиреп, дилим кызылтазыл кыялдары жок бош калды. Балалык тилекти мен таштаган менен, ал аруу тилек мени таштабаптыр.

Толукшуган жай келип, табият түркүн түс гүлдөн көйнөк кийгенине маашырланган кереметтүү мезгилде келди менин тилегим. Тамдын артында көлөкөдө кир жууп жаткам.

– Ким бар? – деди коңур үн. Колумду шаша чайкап, үйдүн алдына өттүм. Узун бойлуу, ак жүздүү, коюу кашкирпиги төгүлгөн бейтааныш жигит туруптур. Минген аты да бейтааныш.

– Келиңиз, – дедим. Дилимде «сизге ким керек эле?» деген суроо турса да, сыпайыкерчилик үчүн сураган жокмун. Чоң энем: «Келген кишини «неге келдиң, кимге келдиң?» деп сурабагыла. Конок – кудайдын элчиси»,- деп көп айтчу. Бейтааныш жигит апкаарый түшүп:

– Үйдө эч ким жокпу? – деди шашкалактап.

– Мен бармын.

– Мен электрикмин, счётчик текшерип жүрөм.

– Мен ушул үйдүн кызымын, кириңиз, апам азыр келет.

Менин тыкылдаганыман сүрдөдүбү, ал аттан олдоксон түшүп, тизгинди кармалай карбаластап туруп калды. Уялчаак коногумдун атын алып жатып, колум колуна тийип кетти. Ток тийгендей «дирт» эте колумду тартканча шаштым. Эми эле тыкылдаган өктөмдүгүм күбүлүп, дене боюм кошо дирилдеди. Унчукпай үйгө баштап, счётчикти көрсөтүп, сыртка чыгып баратсам бейтааныш:

– Атыңыз ким? – деди тамагын кырып алып. Сыягы, тамагы кургап, үнү кардыга түштү окшойт.

– Соноайым.

– Нурсейит.

– Эмне Нурсейит?! – атын атап атканын билсем да, атайын кермек какшык узаттым.

– Атым Нурсейит, – Нурсейит жумшак жылмайды. Ушул күнөөсүз жылмаюу ортодогу көзгө көрүнбөгөн тоскоолдукту алып салгандай сөз жалганып, биз бара-бара эски тааныштай тартынбай сүйлөшүп, ал ишин бүткөнчө мен чай даярдап, экөөбүз чогуу чай ичтик. Чай сунсам колумду байкабайбы, же атайынбы, чыны менен кошо кармап алды. Сөөмөйүмөн башталган ысык илеп бүткөн боюма тарап, бетимен бери дуулдай не кыларымды билбей колумду шаша тартып алып, дасторкондун четин кармалай апкаарыган мени апамдын сырттан эле сүйлөп келаткан үнү эсиме келтирди. Ордумдан этегиме чалына атып туруп, сыртка бет алдым. Апам экөөбүз кире бериштен кагышып кете жаздадык.

– Кантет, ботом, делбектеп! Сырттагы кимдин аты?
– Тигил счётчик келиптир.
– Кайдагы счётчик? – деди апам түшүнбөй.
– Ии, электрик дегеним, – сөзүмдүн акырына чыкпай үйдүн артына өтө качтым. Апам мени эми көрүп жаткансып карап туруп, анан таң калгандай шыпшына эрдин түйрүп алып үйгө кирип кетти. Нурсейиттин качан кеткенин да көргөн жокмун. Ошол күндөн баштап мага ак булуттар тууралуу кыялдар кайра келип, күн сайын таң менен кошо турганда тээ колот ылдый көчкөн апакай булуттарды кимдир бирөөнүн алып келип беришин дегдеп күтүп, алтургай булут алып келчү адамды да элестетчү болдум. Болгону, ал адам ким экенин өзүмдөн да жашырып, дил тереңин алда кандай таттуу да, табышмактуу да купуя кыялдар уялап, бирок, бул кыялдарымды бөлүшөргө жан таппай буулуккан адат таап алдым.

Биздин айыл суу жээктей конгондуктан, суунун шары дайым угулуп турчу. Суунун шоокуму кээде адамдын кадамындай күлдүрттөсө, кээде боз үйгө кимдир бирөө таш ыргытып жаткансып жүрөгүм өрөпкүп кетчү. Күндүзү сууга барганда өргө өжөрлөнө умтулган агымды карап туруп: «Мага окшоп жүрөгүң чакырган жакка умтуласың, бирок, коё бербей тырмышкан агымдан кутула албайсың. Эмне, сен барчу жакка агым коё бербей, мага окшоп аргасыз анын нугу менен агып жатасыңбы?»- деп үнсүз сүйлөшөм. Анын мөлтүр мончок болуп көккө серпилген тамчыларына жүз тоссом, музлактыгынан буулуккан дил сергий көкүрөгүм бөксөрөт.
– Соноайым! – Апамдын ачуу үнү кыялымдан ойгонуп, чакаларыма шаша суу сузуп, үйгө ашыктым, – Суу-

нун боюнда эмнең бар? Суута барса эле жер жуткансып жоголчу адат таап алды ушул кыз.

Үйгө жете берип, апам менен сүйлөшүп турган караанды көргөндө колуман чакаларым түшүп кете жаздап араң кармандым.

– Эмне болду? – дедим оозума башка кеп кирбей.

– Келиниз дебейсиңби келген кишини. Өткөндө счётчиктин кагазын берген экен го бул бала. Каякка койдун?

– Азыр, келиңиз, – башаламан сүйлөп, колдорум калтырап койгон жеримен кагазды ала албай, колум тийген нерсенин баары өзүнөн-өзү үй менен бир болуп калдырап кулап, жүдөгөнүмдү кантейин. Өлө албай жатып жүрөгүм көөдөнүм менен бир боло өрөпкүп делбиреген ай, ошондогу. Кагазды араң таап көтөрүп чыктым. Экөөбүздүн карегибиз чагылды. «Келдиңби? Кечиктин го», – деди менин кусадар көздөрүм. «Шылтоо таппай жүрдүм, кечирип кой», – деди сенин сагынычка арзуу толгон кумарлуу каректериң. Ушул учурда жанымда турган апам, аалам унутулуп, алтургай жер саамга өз огунда айланбай токтоп калгансыды.

– Бер кагазды селейбей, – Апамдын үнүнө селт этe шашкалактай колумдагы кагазды сундум. Кагаз колумда шамал тийген жалбырактай дирилдеп турду. Нурсейит кагазды колум менен кошо кармап, акырын кысып койду. Кулагыма чейин кызарып, колумду тартып алганча шаштым. Нурсейит бирдеме жазган болуп калемин камдай, эңкейген калыбында шыбырады.

– Алтүндө келип, суу боюнан күтөм.

Унчукпай басып кеттим.

– Мына, эже, кагазыңыз. Белгилеп алдым, – деди Нурсейит апама. Анын артыман караган көз карашын

далым менен сезип, боюм чымырай үйгө кире качтым. Азыр мага үй да тар эле.

Ошол күнү кармаган буюмум колго турбай, уй саап келатып түз эле жерден чалынып жыгылып, сүтүм төгүлүп, апамдан уруш уктум. Наалып жаткан апамдын оозунун кыбырап жатканын көрүп турган менен эмне деп урушканын уккан деле жокмун. Канча жатканымды билбейм, бир оокумда апамдын көптөн күттүргөн коңуругу угулду. Негедир апам калп эле коңурук тартып жаткансып, токтой калса мени аңдып дымып калгандай сезилип, жүрөгүм дүкүлдөйт. Алтургай апам жүрөгүмдүн добушунан ойгонуп кетчүдөй туюлду. Ошентип, өз санаам менен алпурушуп жатып, түн оогондо араң уурдана басып сыртка чыктым. Кокус апам ойгонуп кетсе, «сыртка чыгып келейин дейм» деп жооп да камдап алгам. Боз үйдөн кичине эле алыстаганда акырын сыбызгыган ышкырыкты угуп, титиреген буттарыма ээ боло албай бүткөн боюмду тер басты. Каламым да арбыбай, жандуу-жансыздын баары мени эле аңдып тургансып, жүрөгүм алкымыма кептелди.

– Соно, – деди утурлай баскан Нурсейит. Үнү капилет суута түшүп кеткен баладай аптыгып чыкты.

– Жакшысызбы...

– Сени чыкпайт го деп..

– Апамдан корктум.

Апам келип калчудай артымды элеңдеп карап алдым. Нурсейит унчукпай көзүмө тигилди. Көзүндө ай, жылдыз, мен жүрүпмүн. Анан да сөз менен айта албаган жылуулукпу, мээримби, айтор, дил толкуткан бир ажайып керемет нерсе бар болчу. Ошондой көз караш-ты кийин эч кимден жолуктурбадым.

Биз андан кийин да түн жамынып уурданып далай жолуктук. Ар бир жолуккан сайын мен ага уяң күмүш күлкүмдү, ал өпкөндөн улам албырган жүзүмдүн табын, жүрөгүмдүн түрсүлүн калтырып, өзүм Нурсейиттин конур үнүн, жалын бүрккөн шыбырын, шамал ташыган эрмендин жытындай кермек таттуу жытын жүрөгүмө катып ала кетчүмүн. Нурсейит ошондогу ар бир жолугушууда мага кыялдан жаралган жан дүйнөмдү түбөлүк сулуу, жаш кылган булут алып келчү.

Көп өтпөй керемет күндөрдөн бүткөн биздин жаркын ааламыбызды ызгаар шамал аралай чаап, жаз дүйнөбүздү үшүтүп кетти. Мени өмүрү көрбөгөн кошуна айылдык бала бада айдап келе жаткан жеримден ала качты. Далай жолу курбу кыздарымды ала качканын угуп-көрүп жүрсөм да, бул жапайы адаттын мынчалык кыз дүйнөсүн, деги эле адам тагдырын талкалап кетерин билбегем. Эч ким келбей туруп никемди кыйып салышты. Ыйдан көзүм тоодой шишип, үнүм кардыккан мени аяп койгон жан болгон жок. Тескерисинче, баары бул ишине маашырлангандай тойлоп, менден бир ооз макулдук сурап койбой менин тагдырымды чечип жатышканына заманам куурулду. Кудай да менин үнүмдү уктубу, күйөө улам жаныма кирип, кайра чыгып, жеңелери менен алда нени шыбырашып эле дүрбөп жатышты. Таң заарда апам келди. Медер тутар адамым келгендей бой таштаган мени апам суз кагып салып:

– Мынчалык босого аттап, никеге макулдук бербесең болот эле, бактың ачылсын, – деди суз.

– Апа, мен макулдук берген жокмун, менин көңүлүм башкада.

– Кыз көңүлүнө ким карады эле? Кайда калбаган көңүл, кулунум. Нике аттаган оңбойт. Сен эми күйөөлүү келинсиң, – деди апам көзүн ала качып.

– Апа, мен тазамын, – дедим ый аралаш киркиреп. Апам унчукпай сыртка бет алды. Жүрөгүм үзүлүп бараткандай кыйкырдым.

– Атам болсо минтмек эмес! Бүгүн калтырсаңыз, эртең кетем, – дедим ызадан жүрөгүм тилинип. Чыгып бараткан апам тык токтоду да, кайра келип:

– Ким ал? – деди үнү калтырап.

– Нурсейит, – бул атты атаганда мен эмес, жүрөгүм чыркырап жиберди.

– Кагылайын, ай, аныңа кабар айтайын. Колунан келсе, алып кетсин. Батамды берем. Болбосо тагдырыңа баш ийбеске арган жок, – деди да, тамакка чакырып жол тоскон адамдарды карап койбой чыгып кетти. Түшкө жакын апам, Нурсейит, атамдын аталаш иниси келип, мени ызы-чуу менен алып чыгып баратышканда:

– Никелүү келинди алып кеткен качан салтта бар эле? Эсиңе кел, Шарапат, – деди бир карыя.

– Ата, эки тарап макул болмоюнча нике кыйылбайт. Кызымдын макул дегенин уктум деп Кудай алдында күбө өтө аласызбы? Күбө өтсөңүз, ушул кызды чырылдатып, көз жашына, убалына карабай таштап кетейин, – деди апам карыяга. Ак сакалы белине жеткен кары киши бизди баса калчудай топураган аялдарды кол көтөрө үнсүз тыйып, унчукпай жол бошотту. Тозок отунан чыккандай апам менен агамдын колун карыша кармап дикилдеп келаткан мени, апам көзгө суук айылдан чыга бергенде токтотту.

– Кызды минтип энеси алып кеткен, андан да, аны бир эрден бир эрге кармата берген салтта жок эле. Сени атаң башкача жакшы көрчү, ошонун арбагынан өтө албай, сенин көңүлүң деп ушул ишке бардым, – деди апам үнү ыйдан буула. Анан Нурсейитке кайрылды:

– Кызымды сага тапшырдым. Көз жашын агызбай бүлө кылып ал. Ыйлатсаң каргайм, – деди да, шарт басып кетти. Апам, агам экөө колунан аялуу буюмун жулдурган баладай ийини түшө араң кадам шилтеп алыстай беришти.

– Кеттик, жарыгым, – деди Нурсейит колдон ала.

Биз ушинтип баш коштук. Айылдагылар бири апамды туура көрсө, бири сөөмөйлөй артынан сөз кылып, жылдап уу-дуу болушту. Нурсейиттин ата-энеси деле мени кубанып кабыл алган жок. Биз жети жыл жашап, бирок, балалуу болбодук. Ошондойдо «чын эле нике, бата аттап кесир кылдымбы, каргышка калдымбы?» – деген ойдон жүрөгүм бырчаланып, чоң энемдин «сени бирөө жанындай көрүп, булут алып келгенге татыган кыз, этегин бала баскан касиеттүү аял болсо дегем» – деген сөзү жаңыра берчү болду. Мен бирөө жанындай көрүп, булут алып келгенге татыган кыз болгон менен, этегин бала баскан касиеттүү аял боло албадым. Нурсейит тууганчылап кеткенде төркүнүмө кетип калдым да, канча жолу алдыма келсе да, кайра барбай койдум. Эки жылдан кийин үмүтүн үзгөн Нурсейит үйлөнүп, көп өтпөй апамдын бир кездеги мен үчүн анча-мынча аял бара албаган жолго барган энелик, аялдык эрдиги үчүн апам каалаган адамга кыңк этпей турмушка чыктым. Апам ошондо алгач мени алып качып кеткен кошуна айылдык жигитке барып ыраазылык сурап, анан Нурсейиттен жообумду алып келди. Мына, азыр бештин энесимин, Нурсейит жети баланын атасы. Бизден, ак булуттар, силер, анан силер тууралуу түгөнбөгөн, бирок, аткарылбай кыял бойдон калган аруу тилектер гана калды.

# МАЗМУНУ

Сен жөнүндө ........................................ 3
Адашкан жаз ........................................ 53
Эски үй ........................................ 124
Айылдагы жаз ........................................ 132
Бир жолуккан керемет ........................................ 139
Эсимде ........................................ 145
Коштошуу ........................................ 149
Жалаа ........................................ 165
Жиндинин махабаты ........................................ 178
Эң кыска түн ........................................ 186
Уурдалган бакыт ........................................ 196
Издейм сени ........................................ 205
Жаз кечиккен арал ........................................ 215
Кайчылаш тагдырлар ........................................ 227
Ак булуттар ........................................ 239

*Көркөм-адабий басылма*

**Айжаркын ЭРГЕШОВА**

# АДАШКАН ЖАЗ

*Аңгемелер*

Редактору *Азиза Сатимбекова*
Калыпка салган *Нурлан Кыдыков*
Дизайнери *Дамира Масиянова*

Терүүгө 29.05.2009 берилди. Басууга 30.03.2011-ж. кол коюлду. Офсет кагазы. Кагаздын форматы 70x90 1/32. Көлөмү 15,625 б.т. Нускасы 1000 даана. Заказ № 647.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720054, Бишкек шаары, Жибек жолу пр., 466.

